| **анфилада, анфиладное построение:** Ряд залов, комнат, последовательно примыкающих друг к другу, дверные проемы которых расположены на одной оси, что создает при открытых дверях сквозную перспективу в интерьере и облегчает доступность для маломобильных лиц | **анфилада, анфилада курулушу:** Эшиктери ачык болуп, бир октун багытында бири-бирине удаалаш жайгашып, интерьерде өтмө көрүнүш жараткан жана аз кыймылдуу адамдардын жүрүшүн жеңилдеткен залдардын, бөлмөлөрдүн катары |
| **апартамент-отели:** Здания с жилыми помещениями, предназначенные для временного проживания (без права на постоянную регистрацию) | **апартамент-отелдер:** Убактылуу жашап турууга (туруктуу катталууга укук бербеген) арналган турак жайлары менен имараттар |
| **апсида:** Выступ здания, полукруглый, граненый или прямоугольный в плане, перекрытый полукуполом или сомкнутым полусводом | **апсида:** Планында жарым тегерек, кырдуу же тик бурчтуу болуп жана жарым кумпа же жарым чүмбөт менен жабылган имараттын чыгып турган жери |
| **аптека:** Особая специализированная организация системы здравоохранения, занимающаяся изготовлением, фасовкой, анализом и продажей лекарственных средств | **дарыкана:** Саламаттыкты сактоо тутумунун дары каражаттарын даярдоочу, таңгактоочу, талдоочу жана сатуучу өзгөчө адистештирилген уюму |
| **арболит:** Легкий бетон, состоящий из смеси органических заполнителей, минерального вяжущего и воды | **арболит:** Органикалык толуктагычтардын, минералдык камдаштыргычтардын жана суунун аралашмасынан турган жеңил бетон |
| **аргиллит:** Осадочная горная порода, образовавшаяся в результате уплотнения, обезвоживания и цементации глин | **аргиллит:** Чополорду тыгыздоонун, кургатуунун жана цементтөөнүн негизинде жаралган чөгүндү тоо теги |

| | |
|---|---|
| **арка:** Криволинейное перекрытие проема в стене или пространство между двумя опорами (столбами, колоннами и др.) | **жаа өткөөл:** Дубалдагы оюктун же эки таянычтын (мамылардын, түркүктөрдүн ж.б.) ортосундагы мейкиндиктин ийри сызыктуу калкасы |
| **аркада:** Ряд одинаковых арок, опирающихся на столбы или колонны | **аркада:** Мамыларга же түркүктөргө таянган бирдей жаа өткөөлдөрдүн катары |
| **аркбутан:** Подпорная наружная каменная полуарка, передающая распор свода опорным столбам-контрфорсам, что позволяет значительно уменьшить площадь поперечного сечения внутренних опор и увеличить полезный объем здания | **аркбутан:** Чүмбөттүн керүүсүн таянмамамы-контрфорсторго өткөрүп берүүчү сырткы таштан жарым жаа өткөөл, ал ички таянычтардын туура кесилиш аянтын олуттуу түрдө азайтууга мүмкүндүк берет жана имараттын пайдалуу көлөмүн чоңойтот |
| **арматура:** Устройства и детали, не входящие в состав основного оборудования, но обеспечивающие его нормальную работу. Различают арматуру трубопроводную, электротехническую, печную и т.д. | **арматура:** Негизги жабдуулардын курамына кирбеген, бирок анын нормалдуу иштешин камсыз кылуучу түзмөктөр жана тетиктер. Арматураларды өткөргүч түтүктүк, электротехникалык, мештик ж.б. деп айырмалашат |
| **арматура (в конструкциях):** Элементы усиления, включенные в материал строительных конструкций | **арматура (конструкцияларда):** Курулуш конструкцияларынын материалдарында камтылган бекемдөөчү элементтер |
| **арматура железобетонных конструкций:** Составная часть железобетонных конструкций для восприятия главным образом растягивающих усилий и создания предварительных напряжений. Распространение получили стальная арматура железобетонных конструкций (стержни, проволока, сетки, каркасы), а также стекловолокно, стеклопластики | **темир бетон конструкцияларынын арматурасы:** Негизинен чоюучу күчтөрдү кабыл алууга жана алдын ала чыңалууну жаратуу үчүн арналган темирбетон конструкциялардын курамдык бөлүгү. Темирбетон конструкцияларда болоттон даярдалган арматура (өзөктөр, зымдар, торлор, каркастар), кеңири тараган, ошону менен бирге айнек булалары, айнек пластиктер да колдонулуп келет |
| **арматура косвенная:** Поперечная (спиральная, кольцевая) арматура центрально-сжатых элементов железобетонных конструкций, предназначенная для повышения их несущей способности | **кыйыр арматура:** Борборлото кысылган темирбетон конструкцияларынын элементтеринин жүк көтөрүмдүүлүгүн арттырууга арналган туурасынан жайгаштырылган (уюлгу, шакекче түрүндөгү) арматурасы |
| **арматура несущая:** Арматура | **жүк көтөрүүчү арматура:** |

| | |
|---|---|
| железобетонных конструкций, способная воспринимать монтажные и транспортные нагрузки, возникающие при производстве работ, при эксплуатации, а также при нагрузке от собственного веса бетона и опалубки | Жумуштарды аткаруу, пайдалануу учурунда пайда болгон монтаждоо жана унаа жүктөмдөрүн, ошондой эле бетон менен калыптын өздүк салмактарынан жүктөмдөрдү кабыл алууга жөндөмдүү болгон темир бетон конструкцияларынын арматурасы |
| **арматурная сталь:** Сталь, усиливающая (армирующая) железобетонные конструкции | **арматура болоту:** Темир бетон конструкцияларын бекемдөөчү (арматуралоочу) болот |
| **арматурные работы:** Комплекс работ по изготовлению, укладке в форму (опалубку) или установке на место бетонирования арматурных каркасов железобетонных конструкций | **арматура жумуштары:** Темир бетон конструкцияларынын арматураларын даярдоо, калыпка жайгаштыруу же бетондоочу жерге арматура каркастарын орнотуу жумуштарынын комплекси |
| **арматурный станок:** Машина для резки, сгибки и правки изделий из арматурной стали | **арматура теси:** Арматура болотунан даярдалган буюмдарды кесүү, ийүү жана түзөтүүүчүнмашине |
| **армирование:** Усиление материала или конструкции элементами (арматурой) из другого, более прочного материала | **арматуралоо:** Материалдарды же конструкцияларды алардан бекемирээк элементтер (арматура) менен бекемдөө |
| **армированное стекло:** Листовое силикатное стекло с запрессованной при формовании металлической сварной сеткой из стальной проволоки | **арматураланган айнек:** Калыптоо учурунда болот зымдан ширетилген металл тор менен кошо жубасталган барак сымал силикат айнеги |
| **армированные пластики:** Пластмассы, содержащие в качестве упрочняющего наполнителя волокнистые материалы в виде нитей, жгутов, тканей и др. | **арматураланган пластиктер:** Бекемдөөчү толтургучтары катары жип, өрүлмө, кездеме ж.б. түрүндөгү булалуу материалдарды камтыган пластиктер |
| **армокаменные конструкции:** Строительные конструкции (перекрытия, стены, столбы, простенки и др.), выполненные из камней или кирпичной кладки со стальной арматурой (сетки,стержней, проволоки) | **армоташ конструкциялары:** Болот арматурасы (торлор, өзөктөр, зымдар) менен таштан же кыштан кыналган курулуш конструкциялары (калкалар, дубалдар, мамылар, орто дубалдар ж.б.) |
| **армоцементные конструкции:** Тонкостенные (толщиной 15-20 мм) конструкции из мелкозернистого бетона, армированного частыми ткаными или сварными сетками из | **армоцемент конструкциялары:** Ичке зымдан токулган же ширетилген торлор менен арматураланган майда дандуу бетондон даярдалган жука (калыңдыгы 15-20 мм) конструкциялар |

| | |
|---|---|
| тонкой проволоки | |
| **арочная плотина:** Криволинейная в плане (ввиде арки) плотина, прочность которой обеспечивается в основном ее работой как свода с передачей горизонтального давления воды берегам реки или устоям (крайним опорам) | **жаа сымал тогоон:** Планында ийри сызыктуу (жаа өткөөл түрүндөгү) келген, бекемдиги негизинен суунун горизонталдуу басымын дарыянын жээктерине тирөөчтөргө (четки таянычтарга) өткөрүп берүү менен чүмбөт катары иштөөсүнөн камсыздалган тогоон |
| **арочный мост:** Мост с пролетными строениями, основными несущими конструкциями которых служат арки или своды, работающие на сжатие с изгибом | **жаа сымал көпүрө:** Негизги жүк көтөрүүчү конструкциялары кысылууга ийилүү менен иштеген жаа өткөөл же чүмбөт кызмат кылган арыштуу курулуштары менен көпүрө |
| **архитектурная деятельность:** Творческий процесс разработки предпроектной и проектной документации архитектурного объекта, а также согласование и экспертиза проекта для строительства и иных изменений недвижимости | **архитектуралык ишмердүүлүк:** Архитектуралык объекттин долбоорлоо алдындагы жана долбоордук документтерин иштеп чыгуунун чыгармачылык процесси, ошондой эле курулуш долбоорун жана кыймылсыз мүлктүн башка өзгөртүүлөрүн макулдашуу жана экспертизалоо |
| **архитектурная документация (архитектурный проект):** Часть проектной документации, содержащая архитектурные решения, которые комплексно учитывают социальные, экономические, функциональные, инженерные, технические, противо-пожарные, санитарно-гигиенические, экологические, архитектурно-художественные и иные требования к объекту в объеме, необходимом для дальнейшей разработки документации объектов строительства | **архитектуралык документтер (архитектуралык долбоор):** Социалдык, экономикалык, функциялык, инженердик, техникалык, өрткө каршы, санитардык - гигиеналык, экологиялык, көркөм-архитектуралык жана башка талаптарды объектке карата курулуш объекттеринин документтерин андан ары иштеп чыгуу үчүн керектүү көлөмдө комплекстүү түрдө эсепке алган, архитектуралык чечилиштерди камтыган долбоордук документтердин бөлүгү |
| **архитектурно-градостроительное заключение (АГЗ):** Правоустанавливающий документ, утверждаемый руководителем территориального органа архитектуры и градостроительства, определяющий основные градостроительные, функциональные параметры объекта, | **архитектуралык-шаар куруу корутундусу (АШК):** Шаар куру жана архитектура боюнча аймактык органдын жетекчиси тарабынан бекитилүүчү, объекттин негизги шаар куруу, функциялык параметрлерин, долбоорлоого шарттарды жана талаптарды аныктоочу, долбоорлоону |

| | |
|---|---|
| условия и требования к проектированию, инженерному обеспечению являющийся основанием для начала проектирования<br>(Измененная редакция, Изм. №1) | баштоо үчүн негиз болуп саналган укук белгилөөчү документ<br>(Өзгөртүлгөн редакция, №1 Өзг.) |
| **архитектурно-техническое заключение (АТЗ):** Правоустанавливающий документ, выдаваемый территориальными органами архитектуры и градостроительства, на строительство, перепрофилирование и перепланировку объектов по упрощенной схеме и установку объектов облегченного типа на территории частной собственности или на отведенной территории, содержащий текстовые и графические материалы<br>(Измененная редакция, Изм. №1) | **архитектуралык-техникалык корутунду (АТК):** Объектти жөнөкөйлөтүлгөн схема боюнча курууга, багытын кайра өзгөртүүгө жана кайра пландоого, жеке менчик аймакка же бөлүнгөн аймакка жеңил түрдөгү объекттерди орнотууга шаар куруу жана архитектура боюнча аймактык органдар тарабынан берилүүчү тексттик жана графикалык материалдарды камтыган укук белгилөөчү документ<br>(Өзгөртүлгөн редакция, №1 Өзг.) |
| **архитектурно-планировочные условия (АПУ):** Документ, выдаваемый территориальными органами архитектуры и градостроительства, содержащий архитектурные условия и требования, в том числе к функциональному назначению, размещению и основным параметрам объекта строительства, а также технические условия на подключение к инженерным сетям, обязательные санитарные, противопожарные, экологические условия и ограничения к проектированию объекта, предусмотренные законодательством Кыргызской Республики и градостроительной документацией | **архитектуралык-пландаштыруу шарттары (АПШ):** Аймактык архитектура жана шаар куруу органдары тарабынан берилүүчү, архитектуралык шарттарды жана талаптарды, анын ичинде курулуш объектисинин функциялык арналышына, жайгаштырылышына жана негизги параметрлерине карата, ошондой эле инженердик тарамдарга кошуунун техникалык шарттарын, милдеттүү санитардык, өрткө каршы, экологиялык шарттарды жана объектти долбоорлоодо Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында жана шаар куруу документтеринде каралган чектөөлөрдү камтыган документ |
| **архитектурно-строительный проект:** Документ, содержащий проектную и сметную документацию на предпроектной и проектной стадиях разработки | **архитектуралык-курулуштук долбоор:** Долбоорлоо алдындагы жана долбоорду иштеп чыгуу стадиясындагы долбоордук жана сметалык документтерди камтыган документ |
| **асбест:** Обобщенное название минералов класса силикатов, | **асбест:** Ийкемдүү жана ичке (жоондугу 0,5 мкм ге чейин) булаларга |

| | |
|---|---|
| образующих волокнистые агрегаты, способные расщепляться на гибкие и тонкиеволокна (толщиной до 0,5 мкм). Применяется в качестве наполнителей пластмасс, асбестоцементов, материалов для огнестойких и теплоизоляционных изделий | ажыроо касиетине ээ булалуу агрегаттарды жаратуучу силикат классындагы минералдардын жалпыланган аталышы. Пластмассалардын, асбестцементтердин, отко туруктуу жана жылуулук обочолонтуучу буюмдар үчүн материалдардын толтургучтары катары колдонулат |
| **асбестоцемент:** Композиционный строительный материал, получаемый при твердении водной смеси портландцемента и асбестового волокна. Водонепроницаем, огнестоек, морозостоек, обладает повышенной химической стойкостью, долговечен. Применяется в строительстве в виде готовых изделий: кровельных профилированных или плоских листов (шиферов), водопроводных, газопроводных труб, вентиляционных коробов, элементов мусоропроводов | **асбестцемент:** Портландцементтин суу аралашмасынын жана асбест булаларынын катуулануусунун натыйжасында пайда болгон композициялык курулуш материалы. Суу өткөрбөйт, отко, суукка туруктуу, жогорулатылган химиялык туруктуулукка ээ, көпкө чыдамдуу. Курулушта даяр буюмдар: профилденген же жалпак такталар (шиферлер), суу, газ өткөргүч түтүктөр, желдеткич кутулар, таштанды өткөргүчтөрүнүн элементтери түрүндө пайдаланылат |
| **асбестоцементная безнапорная труба:** Труба, предназначенная для использования в трубопроводах с давлением, не превышающим атмосферное, транспортируемых жидкости или газа | **басымсыз асбестоцемент түтүгү:** Басымы атмосфера басымынан ашпаган суюктукту же газды ташый турган өткөрмө түтүктөрдө пайдалана турган түтүк |
| **асбестоцементная напорная труба:** Труба, предназначенная для использования в трубопроводах с избыточным давлением (превышающим атмосферное) транспортируемых жидкости или газа | **басымга туруктуу асбестцемент түтүгү:** Басымы ашыкча (атмосфера басымынан ашкан) суюктукту же газды ташый турган өткөргүч түтүктөрдө пайдаланууга арналган түтүк |
| **асбестоцементные конструкции:** Строительные конструкции и изделия (плиты, панели и др.), изготовленные на основе листового асбестоцемента | **асбестцемент конструкциялары:** Асбестцемент такталарынын негизинде даярдалган курулуш конструкциялары жана буюмдары (такталар, панелдер, ж.б.) |
| **асбестоцементный вентиляционный короб:** Пустотелое изделие, предназначенное для | **асбестцементтен желдеткич куту:** Желдеткичтер тутумун курууга арналган бош тулкулуу буюм |

| | |
|---|---|
| устройства вентиляционных систем | |
| **асфальт:** Природный или искусственный строительный материал. Искусственный асфальт представляет собой смесь нефтяного битума (13-60%) с тонкоизмельченными минеральными наполнителями (главным образом известняками). В смеси с гравием, песком или щебнем образует асфальтобетон | **асфальт:** Табигый же жасалма курулуш материалы. Жасалма асфальт – өтө майдаланган минералдык толтургучтардын (көбүн эсе акиташтын) мунай битуму (13-60%) менен аралашмасы. Шагыл таштын кум же шагыл менен аралашмалары асфальтбетонду түзөт |
| **асфальтобетон, асфальтовый бетон:** Строительный материал, получаемый из смеси щебня, песка, минерального порошка и битума. Используется для покрытий дорог, половпромышленных зданий и др. | **асфальтбетону, асфальттык бетон:** Шагылдын, кумдун, минералдык күкүмдөрдүн битум менен аралашмасынан алынган курулуш материалы. Жолдордун, өнөр жай имараттарынын төшөлмөсүнүн жабуулары ж.б. үчүн колдонулат |
| **асфальтоукладчик:** Самоходная дорожно-строительная машина для распределения и укладки асфальтобетона и других битумо-минеральных смесей на основание дорожных и аэродромных покрытий при их сооружении и ремонте | **асфальт төшөгүч:** Жолдордун жана аэродромдун жабууларынын жерпайларын курууда жана оңдоодо асфальтбетонду жана башка битум минералдуу аралашмаларды жаюу, төшөө үчүн өзү жүрүүчү жол-курулуштук машинеси |
| **атмосфероустойчивое огнезащитное вещество:** Вещество, обеспечивающее в заданных пределах длительную огнезащиту изделий, постоянно находящихся под воздействием атмосферных факторов | **атмосферага туруктуу өрттөн коргоочуу зат:** Дайыма атмосфера факторлорунун таасиринде турган буюмдарды берилген чектерде узак убакыт оттон коргоону камсыздоочу зат |
| **атриум:** Часть здания в виде многосветного пространства (три и более этажей), развитого по вертикали, смежного с поэтажными частями здания (галереями, ограждающими конструкциями помещений и т.п.), как правило, имеет верхнее освещение.<br>Атриум, развитый по горизонтали в виде многосветного прохода (при длине более высоты), называется **Пассажем** | **атриум:** Вертикаль багытында өнүктүрүлгөн, имараттын кабаттары боюнча бөлүктөрү (галерея, жайлардын тосмолоочу конструкциялары д.у.с.) менен чектеш жайгашкан көп жарыктуу мейкиндик (үч жана андан көп кабат) түрүндөгү имараттын бөлүгү, эреже катары, жогору жагынан жарыктандырууга ээ.<br>Көп жарыктуу өткөөл түрүндө (бийиктигинен ашык узундукта) горизонталь багытында өнүктүрүлгөн атриум **Пассаж** деп аталат |

| | |
|---|---|
| **аэрация воды:** Насыщение воды кислородом воздуха, производимое в очистныхводопроводных сооружениях с целью повышения качества воды путем ее обезжелезивания и удаления из нее свободной углекислоты и сероводорода. Производится также в сооружениях биологической очистки сточных вод, в рыболовных прудах. | **сууну аэрациялоо:** Суунун сапатын арттыруу максатында аны темирсиздендирүү жана бош көмүркычкылы менен күкүрт водородун ажыратып алуу аркылуу тазалоочу суу өткөргүч түтүк курулмаларында жүргүзүлүүчү сууну абанын кычкылтеги менен каныктыруу. Мындан сырткары, агынды сууларды биологиялык тазалоо курулмаларында, балык өстүрүүчү көлмөлөрдө жүргүзүлөт |
| **аэровокзал:** Здание или совокупность зданий для обслуживания пассажиров и проведения багажных операций | **аэробекет:** Жүргүнчүлөрдү тейлөө жана жол жүктөр операцияларын жүргүзүүгө арналган имарат же имараттар жыйындысы |
| **аэродромное покрытие:** Искусственное покрытие на взлетно-посадочных полосах, рулежных дорожках, местах стоянок самолетов и других площадках аэродрома для обеспечения бесперебойной эксплуатации летательных аппаратов. Аэродромное покрытие обычно состоит из трех конструктивных слоев: собственно покрытия, искусственного основания, естественного грунтового основания | **аэромайдан жабуусу:** Учуучу аппараттарды үзгүлтүксүз пайдалануу үчүн учактардын учуп-конуу тилкелеринин, жүрүш жолдорунун, токтой турган жерлеринин жана аэромайдандын башка аянтчаларынын жасалма жабуусу. Адатта аэромайдандын жабуусу үч конструктивдик катмардан турат: жабуунун өзүнөн, жасалма жерпайдан, табигый кыртыш негизинен |
| **аэродромные сооружения:** Сооружения, которые включают в себя грунтовые элементы летногополя, грунтовые основания, аэродромные покрытия, водоотводные и дренажные системы, атакже специальные площадки и конструкции | **аэромайдан курулмалары:** Учуу аянтынын кыртыштык элементтерин, кыртыштык негиздерди, аэродром жабууларын, сууну агызуучу жана сарыктыруучу тутумдарды, ошондой эле атайын аянттарды жана конструкцияларды камтыган курулмалар |
| **аэрозоли:** Дисперсные системы, состоящие из жидких либо твердых частиц, взвешенных ввоздухе (или ином газе). В зависимости отразмера частиц и их физической природы аэрозоли подразделяют на пыли, дымы и туманы. Пыли содержат твердые частицы размером 10-100 мкм, дымы – 0,5-5 | **аэрозолдор:** Абада (же башка газда) калкыган суюк же катуу бөлүкчөлөрдөн турган дисперстик тутумдар. Бөлүкчөлөрдүн өлчөмүнө жана алардын физикалык табиятына жараша аэрозолдорду чаң, түтүн жана туман түрүндө деп айырмалашат. Чаң түрүндөгүлөрдүн бөлүкчөлөрүнүн |

| | |
|---|---|
| мкм, туманы (иногда их называют спреями) – капельки жидкости более 10 мкм | өлчөмдөрү 10-100 мкм, түтүн түрүндөгүлөрдүкү–0,5-5 мкм, туман түрүндөгүлөрдүн (айрым учурларда аларды спрейлер деп аташат) суюктук тамчыларынын өлчөмдөрү 10 мкм чоң болот |
| **аэротенк:** Сооружение для биологической очистки сточных вод с помощью аэробных бактерий | **аэротенк:** Агынды сууларды аэробдук бактериялардын жардамы аркылуу биологиялык тазартуу үчүн курулма |
| **аэрофильтр:** Сооружение для биологической очистки сточных вод | **аэрочыпка:** Агынды сууларды биологиялык жол менен тазартуу үчүн курулма |
| **баба:** Рабочая деталь машин ударного действия (копров, ковочных и штамповочных молотов идр.), совершающая полезную работу за счет энергии удара при направленном падении | **асма токмок:** Багытталып кулаганда сокку энергиясынын эсебинен пайдалуу иш аткарган сокку таасирлүү машиненин (копрлардын, ийлегич жана мөөрлөгүч балкалардын д.у.с.) жумушчу тетиги |
| **база:** Основание, основа чего-либо, в архитектуре: основание, подножие колонны илистолба | **байтүп:** Архитектурада кайсы бир нерсенин жерпайы, негизи: түркүктүн же мамынын жерпайы, түп жагы |
| **базальт:** Горная порода, используемая в строительстве как облицовочный, электроизоляционный и кислотоупорный материал | **базальт:** Курулушта беттеме, электр обочолонткуч жана кислотага туруктуу материал катарында колдонуучу тоо теги |
| **базисный год:** Год, принятый за базу при осуществлении расчетов | **базистик жыл:** Эсептөөлөрдү жүгүзүүдө базалыккатары кабыл алынган жыл |
| **базисный (постоянный) уровень стоимости:** Стоимость, определяемая на основе сметных цен, фиксированных на определенную дату | **нарктын базистик (туруктуу) деңгээли:** Белгилүү бир күнгө карата аныкталуучу сметалык баалардын негизинде түзүлүүчү нарк |
| **байпас:** Обводной участок трубопровода, подсоединяемый параллельно основному участку, служащий для продолжения в нужном режиме технологического процесса при неисправности арматуры или приборов, установленных на основном трубопроводе, а также при необходимости их срочной замены без остановки технологического процесса | **байпас:** Негизги өткөргүч түтүккө жарыш түрдө орнотулган, негизги өкөргүч түтүктөгү арматура же алеттердин жарамсыздыгында технологиялык жараянды керектүү шарттамда улантуу үчүн, ошондой эле технологиялык жараянды токтотпостон аларды тез алмаштыруу муктаждыгында кызмат кылган өткөргүч түтүктүн айланма бөлүгү |

| | |
|---|---|
| **бак расширительный:** Резервуар в замкнутой системе водяного отопления для приема излишка объема воды, образующегося при ее нагревании до максимальной рабочей температуры | **кеңейтүүчү челек:** Суунун эң жогору жумушчу температурасына чейин ысыган кезинде анын пайда болгон ашыкча көлөмүн кабыл алуу үчүн суу менен жылытуунун туюк тутумундагы резервуар |
| **баланс:**<br>1 Финансовый показатель доходов ирасходов предприятия;<br>2 Приход и расход чего-либо (тепла, энергии, вещества и др.) | **теңдем:**<br>1 Ишкананын чыгаша жана кирешелеринин каржы көрсөткүчү;<br>2 Бир нерсенин (жылуулуктун, энергиянын, заттын ж.б.) кириши жана чыгышы (сарпталышы) |
| **балансовая стоимость основных средствпроизводства:** Стоимость, по которой основные средства производства отражаются в бухгалтерском балансе на начало или конец отчетного периода (или на определенную дату) | **өндүрүштүн негизги каражаттарынын теңдемдик наркы:** Жоопчот мезгилинин башына же аягына (же белгилүү бир күнгө) бухгалтердик теңдемде көрсөтүлүүчү өндүрүштүн негизги каражаттарынын наркы |
| **балка:** Конструктивный элемент в виде бруса, работающего на изгиб | **устун:** Ийилүүгө иштөөчү бурус түрүндөгү конструктивдик элемент |
| **балка-стенка:** Конструктивный элемент в виде балки, перекрывающей значительную часть пролета по высоте (т.е. выполняющий функцию стенки) | **устун-дубал:** Бийиктиги боюнча арыштын олуттуу бөлүгүн жапкан (б.а. дубалдын милдетин аткарган) устун түрүндөгү конструктивдик элемент |
| **балкон:** Выступающая из плоскости стены фасада открытая огражденная площадка, служащаядля отдыха | **балкон:** Фасаддын дубалынан сыртка чыгарылган, эс алууга арналган тосмолонгон ачык аянт |
| **балласт:** Материал (щебень, гравий, песок и др.) для балластного слоя верхнего строения пути | **теңдөөч:** Жолдун жогорку бөлүгүнүн теңдөөч катмарынын материалы (шагыл, шагыл таш, кум ж.б.) |
| **балочный мост:** Мост с пролетными строениями, основными несущими конструкциями которых служат балки или балочные фермы длиной до 150-160 м (предварительно напряженный железобетон) и 200-250 м (сталь) | **устундуу көпүрө:** Негизги жүк көтөрүүчү конструкциялары катары устундар же узундугу 150-160 м чейинки (алдын ала чыңалган темир бетон) жана 200-250 м чейинки (болот) устундук фермалар кызмат кылган арыштык курулуштары менен көпүрө |
| **балюстрада:** Ограждение лестниц, террас, балконов, крыш, состоящее из ряда невысоких деревянных, каменных, металлических фигурных столбиков | **балюстрада:** Үстүнөн горизонталынан турган устундар же жөлөнгүчтөр менен бириктирилген, жыгач, таш, металлдан даярдалган анча |

| | |
|---|---|
| (балясин), соединенных сверху горизонтальной балкой или перилами | бийик эмес фигуралуу мамычалардын (балясиндердин) катарынан турган шатылардын, террасалардын, балкондордун, тамбашылардын тосмосу |
| **банк данных:** Совокупность информации, сконцентрированной в определенном месте, доступном для коллективного пользования | **маалыматтар банкы:** Жамааттык пайдаланууга ыңгайлуу, белгиленген жерде чогултулган маалыматтардын жыйындысы |
| **бассейн:** Искусственный водоем | **чалкыма:** Жасалма суу көлмөсү |
| **башенный кран:** Грузоподъемный кран, применяемый главным образом в строительстве и имеющий высокую башню, поворотную стрелу и подъемную лебедку | **мунаралуу кран:** Негизинен курулушта пайдаланылуучу жана бийик мунаралуу, айланма жебеси жана жүк көтөргүч ороп тартмасы бар жүк көтөрүүчү кран |
| **башмак колонны:** Подкладка-ложе колонн,столбов, стоек, опор | **түркүктүн таманы:** Түркүктөрдүн, мамылардын, тик турмалардын таман-төшөмү |
| **башня:** Свободно стоящее высотное сооружение, устойчивость которого обеспечивается основной конструкцией (без оттяжек): телебашня, радиобашня, водонапорная, силосная башня и т.п. Конструкция ствола башни обычно представляет собой пространственную стержневую систему либо цилиндрическую железобетонную или каменную оболочку | **мунара:** Туруктуулугу негизги конструкциясы тарабынан камсыздалган (тарткычтарсыз) эркин турган бийик курулма: телемунара, радиомунара, суубасым мунарасы, силостук мунара д.у.с. Адатта мунаранын өзөгүнүн конструкциясы мейкиндиктүү өзөктүк тутум жетемир бетондон цилиндр сымал же таш кабыкчасы түрүндө болот |
| **безопасность:**<br>1 Состояние защищенности жизненно важных интересов личности, общества и государства от внутренних и внешних угроз или опасностей;<br>2 Свойство объекта не допускать ситуации, опасной для людей и окружающей среды | **коопсуздук:**<br>1 Инсандын, коомдун жана мамлекеттин жашоого маанилүү кызыкчылыктарынын ички жана сырткы коркунучтардан, кооптуулуктардан корголгон абалы;<br>2 Объекттин адамдарга жана курчаган чөйрөгө кооптуу кырдаалдарды жаратпоо касиети |
| **безопасная зона:** Зона, в которой люди защищены от воздействия опасных факторов пожара или в которой опасные факторы пожара отсутствуют либо не превышают предельно допустимых значений | **коопсуз чөлкөм:** Адамдар өрттүн кооптуу факторлорунун таасирлеринен корголгон же өрттүн кооптуу факторлору болбогон же мүмкүн болгон чектик маанилерден ашпаган чөлкөм |
| **безопасное расстояние:** | **коопсуз аралык:** Адам менен |

| | |
|---|---|
| Наименьшее расстояние между человеком и источником опасного и вредного производственного фактора, при котором человек находится вне опасной зоны | кооптуу жана зыяндуу өндүрүштүк фактордун ортосундагы эңкичине аралыгы, бул аралыкта адам кооптуу чөлкөмдөн сырткары болот |
| **безопасность в чрезвычайных ситуациях:** Состояние защищенности населения, объектов народного хозяйства и окружающей природной среды от опасностей в чрезвычайных ситуациях. Различают безопасность по видам (промышленная, радиационная, химическая, сейсмическая, пожарная, биологическая, экологическая), по объектам (население, объект народного хозяйства и окружающая природная среда) и основным источникам чрезвычайной ситуации | **өзгөчө кырдаалдардагы коопсуздук:** Калктын, эл чарбасынын объекттеринин жана курчап турган табигый чөйрөнүн өзгөчө кырдаалдардагы кооптуулуктардан корголгон абалы. Коопсуздукту өзгөчө кырдаалдардын түрлөрү (өнөр жайлык, радиациялык, химиялык, сейсмикалык, өрттүк, биологиялык, экологиялык), объектери (калк, эл чарбасынын объекттери жана курчаган табигый чөйрө) жана негизги булактары боюнча айырмалашат |
| **безопасность населения в чрезвычайных ситуациях:** Состояние защищенности жизни и здоровья людей, их имущества и среды обитания человека от опасностей в чрезвычайных ситуациях | **өзгөчө кырдаалдардагы калктын коопсуздугу:** Адамдардын өмүрүнүн жана ден соолугунун, алардын мүлктөрүнүн жана жашоо чөйрөсүнүн өзгөчө кырдаалдардын кооптуулуктарынан корголгон абалы |
| **безопасное перекрытие утечки топлива (перекрытие из безопасного места):** Перекрытие утечки топлива, не требующее присутствия людей в зоне загазованности парами топлива с концентрацией выше 20% от нижнего концентрационного предела распространения пламени | **күйүүчү майдын агып кетүүсүн коопсуз тосуу (коопсуз жерден тосуу):** Жалындын таркап кетүүсүнүн төмөнкү концентрациялык чегинен 20% дан ашык концентрациясы менен күйүүчү майдын буусу менен газдалган чөлкөмдө адамдардын катышуусун талап кылбаган күйүүчү майдын агып кетүүсүн тосуу |
| **безопасные условия труда:** Условия труда, при которых воздействие на работающего опасных и вредных производственных факторов исключено или воздействие вредных производственных факторов не превышает предельно допустимых значений | **эмгектин коопсуз шарттары:** Иштегендерге кооптуу жана зыяндуу өндүрүш факторлорунун тийгизүүчү таасири жокко чыгарылган же зыяндуу өндүрүш факторлорунун таасири мүмкүн болгон чектик маанилерден ашпаган эмгек шарттары |
| **безосколочное стекло:** Листовое стекло, котороепри разрушении не дает осколков с режущими краями | **майда сыныксыз (майдаланбаган) айнек:** Талкаланганда четтери кесип кете турган сыныктарды пайда |

| | |
|---|---|
| | кылбаган айнек такта |
| **безотказность:** Свойство изделия сохранять работоспособность в течение некоторого времени или при выполнении определенного объема работы без вынужденных перерывов в заданных условиях эксплуатации | **баш тартпоочулук:** Буюмдун бир нече убакыт ичинде же берилген пайдалануу шарттарында белгилүү бир жумуш көлөмүн аткарууда аргасыз тыныгууларсыз иштөө жөндөмдүүлүгүн сактоо касиети |
| **безотходная технология:** Технологический процесс, при котором более рационально и комплексно расходуются сырье и энергия | **калдыксыз технология:** Чийки затты, энергияны рационалдуу жана комплекстүү чыгымдаган технологиялык жараян |
| **белила:** Белые пигменты для всех видов красок и эмалей, а также крашения резин, пластмасс, бумаги. Наиболее распространенные цинковые (ититановые) белила | **ак сыр:** Сырлардын жана эмалдардын баардык түрлөрү, ошондой эле резиналарды, пластмассаларды, кагаздарды боёо үчүн ак сырлар.Эң кеңири тараган түрү цинк (жана титан) ак сыры |
| **берегоукрепительные сооружения:** Сооружения, предназначенные для защиты берегов водоемов, участков морских побережий от разрушающих воздействий волн, течений, напора льда и др. | **жээктерди бекемдөөчү курулма:** Суу көлмөлөрүнүн жээктерин, деңиз жээктеринин участкаларын толкундардын, агымдардын, муздун басымынын таасирлеринен ж.б. коргоого арналган курулмалар |
| **бесчердачная вентилируемая крыша:** Не имеющая проходного или полупроходного пространства крыша, содержащая вентилируемую наружным воздухом полость или каналы, расположенная над теплоизоляционным слоем или его верхней частью | **үстү жок желдеткич чатыр:** Өтмөктүк же жарым өтмөктүк мейкиндиги жок, жылуулук обочолонтуучу катмардын же анын жогору бөлүгүнүн үстүндө жайгашкан сырткы аба менен желдетилме көңдөйгө же каналдарга ээ тамбашы |
| **бесчердачные крыши:** (Покрытия) и невентилируемые (не содержащие воздушных прослоек вентиляции) – выполняемые из однослойных панелей, ячеистого или легкого бетонов; железобетонных панелей с эффективным утеплителем; крыши построечного исполнения многослойной конструкции с засыпным утеплителем и стяжкой под кровлю из рулонных материалов | **чатыры жок тамбашылар:** (Жабуулар) жана желдетилбеген (желдетүүчү аба катмары жок) – бир катмарлуу панелдерден, ячейкалуу же жеңил бетондордон; эффективдүү жылуулагычы менен темирбетон панелдерден даярдалган; конструкциясы көп катмарлуу келип, төгүлмө жылуулагыч жана калканчыктын алдында түрүлмө материалдарынан тегиздемеси менен курулган тамбашылар |
| **бетонная плотина:** Плотина, | **бетондонтогоон:** Негизги |

| | |
|---|---|
| основные конструкции которой выполнены из гидротехнического бетона | конструкциялары гидротехникалык бетондон жасалган тогоон |
| **бетонные конструкции и изделия:** Элементы зданий и сооружений, выполненные из бетона без арматуры или со слабым (конструктивным) армированием | **бетон конструкциялары жана буюмдары:** Арматурасыз же аз арматураланган (конструктивдүү) бетондон даярдлган имараттар жана курулмалардын элементтери |
| **бетоновоз:** Специализированный автомобиль для перевозки бетонной смеси, оборудованный емкостью (бункером, барабаном, бадьей) с загрузочно-разгрузочным устройством. Емкость для бетонной смеси может иметь термоизоляцию или систему обогрева | **бетон ташыгыч:** Жүктөөчү-түшүрүүчү түзмөгү бар идиш (бункер, доол, бадья) менен жабдылган бетон аралашмасын ташууга арналган атайлаштырылган автомобиль. Бетон аралашмасы үчүн идиш жылуулук обочолонткучу же жылытуучу тутуму менен болушу ыктымал |
| **бетононасос:** Машина для подачи бетонной смеси по трубам к месту ее укладки на расстояние до 300 м по горизонтали и до 40 м по вертикали | **бетон соркыскычы:** Бетон аралашмасын өткөргүч түтүктөр боюнча бетон төшөлө турган ордунагоризонталь багытында 300 м, тигинен 40 м бийиктикке чейинки аралыкка жеткирүүчү машине |
| **бетонополимер:** Бетон, пропитанный мономером с последующей его полимеризацией | **полимерлүү бетон:** Мономер менен сиңдирилгенден соң полимерленген бетон |
| **бетоносмеситель, бетономешалка:** Установка для приготовления бетонной смеси путем перемешивания цемента, песка, щебня или гравия с водой. Бетоносмеситель, смонтированный нашасси автомобиля (автобетоносмеситель), доставляет смесь к месту работ | **бетон аралаштыргыч:** Цемент, кум, шагыл же шагыл ташты суу менен аралаштыруу аркылуу бетон аралашмасын даярдоого арналган орнотмо. Автомобилдин шассисине орнотулган бетон аралаштыргыч (автобетон аралаштыргыч) аралашманы жумуш ордуна жеткизет |
| **бетоноукладчик:** Самоходная дорожно-строительная машина для распределения, дозирования, уплотнения бетонной смеси, отделки дорожного покрытия | **бетон төшөгүч:** Бетон аралашмасын бөлүштүрүүгө, өлчөмдөөгө, тыгыздоого, жол жабуусун жасалгалоого арналган өзү жүрүүчү жол-курулуш машинеси |
| **бизнес-план:** Подробный план на определенный период, содержащий показатели, которые должны быть достигнуты по реализации бизнеса | **бизнес-план:** Бизнести жүзөгө ашырууда жетишиле турган көрсөткүчтөрдү камтыган белгилүү бир мезгилге мерчемделген тыкыр план |
| **биологическая очистка сточных** | **агын сууларды биологиялык** |

| | |
|---|---|
| **вод:** Способочистки бытовых и промышленных сточных вод, заключающийся в биохимическом разрушении (минерализации) микроорганизмов и органических веществ, растворенных и эмульгированных в сточных водах | **тазалоо:** Агынды сууларда эриген жана эмульгацияланган микроорганизмдерди жана органикалык заттарды биохимиялык талкалоо (минералдаштыруу) аркылуу тиричилик жана өнөр жайлык агынды сууларды тазартуу ыкмасы |
| **биостойкость:** Свойство материалов и изделий долговременно сопротивляться действию грибов и бактерий, вызывающих гниение или другие разрушительные биологические процессы | **биотуруктуулук:** Чирүү же башка бүлүндүргүч биологиялык жараяндарды жараткан козу карындар жана бактериялардын таасирине материалдардын жана буюмдардын узак мөөнөткө каршылык көрсөтүү касиети |
| **биотуалет:** Устройство для переработки фекальных отходов в органическое удобрение путем использования биологического процесса окисления, активизированного электроподогревом или химическими добавками | **биоажаткана:** Электр менен жылытуу же химиялык кошулмалар менен активдештирилип, биологиялык кычкылдантуу жараянын колдонуу жолу менен фекалдык калдыктарды органикалык жер семирткичтерге кайра иштетүүчү түзмөк |
| **биофильтр:** Сооружение для биологической очистки сточных вод; имеет вид резервуара сдвойным дном, наполненный фильтрующим материалом | **биочыпка:** Агынды сууларды биологиялык тазартуу үчүнкурулма; чыпкалоочу материал менен толтурулган кош түптүү резервуар түрүндө болот |
| **биотопливо:** Топливо из растительного или животного сырья, из продуктов жизнедеятельности организмов или органических промышленных отходов (например, смесь навоза, торфа или соломы), имеющая способность самовозгораться изнутри, повышая температуру почвенного слоя и воздуха теплицы (парника) | **биоотун:** Өсүмдүк же жаныбар чийки заттарынан, организмдердин же органикалык өнөр жай калдыктарынын жашоо-тиричилик өндүрүмдөрүнөн алынган, кыртыштык катмардын жана күнөскананын (бууканандын) абасынын температурасын көтөрүү менен ичинен өзүнөн-өзү тутануу касиетине ээ болгон отун |
| **битум:** Общее название природных или получаемых искусственно сложных органических веществ, состоящих из углеводородов, их кислородных, сернистых и азотистых производных | **битум:** Көмүртектердин, алардын кычкылтектик, күкүрттүк жана азоттук туундуларынан турган табигый же жасалма түрдө алына турган татаал органикалык заттардын жалпы аталышы |
| **битумные материалы:** Материалы на основеприродных асфальтов или | **битум материалдары:** Табигый асфальттардын же мунай |

| | |
|---|---|
| нефтяных битумов | битумдарынын негизинде даярдалган материалдар |
| **благоустройство:** Совокупность работ (по инженерной подготовке территории, устройству дорог, развитию коммуникационных сетей и сооружений водоснабжения, канализаций, энергоснабжения и др.) и мероприятий (по расчистке, осушению и озеленению территории, улучшению микроклимата, охраны от загрязнения воздушного бассейна, открытых водоемов и почвы, санитарной очистке, снижению уровня шума и др.), осуществляемые в целях приведения той или иной территории в состояние, пригодное для строительства, нормального пользования по назначению, создания здоровых, удобных и культурных условий жизни населения | **абаттоо:** Кандайдыр бир аймакты курулуш жүргүзүүгө жана аны дайындалышы боюнча нормалдуу пайдаланууга, калктын жашоосуна сергектик, ыңгайлуу жана маданий шарттарды түзүү үчүн жарамдуу абалга келтирүү максатында ишке ашырылуучу жумуштардын (аймакты инженердик даярдоо, жол салуу, энергия жана суу менен камсыздоо, суу агындылоо ж.б. коммуникациялык тарамдарды жана курулмаларды өнүктүрүү боюнча) жана иш чаралардын(аймактарды тазалоо, кургатуу жана жашылдандыруу, микроклиматты жакшыртуу, аба мейкиндигин, ачык көлмөлөрдү жана жер кыртышын булгануудан сактоо, санитардык тазартуу, ызы-чуунун деңгээлин төмөндөтүү ж.б. боюнча) жыйындысы |
| **блок объемный (в строительстве) :** Конструктивный монтажный элемент, являющийся частью объема здания (санитарно-технические кабины, элементы лифтовых шахт, трансформаторных подстанций, реже в видекомнаты, квартиры) | **көлөмдүү блок (курулушта):** Имараттын көлөмүнүн бөлүгү (санитардык-техникалык кабиналар, лифт шахталарынын, трансформатордук көмөк чордондордун элементтери, айрым учурларда бөлмө, батир түрүндө) болуп эсептелген курулманын конструктивдик монтаждоо элементи |
| **блок стеновой:** Конструктивный элемент стензданиия, изготовляемый из легких ячеистых или тяжелых бетонов, кирпича и природного камня, атакже из керамических материалов и силикатного бетона | **дубал блогу:** Ячейкалуу жеңил же оор бетондордон, кыштан жана табигый таштан, ошондой эле керамикалык материалдардан жана силикат бетондон даярдалган имараттын имараттын дубалынын конструктивдик элементи |
| **блок-секция:** Объемно-пространственный элемент здания, независимый в функциональном отношении, который может использоваться как в сочетании с другими элементами здания, так и | **блок-секция:** Функционалдык жактан көз карандысыз өз алдынча дагы, башка элементтер менен айкалышта дагы колдонула турган имараттын көлөмдүк-мейкиндик элементи |

| | |
|---|---|
| самостоятельно | |
| **блокированный жилой дом:** Здание квартирного типа, состоящее из двух и более квартир, каждая из которых имеет непосредственный выход на приквартирный участок | **блоктолгон турак үй:** Эки же андан көп батирлерден турган, алардын ар бири батир алдындагы участокко түздөн-түз чыкмага ээ батир тибиндеги имарат |
| **блуждающие токи:** Электрические токи, распространенные в грунте вследствие различных причин | **адашканагындар:** Ар кандай себептерден улам кыртышта тараган электр агындары |
| **блок жилой автономный:** Жилой блок, имеющий самостоятельные инженерные системы и индивидуальные подключения к внешним сетям, не имеющий общих с соседними жилыми блоками чердаков, подполий, шахт коммуникаций, вспомогательных помещений, наружных входов, а также помещений, расположенных над или под другими жилыми блоками | **автономдуу турак жай блогу:** Өз алдынча инженердик тутумдарга жана тышкы тарамдарга жекече туташтырууларга ээ, коңшу турак блоктор менен жалпы чатырлары, жер төлөлөрү, коммуникация шахталары, көмөкчү жайлары, сырттан кирмелери, ошондой эле башка турак жай блоктордун үстүндө же астында жайлары болбогон турак жай блогу |
| **блок хранения топлива:** Сборочная единица технологической системы АЗС заданного уровня заводской готовности и производственной технологичности, предназначенная для приема и хранения топлива | **май отунду сактоо блогу:** Май отунду кабыл алууга жана сактоого арналган, белгиленген деңгээлдеги заводдук даярдыкка жана өндүрүштүк технологиялуулукка ээ АМКЧдун технологиялык тутумунун кураштырылуучу бирдиги |
| **блочные теплицы:** Многопролетные сооружения, блокируемые из отдельных звеньев теплиц | **блоктуу күнөсканалар:** Күнөскананын айрым звенолорунан блоктолуп куралган көп арыштуу курулмалар |
| **боковое естественное освещение:** Естественное освещение помещения через световые проемы в наружных стенах | **капталдан табигый жарыктандыруу:** Жайды сырткы дубалдардагы жарык оюктары аркылуу табигый жарыктандыруу |
| **больница:** Учреждение для стационарного лечения, постоянного наблюдения, а также изоляции (в случаи инфекционных и некоторых других заболеваний) больных | **оорукана:** Сыркоолорду стационардык дарылоо, аларга туруктуу байкоо жүргүзүү, ошондой эле аларды обочолонтуу (жугуштуу ж.б. ооруларда) үчүн мекеме |
| **боксированное помещение:** Изолированное помещение с тамбуром (предбоксником) | **боксторго бөлүнгөн жай:** Тамбуру менен (бокс кире беришиндеги бөлмө) обочолонтулган жай |
| **брекчия:** Обломочки из мраморных | **брекчий:** Төшөлмөнүн жерпайына |

| | |
|---|---|
| плит, уложенные в определенном порядке на основании пола (или орнамент), залитые цементным раствором на мраморной крошке и после затвердения–шлифованные | (же орнаментке) ирээттеп төшөлгөн, арасына мармар ташынын күкүмдөрү менен цемент эритмеси куюлуп, катыгандан кийин–жышылган мармартактачаларынын сыныктары |
| **брус:**<br>1 В строительной механике – конструктивный элемент, размеры поперечногосечения которого значительно малы по сравнению с длиной;<br>2 В деревообработке – пиленый (реже тесаный) лесоматериал толщиной и шириной (по сечению) более 100 мм. | **бурус:**<br>1 Курулуш механикасында – туурасынан кесилишинин өлчөмдөрү узундугуна салыштырмалуу алда канча кичине болгон конструктивдик элемент;<br>2 Жыгач иштетүүдө – калыңдыгы жана жазылыгы (кесилиши боюнча) 100 мм чоң тилинген (сейрек учурда сүрүлгөн) жыгач материалы |
| **брусчатка:** Каменный материал в виде брусков (длиной 15-30 см, шириной 12-15 см, высотой 10-15 см) из прочных горных пород для мощения улиц, площадей, автомобильных дорог | **таманташ:** Көчөлөрдө, аянттарда, автомобиль жолдорунда төшөөгө арналган бекем тоо тектеринен даярдалган бурусчалар түрүндөгү (узундугу 15-30 см, жазылыгы 12-15 см, бийиктиги 10-15 см) таш материалы |
| **бульвар:** Широкая, обсаженная деревьями аллеявдоль улицы, берега моря и т.д. | **гүлбак:** Көчөнү, деңиз жээгин д.у.с бойлото бак-дарактар отургузулган кенен аллея |
| **бункер:** Специально оборудованное подземное убежище, укрытие, долговременное огневое сооружение | **бүңкүр:** Атайын жабдылган жер алдындагы башпаанек, далда, узак мөөнөттүү атышуу үчүн курулма |
| **бурильный молоток, перфоратор:** Машина ударного действия для бурения в массиве горных пород, бетоне, кирпичной кладке и т.д. | **бургулоо балкасы, перфоратор:** Тоо тектеринин массивинде, бетондо, кыш кынамында ж.б.бургулоо үчүн соккулук аракеттүү машине |
| **буровая вышка:** Сооружение, устанавливаемое над скважиной для спуска и подъема бурового инструмента, забойных двигателей, обсадных труб | **бургулоо мунарасы:** Бургулоо аспабын, казмалык кыймылдаткычтарын, курчама түтүктөрдү түшүрүп-көтөрүү үчүн жер куянын үстүнө орнотулуучу курулма |
| **буровой инструмент:** Общее название механизмов и приспособлений, применяемых для бурения шпуров, скважин | **бургулоо аспабы:** Бургу оюктарды, жеркуяларды бургулooого колдонулуучу механизмдердин жана ыктамдардын жалпы аталышы |
| **буровые сваи:** Сваи, образующиеся призаполнении бетоном пробуренных скважин без устройства котлованов | **бургу жертүркүктөрү:** Андарды казбастан бургуланган жер куяларды бетон менен толтурууда жаралган жер түркүктөрү |

| | |
|---|---|
| **бутовый камень, бут:** Крупные куски горной породы неправильной формы (с длиной ребра 150-500 мм), получаемые из известняков, доломитов, песчаников, гранитов | **кынама таш:** Акиташтардан доломиттерден, кумдактардан, граниттерден алынуучутуура эмес формадагы (кырынын узундугу 150-500 мм) тоо тектердин ири кесектери |
| **буфер:** Устройство для смягчения удара | **буфер:** Соккуну жумшартуу үчүн түзмөк |
| **бык:** Промежуточная опора моста | **орто түркүк:** Көпүрөнүн ортолук таянычы |
| **вакуумирование бетона:** Искусственное удаление (отсасывание) избыточной воды из бетонной смеси после ее укладки и уплотнения в опалубке | **бетонду вакуумдоо:** Бетон аралашмасы калыпка куюлуп тыгыздалгандан кийин, андан ашыкчасууну жасалма жол менен алып салуу (сордуруп алуу) |
| **вантовые конструкции:** разновидность висячих конструкций | **ванттык конструкциялар:** Асма конструкциялардын бир түрү |
| **вантовый мост:** Висячий мост с основной несущей конструкцией в виде геометрически неизменяемой висячей (вантовой) формы, выполненной из прямолинейных стальных канатов – вантов | **ванттык көпүрө:** Негизги жүк көтөрүүчү конструкциясы түз сызыктуу болот зым аркандардан – ванттан даярдалган геометриялык өзгөрүлбөс асма (ванттык) формасындагы асма көпүрө |
| **ванты:** Гибкие растянутые стержни (стальные тросы, канаты, круглый прокат), применяемые в висячих конструкциях для крепления радиомачт, антенн и др.; передают усилия от одного узла к другому и не воспринимают поперечной нагрузки | **ванттар:** Радиомачталарды, антенналарды жана башкаларды бекитүүгө асма конструкцияларда колдонулуучу чоюлууга иштеген ийкемдүү өзөктөр (болот тросстор, зым аркандар, тегерек кесилиштүү прокат); күчтөнүүлөрдү бир түйүндөн экинчисине өткөрүп берет, туурасынан аракет эткен жүктөмдү кабыл албайт |
| **вата:** Слабо уплотненная масса перепутанных волокон, очищенных от примесей | **кебез:** Кошундулардан тазартылып, чатыштырылган буланын аз тыгыздалган массасы |
| **ведомственные строительные нормы:** Нормативный технический документ в области строительства, принятый на уровне ведомства | **ведомстволук курулуш ченемдери:** Ведомствонун деңгээлинде кабыл алынган курулуш чөйрөсүндөгү ченемдик техникалык документ |
| **вентиль:** Установка для впуска и выпуска жидкостей, паров или газов из трубопроводов | **сарп жөндөгүч:** Түтүктөн суюктуктарды, бууларды же газдарды киргизүүгө жана чыгарууга арналган орнотмо |
| **вентиль трубопроводный:** Запорное | **өткөрмө түтүктүк сарп жөндөгүч:** |

| | |
|---|---|
| приспособление для включения или выключения участка трубопровода, а также для регулирования подачи жидкости, газа или пара | Өткөргүч түтүктүн участкасын кошуу же ажыратуу үчүн, ошондой эле суюктукту, газды же бууну берүүнү жөнгө салууга арналган жапкыч ыктам |
| **вентиляция:** Регулируемый воздухообмен в помещениях; система мер для создания воздушной среды, благоприятной для здоровья человека, а также отвечающей требованиям технологического процесса, сохранения оборудования и строительных конструкций, материалов и т.д. | ***желдетүү:*** Жайлардагы жөнгө салынуучу аба алмаштыруу; адамдын ден соолугуна жагымдуу аба чөйрөсүн түзүү, ошондой эле технологиялык жараяндын, жабдууларды, курулуш материалдарын жана конструкцияларын сактоо талаптарына жооп бере турган аба чөйрөсүн түзүү үчүн чаралардын тутуму |
| **веранда:** Открытое или застекленное помещение, пристроенное или встроенное в здание; чаще используется в малоэтажных жилых домах, но в южных районах является составной частью квартиры и в многоэтажном строительстве; обычно не отапливается, вентилируется через открываемые створки окон, иногда оборудуется защитными устройствами от солнца. Веранды широко применяются в детских, санаторных учреждениях, больницах | **веранда:** Имаратка улай же анын ичине салынган, ачык же айнектелген жай; аз кабаттуу турак үйлөрдө көп колдонулат, бирок түштүк райондордо батирдин жана көп кабаттуу курулуштардын курамдык бөлүгү болуп саналат; адатта жылытылбайт, терезенин ачылма жаактары аркылуу желдетилет, айрым учурларда күн нурунан коргоочу түзмөктөр менен жабдылат. Верандалар балдар мекемелеринде, санаторийлерде жана ооруканаларда кеңири колдонулат |
| **вермикулит:** Минерал, водный основной алюмосиликат магния и железа | **вермикулит:** Минерал, магнийдин жана темирдин суулуу негизги алюмосиликаты |
| **вероятные сдвижения и деформации:** Величины сдвижений и деформаций, определяемые в условиях, когда отсутствуют календарные планы развития горных работ | **ыктымалдуу жылышуулар жана деформациялар:** Тоо кен иштерин өнүктүрүүгө календардык мерчем болбогон шарттарда аныкталуучу жылышуулардын жана бузулуулардын чоңдуктары |
| **вертикальные деформации земной поверхности (наклоны, кривизна):** Деформации земной поверхности в вертикальной плоскости, вызванные неравномерностью вертикальных сдвижений | **жер бетинин деформациялары** (Жантаймалар, ийрейүүлөрү**):** вертикалдуу жылышуулардын бир калыпта эместигинен пайда болгон жер бетинин вертикалдуу тегиздигиндеги деформациялар |
| **верхнее естественное освещение:** Естественное освещение помещения | **үстүнөн табигый жарыктандыруу:** Жайдыпанарлар аркылуу табигый |

| | |
|---|---|
| через фонари. Световые проемы в стенах в местах перепада высот здания | жарыктандыруу. Дубалдардагы жарык оюктары имараттын бийиктигинин өзгөрүлгөн жерлеринде жайгаштырылат |
| **верховодка:** Безнапорные подземные воды, залегающие наиболее близко к земной поверхности и размещенные выше горизонта грунтовых вод | **жогорку суулар:** Жер бетине эң жакын жана кыртыш сууларынын горизонтунан жогору жайгашкан басымсыз жер астындагы суулар |
| **верхолазные работы:** Работы, выполняемые на высоте более 5 м от поверхности земли, перекрытия или рабочего настила, над которыми производятся работы непосредственно с конструкциями или оборудованием при их монтаже или ремонте, при этом основным средством, предохраняющим работающих отпадения с высоты, является предохранительный пояс | **бийиктикке чыгуу иштери:** Жердин бетинен, калкадан же жумушчу төшөмөлдөн 5 метр бийиктикте түздөн-түз конструкцияларды же жабдыктарды монтаждоодо же оңдоодо аткарылуучу иштер, ошол эле убакта, мындай иштерди аткарууда жумушчуларды бийиктиктен кулап кетүүдөн сактоочу негизги каражат болуп алдын алгыч кур эсептелет |
| **вес:** Сила, с которой тело действует на горизонтальную опору (или другую конструкцию) удерживающую его от свободного падения | **салмак:** Тулкуну анын эркин кулашынан кармап турган горизонталдык таянычка (же башка конструкцияга) берилүүчү күч |
| **вестибюль:** Помещение перед входом во внутренние части здания, предназначенное для приема и распределения потоков посетителей | **вестибюль:** Келүүчүлөр агымын кабыл алуу жана бөлүштүрүүгө арналган имараттын ички бөлүктөрүнө кире беришке чейинки жай |
| **ветеринарно-санитарные и фитосанитарные требования:** Обязательные для исполнения требования и процедуры, устанавливаемые в целях защиты от рисков, возникающих в связи с проникновением, закреплением или распространением вредных организмов, заболеваний, переносчиков болезней или болезнетворных организмов, в том числе в случае переноса или распространения их животными и/или растениями, с продукцией, грузами, материалами, транспортными средствами, с наличием добавок, загрязняющих веществ, токсинов, | **ветеринардык-санитардык жана фитосанитардык талаптар:** Зыяндуу организмдердин, оорулардын, ооруларды таратуучулардын же ооруну пайда кылуучу организмдердин, анын ичинде аларды жаныбарлар жана/же өсүмдүктөр тараткан же ташыган учурда, өндүрүмдөр, жүктөр, материалдар, унаа каражаттары, булгоочу заттары менен кошулмалар, ууландыруучу заттар, зыянкечтер, отоо өсүмдүктөрү, оору пайда кылуучу организмдер аркылуу, анын ичинде тамак-аш азыктары же жемдер менен кошо кирип кеткен тобокелдиктерден коргоо максатында аткарууга милдеттүү |

| | |
|---|---|
| вредителей, сорных растений, болезнетворных организмов, в том числе с пищевыми продуктами или кормами, а также обязательные для исполнения требования и процедуры, устанавливаемые в целях предотвращения иного связанного с распространением вредных организмов ущерба | талаптар жана жол-жоболор, ошондой эле зыяндуу организмдердин жайылып кетүүсү менен байланышкан башка учурларды болтурбоо максатында кабыл алынган аткарууга милдеттүү талаптар жана жол-жоболор |
| **ветхое состояние здания:** Состояние, при котором строительные конструкции, основание (здание в целом) перестают удовлетворять заданным эксплуатационным требованиям. Оценка технического состояния здания соответствует его физическому износу в пределах 65-80 процентов | **имараттын эскилиги жеткенабалы:** Курулуш конструкциялары, жерпай (жалпысынан имарат) белгиленген пайдалануу талаптарын канааттандырбай калган абал. Имараттын техникалык абалына берилген баа анын физикалык эскиришинин 65– 80% өлчөмүнө дал келет |
| **взрыв:** Быстро протекающий процесс физических и химических превращений веществ, сопровождающийся освобождением значительного количества энергии в ограниченном объеме, в результате которого в окружающем пространстве образуется и распространяется ударная волна, способная привести или приводящая к возникновению техногенной чрезвычайной ситуации | **жарылуу:** Чектелүү көлөмдө олуттуу өлчөмдөгү энергиянын бошошу менен коштолгон, анын натыйжасында курчап турган чөйрөдө техногендик өзгөчө кырдаалды жаратууга жөндөмдүү жана аны жаратуучу соккулук толкун пайда болуучу жана таралуучу заттардын физикалык жана химиялык өзгөрүп түзүлүүлөрүнүн тез өтүүчү жараяны |
| **взрывные работы:** Работы, выполняемые воздействием взрыва на естественные или искусственные материалы с целью контролируемого их разрушения и перемещения или изменения структуры и формы | **жардыруу жумуштары:** Табигый же жасалма материалдарга алардын талкалануусун жана которуштурулуусун же түзүмүнүн жана формасынын өзгөрүлүүсүн контролдоо максатында жардыруу аркылуу аткарылуучу жумуштар |
| **взаимосвязанные с Техническим регламентом нормативные документы:** Нормативные документы, реализующие требования безопасности настоящего Технического регламента | **Техникалык регламент менен өз ара байланышкан ченемдик документтер:** Ушул Техникалык регламенттин коопсуздук талаптарын ишке ашыруучу ченемдик документтер |
| **взрывоопасная смесь:** Смесь с воздухом горючих газов, паров | **жарылууга кооптуу аралашма:** Аба менен күйүүчү газдардын, оңой |

| | |
|---|---|
| легковоспламеняющихся жидкостей, горючих пыли или волокон с нижним концентрационным пределом воспламенения до 65 г/м$^3$ при переходе их во взвешенное состояние, которая при определенной концентрации и возникновении источника инициирования взрыва способна взорваться | тутануучу суюктуктардын бууларынын, күйүүчү чаң же буланын 65 г/м$^3$ чейинки тутануунун төмөнкү концентрациялык чегинде алардын калкыма абалга өтүүсүндө белгилүү бир концентрацияда жана жарылууга түрткү берүүчү булактын пайда болуусунда жарылуу касиети |
| **взрывопожароопасность объекта защиты:** Состояние объекта защиты, характеризуемое возможностью возникновения взрыва и развития пожара | **коргоолуучу объекттин жарылуу-өрттөнүү кооптуулугу:** Жарылуу пайда болуп, андан соң өрттүн өнүгүшү ыктымал болгон коргоолуучу объекттин абалы |
| **вибратор:**<br>1 Вибратор механический – устройство для получения механических колебаний, используемое самостоятельно либо являющееся узлом вибрационной машины или оборудования;<br>2 Вибратор электрический – отрезок металлического провода, штырь из токопроводящего материала или диэлектрика, который может служить возбудителем (источником) электромагнитных колебаний | **титиреткич:**<br>1 Механикалык титиреткич–өз алдынча колдонулуучу же титиреткич машиненин же болбосо жабдыктын түйүнү болуп саналган механикалык термелүүлөрдү алуу үчүн түзмөк;<br>2 Электрдик титиреткич–электрмагниттик термелүүлөрдү козгогуч (булагы) катары кызмат кылуучу металл зымынын кесиндиси же электр агынын өткөрүүчү материалдан даярдалган же диэлектриктен даярдалган сүмбө |
| **вибрационная машина, вибратор:** Машина, у которой рабочий орган находится в колебательном движении, применяется для уплотнения бетона, формирования железобетонных изделий, погружения в грунт свай и труб и т.п. | **титиреткич машина, титиреткич:** Жумушчу органы термелүү кыймылында болгон машине, бетонду тыгыздоо, темир бетон буюмдарын калыптоодо, кыртышка жер түркүктөрдү жана түтүктөрдү кагып киргизүүдө д.у.с. колдонулат |
| **вибрационный транспорт:** Устройства для направленного перемещения сыпучих и кусковых материалов, паст, жидкостей, осуществляемого вибрацией рабочих (грузонесущих) органов вибрационных машин | **титиреткич унаалар:** Эшилме жана кесектүү материалдарды, пасталарды, суюктарды багыттап жылдырууну титиреткич машинелердин жумушчу органдарынын (жүк ташыгыч) титирөөсү аркылуу ишке ашыруучу түзмөктөр |

| | |
|---|---|
| **вибрация:**<br>1 Механические колебания в технике. Различают полезную и вредную вибрацию;<br>2 Любая вибрация, передаваемая человеческому телу твердыми телами и которая является вредной для здоровья или опасной в другом отношении | **титирөө:**<br>1 Техникадагы механикалык термелүүлөр. Аларды пайдалуу жана зыяндуу термелүүлөрдеп айырмалашат;<br>2 Адамдын денесине катуу заттар өткөрүпберүүчү жана ден соолукка зыяндуу же башка жактан алып караганда кооптуу болгон кандай гана болбосун титирөөнүн түрлөрү |
| **виброизоляция:** Защита людей, сооружений и приборов от вредного воздействия вибраций, возникающих вследствие работы механизмов, движения транспорта и т.п. | **титирөөдөн обочолонтуу:** Механизмдердин иштешинен, унаанын кыймылынан д.у.с. натыйжасында пайда болгон титирөөлөрдүн зыяндуу таасиринен адамдарды, курулмаларды жана алеттерди коргоо |
| **вибромолоток:** Инструмент ударного действия с небольшой перемещающейся массой, большими скоростями перемещения и частотой ударов до 6000 в 1 мин | **титиреме балка:** Анча чоң эмес которуштурулма массасы, чоң которуштуруу ылдамдыктары жана минутасына 6000 соккуга чейин жыштыгы менен соккулук аракетиндеги аспап |
| **виброплита:** Рабочий орган вибрационных уплотняющих машин или самостоятельная вибрационная установка для уплотнения несвязных грунтов, гравийно-щебеночных и др. материалов | **титиреме такта:** Байланышсыз кыртыштарды, шагылташ-шагылдарды ж.б. материалдарды тыгыздоо үчүнтитиретип тыгыздоочу машинелердин жумушчу органы же өз алдынча титиреткич орнотмо |
| **виварий:** Подразделение организации, где содержится разные виды лабораторных животных, используемых для экспериментов | **виварий:** Эксперименттерге пайдаланылуучу лабораториялык жаныбарлардын ар кандай түрлөрү кармалган уюмдун түзүмдүк бөлүмү |
| **визуальные средства информации:** Носители информации в виде зрительно различимых текстов, знаков, символов, световых сигналов, имеющих повышенные характеристики распознаваемости с учетом особенностей восприятия людьми с нарушением функций органов слуха | **маалыматтардын көрүнөкаражаттары:** Угуу органынын функциялары бузулган адамдардын кабыл алуу өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен таануунун күчөтүлгөн мүнөздөлүшүнө ээ болгон көрүп айырмалай ала турган тексттер, белгилер, символдор, жарык ишарат белгилери түрүндөгү маалыматтарды алып жүрүүчүлөр |
| **винтовое соединение:** Разъемное неподвижное соединение деталей при | **буралмалуу бириктирме:** Тетиктердин биринин тулкусундагы |

| | |
|---|---|
| помощи винтов, ввертываемых в резьбу в теле одной из деталей | сайга буралуучу буралмалардын жардамы аркылуу алынган тетиктердин кыймылсыз ажырама бириктирмеси |
| **висячие конструкции:** Строительные конструкции, в которых основные несущие элементы испытывают только растягивающие усилия | **асылма конструкциялар:** Негизги жүк көтөрүүчү элементтери жалаң гана чоюу күчтөнүүлөрүн кабыл алуучу курулуш конструкциялары |
| **висячий мост:** Мост, в котором основная несущая конструкция выполнена из гибких элементов, работающих на растяжение, а проезжая часть подвешена | **асылма көпүрө:** Негизги жүк көтөрүүчү конструкциясы ийкемдүү элементтерден даярдалып,чоюлууга гана иштөөчү, жүрмө бөлүгү асылып коюлган көпүрө |
| **витраж:** Орнаментальная или сюжетная декоративная композиция, размещаемая обычно в оконных проемах, дверях, перегородках, иногда выполненная в виде самостоятельных панно, из стекла или др. материала, пропускающего свет; сплошное остекление фасада здания | **көркөм айнек:** Адатта терезе оюктарында, эшиктерде, ички тосмолордо жайгаштырылуучу, айрым учурларда өз алдынча панно түрүндө, айнектен же жарык өткөргүч башка материалдардан даярдалган оюусу менен же мазмундук көркөмдүк композиция; имараттын фасадын жалпы айнектөө |
| **влагоотдача:** Способность материала отдавать влагу при изменении окружающей среды. Характеризуется скоростью высыхания материала в сутки при относительной влажности воздуха 60 % и температуре 20°С | **нымдан арылуу:** Курчаган чөйрөнүн өзгөрүлүүсүндө материалдын нымданарылуу касиети. Абанын 60 % салыштырмалуу нымдуулугунда жана 20ºС температурасында материалдын бир суткада кургоо ылдамдыгы менен мүнөздөлөт |
| **влагостойкость:** Способность строительных материалов долговременно сопротивляться разрушающему действию влаги при периодических увлажнениях и высыханиях материала | **нымга туруктуулук:** Мезгил-мезгили менен нымдалуусунда жана кургоосунда курулуш материалдарынын нымдын бүлүндүрүүчү таасирине узак мөөнөткө туруштук берүү касиети |
| **влажность:** Содержание влаги в твердом теле, порошке или газе | **нымдуулук:** Катуу нерседе, күл майдада же газда нымдын камтылышы |
| **влажность материала:** Содержание влаги в процентах, определяемое путем отношения массы увлажненного материала к его массе в сухом виде | **материалдын нымдуулугу:** Нымдуу материалдын массасынын анын кургак абалындагы массасына болгон катышы аркылуу аныкталуучу нымдын камтылышы пайыз менен |
| **внешние условия:** Влияющие на | **сырткы шарттар:** Аймактын |

| | |
|---|---|
| состояние и использование территории экологические, инфраструктурные и ресурсные факторы ее окружения | абалына жана аны пайдаланууга таасирин тийгизүүчү анын айланасындагы экологиялык, инфраструктуралык жана ресурстук факторлор |
| **внешний вид асбестоцементного изделия:** Совокупность регламентированных стандартом свойств, определяемых визуально | **асбестцемент буюмдарынын сырткы көрүнүшү:** Стандарт менен жөнгө салынган, көз менен көрүп аныкталуучу касиеттердин жыйындысы |
| **внешний радиус:** Наименьший радиус закругления (кривой) по кромке проезжей части (с правой стороны от водителя), обеспечивающий беспрепятственный проезд поворота | **сырткы радиус:** Бурулушту тоскоолдуксуз өтүүнү камсыздоочу жолдун жүрмө бөлүгүнүн чети (айдоочудан оң тарапта) боюнча бурулуштун эң кичине радиусу |
| **внутренняя система инженерно-технического обеспечения здания или сооружения:** Часть здания или сооружения, предназначенная для выполнения функций водоснабжения, канализации, тепло -и энергоснабжения (в том числе газоснабжения), отопления, вентиляции и кондиционирования воздуха, внутреннего транспорта, мусороудаления, сигнализации, связи, автоматизации, управления и обеспечения безопасности | **имараттын же курулманын инженердик-техникалык камсыздоосунун ички тутуму:** Суу менен камсыздоо, суу агындылоо, жылуулук-жана энергия менен (анын ичинде газменен) камсыздоо, жылытуу, желдетүү жана абаны кондициялоо, ички унаанын, таштандыларды чыгаруу, ишарат белгилөө, байланыш, автоматташтыруу, коопсуздукту башкаруу жана камсыздоо функцияларын аткарууга арналган имараттын же курулманын бөлүгү |
| **водный огнетушитель:** Огнетушитель с зарядом воды или воды с добавками | **суулуу өрт өчүргүч:** Суу же кошулмары бар суу менен толтурулган өрт өчүргүч |
| **водовод:** Сооружения в виде тоннеля, канала, лотка или трубопровода для пропуска (подачи) воды под напором или самотеком от водоприемника (водозаборного сооружения) к месту ее потребления | **суу өткөргүч:** Суу кабылдагычтан (суу алгыч курулмадан) сууну пайдалануу жерине чейин басым алдында же өз агымы менен аны өткөрүп берүү үчүн тоннель, канал, ноо же өткөргүч түтүк түрүндөгү курулмалар |
| **водогрейный котел:** Прямоточный котел, в котором подогревается (без испарения) вода, используемая для центрального отопления или централизованного теплоснабжения | **суу жылыткыч казан:** Борбордук жылытуу же борборлоштурулган жылуулук менен камсыздоо үчүн сууну жылытуучу (буулануусуз) түз агымдуу казан |
| **водонагреватель:** Теплообменный | **суу жылыткыч:** Сууну буу, ысык |

| | |
|---|---|
| аппарат для нагревания воды паром, горячей водой, газами, электроэнергией | суу, газ жана электр энергиясы менен жылытуу үчүн жылуулук алмаштыргыч аппарат |
| **водопроницаемость:** Способность материала пропускать воду под давлением; характеризуется количеством воды, прошедшей за 1 час через 1 $м^2$ поверхности материала | **суу өткөрүүчүлүк:** Материалдын басым алдында суу өткөрүү касиети; материалдын 1$м^2$ бети аркылуу 1 саат ичинде өткөн суунун көлөмү менен мүнөздөлөт |
| **водоочистка:** Комплекс технологических процессов, в результате которых вода, поступающая в водопровод из природного источника водоснабжения, приобретает необходимые для ее использования качества | **суу тазалоо:** Табигый булактан түтүккө келип түшкөн сууну аны колдонууга жарактуу сапатка жеткире тазалоо технологиялык жараяндарынын комплекси |
| **водопоглощение:** Способность материала впитывать и удерживать воду | **суу сиңирүү:** Материалдардын сууну сиңирүү жана кармоо касиети |
| **водопроводная сеть:** Совокупность водопроводных линий (трубопроводов) для подачи воды к местам потребления | **суу өткөрүүчү тарам:** Сууну пайдалануу жерлерине жеткизүү үчүн суу өткөргүч түтүктөрдүн жыйындысы |
| **водоупор, слой грунта водоупорный:** Водонепроницамый для подземных и поверхностных вод слой грунта | **суу өтпөс катмар, кыртыштын суу өткөрбөс катмары:** Кыртыш жана жер бетиндеги суулар үчүн кыртыштын суу өткөрбөс катмары |
| **водоцементное отношение:** Коэффициент, определяющий отношение воды к цементу в бетонах и растворах | **суу-цемент катнашы:** Бетондордогу жана эритмелердеги суунун цементке катышын аныктоочу көмөк чоңдук |
| **военный городок:** Комплекс зданий и сооружений, расположенный на одном земельном участке и используемый для расквартирования воинской части (учреждения) и размещения военнослужащих, рабочих и служащих. Военные городки подразделяются на закрытые и открытые. К закрытым военным городкам относятся расположенные в населенных пунктах военные городки воинских частей, имеющие систему пропусков, а также отдельные обособленные военные городки воинских частей, расположенные вне | **аскер шаарчасы:** Бир жер участкасында жайгашкан, аскер бөлүгүн (мекемесин) батирлештирүү жана аскер кызматкерлерин, жумушчуларды жана кызматчыларды жайгаштыруу үчүн пайдаланылуучу имараттардын жана курулмалардын комплекси. Аскер шаарчалары жабык жана ачык болуп бөлүнөт. Жабык аскер шаарчаларына калктуу конуштарда жайгашкан, өткөрүү тутуму бар аскер бөлүктөрүнүн аскер шаарчалары, ошондой эле калктуу конуштардан сырткары жайгашкан аскер бөлүктөрүнүн өзүнчө обочолонгон |

| | |
|---|---|
| населенных пунктов | аскер шаарчалары кирет |
| **возгораемость, горючесть:** Способность материалов к горению при воздействии источника зажигания | **тутануучулук, күйүүчүлүк:** Тутануу булагынын таасиринен материалдардын от алуу касиети |
| **воздуховод, воздухопровод:** Трубопровод для перемещения воздуха, применяемый в системах вентиляции, воздушного отопления, кондиционирования воздуха, а также в технологических целях | **аба алмаштыруучу түтүк:** Желдетүү, аба аркылуу жылытуу, абаны баптоо тутумдарында, ошондой эле технологиялык максаттарда колдонулуучу абаны которуштуруу үчүн өткөрмө түтүктөр |
| **волластонит (горная порода):** Белый минерал, силикат кальция $Ca_3[Si_3O_9]$; используют для производства вязкой керамики, а также специальной высокочастотной радиокерамики, фаянса, фарфора, цементов, изоляторов и др. | **волластонит (тоо теги):** Ак минерал, кальцийдин силикаты $Ca_3[Si_3O_9]$; илээшкек керамиканы, ошондой эле атайын жогорку жыштыктуу радиокерамиканы, фаянсты, фарфорду цементтерди жана обочолонткучтарды д.у.с. өндүрүү үчүн колдонулат |
| **волны поперечные:** Волны, распространяющиеся медленнее, чем продольные волны и состоящие из движений, поперечных по отношению к направлению распространения продольной волны | **туурасынан багытталган толкундар:** Узатасынан багытталган толкундарга салыштырмалуу жайыраак таралган жана узатасынан багытталган толкундардын таралуу багытына карата туурасынан багытталган кыймылдардан турган толкундар |
| **волны продольные:** Волны, в которых колебания совершаются вдоль направления распространения (совпадают с направлением смещений частиц среды) | **узатасынан багытталган толкундар:** Термелүүлөрү таралуу багытын бойлото жүргөн толкундар (чөйрөнүн бөлүкчөлөрүнүн жылышуу багыты менен дал келет) |
| **восстановление:** Проведение ремонтно-восстановительных работ, в результате которых несущая способность конструкций (здания) восстанавливается (усиливается) до уровня, предшествующего появлению повреждений | **калыбына келтирүү:** Оңдоо-калыбына келтирүү жумуштарын жүргүзүү, анын натыйжасында конструкциялардын (имараттын) жүк көтөрүмдүүлүгү бузулуулар пайда болгонго чейинки абалына дейре калыбына келет (бекемделет) |
| **вредный производственный фактор (вредный фактор):** Производственный фактор, воздействие которого на работающего в | **зыяндуу өндүрүш фактору (зыяндуу фактор):** Таасири белгилүү бир шарттарда иштеп жаткан адамдын ооруп калуусуна же иш |

| | |
|---|---|
| определенных условиях может привести к заболеванию или снижению работоспособности и (или) отрицательному влиянию на здоровье потомства | өндүрүмдүүлүгүнүн төмөндөшүнө алып келүүгө жана (же) кийинки муундун ден соолугуна терс таасирин тийгизүүгө мүмкүн болгон өндүрүш фактору |
| **временные жильцы:** Граждане, которым собственник жилого помещения предоставляет право срочного проживания в жилом помещении без взимания с них платы в домах государственного и муниципального жилищного фондов | **убактылуу тургундар:** Турак жайдын менчик ээси аларга мамлекеттик жана муниципалдык турак жай фонддорунун үйлөрүндө акы албастан турак жайда кыска мөөнөткө жашоо укугун берген жарандар |
| **временные здания и сооружения:** Специально возводимые или временно приспосабливаемые (постоянные) на период строительства здания (жилые, культурно-бытовые и другие) и сооружения (производственного и вспомогательного назначения), необходимые для обслуживания работников строительства, организации и выполнения строительно-монтажных работ | **убактылуу имараттар жана курулмалар:** Курулуш кызматкерлерин тейлөөгө, уюштурууга жана куруу-монтаждоо жумуштарын аткарууга зарыл болгон, курулуш жүрүп жаткан мезгилде атайын тургузулуучу же убактылуу ыңгайлаштырылуучу (туруктуу) имараттар (турак жайлар, маданий-тиричилик ж.б.) жана курулмалар (өндүрүштүк жана көмөкчү дайындалыштагы) |
| **вспомогательные помещения:** Помещения здания, предназначенные для обеспечения его эксплуатации или бытового и культурного обслуживания проживающих (лестничные клетки, вестибюли, вне квартирные коридоры и кладовые, мусорокамеры и другие) | **көмөкчү жайлар:** Имараттын аны пайдаланууну же анда жашагандарды тиричилик жана маданий жактан тейлөөнү камсыздоого арналган жайлары (шатынын капасы, вестибюлдар, батирден сырткаркы коридорлор жана чыгдан, таштанды камералары жана башкалар) |
| **вставка (встройка) в одноэтажном производственном здании:** Двух- или многоэтажная часть здания, размещенная в пределах одноэтажного здания по всей его высоте и ширине (вставка) или части высоты и ширины (встройка), выделенная ограждающими конструкциями | **бир кабаттуу өндүрүш имаратына куралган бөлүк (кошо курма):** Бир кабаттуу имараттын бийиктиги жана жазылыгы (куралган бөлүк) же бийиктиктин же жазылыктын бөлүгү (кошо курма) боюнча жайгаштырылган, тосмолоочу конструкциялар аркылуу бөлүнгөн имараттын эки же көп кабаттуу бөлүгү |
| **вторичная защита от коррозии:** Защита от коррозии, достигаемая ограничением или исключением | **коррозиядан экинчи ирет коргоо:** Конструкцияны даярдап бүткөндөн кийин ага чөйрөнүн таасирин жокко |

| | |
|---|---|
| действия среды на конструкцию после изготовления | чыгаруу же чектөө аркылуу коррозиядан коргоого жетишүү |
| **вулканит:**<br>1 Теплоизоляционный материал, изготовленный из диатомита (трепела), асбеста и извести;<br>2 Горные породы, образовавшиеся в результате вулканической деятельности | **вулканит:**<br>1 Диатомиттен (трепелден) асбесттен жана акиден даярдалган жылуулукту обочолонтуучу материал;<br>2 Вулкандын жаралуусунан пайда болгон тоо тектери |
| **въездная и выездная полосы:** Габариты проезда в пределах проезжей части полосы движения автомобиля | **кирүү жана чыгуу тилкелери:** Автомобиль кыймылы тилкесинин жүрмө бөлүгүнүн чегиндеги өтүү тыш өлчөмдөрү |
| **выгреб:** Приёмник для сбора нечистот, являющийся подземной частью неканализованной уборной, или помойницы | **калдыктар чуңкуру:** Агындыланбаган даараткананын же жуунду төгүүчү жердин жер алдындагы бөлүгү болгон кир-коктор топтоо үчүн кабылдагыч |
| **выносливость материалов:** Способность материалов и конструкций сопротивляться действию повторных (циклических) нагрузок | **материалдардын чыдамдуулугу:** Материалдар жана конструкциялардын кайталама (циклдик) жүктөмдөрдүн таасирине каршылыккөрсөөүкасиети |
| **вытрамбовывание котлована:** Процесс образования котлована в крупнопористом просадочном или насыпном грунте трамбованием при помощи механических ударных уплотняющих средств с рабочим органом в виде штампа | **аңдытаптоо:** Мөөр түрүндөгү жумушчу органы менен механикалык соккулук тыгыздагыч каражаттардын жардамы аркылуу ири көңдөйлүү чөкмө же үймө кыртыштатаптап аңды жаратуу жараяны |
| **высота здания (пожарно-техническая):** Расстояние между отметкой поверхности проезда для пожарных машин:<br>- нижней границей открывающегося проема (окна) в наружной стене верхнего этажа;<br>- полусуммой отметок пола и потолка помещений верхнего этажа при не открывающихся окнах (проемах);<br>- или верхней границей ограждения эксплуатируемой кровли здания | **имараттын бийиктиги (өрт-техникалык):** Өрт өчүрүүчү машинелер үчүн өтүүчү жолдун үстүнкү бетинен:<br>- жогорку кабаттын сырткы дубалындагы ачылма оюктун (терезелердин) төмөнкү чегине чейинки;<br>- терезелери (оюктары) ачылбас жогорку кабаттын жайларынын төшөлмөсүнүн жана шыбынын деңгээл белгилеринин жарым суммасына барабар;<br>- же имараттын пайдаланылуучу калканчыгынын тосмосунун жогорку |

| | |
|---|---|
| | чегине чейинки аралык |
| **высота здания (архитектурная):** Одна из основных характеристик здания, определяемая количеством этажей или вертикальным линейным размером от проектной отметки земли до наивысшей отметки конструктивного элемента здания: парапет плоской кровли; карниз, конек или фронтон скатной крыши; купол; шпиль; башня, которые устанавливаются для определения высоты при архитектурно-композиционном решении объекта в окружающей среде | **имараттын бийиктиги (архитектуралык):** Кабаттардын саны же жердин долбоордук деңгээл белгисинен объекттин курчап турган чөйрөдө архитектуралык-композициялык чечилишинде анын бийиктигин аныктоо үчүн орнотулуучу имараттын конструктивдик элементинин: жалпак калканчыктын чатырдубалынын, чатыр жээктемесинин, чатыр чокусунун же жантаймалуу тамбашынын чатыр бетинин, кумпасынын, шпилинин, мунарасынын эң бийик белгисине чейинки вертикалдуу сызыктык өлчөм менен аныкталуучу имараттын негизги мүнөздөмөлөрүнүн бири |
| **высотное стеллажное хранение:** Хранение на стеллажах с высотой складирования свыше 5,5 м | **бийик кабаттекчеде сактоо:** Жыйып сактоо бийиктиги 5,5 мжогору болгон кабат текчелерде сактоо |
| **вяжущие вещества:** Строительные материалы для изготовления бетонов и растворов | **камдаштыргыч заттар:** Бетондор жана эритмелерди даярдоо үчүн курулуш материалдары |
| **габариты**: Внутренние (в свету) и наружные (в чистоте) размеры элементов архитектурной среды (предметов и пространств) по их крайним выступающим частям | **тыш өлчөмдөр**: Архитектура чөйрөсүндөгү элементтердин (предметтердин жана мейкиндиктердин) чыгып турган четки бөлүктөрү боюнча ички (нак) жана сырткы (таза түрүндө) өлчөмдөрү |
| **газобетон:** Ячеистый бетон, получаемый введением газообразователя (обычно алюминиевой пудры) в смесь, состоящую из вяжущего, воды и кремнеземистого компонента | **газбетон:** Камдаштыргычтан, суудан жана кремнземдүү компоненттен турган аралашмага газ пайда кылуучуну (адатта алюминий упасын) кошуу аркылуу алынган ячейкалуу бетон |
| **газовая сварка:** Сварка плавлением, при которой для нагрева материала используется теплота пламени смеси горючего газа с кислородом, сжигаемой с помощью сварочной горелки | **газ менен ширетүү:** Материалды ысытуу үчүн газ күйгүзмөнүн жардамы менен от алган кычкылтек жана күйүүчү газдын аралашмасынын жалынынын жылуулугу пайдаланылган эритип ширетүү |
| **газоуравнительная система:** | **газ теңдөөчү тутум:** Жалпы |

| | |
|---|---|
| Оборудование, обеспечивающее выравнивание давления паровой фазы топлива в группе резервуаров (камер), объединенных общей системой деаэрации | деаэрация тутумуна бириктирилген резервуарлар (камералар) тобунда газ отунунун буу фазасынын басымын теңдөөнү камсыз кылуучу жабдуу |
| **газон:** Участок земли с искусственно созданным травяным покровом. | **жасалма шибер:** Жасалма чөп жабуусу бар жер участогу |
| **галерея:** Длинное крытое помещение, в котором одна из продольных стен заменена колоннами или столбами, а иногда еще и балюстрадой | **чубама:** Узатасынан багытталган бир дубалы түркүктөр же мамылар, айрым учурларда балюстрада менен алмаштырылган узун үстү жабык жай |
| **галечник:** Рыхлая крупно-обломочная осадочная порода, состоящая преимущественно из гальки с примесью гравия, песка, иногда глинистого материала | **жумуру таш же шагыл таш:** Көбүн эсе шагыл таштын, кумдун, кээде чополуу материалдардын кошундулары менен майда таштан турган борпоң ири кесектүү чөгүндү тоо теги |
| **гараж:** Здание и сооружение, помещение для стоянки (хранения) ремонта и технического обслуживания автомобилей, мотоциклов и других транспортных средств; может быть, как частью жилого дома (встроенно-пристроенные гаражи), так и отдельным строением | **унаакана:** Автомобилдерди, мотоциклдерди жана башка унаа каражаттарын токтотуу (сактоо), оңдоо жана техникалык тейлөө үчүн имарат жана курулма, жай; турак үйдүн бөлүгү (кошо курулган гараждар) жана өзүнчө турган курулуш түрүндө да болушу мүмкүн |
| **гармонизированные стандарты (нормативные документы):** Стандарты на один и тот же объект, утвержденные различными органами по стандартизации и обеспечивающие взаимозаменяемость продукции, процессов и услуг и взаимное понимание результатов испытаний или информации, представляемой в соответствии с этими стандартами | **гармониялашкан стандарттар (ченемдик документтер):** Бир эле объектке стандартташтыруу боюнча ар кайсы органдар тарабынан бекитилген жана өндүрүмдөрдүн, жараяндардын, кызмат көрсөтүүлөрдүн өз ара алмашуучулугун, сыноолордун жыйынтыктарын же ушул стандарттарга ылайык берилүүчү маалыматтарды өз ара түшүнүүнү камсыз кылуучу стандарттар |
| **генеральный подрядчик (генподрядчик):** Строительная организация, имеющая соответствую-щую лицензию, которая на основании заключенного договора с заказчиком выполняет все предусмотренные проектной документацией и договором | **башкы подрядчы:** Тийиштүү уруксаттамасы бар, тапшырыкчы менен түзүлгөн келишимдин негизинде объектти куруу боюнча долбоордук документтерде каралган жумуштарды, объектти пайдаланууга берүүнү кошкондо, керек болгон учурларда |

| | |
|---|---|
| работы по строительству объекта, с привлечением при необходимости других организаций в качестве субподрядчиков, выполняющих часть специальных или отдельных видов работ в соответствии с проектом по договору с генподрядчиком по строительству объекта, включая ввод объекта в эксплуатацию | объектти куруу боюнча башкы подрядчы менен түзүлгөн келишимдин негизинде долбоорго ылайык жумуштардын атайын же айрым бир түрлөрүн аткаруучу субподрядчы катары башка уюмдарды тартуу менен аткарган курулуш уюму |
| **генеральный план (Генплан):** Часть проекта, содержащая комплексное решение вопросов планировки и благоустройства обьекта строительства, размещение зданий, сооружений, транспортных коммуникаций, инженерных сетей, организации систем хозяйственного и бытового обслуживания | **башкы план (Башплан):** Курулуш объектисин пландаштыруу жана абаттоо имараттарды, курулмаларды, унаа коммуникацияларын, инженердик тарамдарды жайгаштыруу, чарбалык жана тиричилик тейлөө кызматтары тутумдарын уюштуруу маселелерин комплекстүү чечүүнү камтыган долбоордун бөлүгү |
| **генеральный план населенных пунктов:** Градостроительная документация о перспективном градостроительном планировании развития территорий населенных пунктов | **калктуу конуштардын башкы планы**: Калктуу конуштардын аймактарын өнүктүрүүнүн келечектүү шаар куруу пландаштыруусу тууралуу шаар куруу документтери |
| **генеральный план объекта**: Часть проекта строительства объекта (здания, сооружения, комплекса), содержащая комплексное решение вопросов его размещения на территории (земельном участке), прокладки транспортных коммуникаций, инженерных сетей, комплексного благоустройства, озеленения организации хозяйственного обслуживания и иных мероприятий, связанных с местоположением проектируемого объекта | **объекттин башкы планы:** Объектти (имаратты, курулманы, комплексти) аймакта (жер участкасында) жайгаштыруу, унаалык коммуникацияларды, инженердик тарамдарды тартуу, комплекстүү абаттоо, жашылдандыруу, чарбалык тейлөөнү уюштуруу жана долбоорлонуучу объекттин жерге жайгашуусу менен байланышкан башка иш чараларды комплекстүү чечүү маселелерин камтыган объектти куруу долбоорунун бөлүгү |
| **генеральный план сельских населенных пунктов:** Градостроительная документация о перспективном градостроительном планировании развития территорий сельских населенных пунктов | **айылдык калктуу конуштардын башкы планы:** Айылдык калктуу конуштардын аймактарын өнүктүрүүнүн келечектүү шаар куруу пландаштыруусу тууралуу шаар куруу документтери |

| | |
|---|---|
| **генеральный проектировщик**: Проектная организация, имеющая соответствующую лицензию, которая на основании заключенного договора с инвестором или заказчиком, выполняет работы по разработке проектной документации с привлечением субподрядчиков и специалистов по отдельным разделам проектной документации<br>(Измененная редакция, Изм. №1) | **башкы долбоорчу:** Тиешелүү лицензиясы бар долбоордук уюм, ал инвестор же тапшырыкчы менен түзүлгөн келишимдин негизинде долбоордук документтердин айрым бөлүктөрү боюнча субподряддык уюмдарды жана адистерди тартуу менен долбоордук документтерди иштеп чыгуу боюнча жумуштарды аткарат<br>(Өзгөртүлгөн редакция, №1 Өзг.) |
| **гибкий этаж:** Этаж здания, горизонтальная жесткость которого составляет менее 70% от жесткости выше расположенного этажа или менее 80% средней жесткости трех выше расположенных этажей | **ийкемдүү кабат:** Горизонталдык ийкемдүүлүгү жогору жайгашкан кабаттын ийкемдүүлүгүнөн 70% жетпеген же жогорку үч кабаттын орточо ийкемсиздигинин 80% кем болгон имараттын кабаты |
| **гибкость стержня в сопротивлении материалов:** Отношение приведенной длины стержня к наименьшему радиусу инерции его поперечного сечения | **материалдардын каршылыгындагы өзөктү нийкемдүүлүгү:** Өзөктүн келтирилген узундугунун анын туурасынан кесилишинин эң кичине инерциялык радиусуна болгон катышы |
| **гидродинамика:** Раздел гидромеханики, в котором изучаются движение несжимаемых жидкостей и их взаимодействие с твердыми телами | **гидродинамика:** Кысылбас суюктуктардын кыймылы жана алардын катуу нерселер менен өз ара аракеттенишүүсүн изилдеген гидромеханиканын бөлүмү |
| **гидроизол:** Рулонный материал, изготовленный пропиткой асбестовой или асбестоцеллюлозной бумаги (тонкого картона) нефтяными битумами | **гидроизол:** Мунай битумдары сиңирилген асбест же асбестцеллюлоз алуу кагаздан (жука картондон) даярдалган түрүлмө материал |
| **гидроизоляционный слой (слои):** Слой, препятствующий прониканию через пол сточных вод и других жидкостей, а также прониканию в пол грунтовых вод | **суу обочолонтуучу катмар (катмарлар):** Төшөлмө аркылуу агынды суулардын жана башка суюктуктардын, ошондой эле төшөлмөгө кыртыш сууларынын өтүшүнө тоскоолдук жаратуучу катмар |
| **гидропонные теплицы:** Теплицы, в которых корнеобитаемым слоем растений служат искусственные субстраты с применением питательной среды | **гидропон күнөсканалары:** Өсүмдүктөрдүн тамыры азыктануучу катмар катары азыктуу чөйрөнү колдонуу менен жасалма субстраттар колдонулган күнөсканалар |
| **гипостиль**: Обширное крытое | **гипостиль**: Шыбы жыш коюлган |

| | |
|---|---|
| помещение, потолок которого опирается на многочисленные, часто поставленные колонны | көптөгөн түркүктөргө таянган үстү жабык кенен жай |
| **гипс:**<br>1 Гипс природный – минерал $CaSO_4*2H_2O$;<br>2 Гипс строительный $CaSO_4*0.5H_2O$ (алебастр) – быстротвердеющее воздушное вяжущее вещество, получаемое обжигом природного гипса при температуре 140°-190°С | **гипс:**<br>1 Табигый гипс- $CaSO_4*2H_2O$ минералы;<br>2 Курулуш гипси- $CaSO_4*0.5H_2O$ (алебастр) – 140°-190°С температурада табигый гипсти күйгүзүү аркылуу алынуучу, абада тез катуулануучу камдаштыргыч зат |
| **гипсовые вяжущие материалы:** Воздушные вяжущие вещества на основе строительного гипса или ангидрита | **гипстик камдаштыргыч материалдар:** Курулуш гипси же ангидриддин негизинде даярдалган абалык камдаштыргыч заттар |
| **главный архитектор (главный инженер) проекта:** Имеющий соответствующий квалификационный сертификат специалист, который назначается (и освобождается) приказом руководителя проектной фирмы, для организации разработки проектно-сметной документации и технического руководства проектно-изыскательскими работами на протяжении всего периода проектирования, строительства, ввода в действие объекта и освоения проектных мощностей<br>(Измененная редакция, Изм. №1) | **долбоордун башкы архитектору (башкы инженери):** Тиешелүү квалификациялык тастыктамага ээ болгон долбоорлордун башкы архитектору (башкы инженери) долбоорлоо фирмасынын жетекчисинин буйругу менен долбоорлоонун, куруунун, объектти ишке киргизүү жана долбоордун кубаттуулугун өздөштүрүүнүн баардык мезгилдеринин аралыгында долбоорлоо-сметалык документтерди иштеп чыгууну уюштуруу жана долбоорлоо-изилдөө жүргүзүү иштерин техникалык жактан жетектөө үчүн дайындалат (жана кызматынан бошотулат);<br>(Өзгөртүлгөн редакция, №1 Өзг.) |
| **главный конструктор проекта:** Специалист, чья деятельность (работа) необходима для разработки и создания конечного (целевого) продукта из продуктов и ресурсов существующего материального производства. Например: инженер-конструктор деревообрабатывающего и мебельного производства, инженер-конструктор стальных конструкций и т.д. Под созданием | **долбоордун башкы конструктору:** Ишмердүүлүгү (жумушу) материалдык өндүрүштүн өнүмдөрүнөн жана ресурстарынан акырку (максаттуу) өндүрүмдү иштеп чыгуу жана түзүү үчүн багытталган адис. Мисалга: жыгач иштетүүчү жана эмерек өндүрүшүнүн инженер-конструктору, болот конструкцияларынын инженер-конструктору д.у.с. Акыркы (максаттуу) |

| | |
|---|---|
| конечного (целевого) продукта при этом понимают объединение продуктов (ресурсов), например: сборка, монтаж, сварка, бетонирование и т.д. (Измененная редакция, Изм. №1) | өндүрүмдү түзүү деп өнүмдөрдү (ресурстарды) бириктирүүнү түшүнөбүз, мисалга: куроо, монтаждоо, ширетүү, бетондоо д.у.с. (Өзгөртүлгөн редакция, №1 Өзг.) |
| **главные направления конструктивной системы:** Горизонтальные ортогональные направления, совпадающие с направлениями главных центральных осей инерции конструктивной системы в плане | **конструктивдик тутумдун башкы багыттары:** Планында конструктивдик тутумдун инерциясынын башкы борбордук окторунун багыттары менен дал келген горизонталдуу ортогоналдуу багыттары |
| **глины:** Тонкодисперсные несцементированные, но связные осадочные горные породы, состоящие, в основном, из глинистых минералов – водных силикатов со слоистой структурой | **ылай, чополор:** Негизинен чополуу минералдардан – катмарлуу түзүлүштөгү суу силикаттарынан турган жука дисперстүү цементтелбеген, бирок жабышкак чөгүндү тоо теги |
| **гнутые профили:** Облегченные металлические профили, получаемые на профилегибочных станках из листового металла толщиной 0,1-20 мм, шириной до 2000 мм и длиной до 30 м | **ийилген профилдер:** Калыңдыгы 0,1-20 мм, эни 2000 мм жана узундугу 30м чейин болгон барак сымал металлдан профиль ийгич тестерде даярдалган жеңилдетилген металл профилдери |
| **городская агломерация**: Компактная пространственная группировка населенных пунктов (главным образом городских), объединенных в одно целое интенсивными производственными, трудовыми, культурно-бытовыми и рекреационными связями с конкретным городом-центром | **шаардык агломерация:** Таасын шаар борбору менен ургаалдуу өндүрүштүк, эмгектик, маданият-тиричиликтик жана рекреациялык байланыштары аркылуу бир бүтүнгө бириктирилген калктуу конуштардын (негизинен шаардык) чакан мейкиндиктүү топтору |
| **городская, поселковая черта, черта населенного пункта**: Внешняя граница, отделяющая земли города и другого населенного пункта от иных категорий земель и земельного фонда | **шаар, кыштак чеги, калктуу пункттун чеги**: Шаардын жана башка калктуу пункттун жерин жерлердин башка категорияларынан, жер корунан бөлүп туруучу сырткы чек арасы |
| **горючая среда:** Среда, способная воспламеняться при воздействии источника возгорания | **күйүүчү чөйрө:** Тутануу булагынын таасиринен тутанып кетүү касиетине ээ чөйрө |
| **гостевые стоянки (паркинги):** Открытые площадки, предназначенные | **меймандык унаа токтотмолору (паркингдер):** Жеңил автомобилдерди, |

| | |
|---|---|
| для временной парковки легковых автомобилей, посетителей объектов посещения | объекттерге келген меймандардын автомобилдерин убактылуу токтотууга арналган ачык аянтчалар |
| **государственный архитектурно-строительный надзор:** Осуществление контроля соответствия выполняемых работ в процессе строительства уполномоченным органом<br>(Измененная редакция, Изм. №1) | **мамлекеттик архитектуралык-курулуш көзөмөлү:** Ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан курулуш процессинде аткарылуучу иштерге контроль жүргүзүүсү<br>(Өзгөртүлгөн редакция, №1 Өзг.) |
| **государственный градостроительный кадастр:** Единая система количественных и качественных показателей, включающих картографическую, статистическую и текстовую информацию, характеризующую территорию градостроительного регулирования по признакам социально-правового режима ее использования, по архитектурно-планировочным параметрам зданий и сооружений, по уровню инженерно-технической оснащенности, ресурсообеспеченности и состоянию окружающей среды | **мамлекеттик шаар куруу кадастры:** Картографиялык, статистикалык жана тексттик маалыматтарды камтыган, шаар курууну жөнгө салуу аймагын аны социалдык-укуктук шарттамда пайдалануу белгилери, имараттардын жана курулмалардын архитектуралык-пландаштыруу параметрлери, инженердик-техникалык жабдуунун деңгээли, ресурстук камсыздоо жана айлана чөйрөнүн абалы боюнча мүнөздөөчү сандык жана сапаттык көрсөткүчтөрдүн бирдиктүү тутуму |
| **государственный контроль (надзор) за соблюдением требований технических регламентов:** Проверка выполнения юридическим лицом или индивидуальным предпринимателем требований технических регламентов к продукции и/или к связанным с требованиями к продукции процессам проектирования (включая изыскания), производства, строительства, монтажа, наладки, хранения, перевозки, реализации, эксплуатации и утилизации и принятие мер по результатам проверки | **техникалык регламенттердин талаптарынын сакталышын мамлекеттик контролдоо (көзөмөлдөө):** Юридикалык жак же жеке ишкер тарабынан өндүрүмгө жана/же өндүрүмдөрдү долбоорлоо (анын ичинде изилдөө), өндүрүү, куруу, монтаждоо, жөндөө, сактоо, ташуу, сатуу, пайдалануу жана жокко чыгаруу (утилдештирүү) жараяндарына талаптар менен байланышкан техникалык регламенттердин талаптарынын аткарылышын текшерүү жана текшерүүнүн жыйынтыктары боюнча чараларды көрүү |
| **государственные нормативы (государственные нормативные документы)**: Система нормативных правовых актов, градостроительных и технических регламентов, нормативно- | **мамлекеттик ченемдер (мамлекеттик ченемдик документтер):** Адамдын жашоосунун жана ишмердигинин жагымдуу, коопсуз жана башка зарыл шарттарын камсыз |

| | |
|---|---|
| технических документов, иных обязательных требований, условий и ограничений, обеспечивающих благоприятные, безопасные и другие необходимые условия обитания и жизнедеятельности человека | кылуучу ченемдик укуктук актылардын, шаар куруу жана техникалык регламенттердин, ченемдик-техникалык документтердин, д.у.с. милдеттүү талаптардын тутуму |
| **государственные нормативы в градостроительстве:** Система нормативных документов, представляющая собой совокупность взаимосвязанных документов, принимаемых в установленном порядке и используемых при планировке и застройке населенных пунктов для обеспечения благоприятных, безопасных и других необходимых условий обитания и жизнедеятельности человека<br>(Измененная редакция, Изм. №1) | **мамлекеттик ченемдер (мамлекеттик ченемдик документтер):** Адамдын жашоосунун жана ишмердигинин жагымдуу, коопсуз жана башка зарыл шарттарын камсыз кылуучу ченемдик укуктук актылардын, шаар куруу жана техникалык регламенттердин, ченемдик-техникалык документтердин, д.у.с. милдеттүү талаптардын тутуму<br>(Өзгөртүлгөн редакция, №1 Өзг.) |
| **гравий:** Рыхлая крупнообломочная осадочная порода, состоящая в основном, из окатанных обломков горных пород размером 2-10 мм в поперечнике | **шагыл таш:** Негизинен туура кесилишиндеги өлчөмдөрү 2-10 мм келген тоо тегинин жылмаланган сыныктарынан турган борпоң ири кесектүүчөгүндү тоо теги |
| **градоформирующие объекты:** Здания и сооружения, которые имеют историко-архитектурную и градостроительную ценность, формируют застройку в соответствии с градостроительной документацией<br>(Измененная редакция, Изм. №1) | **шаар түзүүчү объекттер:** Курулушу шаар куруу документтерине ылайык түзүлгөн, тарыхый-архитектуралык жана шаар курууучу баалуулукка ээ болгон имараттар жана курулмалар<br>(Өзгөртүлгөн редакция, №1 Өзг.) |
| **градостроительная документация:** Документы проектов районной планировки, генеральные планы, схемы, проекты межевания, проекты застройки кварталов, микрорайонов, градостроительных узлов и других элементов планировочной структуры населенных пунктов<br>(Измененная редакция, Изм. №1) | **шаар куруу документтери:** Райондук пландаштыруунун долбоордук документтери, башкы пландар, схемалар, чектөө долбоорлору, кварталдарды, кичи райондорду, шаар куруу түйүндөрүн жана калктуу конуштардын пландык түзүмүнүн башка элементтерин куруу долбоорлору<br>(Өзгөртүлгөн редакция, №1 Өзг.) |
| **градостроительная емкость территории**: Объем застройки, который соответствует роли и месту территории | **аймактын шаар куруу сыйымдуулугу:** Шаардын пландаштыруу түзүмүндө аймактын |

| | |
|---|---|
| в планировочной структуре города | ролуна жана ордуна шайкеш келген курулуш көлөмү |
| **градостроительная оценка территории**: Комплексный многофакторный анализ, результатом которого является оценка и зонирование территории по ее ценности | **аймактарды шаар куруу жагынан баалоо**: Натыйжасы аймакты баалуулугу боюнча баалоо жана чөлкөмдөштүрүү саналган комплекстүү көп факторлуу талдоо |
| **градостроительное (правовое) зонирование**: Зонирование территорий населенных пунктов в целях установления границ территориальных зон и градостроительных регламентов использования земельных участков и объектов капитального строительства в пределах таких зон; установление обязательных требований и ограничений к функциональному использованию (функциональное зонирование), застройке (строительное зонирование) и организации ландшафта (ландшафтное зонирование) отдельных частей города | **шаар курууну (укуктук) чөлкөмдөргө бөлүү**: Аймактык чөлкөмдөрдүн чектерин, ушундай чөлкөмдөрдүн чегинде жер участкаларын жана капиталдык курулуш объекттерин пайдалануунун шаар куруу регламенттерин аныктоо максатында калктуу конуштардын аймактарын чөлкөмдөштүрүү; шаардын айрым бөлүктөрүн функциялуу пайдаланууга (функциялык чөлкөмдөштүрүү), курууга (курулуштук чөлкөмдөштүрүү) жана ландшафты уюштурууга (ландшафттык чөлкөмдөштүрүү) милдеттүү талаптарды жана чектөөлөрдү белгилөө |
| **градостроительные проекты:** Проекты, содержащие замысел комплексного территориального градостроительного планирования, организации, развития, застройки территорий (населенных пунктов) и узлов или их частей | **шаар куруу долбоорлору:** Аймактарда (калктуу пункттарда) жана түйүндөрдө же алардын бөлүктөрүндө комплекстүү аймактык шаар курууну пландаштыруу, уюштуруу, өнүктүрүү, куруу ой толгоолорун камтыган долбоорлор |
| **градостроительный регламент:** Совокупность установленных градостроительной документацией параметров и видов разрешенного использования земельных участков и иных объектов недвижимости в населенных пунктах, а также допустимых изменений объектов недвижимости при осуществлении градостроительной деятельности<br>(Измененная редакция, Изм. №1) | **шаар куруу регламенти**: Калктуу конуштарда жер участокторун жана кыймылсыз мүлктүн башка объекттерин пайдалануунун шаар куруу документтеринде белгиленген параметрлеринин жана уруксат берилген түрлөрүнүн, ошондой эле шаар куруу ишин жүргүзүүдө кыймылсыз мүлк объекттериндеги жол берилүүчү өзгөртүүлөрдүн жыйындысы<br>(Өзгөртүлгөн редакция, №1 Өзг.) |
| **градостроительные ресурсы:** Земля, недра, вода, воздушное | **шаар куруу ресурстары:** Адамдын жашоо-тиричилик чөйрөсүн |

| | |
|---|---|
| пространство, энергетические, трудовые, инвестиционные и иные ресурсы, а также территории населенных пунктов и их систем, которые являются неотъемлемыми компонентами формирования среды жизнедеятельности человека | калыптандыруунун ажырагыс компоненттери болуп саналганжер, жер казынасы, суу, аба мейкиндиги, энергетикалык, эмгек, инвестициялык жана башка ресурстар, ошондой эле калктуу конуштардын аймактары жана алардын тутумдары |
| **морозостойкость асбестоцементного изделия:** Способность асбестоцементного изделия выдерживать в насыщенном водой состоянии нормативное число циклов попеременного замораживания и оттаивания без признаков разрушения | **асбестцемент буюмдарынын суукка чыдамдуулугу:** Асбестцемент буюмдарынын суга каныккан абалында алмак-салмак тоңдуруу жана эритүү циклинин ченемдик санына бузулуу белгилерисиз туруштук берүү касиети |
| **морозостойкость керамической плитки:** Способность плитки выдерживать при определенных условиях определенное число циклов замораживания и оттаивания без последующего появления дефектов на глазурованной поверхности и разрушения черепка | **керамика тактачаларынын суукка чыдамдуулугу:** Тактачанын белгилүү шарттарда тоңдуруп жана эритүүнүн белгилүү циклине бетиндеги жалтыр капта кемтиктерсиз жана өзү бузулбай туруштук берүү касиети |
| **мост:** Сооружение, по которому проложена дорога через какое-либо препятствие | **көпүрө:** Кайсы бир тоскоолдуктар аркылуу өтүүчү жолго салынган курулма |
| **мостовое полотно:** Часть железнодорожного моста, являющаяся верхним строением пути, непосредственно воспринимающая нагрузку от колес подвижного состава и передающая ее на пролетное строение | **көпүрө тилкеси:** Кыймылдуу курамдын дөңгөлөктөрүнөн жүктөмдү түздөн-түз кабыл алып, көпүрөнүн арыштык элементтерине өткөрүп берүүчү жолдун жогорку курулушу болуп саналган темир жол көпүрөсүнүн |

| | |
|---|---|
| моста | бөлүгү |
| **мостовой кран:** Подъемный кран, выполненный в виде опорного или подвесного моста с грузовой тележкой. Кран (мост) перемещается по подкрановым рельсам, а тележка – по мосту (крану) поперек пролета | **көпүрө кран:** Жүк арабасы менен таянычтуу же асылма көпүрө түрүндө даярдалган жүк көтөрүүчү кран. Кран (көпүрө) кран алдындагы рельс менен жүрөт, ал эми араба – көпүрө (кран) боюнча арышка туурасынан |
| **мостовой переход:** Комплекс инженерных сооружений, включающий собственно мост, насыпи подходов к нему в пределах разлива (поймы) реки, регуляционного сооружения (главным образом, дамбы), обеспечивающие плавный проток воды через отверстие моста, берегоукрепительные сооружения, предотвращающие размыв берегов и накипей подходов | **көпүрө өтмөгү:** Көпүрөнүн өзүн, дарыянын суу жайылган жерлеринин (нугунун) чегиндеги ага жалгашкан үймөктөрдү, көпүрө астынан суунун жай өтүүсүн камсыздоочу жөнгө салуучу курулмаларды (негизинен, маргатондор), жээктерди жана үймөк-төрдү жууп кетүүдөн сактоочу жээк бекемдөөчү курулмаларды камтыган инженердик курулмалардын комплекси |
| **мощность:** Энергетическая характеристика, равная отношению работы, совершаемой за малый промежуток времени, к его длительности, измеряется в ваттах | **кубаттуулук:** Аз убакыт ичинде аткарылуучу жумуштун убакыттын узактыгына карата катышына барабар болгон энергетикалык мүнөздөмө, ватт менен өлчөнөт |
| **мощность железной дороги:** Способность железной дороги по техническим характеристикам, комплексу сооружений и устройств, техническому оснащению и способам организации движения обеспечивать в расчетную единицу времени определенный объем перевозок. Основным показателем мощности железной дороги является пропускная и провозная способность, измеряемая соответственно числом пар поездов в сутки и количеством груза, перевозимого в год | **темир жолунун кубаттуулугу:** Темир жолдун техникалык мүнөздөмөлөрү, курулмалардын жана түзмөктөрдүн комплекстери, техника-лык жабдуу жана кыймылды уюштуруу ыкмалары боюнча эсептик убакыт бирдигинин ичинде ташуулардын белгилүү бир көлөмүн камсыздоого жөндөмдүүлүгү. Темир жолдун кубаттуулугунун негизги көрсөткүчү болуп суткадагы поезддердин жуптары-нын саны жана жылына ташылуучу жүктүн көлөмүменен өлчөнүүчү өткөрүү жана жүк ташуу жөндөмдүүлүгү эсептелет |
| **мрамор:** Метаморфическая горная порода, образованная в результате перекристаллизации, главным образом, известняка | **мармар:** Негизинен, акиташтын кайра кристаллдашуусунун натыйжасында жаралган метаморфикалык тоо теги |
| **мульда сдвижения земной поверхности:** Участок земной | **жер бетинин жылышуусунун мульдасы:** Жер астындагы |

| | |
|---|---|
| поверхности, подвергшийся сдвижению под влиянием подземных разработок | иштетүүлөрдүн таасиринен жылышууга дуушар болгон жер бетинин участогу |
| **мусоропровод:** Устройство в многоэтажных жилых домах и др. зданиях для удаления сухого мусора по трубам | **таштанды өткөргүч:** Көп кабаттуу турак үйлөрдөгү ж.б. имараттардагы кургак таштандыларды түтүктөр аркылуу чыгаруу үчүн түзмөк |
| **муфта асбестоцементная:** Изделие цилиндрической формы для соединения асбестоцементных труб | **асбест цемент кошкучу:** Асбестцемент түтүктөрүн бириктирүү үчүн цилиндр формасындагы буюм |
| **муфта асбестоцементная безнапорная:** Муфта, предназначенная для использования в трубопроводах, транспортирующих жидкости или газы с давлением, не превышающим атмосферное | **басымсыз асбестцемент кошкучу:** Басымы атмосфералык басымдан ашпаган суюктуктарды же газдарды ташуучу өткөрмө түтүктөрдө пайдаланууга арналган кошкуч |
| **муфта асбестоцементная напорная:** Муфта, предназначенная для использования в трубопроводах с избыточным давлением транспортируемых жидкости или газа | **басымдуу асбестцемент кошкучу:** Басымы атмосфералык басымдан ашкан газдарды же суюктуктарды ташыган өткөрмө түтүктөрдө пайдаланылуучу кошкуч |
| **муфтовая соединительная головка:** Пожарная соединительная головка с внутренней присоединительной резьбой | **кошкучтуу бириктирүүчү башча:** Ички бириктирүүчү сайлары менен өрт өчүргүчтүк бириктирүүчү башча |
| **наблюдательная скважина:** Гидрогеологическая скважина, предназначенная для наблюдения за режимом подземных вод | **байкоо тешиги, жылчык:** Жер астындагы суулардын шарттамын көзөмөлдөөгө арналган гидрогеологикалык жеркуя |
| **нагрузка динамическая:** Нагрузка, характеризующаяся быстрым изменением вовремени ее значения, направления или точки приложения и вызывающая в элементах конструкций значительные силы инерции | **динамикалык жүктөм:** Убакыт ичинде мааниси, багыты же аракет этүү чекити тез өзгөрүлө турган жана конструкциянын элементтеринде олуттуу инерция күчтөрүн пайда кылуучу жүктөм |
| **нагрузка номинальная:** Технологическая нагрузка, указанная в паспорте машины как предельная для предусмотренных условий нормальной эксплуатации | **номиналдык жүктөм:** Машиненин паспортунда каралган нормалдуу пайдалануу шарттары үчүн чектик катары көрсөтүлгөн технологиялык жүктөм |
| **нагрузка подвижная:** Нагрузка, место приложения и направление действия которой могут изменяться в процессе эксплуатации сооружения | **кыймылдуу жүктөм:** Курулманы пайдалануунун жүрүшүндө аракет этүү орду жана багыты өзгөрүлүшү мүмкүн болгон жүктөм |
| **нагрузка постоянная:** Нагрузка, | **туруктуу жүктөм:** Имарат же |

| | |
|---|---|
| которая действует постоянно в течение всего срока службы здания или сооружения | курулманын кызмат кылуусунун бүткүл мөөнөтүндө туруктуу аракет этүүчү жүктөм |
| **нагрузка нормативная:** Нагрузка, устанавливаемая нормативными документами, исходя из условия заданной обеспеченности ее появления или принятая по ее номинальному значению | **ченемдик жүктөм:** Жүктөмдүн жаралуусунун берилген камсыздуулук шарттарынан же анын номиналдык мааниси боюнча кабыл ченемдик документтер тарабынан аныкталуучу жүктөм |
| **нагрузка равномерно распределенная:** Нагрузка постоянной интенсивности, прилагаемая непрерывно к данной поверхности или части ее | **бир калыпта бөлүштүрүлгөн жүктөм:** Берилген бетке же анын бөлүгүнө үзгүлтүксүз туруктуу ургаалдуулукта аракет этүүчү жүктөм |
| **нагрузка распределенная:** Нагрузка, прилагаемая непрерывно к данной поверхности (линии), интенсивность которой не является постоянной, а изменяется по линейному, квадратичному или другому закону | **бөлүштүрүлгөн жүктөм:** Берилген бетке (сызыкка) үзгүлтүксүз аракет этүүчү, ургаалдуулугу туруксуз келип, сызыктуу, чарчылык же башка мыйзам боюнча өзгөрүлмө жүктөм |
| **нагрузка расчетная:** Нагрузка, принимаемая в расчетах конструкций или оснований и равная нормативной нагрузке, умноженной на соответствующий коэффициент надежности по нагрузкам | **эсептик жүктөм:** Ченемдик жүктөмдү жүктөмдөр боюнча тиешелүү ишенимдүүлүк көмөк чоңдугуна көбөйткөнгө барабар болгон, конструкцияларды же жерпайларды эсептөөлөрдө кабыл алынуучу жүктөм |
| **нагрузка сосредоточенная:** Нагрузка, прилагаемая к весьма малой площади (точке) | **топтоштурулган жүктөм:** Өтө кичине аянтчага (чекитке) аракет этүүчү жүктөм |
| **нагрузка статическая:** Нагрузка, значение, направление и место приложения которой изменяется столь незначительно, что при расчетездания (сооружения) их принимают независящими от времени и поэтому пренебрегают влиянием сил инерции, обусловленных такой нагрузкой (например, собственный вес зданияили сооружения, снеговая нагрузка) | **статикалык жүктөм:** Мааниси, багыты, жана аракет этүү орду олуттуу өзгөрбөгөн жүктөм, андыктан имаратты (курулманы) эсептөөдө аларды убакыттан көз каранды эмес деп кабыл алышат, ошондуктан мындай жүктөмдөн пайда болгон инерция күчтөрүнүн таасирин көңүлгө алышпайт (мисалы, имараттын же имараттын же урулманын өздүк салмагы, кар басымы) |
| **нагрузки в строительной механике:** Силовые воздействия, вызывающие изменения напряженно- | **курулуш механикасындагы жүктөмдөр:** Имараттардын жана курулмалардын конструкцияларынын |

| | |
|---|---|
| деформированного состояния конструкций зданий и сооружений | чыңалуу-деформацияланууабалдарынын өзгөрүүлөрүнө алып келүүчү күчтүктаасирлер |
| **надежность:** Свойство (способность) изделия выполнять заданные функции, сохраняя свои эксплуатационные показатели в определенных пределах, при заданных режимах работы и условиях использования, технического обслуживания, ремонта и транспортирования | **ишенимдүүлүк:** Буюмдун берилген иштөө шарттамында жана пайдалануу шарттарында, техникалык тейлөөдө, оңдоодо жана ташууда өзүнүн пайдалануу көрсөткүчтөрүн тиешелүү чектерде сактоо менен, берилген функцияларды аткаруу касиети |
| **надежность строительного объекта:** Свойство строительного объекта выполнять заданные функции в течение требуемого промежутка времени | **курулуш объектисинин ишенимдүүлүгү:** Курулуш объектисинин талап кылынган убакыт аралыгында берилген функцияларды аткаруу касиети |
| **надземная автостоянка закрытого типа:** Автостоянка с наружными стеновыми ограждениями | **жер үстүндөгү жабык типтеги автотоктотмо:** Сырткы дубал тосмолору менен автотоктотмо |
| **надзор государственный:** Надзор застроительством объектов с целью выявления и устранения нарушений и отступлений от проекта и соблюдения требований нормативных документов и стандартов, осуществляемый соответствующими государственными органами по подведомственным им вопросам и видам работ | **мамлекеттик көзөмөл:** Тиешелүү мамлекеттик органдар тарабынан өздөрүнө ведомство алдындагы маселелер жана жумуштардын түрлөрү боюнча эреже бузууларды, долбоордон четтөөлөрдү, ченемдик документтердин жана стандарттардын талаптарынын сакталышын аныктоо максатында курулушка жүргүзүлүүчү көзөмөл |
| **надзор за состоянием дымовой или вентиляционной трубы:** Контроль технических режимов эксплуатации и состояния конструкций, их элементов, материалов и маркирующей окраски с целью своевременного выявления дефектов и повреждений, а также техническое наблюдение за правильностью проведения работ по ремонту или реконструкции трубы | **түтүн чыгаруучу же желдетүүчү куурдун абалына көзөмөл:** Кемтиктерди жана бузулууларды өз убагында аныктоо, ошондой эле куурларды оңдоо же кайра конструкциялоо боюнча жумуштардын туура жүргүзүлүшүнө техникалык байкоо жүргүзүү максатында конструкцияларды, алардын элементтерин, материалдарын жана шарт белгилөөчү боёкторун пайдалануунун жана абалынын техникалык шарттамдарын контролдоо |
| **надзор технический:** Надзор за строительством, осуществляемый | **техникалык көзөмөл:** Тапшырыкчы тарабынан курулушка жүргүзүлүүчү |

| | |
|---|---|
| заказчиком, включая функции приемки выполненных строительно-монтажных работ | көзөмөл, аткарылган куруу-монтаждоо жумуштарын кабыл алуу функциясын кошуу менен |
| **наждак:** Тонко- и мелкозернистая темноцветная горная порода, состоящая из корунда в смеси с магнетитом, хрупкими слюдами, сульфидами и др. минералами; относится к природным абразивным материалам; твердость 7-8 | **кайрак:** Жука жана майда дандуу, магнетит, мортслюдалар, сульфиддер ж.б.минералдардын корунд менен аралашмасынан турган күңүрт түстөгү тоо теги; табигый жышкыч материалдардын катарына кирет; катуулугу 7-8 |
| **наземная стоянка автомобилей открытого типа:** Стоянка автомобилей, в которой не менее 50% площади внешней поверхности наружных ограждений на каждом ярусе (этаже) составляют проемы, остальное - парапеты | **ачык типтеги жер үстүндөгү автотоктотмо:** Сырткы тосмолордун ар бир катар кабатындагы (кабатындагы) тышкы бетинин 50% кем эмес аянтын оюктар, калганын–чатыр дубал түзүүчү автотоктотмо |
| **наземная канатная дорога:** Транспортное сооружение с канатной тягой | **жер үстүндөгү асма жол:** Зым аркан тармасы менен унаалык курулма |
| **наземный резервуар (наземное хранение):** Резервуар, предназначенный для хранения нефтепродуктов, если наименьший уровень жидкости в резервуаре выше не менее чем на 0,2 м нижней планировочной отметки прилегающей площадки (в пределах 3 м от стенки резервуара) | **жер үстүндөгү резервуар (жер үстүндө сактоо):** Мунай өндүрүмдөрүн сактоого арналган резервуар, эгерде резервуардагы суюктуктун эң төмөнкү деңгээли жанаша жайгашкан аянтчанын төмөнкү пландаштыруу деңгээлинен 0,2 м кем эмес (резервуардын дубалчасынан 3 м аралыкта) жогору турса |
| **накипь:** Твердые отложения на омываемых водой внутренних поверхностях труб паровых котлов и др. теплообменных аппаратов, образующиеся при испарении и нагревании воды, содержащей соли | **кебээр:** Буу казандардын жана башка жылуулук алмашуучу аппараттардын куурларынын суу жайкаган ички беттеринде туздуу сууну ысытканда жана ал бууланганда пайда болуучу катуу калдыктар |
| **накладное замочно-скобяное изделие:** Изделие, укрепленное на поверхности двери или окна | **каптама кулпу-тепчиме буюм:** Эшиктин же терезенин бетине бекитилген буюм |
| **наклонная база эскалатора:** Плоскость, проходящая по передним кромкам гребней настилов в наклонной части эскалатора | **жүрмө тепкичтин жантайыңкы базасы:** Жүрмө тепкичтин жантайыңкы бөлүгүндөгү төшөмөлдөрдүн кырларынын алдыңкы четтери боюнча өтүүчү тегиздик |

| | |
|---|---|
| **наклонный эскалатор:** Эскалатор, у которого средняя часть трассы направляющих лестничного полотна расположена прямолинейно под углом к горизонтальной базе | **жантык (эңкейиш) эскалатор:** Шаты тилкесинин багыттагычтарынын трассасынын ортоңку бөлүгү горизонталдык базага карата түз сызык боюнча бурч менен орнотулган жүрмө тепкич |
| **наклоны интервалов в мульде сдвижения:** Отношение разности оседаний двух соседних точек мульды к расстоянию между ними | **жылышуу мульдасындагы интервалдардын жантыктыгы:** Мульданын эки жанаша чекитинин чөгүү айырмасынын алардын ортосундагы аралыкка болгон катышы |
| **наличник:** Декоративное обрамление оконного проема | **жик жапкыч:** Терезе оюгунун коздук жээктемеси |
| **намывная плотина:** Грунтовая плотина, в тело которой грунт (в виде пульпы) намывают при помощи грунтовых насосов | **агындытогоон:** Топуракты (ылай түрүндө) тулкусуна топо соркыскычтарынын жардамы менен агызып топтогон тогоон |
| **наниматель:** Юридическое или физическое лицо, которому законодательством предоставлено право заключения и прекращения трудового договора с работником | **жалдоочу:** Мыйзам тарабынан жумушчу менен эмгек келишимин түзүүгө жана аны токтотуп коюуга укук берилген юридикалык жана жеке жак |
| **наполнители полимерных материалов:** Вещества (главным образом порошковые и волокнистые), которые вводят в состав пластмасс, резин, красок, клеев с целью облегчения переработки, придания необходимых эксплуатационных свойств | **полимер материалдарынын толтургучтары:** Кайра иштетүүнү жеңилдетүү, тиешелүү пайдалануу касиеттерин берүү максатында пластмасса, резина, сыр, желимдин курамына киргизилүүчү заттар (негизинен күкүм жана була түрүндөгү) |
| **наполнитель:** Полимерное твердое (реже жидкое) вещество с размером частиц менее 0,15 мм,вводимое в полимер | **толтургуч:** Полимерге кошулуучу, бөлүкчөлөрүнүн өлчөмү 0,15 мм чейин болгон полимердик катуу (кээде суюк) зат |
| **напор в гидравлике:** Величина, выражающая удельную (отнесенную к единице веса) энергию потока жидкости в данной точке потока | **гидравликадагы басым:** Агымдын берилген жериндеги суюктуктун агымынын энергиясын туюндурган (салмак биримдигине келтирилген) чоңдук |
| **напорный пожарный рукав:** Пожарный рукав для транспортирования огнетушащих веществ под избыточным давлением | **басымдуу өрт өчүрүүчү жең:** Ашыкча басым алдында өрт өчүрүүчү заттарды жеткирүү үчүнөрт өчүрүүчү жең |
| **напорный резервуар для воды:** Резервуар для воды, служащий для | **суу үчүн басымдуу резервуар:** Суу өткөрүүчү тарамда басым түзүү үчүн |

| | |
|---|---|
| создания напора в водопроводной сети | кызмат кылуучу резервуар |
| **напрягающий цемент:** Быстросхватывающийся и быстротвердеющий цемент, получаемый совместным тонким измельчением портландцементного клинкера (65%), глиноземистого цемента или высокоглиноземистого шлака (20%) и природного гипса (15%) | **чыңалтуучу цемент:** Портландцемент клинкерин (65%), глинозем цементин же жогорку глиноземдүү кесек күлдү (20%) жана жаратылыш гипсин (15%) өтө майдалоо жолу менен алынган тез камдашуучу жана тез катуучу цемент |
| **напряжение в арматуре контролируемое:** Расчетная величина напряжения в напрягаемой арматуре предварительно напряженных конструкций | **арматурадагы контролдонуучу чыңалуу:** Алдын ала чыңалтылган конструкциялардагы чыңалуучу арматурадагы чыңалуунун эсептик чоңдугу |
| **напряжение механическое:**<br>1 Мера внутренних сил, возникающих в теле (в элементах сооружений и машин) при его деформации;<br>2 Мера внутренних сил, возникающих в элементах конструкции под влиянием внешних нагрузок | **механикалык чыңалуу:**<br>1 Нерсенин деформацияланууссунда анда (курулмалардын жана машинелердин элементтеринде) пайда болуучу ички күчтөрдүн ченеми;<br>2 Сырткы жүктөмдөрдүн таасири алдында конструкциялардын элементтеринде пайда болуучу ички күчтөрдүн өлчөмү |
| **напряжение относительно земли:** Напряжение относительно точки земли, находящейся вне зоны растекания тока замыкания на землю | **жерге салыштырмалуу чыңалуу:** Жерге туташтырылган электр агынынын жайылуу чөлкөмүнөн сырткары жайгашкан жердин чекитине салыштырмалуу чыңалуу |
| **напряжение прикосновения:** Напряжение между двумя точками цепи тока, которых одновременно касается человек | **тийүү чыңалуусу:** Адамга бир убакта тийип алган электр агынын чынжырынын эки чекитинин ортосундагы чыңалуу |
| **напряжение шага:** Напряжение между двумя точками цепи тока, находящихся одна от другой на расстоянии шага, на которых одновременно стоит человек | **кадамдын чыңалуусу:** Бири-биринен кадамчалык аралыкта болгон, бир эле убакта аларда адам турганэлектр агынынын эки чекитинин ортосундагы чыңалуу |
| **напряжения остаточные:** Сохраняющиеся во времени внутренние напряжения в материале или изделии | **калдык чыңалуу:** Материал же буюмда убакыт ичинде сакталуучу ички чыңалуулар |
| **наружная пожарная лестница:** Лестница, предназначенная для подъема личного состава пожарных команд и | **тышкы өрт өчүрүүчү тепкич:** Өрт өчүрүүчү командалардын жеке курамын жана өрт өчүрүүчү техникалык |

| | |
|---|---|
| пожарно-технического вооружения на кровлю зданий и сооружений | жабдууну имараттардын жана курулмалардын калканчыгына көтөрүлүүсүүчүн арналган шаты |
| **наружная сеть инженерно-технического обеспечения:** Строительное сооружение (комплекс сооружений), предназначенное для выполнения функций по водоснабжению, канализации, тепло- и энергоснабжению (в том числе газоснабжению), обеспечению сигнализацией, автоматизацией и связью зданий и других строительных сооружений | **инженердик-техникалык камсыздоонун тышкы тарамы:** Имараттарды жана башка курулуш курулмаларын суу, суу агындылоо, жылытуу жана энергия (анын ичинде газ менен дагы) менен камсыздоо боюнча функцияларды аткарууга арналган, ишарат белгилөөнү, автоматташтырууну жана байланыш менен жабдууну камсыздоочу курулуш курулмасы |
| **наружная установка:** Комплекс аппаратов и технологического оборудования, расположенных вне зданий | **сырткы орнотмо:** Имараттардан сырткары жайгашкан аппараттардын жана технологиялык жабдуулардын комплекси |
| **нарушение требований пожарной безопасности:** Невыполнение или не надлежащее выполнение требований пожарной безопасности | **өрт коопсуздугунунталаптарын бузуу:** Өрт коопсуздугунун талаптарын аткарбоо же тиешелүү деңгээлде аткарбоо |
| **насос перекачивания:** Насос, входящий в состав технологической системы АЗС и обеспечивающий перекачивание топлива внутри указанной технологической системы, и/или из автоцистерны в резервуар для хранения топлива, и/или наоборот | **кайра сордуруу соркыскычы:** АМКЧтин технологиялык тутумунун курамына кирүүчү жана аталган технологиялык тутумдун ичиндеги майды жана/же автоцистернадан майды резервуарга сактоо үчүн сордурууну жана/же тескерисинче кайра сордурууну камсыздаган соркыскыч |
| **насосная станция:** Комплекс сооружений, машин и устройств для напорного перемещения жидкостей | **соркыскычтыкчордон:** Суюктуктарды басым алдында которуштуруу үчүн курулмалардын, машинелердин жана түзмөктөрдүн комплекси |
| **настил:** Элемент перекрытия или покрытия здания, установленный горизонтально на опорные несущие конструкции (стены, ригели, балки, прогоны) и предназначенный для устройства пола в многоэтажных зданиях, кровли, проезжей части мостов, технологических рабочих | **төшөмөл:** Таянычтык жүк көтөрүүчү конструкцияларга (дубалдарга, ригелдерге, устундарга, сундурмаларга) горизонталь багытында орнотулган жана көп кабаттуу имараттарда төшөлмөлөрдү, көпүрөлөрдүн жүрмө бөлүктөрүн, өнөр жай цехтеринде технологиялык жумушчу аянтчаларды |

| | |
|---|---|
| площадок в промышленных цехах и т.п. | д.у.с. куруу үчүн арналган имараттын калкасынын же жабуусунун элементи |
| **настил ступени эскалатора:** Рабочая рифленая поверхность ступени в виде выступов и впадин, обеспечивающая безопасность входа и выхода пассажиров с лестничного полотна | **жүрмө тепкичтин тепкичтеринин төшөлмөсү:** Шаты тилкесинен жүргүнчүлөрдүн коопсуз кирүү жана чыгуусун камсыз кылуучу тепкичтин бодур жана ойдуң түрүндөгү бодурлуу жумушчу бети |
| **насыпь дорожная:** Грунтовое сооружение, возводимое на трассе дороги обычно в понижениях рельефа, на подходах к мостам и путепроводам, обеспечивающее размещение дорожной одежды автомобильной дороги или верхнего строения пути железной дороги | **жол үйүндүсү:** Адатта жол трассасында рельефи төмөндөп кеткен жерлерге, көпүрөлөргө жана жол өткөргүчтөргө келүүчү жерлерге курулуучу, автомобиль жолунун жол жабуусунун же темир жолдун үстүнкү түзүлүшүнүн жайгашуусун камсыз кылуучу топурактан курулма |
| **натурные коррозионные испытания:** Коррозионные испытания, проводимые в природных условиях | **натурдук коррозиялык сыноолор:** Жаратылыш шарттарында жүргүзүлүүчү коррозиялык сыноолор |
| **натяжная камера эскалатора:** Помещение, расположенное под полом нижнего вестибюля, предназначенное для установки и обслуживания натяжного устройства тоннельного эскалатора | **жүрмө тепкичтин керме камерасы:** Тоннелдик жүрмө тепкичтин керме түзмөгүн орнотуу жана тейлөө үчүн арналган төмөнкү вестибюлдун төшөлмөсүнүн алдында жайгашкан жай |
| **научная (научно-исследовательская) деятельность:** Деятельность, направленная на получение и применение новых знаний, в том числе: фундаментальные научные исследования – экспериментальная или теоретическая деятельность, направленная на получение новых знаний об основных закономерностях строения, функционирования и развития человека, общества, окружающей природной среды; прикладные научные исследования – исследования, направленные преимущественно на применение новых знаний для достижения практических целей и решения конкретных задач | **илимий (илимий-изилдөөлүк) ишмердүүлүк:** Жаңы билим алууга жана колдонууга багытталган ишмердүүлүк, анын ичинде: фундаменталдык илимий изилдөөлөр – адамдын, коомдун, курчап турган чөйрөнүн түзүлүшү, аракеттенүүсү жана өнүгүүсү жөнүндө негизги мыйзам ченемдүүлүктөр тууралуу жаңы билим алууга багытталган эксперименталдык жана назарияттык ишмердүүлүк; колдонмо илимий изилдөөлөр – көбүнчөсү практикалык максаттарга жетүү жана таасын маселелерди чечүү үчүн жаңы илимдерди колдонууга багытталган изилдөөлөр |
| **научная и (или) научно-** | **илимий жана (же) илимий-** |

| | |
|---|---|
| **техническая продукция:** Научный и (или) научно-технический результат, втом числе результат интеллектуальной деятельности, предназначенный для реализации | **техникалык өндүрүм:** Илимий жана (же) илимий-техникалык натыйжа, анын ичинде ишке ашырууга арналган интеллектуалдык ишмердүүлүктүн натыйжасы |
| **научно-техническая деятельность:** Деятельность, направленная на получение, применение новых знаний для решения технологических, инженерных, экономических, социальных, гуманитарных и иных проблем, обеспечения функционирования науки, техники и производства как единой системы | **илимий-техникалык ишмердүүлүк:** Технологиялык, инженердик, экономикалык, социалдык, гуманитардык жана башка көйгөйлөрдү чечүү үчүн жаңы билимдерди алууга, колдонууга, илимдин, техниканын жана өндүрүштүн бирдиктүү тутум катары иштеп турушун камсыз кылууга багытталган ишмердүүлүк |
| **научно-техническая продукция:** Законченные научно-исследовательские, проектные, конструкторские, технологические работы и услуги, изготовление опытных образцов или опытных партий изделий (продукции) | **илимий-техникалык өндүрүм:** Аяктаган илимий-изилдөөлөр, долбоордук, конструктордук, технологиялык жумуштар жана кызмат көрсөтүүлөр, буюмдардын (өндүрүмдөрдүн) тажрыйбалык үлгүлөрү же тажрыйбалык партиялары |
| **наценки снабженческо-сбытовых организаций:** Утверждаемый в централизованном порядке норматив (в процентах от оптовых цен на материалы, изделия и конструкции), по которому определяется размер средств, необходимый для оплаты услуг снабженческо-сбытовых организаций | **камсыздоо-сатуу уюмдарынын үстөк баалары:** Камсыздоо-сатуу уюмдарынын кызматына төлөп берүү үчүн керектүү каражаттардын өлчөмү аныкталуучу, борборлоштурулган тартипте бекитилүүчү ченемат (материалдарга, буюмдарга жана конструкцияларга коюлган дүң баанын пайыздарында) |
| **национальная стандартизация:** Стандартизация, которая проводится на уровне одной страны | **улуттук стандартташтыруу:** Бир өлкөнүн деңгээлинде жүргүзүлүүчү стандартташтыруу |
| **национальный стандарт:** Стандарт, принятый национальным органом по стандартизации | **улуттук стандарт:** Стандартташтыруу боюнча улуттук орган кабыл алган стандарт |
| **недвижимость:** Земельные участки, здания, сооружения, многолетние насаждения и иное имущество, прочно связанное с землей, то есть объекты, перемещение которых без несоразмерного ущерба их назначению невозможно | **кыймылсыз мүлк:** Жер участкалары, имараттар, курулмалар, көп жылдык өсүмдүктөр жана жер менен тыкыр байланышкан, б.а. которуштуруу алардын дайындалышы менен өлчөмдөш чыгымдарсыз мүмкүн болбогон башка мүлк |
| **недвижимость в жилищной сфере:** | **турак жай чөйрөсүндөгү** |

| | |
|---|---|
| Недвижимое имущество с установленными правами владения, пользования и распоряжения в границах имущества, включающее: земельные участки и прочно связанные с ними жилые дома с жилыми и нежилыми помещениями, приусадебные хозяйственные постройки, зеленые насаждения с многолетним циклом развития; жилые дома, квартиры, иные жилые помещения в жилых домах и других строениях, пригодные для постоянного и временного проживания; сооружения и элементы инженерной инфраструктуры жилищной сферы | **кыймылсыз мүлк:** Мүлктүн чегинде ээлик кылууга, пайдаланууга жана берүүгө аныкталган укугу менен төмөнкүлөрдү камтыган: жер участкалары жана алар менен тыгыз байланышкан турак жана турак эмес жайлары менен турак үйлөр,чарбак алдындагы чарбалык курулуштар, көп жылдык өсүү цикли менен өсүмдүктөр; турак үйлөр, батирлер, турак үйлөрдөгү жана башка курулуштардагы такай жана убактылуу жашоо үчүн жарактуу башка турак жайлар; турак жай чөйрөсүндөгү инженердик инфра түзүмдүн курулмалары жана элементтери |
| **недобор грунта:** Слой грунта, оставляемый (по конструктивным или технологическим соображениям в пределах, предусмотренных нормами) в выработке после разработки ее землеройной машиной и подлежащий последующему удалению с обеспечением проектных размеров и отметок дна выработки | **топуракты жеткире казбоо:** Жер казуучу машина иштеп чыккандан кийин казылмада калтырылуучу (ченемдерде каралган чектерде конструктивдик же технологиялык ой жүгүртүүлөр боюнча) жана долбоордук өлчөмдөрдү казылманын түбүнүн деңгээл белгилерин камсыз кылуу менен кийин алып салынуучу топурак катмары |
| **недожог красок:** Матовость, тусклость краски, вызванная недостаточной температурой обжига | **боёкторду чала бышыруу:** Бышыруу температурасынын жетишсиздигинен келип чыккан түстүн бозомтуктугу, күңүрттүгү |
| **нежилая площадь (вспомогательная) жилища:** Подсчитывается как сумма площадей внутренних подсобных помещений в жилом доме (кухни, ванной комнаты или встроенной бани, постирочной, туалета, прихожей, коридора, квартирной кладовой, встроенной топочной и тому подобное) | **турак жайдын жашоого жараксыз (көмөкчү) аянты:** Турак үйдөгү ички көмөкчү жайлардын (ашкана, көлкүмө бөлмөсү же кошо курулган мончо, кир жуучу жай, ажаткана, кире бериш, далис, буюм-тайымкана, откана ж.б.) аянттарынын суммасы катары эсептелип чыгарылат |
| **нежилое помещение:** Отдельное встроенное (встроенно-пристроенное) в жилой дом помещение, предназначенное и используемое | **жашоого жараксыз жай:** Турак үйгө өз алдынча кошо курулган (ичине же жанына курулган), туруктуу жашоодон башка максатка арналган |

| | |
|---|---|
| дляиных, чем постоянное проживание, целей, в том числе для общественных нужд и/или малого предпринимательства | жана колдонулуучу, анын ичинде коомдук муктаждыктар жана/же чакан ишкердик үчүн жай |
| **незавершенное строительство:** Объект строительства, недостроенный и не принятый в установленном порядке в эксплуатацию | **бүтө элек курулуш:** Курулуп бүтпөгөн жана белгиленген тартипте пайдаланууга кабыл алынбаган курулуш объектиси |
| **неисправность, неисправное состояние:** Состояние изделия (устройства), при котором ононе соответствует одному или нескольким требованиям, предъявляемым как в отношении основных параметров, характеризующих его способность выполнять заданные функции, так ив отношении удобств эксплуатации, внешнего вида, комплектности и т.д. | **бузуктук, бузулган абал:** Буюмдун (түзмөктүн) анын берилген функцияларды аткаруу касиетин мүнөздөгөн негизги параметрлер менен катар пайдалануу ыңгайлуулугу, сырткы көрүнүшү, комплекттүүлүгү ж.б. карата коюлуучу бир же бир нече талапка жооп бербеген абалы |
| **неисправность элемента здания:** Состояние элемента, при котором им не выполняется хотя бы одно из заданных эксплуатационных требований | **имараттын элементинин оң эместиги:** Элементтин берилген пайдалануу талаптарынын жок дегенде бири аткарылбаган абалы |
| **нейтральная ось в сопротивлении материалов:** Линия пересечения плоскости поперечного сечения балки с нейтральным слоем (поверхностью, разделяющей при изгибе балки ее сжатую и растянутую зону) | **материалдардын каршылыгындагы арабөк ок:** Устундун туура кесилиш тегиздигинин арабөк катмар (устундун ийилүүсүндө анын кысылган жана чоюлган чөлкөмдөрүн бөлүп туруучу бет) менен кесилишүү сызыгы |
| **ненесущая панель:** Панель, не предназначенная для опирания на нее конструкций здания (кромеоконных и дверных блоков и легких межоконных вставок) | **жүк көтөрбөс панель:** Имараттын конструкцияларынын (терезе жана эшик блокторунан жана терезелер аралык жеңил коюлмалардан тышкары) ага таянып туруусуна арналбаган панель |
| **необходимое время эвакуации:** Время с момента возникновения пожара, в течение которого люди должны эвакуироваться в безопасную зону без причинения вреда их жизни и здоровью в результате воздействия опасных факторов пожара | **эвакуацияга зарыл убакыт:** Өрт чыккандан баштап, өрттүн кооптуу факторлорунун таасиринин натыйжасында өмүрүнө жана ден соолугуна зыян келтирбестен адамдарды коопсуз чөлкөмгө эвакуациялоого талап кылынган убакыт |
| **неотапливаемые помещения:** Нежилые помещения в квартире | **жылытылбаган жайлар:** Батирдеги (турак жайдагы) жылытуу тутуму жок |

| | |
|---|---|
| (жилище), не имеющие отопительную систему (холодные кладовые, веранды и тому подобное) и включающиеся внежилую площадь квартиры (жилища). К неотапливаемым помещениям не могут быть причислены внутриквартирные прихожие и коридоры | (чыгданы, верандасы д.у.с. суук) жана батирдин (турак жайдын) жашаганга жараксыз аянтына кирген жайлар. Жылытылбоочу жайларга батир ичиндеги кире бериштерди жана далистерди кошууга болбойт |
| **неотложные работы в чрезвычайной ситуации:** Аварийно-спасательные и аварийно-восстановительные работы, оказание экстренной медицинской помощи, проведение санитарно-эпидемиологических мероприятий и охрана общественного порядка в зоне чрезвычайной ситуации | **өзгөчө кырдаалдагы кечиктирилгис жумуштар:** Өзгөчө кырдаалдар чөлкөмүндөгү авариялык-куткаруучу жана авариялык-калыбына келтирүүчү жумуштарды аткаруу, медициналык тез жардам көрсөтүү, санитардык-эпидемиологиялык иш-чараларды жүргүзүү жана коомдук тартипти сактоо |
| **неотпускающий ток:** Электрический ток, вызывающий при прохождении через человека непреодолимые судорожные сокращения мышц руки, в которой зажат проводник | **коё бербөөчү электр агыны:** Адам аркылуу өткөн учурда, өткөргүчтү кыса кармаган колдун булчуңдарынын алы келбей калчылдап жыйрылуусуна алып келген электр агыны |
| **неподвижная входная площадка эскалатора:** Входная площадка, не имеющая возможности перемещения относительно настила ступени | **жүрмө тепкичтин кыймылсыз кире бериш аянтчасы:** Тепкичтин төшөмөлүнө карата которулуу мүмкүнчүлүгүнө ээ эмес кире бериш аянтчасы |
| **непрерывный контроль:** Контроль, при котором информация о контролируемом параметре технологического процесса поступает непрерывно | **үзгүлтүксүз контроль:** Технологиялык жараяндын контролдонуучу параметри тууралуу маалымат үзгүлтүксүз келип турган контроль |
| **непрозрачный темплет:** Темплет, изготовленный из непрозрачного или светонепроницаемого материала, например, из картона, стальной фольги и т.п. | **тунук эмес темплет:** Тунук эмес же жарык өткөрбөгөн материалдан даярдалган темплет, мисалы, картондон, болот фольгадан д.у.с. |
| **нерабочая ветвь направляющей ступени (поручня):** Направляющие, служащие для оборота ступеней лестничного полотна (поручня) | **багыт берүүчү тепкичтин (кармагычтын) иштебеген бутагы:** Шаты тилкесинин (кармагычтын) тепкичтеринин айлануусу үчүн кызмат кылуучу багыттагычтар |
| **неравномерность водопотребления:** Колебание расхода | **суу пайдалануунун бир калыпта эместиги:** Убакыт интервалында |

| | |
|---|---|
| воды в интервале времени | суунун сарпталышынын өзгөрүүлөрү |
| **неравномерность естественного освещения:** Отношение среднего значения к наименьшему значению коэффициента естественной освещенности (КЕО) в пределах характерного разреза помещения | **табигый жарыктандыруунун бир калыпта эместиги:** Жайдын мүнөздүү жара кесилишинин чектеринде табигый жарыктануу көмөк чоңдугунун (ТЖК) орточо маанисинин анын эң аз маанисине катышы |
| **неразрушающий контроль:** Определение характеристик материалов и изделий без их разрушения с целью получения информации о качестве изделий и объектов. | **талкалабас контроль:** Буюмдардын жана объекттердин сапаты тууралуу маалымат алуу максатында материалдардын жана буюмдардын мүнөздөмөлөрүн аларды талкалабастан аныктоо |
| **нервюра в архитектуре:** Арка из тесаных клиновидных камней, укрепляющих ребра свода. Система нервюра образует каркас, облегчающий кладку свода | **архитектурадагы нервюра:** Чүмбөттүн капталдарын бекемдөөчү чегилген шынаа сымалташтардан тургузулган арка. Нервюра тутуму чүмбөттүн кынамын жеңилдетүүчү каркасты пайда кылат |
| **нержавеющая сталь:** Легированная сталь, устойчивая к коррозии на воздухе, в воде, а также в некоторых агрессивных средах | **дат баспаган болот:** Абада, сууда жана ошондой эле айрым агрессивдүү чөйрөлөрдө коррозияга туруктуу келген легирленген болот |
| **несгораемый материал:** Материал, который под воздействием огня или высокой температуры не воспламеняяется, не тлеет и не обугливается | **күйбөс материал:** Оттун же жогорку температуранын таасири астында тутанбаган, быкшып күйбөгөн, жана көмүргө айланбаган материал |
| **несущая панель:** Панель, предназначенная для опирания на нее конструкций здания | **жүк көтөрүүчү панель:** Имараттын конструкциялары ага таянуусу үчүн арналган панель |
| **несущие конструкции (элементы):**<br>1 Конструктивные элементы, воспринимающие основные нагрузки зданий и сооружений и обеспечивающие их прочность, жесткость и устойчивость;<br>2 Конструкции, воспринимающие постоянную и временную нагрузку, в том числе нагрузку от других частей зданий;<br>3 Строительные конструкции, воспринимающие постоянные, временные и особые нагрузки и | **жүк көтөрүүчү конструкциялар (элементтер):**<br>1 Имараттардын жана курулмалардын негизги жүктөмдөрүн кабыл алуучу жана алардын бекемдигин, ийкемсиздигин жана туруктуулугун камсыз кылуучу конструктивдик элементтер;<br>2 Туруктуу жана убактылуу жүктөмдөрдү, анын ичинде имараттардын башка бөлүктөрүнөн жүктөмдү кабыл алуучу конструкциялар; |

| | |
|---|---|
| воздействия и обеспечивающие прочность, жёсткость и устойчивость зданий и сооружений | 3 Туруктуу, убактылуу, өзгөчө жүктөмдөрдү, таасирлерди кабыл алуучу жана имараттардын, курулмалардын бекемдигин, ийкемсиздигин жана туруктуулугун камсыздоочу курулуш конструкциялары |
| **несчастный случай на производстве:**<br>1 Событие, в результате которого застрахованный получил увечье или иное повреждение здоровья при исполнении им обязанностей по трудовому договору (контракту) и в иных установленных законом случаях как на территории страхователя, так и за ее пределами, либо во время следования к месту работы или возвращения с места работы на транспорте, предоставленном страхователем, и которое повлекло либо необходимость перевода застрахованного на другую работу, временную или стойкую утрату им профессиональной трудоспособности либо его смерть;<br>2 Несчастный случай в результате воздействия наработающего опасного производственного фактора при выполнении им трудовых обязанностей или заданий руководителя работ | **өндүрүштөгү кырсык:**<br>1 Камсыздандырылган адам камсыздандыруучунун аймагында жана андан сырткары жерде эмгек келишими (контракт) боюнча милдеттерин аткарып жаткан учурда жана башка мыйзам менен аныкталган учурларда же камсыздандыруучу берген унаа менен жумушуна бараткан же келаткан маалда жараат же ден соолугуна башка залака алган же камсыздандырылган адамды башка жумушка которуу зарылчылыгын туудурган же кесиптик жактан эмгекке жөндөмдүүлүгүн убактылуу же туруктуу жоготуусуна же анын өлүмүнө алып келген окуя;<br>2 Өзүнүн эмгек милдеттерин же жетекчиси берген тапшырманы аткарууда жумушчуга кооптуу өндүрүш факторунун таасиринин натыйжасында болгон кырсык |
| **нетиповое изделие (конструкция, устройство, монтажный блок):** Изделие, впервые разработанное и изготовленное, как правило, на месте монтажа (в заготовительной мастерской монтажной организации) технологических, энергетических, санитарно-технических и других систем | **типтүү эмес буюм (конструкция, түзмөк, монтаждык блок):** Адатта, технологиялык, энергетикалык, санитардык-техникалык жана башка тутумдарды монтаждоо жеринде (монтаждоочу уюмдун даярдоо жайында) алгач иштелип чыккан же даярдалган буюм |
| **неф в архитектуре:** Вытянутое помещение, часть интерьера, ограниченное с одной или с обеих продольных сторон рядом колонн или столбов | **архитектурадагы неф:** Узатасынан багытталган бир же эки тарабынан түркүктөр же мамылардын катары менен чектелген узатасынан созулган жай, интерьер бөлүгү |

| | |
|---|---|
| **нефелиновый цемент:** Гидравлическое вяжущее, получаемое тонким измельчением нефелинового шлама, активизаторов твердения (извести или портландцемента) и гипса | **нефелин цементи:** Нефелин тунма калдыгын, катуулантуучу активизаторлорду (аки же портландцемент) жана гипсти өтө майдалоо аркылуу алынуучу гидравликалык камдаштыргыч |
| **нефелиновый шлам, белитовый шлам:** Отход производства оксида алюминия из нефелинов, состоящий из сиенитов и др. горных пород, в основном, из двухкальциевого силиката алюминия (белита) | **нефелин тунма калдыгы, белит тунма калдыгы:** Сиениттерден жана башка тоо тектеринен, негизинен эки кальцийлүү алюминий силикатынан (белиттен) турган нефелиндерден алюминий оксидин өндүрүүнүн калдыгы |
| **нефтепровод:** Комплекс сооружений для перекачки нефти и продуктов ее переработки из районов добычи и производства к пунктам их потребления или перевалки на железнодорожный либо водный транспорт | **мунай өткөргүч:** Мунай жана анын кайра иштетилген өндүрүмдөрүн казып алынган жана өндүрүлгөн райондордон колдонуу пункттарына жеткирүү же темир жол же суу унаасына өткөрүп берүү үчүн курулуштар комплеки |
| **нефтехранилище:** Резервуар или система резервуаров для хранения нефти или продуктов ее переработки | **мунай сактоочу жай:** Мунайды же анын кайра иштетилген өндүрүмдөрүн сактоо үчүн резервуар же резервуарлар тутуму |
| **нивелир:** Геодезический инструмент, используемый для геометрического нивелирования, снабженный зрительной трубой, вращающейся в горизонтальной плоскости, и чувствительным уровнем | **нивелир:** Горизонталдуу тегиздикте айлануучу көрүүчү түтүк жана сезимтал деңгээл менен жабдылган геометриялык нивелирлөөдө колдонулуучу геодезиялык аспап |
| **нивелирная сеть:** Геодезическая сеть, высоты пунктов которой над уровнем моря определены геометрическим нивелированием | **нивелирдик тутум:** Пункттарынын бийиктиги деңиз деңгээлинен геометриялык нивелирлөө менен аныкталган геодезиялык тарам |
| **нивелирный репер:** Геодезический знак, закрепляющий пункт нивелирной сети | **нивелирдик репер:** Нивелирдик тарамдын пунктун бекитүүчү геодезиялык белги |
| **нивелирование:** Определение превышений (разности высот) точек земной поверхности относительно некоторой избранной точки или уровня моря | **нивелирлөө:** Кайсы бир тандалып алынган чекитке же деңиз деңгээлине салыштырмалуу жер бетиндеги чекиттердин көтөрүңкүлүгүн (бийиктиктердин айырмасын) аныктоо |
| **нижние слои (слой) аэродромных покрытий:** Искусственное основание, | **аэродром жабууларынын төмөнкү катмарлары (катмары):** Жүк |

| | |
|---|---|
| обеспечивающее совместно с покрытием передачу нагрузок нагрунтовое основание, которое, помимо несущей функции, может выполнять также дренирующие, противо-заиливающие, термоизолирующие, противопучинные, гидроизолирующие и другие функции | көтөрүүчү функциясынан сырткары сарыктыруучу, чөгүндүлөргө каршы, термообочолонтуучу, көбүүгө каршы, гидрообочолонтуучу ж.б. функцияларды да аткара ала турган, жабуу менен биргеликте кыртыштык жерпайга жүктөмдү өткөрүп берүүнү камсыздоочу жасалма жерпай |
| **низ дорожной одежды:** Уровень последнего по глубине конструктивного слоя одежды, учитываемого при расчете на прочность | **жол жабуусунун түбү:** Жабуунун тереңдиги боюнча акыркы болуп саналган, анын бекемдигин эсептөөдө эске алынуучу, конструкциялык катмарынын деңгээли |
| **новая продукция:** Продукция, впервые производимая и (или) ввозимая на территорию Кыргызской Республики, на которую отсутствуют утвержденные в установленном порядке технические требования, в том числе обязательные | **жаңы өндүрүм:** Биринчи жолу өндүрүлүп жаткан жана (же) Кыргыз Республикасынын аймагына алынып келген, белгиленген тартипте бекитилген техникалык, анын ичинде милдеттүү талаптар коюла элек өндүрүм |
| **новое строительство:** Возведение комплекса объектов основного, подсобного и обслуживающего назначения вновь создаваемых предприятий, зданий и сооружений, а также филиалов и отдельных производств, которые после ввода в эксплуатацию будут находиться на самостоятельном балансе | **жаңы курулуш:** Пайдаланууга берилгенден кийин өз алдынча балanska өткөрүлө турган жаңы ачылып жаткан ишканалар, имараттар, курулмалар, ошондой эле филиалдар жана өзүнчө өндүрүштөрдүн негизги, көмөкчү жана тейлөөчү объекттеринин комплексин тургузуу |
| **новые конструктивные системы, новые материалы и конструкции:** Впервые применяющиеся в строительстве конструктивные системы, материалы и конструкции с недостаточно изученной способностью сопротивляться сейсмическим воздействиям | **жаңы конструктивдик тутумдар, жаңы материалдар жана конструкциялар:** Курулушта биринчи жолу колдонулуп жаткан, сейсмикалык таасирлерге каршылык көрсөтүүгө жөндөмдүүлүгү жетишсиз изилденген конструктивдик тутумдар, материалдар жана конструкциялар |
| **номенклатура материальных ресурсов:** Упорядоченный перечень наименований сырья и материалов | **материалдык ресурстар номенклатурасы:** Чийки зат жана материалдардын аталыштарынын иреттелген тизмеги |
| **номенклатура мобильных (инвентарных) зданий и сооружений:** | **мобилдик (шаймандык) имараттардын жана курулмалардын** |

| | |
|---|---|
| Перечень разновидностей мобильных (инвентарных) зданий и сооружений, систематизированный по функциональному назначению с указанием основного показателя | **номенкулатурасы:** Негизги көрсөткүчүн белгилөө менен функционалдык дайындалышы боюнча системалаштырылган мобилдик (шаймандык) имараттар жана курулмалардын түрлөрүнүн тизмеги |
| **номинальная скорость эскалатора:** Скорость движения лестничного полотна при работе без нагрузки в установившемся режиме | **жүрмө тепкичтин номиналдык ылдамдыгы:** Турукташкан шарттамда күч келтирилбей иштөөдөгү шаты тилкесинин кыймылынын ылдамдыгы |
| **номинальный объем резервуара:** Условная округленная величина объема, принятая для идентификации требований норм для резервуаров различных конструкций при расчетах номенклатуры объемов резервуаров общей вместимости, а также для определения установок и средств пожаротушения | **резервуардын номиналдык көлөмү:** Жалпы сыйымдуулуктагы резервуарлардын көлөмдөрүнүн номенклатурасын эсептөөдө ар кандай конструкциядагы резервуарлар, ошондой эле өрт өчүрүү орнотмолорун жана каражаттарын аныктоо үчүн ченемдердин талаптарын бирдейлештирүүгө кабыл алынган көлөмдүн шарттуу тегеректелген чоңдугу |
| **норма:** Положение, устанавливающее количественные или качественные критерии, которые должны быть удовлетворены | **ченем:** Канааттандырылууга жаткан сандык жана сапаттык критерийлерди аныктоочу жобо |
| **норма (инструкция):** Положение, содержащее критерии, которые должны быть соблюдены | **ченем (нускама):** Сактала турган критерийлерди камтыган жобо |
| **норма расхода материальных ресурсов:** Количество материальных ресурсов, необходимое для производства единицы продукции (работ) | **материалдык ресурстарды чыгымдоо ченеми:** Өндүрүм (жумуштардын) бирдигин өндүрүү үчүн зарыл болгон материалдык ресурстардын саны |
| **нормативная документация (нормативный документ):** Документация, устанавливающая комплекс норм, правил, положений, требований, обязательных при проектировании, инженерных изысканиях и строительстве, реконструкции, капитальном ремонте зданий и сооружений, расширении и техническом перевооружении предприятий, а также при изготовлении | **ченемдик документтер (ченемдик документ):** Долбоорлоодо, инженердик изилдөөлөрдө жана курууда, имараттарды жана курулмаларды кайра конструкциялоодо, капиталдык ондоодо, ишканаларды кеңейтүүдө жана техникалык жактан кайра жабдууда, ошондой эле курулуш конструкцияларын, буюмдарды жана материалдарды даярдоодо милдеттүү болгон ченемдерди, эрежелерди, |

| | |
|---|---|
| строительных конструкций, изделий иматериалов | жоболорду, талаптарды аныктаган документтер |
| **нормативные технические документы:** Документы, устанавливающие нормы и правила, общие принципы или характеристики, касающиеся различных видов строительной деятельности или их результатов, утверждаемые в установленном порядке<br>(Измененная редакция, Изм. №1) | **ченемдик-техникалык документтер:** Белгиленген тартипте бекитилүүчү, курулуш ишинин ар кайсы түрлөрүнө же алардын жыйынтыктарына тиешелүү ченемдерди жана эрежелерди, жалпы принциптерди же мүнөздөмөлөрдү белгилеген документтер<br>(Өзгөртүлгөн редакция, №1 Өзг.) |
| **нормальная эксплуатация:** Эксплуатация, осуществляемая (без ограничений) в соответствии с предусмотренными в нормах или заданиях на проектирование технологическими или бытовыми условиями | **нормалдуу пайдалануу:** Долбоорлоо ченемдеринде же тапшырмаларында каралган технологиялык жана тиричиликтик шарттарына ылайык жүзөгө ашырылуучу (чектөөсүз) пайдалануу |
| **нормальный подпорный уровень воды (нпу):** Наивысший проектный подпорный уровень верхнего бьефа, который может поддерживаться в нормальных условиях эксплуатации гидротехнических сооружений | **суунун нормалдуутирелме деңгээли (нтд):** Гидротехникалык курулмалардын нормалдуу пайдалануу шарттарында сакталуучу жогорку бьефтин эң жогорку долбоордук тирелме деңгээли |
| **нормальный режим электроснабжения:** Режим работы систем электроснабжения без использования резервов, обеспечивающий питание контактной сети при расчетных размерах движения в часы максимума и для условий наибольшего сопротивления движению подвижного состава при требуемых технических и наивысших экономических показателях транспортной системы | **электр менен камсыздоонун нормалдуу шарттамы:** Унаа тутумунун талап кылынган техникалык жана эң жогорку экономикалык көрсөткүчтөрүндө кыймылдуу курамдын кыймылына эң чоң каршылык көрсөтүү шарттары үчүн жана максимум сааттарында кыймылдын эсептик өлчөмдөрүндө тиймелик тарамды резервдерди пайдаланбастан азыктандырууну камсыз кылуучу электр менен камсыздоо тутумдарынын иштөө шарттамы |
| **нормативные нагрузки:** Наибольшие нагрузки, отвечающие нормальным условиям эксплуатации зданий и сооружений; используются при расчете конструкций по | **ченематтык жүктөмдөр:** Имараттарды жана курулмаларды пайдалануунун нормалдуу шарттарына жооп берүүчү эң чоң жүктөмдөр; конструкцияларды чектик абалдар |

| | |
|---|---|
| предельным состояниям | боюнча эсептөөдө колдонулат |
| **нормативы материальных ресурсов:** Поэлементные составляющие норм расхода сырьяи материалов | **материалдык ресурстардын ченематтары:** Чийки заттын жана материалдардын чыгымдалыш ченемдеринин элементтер боюнча түзүүчүлөрү |
| **нормирование и стандартизация:** Деятельность, проявляющаяся при разработке, опубликовании и применении нормативных документов | **ченемдештирүү жана стандартташтыруу:** Ченемдик документтерди иштеп чыгаруудагы, жарыялоодогу жана колдонуудагы ишмердүүлүк |
| **нормируемая плотность бетона:** Значение плотности бетона, заданное в нормативно-технической и проектной документации | **бетондун ченемдештирилүүчү тыгыздыгы:** Ченемдик-техникалык жана долбоордук документтерде берилген бетондун тыгыздыгынын мааниси |
| **нормируемая прочность бетона:** Заданное в нормативно-технической или проектной документации значение прочности (в проектном и промежуточном возрасте, отпускная, передаточная) | **бетондун ченемдештирилүүчү бекемдиги:** Ченемдик-техникалык жана долбоордук документтерде берилген бетондун бекемдигинин (долбоордук жана ортолук мөөнөттө, коё берүүчү, өткөрүп берүүчү) мааниси |
| **нормируемая прочность раствора:** Прочность затвердевшего строительного раствора, заданная в государственных стандартах или нормативно-технической документации, утвержденной в установленном порядке (проектная марка) | **эритменин ченемдештирилүүчү бекемдиги:** Мамлекеттик стандарттарда же белгиленген тартипте бекитилген ченемдик-техникалык документтерде берилген катыган курулуш эритмесинин бекемдиги (долбоордук марка) |
| **нормы производственные:** Нормы, устанавливающие величину затрат труда и материальных ресурсов на производство единицы объема работ (единицы продукции) | **өндүрүштүк ченемдер:** Жумуштардын көлөмүнүн бирдигин (өндүрүм бирдигин) өндүрүүгө сарпталган эмгектин жана материалдык ресурстардын чыгымдарынын чоңдугун аныктоочу ченемдер |
| **нормы технологического проектирования:** Нормативные документы по проектированию технологических процессов промышленных предприятий и сооружений, утверждаемые в установленном порядке министерствами и ведомствами | **технологиялык долбоорлоонун ченемдери:** Министрликтер жана ведомстволор тарабынан белгиленген тартипте бекитилүүчү, өнөр жай ишканаларынын жана курулмаларынын технологиялык жараяндарын долбоорлоо боюнча ченемдик документтер |

| | |
|---|---|
| **нулевой защитный проводник:** Проводник, соединяющий зануляемые части с глухозаземленной нейтральной точкой обмотки источника тока или ее эквивалентом | **нөлдүк коргоочу өткөргүч:** Электр агыны булагынын түрмөктүн туюк жердиктелген арабөк тиймеги же анын эквиваленти менен нөлдөштүрүлүүчү бөлүктөрдү туташтыруучу өткөргүч |
| **обвалованная стоянка автомобилей:** Наземная или заглубленная стоянка автомобилей с обвалованными грунтом более 50% наружными ограждающими конструкциями, выступающими выше уровня земли | **кырдалган автомобиль токтотмосу:** Жердин деңгээлинен чыгып турган сырткы тосмолоочу конструкцияларынын 50% көбү кыртыш менен кырдалган жер үстүндөгү же тереңдетилген автомобиль токтотмосу |
| **обвалы:** Обрушение (падение) масс горных пород (в виде крупных глыб и обломков) в результате отрыва от коренного массива | **урандылар:** Негизги массивден ажыроонун натыйжасында тоо тектеринин массаларынын (ири чоң кесек жана сыныктар түрүндөгү) уроосу (кулоосу) |
| **обводнение:** Комплекс мероприятий, включающий строительство гидротехнических сооружений в местностях, где нет водных источников или их дебет недостаточен для обеспечения водой данного района, либо они содержат непригодную для использования воду | **суу жеткирүү:** Суу булактары жок, же алардын дебети берилген аймакты суу менен камсыздоого жетишсиз, же болбосо алардын суусу пайдаланууга жараксыз жерлерде гидротехникалык курулмалардын курулушун камтыган ишчаралар компекси |
| **обделка подземного сооружения:** Строительная конструкция, возводимая в тоннелях, складах, гаражах и т.д. и образующая их внутреннюю поверхность. Обделку подземного сооружения устраивают для защиты подземных сооружений от обрушений, чрезмерных смещений окружающих пород, проникновения подземных вод | **жер астындагы курулманы төшөп чыгуу:** Тоннелдерде, кампаларда, гараждарда ж.б. тургузулуучу жана алардын ички бетин түзүүчү курулуш конструкциясы. Жер астындагы курулманын жасалгасын урап түшүүлөрдөн, айланасындагы тектер-дин чоң өлчөмдө жылышууларынан, жер алдындагы суулардын кирип кетүүсүнөн сактоо үчүн аткарышат |
| **обезвреживание сточных вод:** Очистка сточных вод от содержащихся в них вредных веществ до степени, позволяющей сбрасывать их в водоём или использовать повторно для производственных нужд | **агынды сууларды зыянсыздандыруу:** Агынды сууларды алардын курамындагы зыяндуу заттардан, көлмөгө агызууга же өндүрүштүк муктаждыктарга кайталап пайдаланууга мүмкүндүк берүүчү даражага жеткире тазалоо |
| **обеззараживание:** Уменьшение до | **зыянсыздандыруу:** Аймактын, |

| | |
|---|---|
| предельно допустимых норм загрязнения и заражения территории, объектов, воды, продовольствия, пищевого сырья и кормов радиоактивными и опасными химическими веществами путём дезактивации, дегазации и демеркуризации, а также опасными биологическими веществами путём дезинфекции и детоксикации | объекттердин, суунун, азык-түлүктүн, азыктык чийки заттын жана жемдердин радиоактивдүү жана коопту химиялык заттар менен булгануусун жана ууланусун дезактивация, уу газдан арылтуу жана демеркуризация жолу менен, ошондой эле коопту биологиялык заттар менен булгануусун жана уулануусун дезинфекция жана детоксикация жолу менен мүмкүндүк берүүчү чектик ченемдерге чейин азайтуу |
| **обеззараживание воды:** Уменьшение количества болезнетворных организмов в воде до пределов, установленных санитарно-гигиеническими требованиями | **сууну зыянсыздандыруу:** Суудагы оору пайда кылуучу организмдердин санын санитардык-гигиеналык талаптарда аныкталган чектерге чейин азайтуу |
| **обеззараживание природных и сточных вод:** Уничтожение в воде болезнетворных бактерий и вирусов | **жаратылыш жана агынды сууларды зыянсыздандыруу:** Суудагы оору пайда кылуучу бактерияларды жана вирустарды жок кылуу |
| **обеспечение безопасности:** Принятие комплекса инженерно-технических и организационных мер по исключению недопустимого риска, связанного с возможностью нанесения ущерба жизни или здоровью людей, их имуществу и (или) окружающей среде, в том числе растительному и животному мир | **коопсуздукту камсыз кылуу:** Адамдардын өмүрүнө же ден соолугуна, алардын мүлкүнө жана (же) айлана-чөйрөгө, анын ичинде өсүмдүктөр жана жаныбарлар дүйнөсүнө зыян келтирүү мүмкүндүгүнө байланышкан жол берилбөөчү тобокелдикти болтурбоо боюнча инженердик-техникалык жана уюштуруу чараларынын комплексин кабыл алуу |
| **обеспечение безопасности в чрезвычайных ситуациях:** Принятие и соблюдение правовых норм, выполнение экологозащитных, отраслевых или ведомственных требований и правил, а также проведение комплекса организационных, экономических эколого-защитных, санитарно-гигиенических, санитарно-эпидемиологических испециальных мероприятий, направленных на | **өзгөчө кырдаалдарда коопсуздукту камсыздоо:** Укуктук ченемдерди кабыл алуу жана сактоо, экологиялык коргоону, тармактык же ведомстволук талаптарды жана эрежелерди сактоону аткаруу, ошондой эле калктын, эл чарба жана башка дайындалыштагы объекттерди, курчап турган жаратылыш чөйрөсүн өзгөчө кырдаалдарда коркунучтардан коргоону камсыздоого багытталган уюштуруу, экономикалык, экологиялык коргоо, санитардык- |

| | |
|---|---|
| обеспечение защиты населения, объектов народного хозяйства и иного назначения, окружающей природной среды от опасностей в чрезвычайных ситуациях | гигиеналык, санитардык-эпидемиологиялык жана атайын иш-чаралардын комплексин ишке ашыруу |
| **обеспечение безопасности населения в чрезвычайных ситуациях:** Соблюдение правовых норм, выполнение эколого-защитных, отраслевых или ведомственных требований иправил, а также проведение комплекса правовых, организационных, экологозащитных, санитарно-гигиенических, санитарно-эпидемиологических испециальных мероприятий, направленных на предотвращение или предельное снижение угрозы жизни и здоровью людей, потери их имущества и нарушения условий жизнедеятельности в случаев возникновения чрезвычайной ситуаций | **өзгөчө кырдаалдарда калктын коопсуздугун камсыздоо:** Өзгөчө кырдаалдар жаралганда укуктук ченемдерди сактоо, экологиялык коргоо, тармактык же ведомстволук талаптарды жана эрежелерди сактоо, адамдардын өмүрүнө жана ден соолугуна коркунучту, мүлкүн жоготуусун жана жашоо-турмуш шарттарынын бузуулусун алдын алууга же болушунча төмөндөтүүгө багытталган укуктук, уюштуруу, экологиялык коргоо, санитардык-гигиеналык, санитардык-эпидемиологиялык жана атайын иш-чаралардын комплексин ишке ашыруу |
| **обеспечение доступа к инфраструктуре:** Обязанности государственных органов, органов местного самоуправления, юридических и физических лиц по оборудованию объектов инфраструктуры, находящихся в их собственности, специальными приспособлениями, обеспечивающими свободный доступ к данным объектам лиц с ограниченными возможностями здоровья | **инфратүзүмгө жеткиликтүүлүктү камсыз кылуу:** Мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, юридикалык жана жеке жактардын алардын менчигинде турган инфратүзүм объекттерин майып адамдардын бул объекттерге эркин жетүүсүн камсыз кылуучу атайын ыктамдар менен жабдуу боюнча милдеттери |
| **обеспечение пожарной безопасности:** Принятие и соблюдение нормативных правовых актов, правил и требований пожарной безопасности, а также проведение противопожарных мероприятий | **өрт коопсуздугун камсыздоо:** Өрт коопсуздугунун ченемдик-укуктук акттарын, эрежелерин жана талаптарын кабыл алуу жана сактоо, ошондой эле өрткө каршы иш-чараларды өткөрүү |
| **обеспечение промышленной безопасности в чрезвычайных ситуациях:** Принятие исоблюдение правовых норм, выполнение | **өзгөчө кырдаалдарда өнөр жай коопсуздугун камсыздоо:** Укуктук ченемдерди кабыл алуу жана сактоо, экологиялык коргоо, тармактык же |

| | |
|---|---|
| экологозащитных, отраслевых или ведомственных требований и правил, а также проведение комплекса организационных, технологических и инженерно-технических мероприятий, направленных на предотвращение промышленных аварий и катастроф в зонах чрезвычайной ситуации | ведомстволук талаптарды жана эрежелерди аткаруу, ошондой эле өзгөчө кырдаал аймактарындагы өнөр жай кырсыктарынын жана апааттарынын алдын алууга багытталган уюштуруу, технологиялык жана инженердик-техникалык иш-чаралардын комплексин өткөрүү |
| **обжиг:** Нагрев и выдержка при высокой температуре (в обжиговых печах) различных материалов с целью придания им необходимых свойств (например, твердости, прочности) или удаления из них примесей | **бышыруу:** Тиешелүү касиеттерди (мисалы, катуулукту, бекемдикти) берүү же аларды кошундулардан арылтуу максатында түрдүү материалдарды жогорку температурада (күйгүзүү мештеринде) ысытуу жана кармоо |
| **обжиговая печь:** Печь для обжига различных материалов | **бышыруу меши:** Түрдүү материалдарды күйгүзүүгө арналган меш |
| **обкладка поручня:** Наружная декоративная часть поручня | **кармагычты каптоо:** Кармагычтын сырткы көркөмдүк бөлүгү |
| **обладатели сервитута:** Лица, имеющие право ограниченного пользования чужими земельными участками ( сервитут) | **сервитут ээлери:** Бөтөн жер тилкелерин чектелген колдонуу укугуна ээ адамдар |
| **облачное небо МКО** (по определению Международной комиссии по освещению – МКО): небо, полностью закрытое облаками и удовлетворяющее условию, при котором отношение его яркости на высоте θ над горизонтом к яркости в зените равно (1+2sinθ)/3 | **булуттуу асман ЖЭК** (Жарыктандыруу боюнча эл аралык комиссиянын – ЖЭК аныктоосу боюнча): Булуттар менен толук жабылган жана горизонт үстүндөгү θ бийиктигиндеги жарыктыгы зениттеги жарыктыкка болгон катышы (1+2sinθ)/3 барабар шартты канаатандырган асман |
| **облицовка:** Конструкция из штучных материалов, образующая наружный слой элементов зданий (стен, колонн, перекрытий, цоколей) и поверхности сооружений | **беттөө:** Имараттардын элементтеринин (дубалдардын, түркүктөрдүн, калкалардын, цоколдордун) жана курулмалардын бетинин сырткы катмарын түзүүчү дааналаган материалдардан турган конструкция |
| **облицовочное защитное покрытие:** Защитное покрытие, состоящее из штучных материалов, укладываемых на химически стойкой смазке или растворе, подстилающего и изоляционного слоя | **беттеме коргоо жабуусу:** Химиялык туруктуу майдын же эритменин үстүнө жаткырылуучу, дааналаган материалдардан, төшөлүүчү жана обочолонтуучу катмардан турган коргоочу жабуу |

| | |
|---|---|
| **облицовочные работы:** Отделка поверхности зданий и сооружений | **беттөө жумуштары:** Имараттардын жана курулмалардын бетинин жасалгасы |
| **обмуровка котла:** Огнеупорные и теплоизоляционные ограждения котла, отделяющие его топочную камеру и газоходы от окружающей среды. Обмуровка котла позволяет уменьшить потери теплоты, снизить присосы холодного воздуха в газоходы и предотвратить выбивание из котла газов | **казанды думбалоо:** Казандын жагуу камерасы менен газ жүргүчүн айлана чөйрөдөн бөлгөн, отко чыдамдуу жана жылуулукту обочолонтуучу тосмолору. Казандын думбалоосу жылуулукту жоготууну азайтууга, газ жүргүчүнө муздак абанын сорулушун төмөндөтүү-гө жана казандан газдардын кагылуусун алдын алууга мүмкүндүк берет |
| **обои:** Рулонный отделочный материал на бумажной или другой гибкой основе, предназначенный для оклейки стен и потолков помещений | **тушкагаз:** Жайлардын дубалдары жана шыптарынын чаптоого арналган кагаз же башка ийкемдүү негиздеги түрүлмө жасалга материал |
| **оболочка:** Пространственная конструкция, ограниченная двумя криволинейными поверхностями, расстояние между которыми (толщина оболочки) мало по сравнению с остальными размерами конструкции | **кабыкча:** Конструкциянын башка өлчөмдөрү менен салыштырмалуу ортосундагы аралык (кабыкчанын калыңдыгы) аз болгон эки ийри сызыктуу беттер менен чектелген мейкиндиктүү конструкция |
| **оборачиваемость мобильного (инвентарного) здания, сооружения или комплекса:** Количество передислокаций мобильного (инвентарного) здания, сооружения или комплекса за определенный календарный срок | **мобилдүү (шаймандык) имараттын, курулманын же комплекстин айлануучулугу:** Мобилдүү (шаймандык) имараттын, курулманын же комплекстин белгилүү календардык мөөнөттүн ичинде ордун которуштурууларынын саны |
| **оборотное водоснабжение:** Многократное использование воды в системах водоснабжения на предприятиях | **айланма суу менен камсыздоо:** Ишканаларда суу менен камсыздоо тутумдарында сууну көп жолу кайталап пайдалануу |
| **оборудование здания инженерное:** Комплекс технических устройств, обеспечивающих благоприятные (комфортные) условия быта и трудовой деятельности населения, включающий водоснабжение (холодное и горячее), канализацию, вентиляцию, электрооборудование, газоснабжение, средства мусороудаления и пожаротушения, лифты, | **имараттын инженердик жабдуусу:** Суу менен камсыздоону (муздак жана ысык), суу агындылоону, желдетүүнү, электр менен камсыздоону, газ менен жабдууну, таштанды чыгаруу жана өрт өчүрүү каражаттарын, лифттерди, телефондоштурууну, радиолоштурууну жана ички абаттоонун башка түрлөрүн камтыган калктын тиричилигинин жана эмгек ишмердүүлүгүнүн жагымдуу |

| | |
|---|---|
| телефонизацию, радиофикацию и другие виды внутреннего благоустройства | (жайлуу) шарттарын камсыздаган техникалык түзмөктөрдүн комплекси |
| **оборудование связи:** Технические средства для направления, коммутации или передачи сообщений электросвязи, включая голосовые, звуковые, визуальные сообщения, передачу данных и изображения, а также любых элементов таких сообщений | **байланыш жабдуулары:** Үндү, тыбышты, көрмө билдирүүлөрдү кошуп алганда, маалыматтарды жана сүрөттөлүштөрдү, ошондой эле мындай билдирүүлөрдүн кандай болбосун элементтерин жиберүү, байланышуу же электр байланыш билдирүүлөрүн берүү үчүн техникалык каражаттар |
| **обочина:** Боковая часть земляного полотна между его бровкой и кромкой проезжей части автомобильной дороги или подошвой балластной призмы железнодорожного пути | **жолдун жээги:** Жертилкесинин кыры менен автоунаа жолунун жүрүүчү бөлүгүнүн жээгинин же темир жолдун теңдемелик призмасынын таманынын ортосундагы жертилкесинин каптал бөлүгү |
| **образец продукции, эталон продукции:** Образец изделия, изготавливаемый промышленным способом в одном или нескольких экземплярах (партией) с целью опытной проверки и контроля конструктивно-технических и потребительских качеств, предусмотренных техническим заданием на его проектирование и проектом | **өндүрүм үлгүсү, өндүрүм эталону:** Тажрыйбалык текшерүү жана буюмдун долбоорлоого техникалык тапшырмасында жана долбоордо каралган конструктивдик-техникалык жана керектөө сапаттарын контролдоо максатында өнөр жайыкмасы менен бир же бир нече нускада (партия менен) даярдалуучу буюмдун үлгүсү |
| **обратная лопата:** Рабочее оборудование одноковшового экскаватора, обеспечивающее копание движением вниз по направлению к машине | **тескери күрөк:** Машине багытында ылдый карай кыймылдоо менен казууну камсыздаган бир сузгучтуу жер челгинин жумушчу жабдуусу |
| **обратная (нелицевая) поверхность асбестоцементного изделия:** Поверхность асбестоцементного изделия, имеющая отпечатки технического сукна или сетки | **асбестцемент буюмдун тескери (беттик эмес жагы) бети:** Техникалык ноотунун же тордун издери бар асбестцемент буюмунун бети |
| **обращение продукции:** Выпуск или ввоз на территорию Кыргызской Республики продукции с последующей ее реализацией | **өндүрүмдү жүгүртүү:** Кийин сатуу үчүн өндүрүмдү чыгаруу же Кыргыз Республикасынын аймагына ташып келүү |
| **обрез:** Горизонтальный уступ стены или фундамента, образованный в | **кесинди:** Кынамдын жогору жаткан бөлүгүнүн калыңдыгынын өзгөрүлүүсү- |

| | |
|---|---|
| результате изменения толщины кладки вышележащей части | нөн пайда болгон дубалдын же пайдубалдын горизонталдуу кетенчиги |
| **обсадная труба:** Труба, применяемая для крепления стенок буровой скважины | **каптама түтүк:** Бургулоо жер куясынын капталдарын бекитүүдө колдонулган түтүк |
| **обстановка автомобильной дороги:** Совокупность устройств (ограждений, дорожных знаков и указателей), разметка проезжей части, оформление придорожной полосы и др., обеспечивающих безопасность, непрерывность движения транспортных средств, а также служащих для защиты участников движения и придорожных территорий | **автомобиль жолунун жагдайы:** Унаа каражаттарынын кыймылынын коопсуздугун, үзгүлтүксүздүгүн камсыз кылган, ошондой эле жол кыймылынын катышуучуларын жана жол боюндагы аймактарды коргоо үчүн кызмат өтөгөн түзмөктөрдүн (тосмолордун, жол белгилеринин жана көрсөткүчтөрдүн), жүрмө бөлүктөрдүн чийимдеринин, жол боюндагы тилкенин жасалгалоосунун ж.б. жыйындысы |
| **обугливание:** Образование углерода в результате пиролиза или неполного сгорания органического вещества | **көмүргө айлануу:** Пиролиз же органикалык заттардын толук эмес күйүүсүнүн натыйжасында көмүртектин пайда болушу |
| **общая площадь жилого строения, жилого дома:** Сумма площадей его помещений, встроенных шкафов, а также лоджий, балконов, веранд, террас и холодных кладовых, подсчитываемых со следующими понижающими коэффициентами: для лоджий - 0,5, для балконов и террас – 0,3, для веранд и холодных кладовых – 1,0; площадь, занимаемая печью, в площадь помещений не включается. Площадь под маршем внутриквартирной лестницы при высоте от пола до низа выступающих конструкций 1,6 м и более включается в площадь помещений, где расположена лестница; | **турак жай курулушунун жана турак үйдүн жалпы аянты:** Турак жайдын бөлмөлөрүнүн, кошо курулган шкафтарынын, лоджияларынын, балкондорунун, верандаларынын, террасаларынын жана муздак кампаларынын аянттарынын төмөндөгүдөй төмөндөтүлүүчү көмөк чоңдуктар менен эсептелүүчү суммасы: лоджиялар үчүн – 0,5, балкон жана террасалар үчүн – 0,3, веранда жана муздак кампаларүчүн - 1,0; меш ээлеген аянт бөлмөнүн аянтына кирбейт. Төшөлмөдөн чыгып турган конструкцияларынын төмөн жагына чейин 1,6 м жана андан бийик болгон батирдин ичиндеги шаты арышынын алдындагы аянт шаты жайгашкан жайдын аянтына кирет |
| **общая площадь многоквартирного дома:** Сумма общих площадей квартир, помещений общего пользования и нежилых помещений | **көп батирлүү үйдүн жалпы аянты:** Батирлердин, жалпы пайдаланылуудагы жайлардын жана турак эмес жайлардын аянттарынын жалпы суммасы |

| | |
|---|---|
| **общая площадь строений:** Подсчитывается как сумма площадей всех этажей жилого дома, хозяйственно-бытовых и иных строений | **курулуштардын жалпы аянты:** Турак үйдүн баардык кабаттарынын, чарбалык-тиричилик жана башка курулуштардын аянттарынын суммасы катары эсептелип чыгарылат |
| **общая площадь квартиры:** Суммарная площадь жилых и подсобных помещений квартиры с учетом лоджий, балконов, веранд, террас | **батирдин жалпы аянты:** Лоджияларды, балкондорду, верандаларды, террасаларды кошо эсептегенде батирдин турак жана көмөкчү жайларынын суммардык аянты |
| **общее имущество собственников жилых и нежилых помещений многоквартирного дома:** Помещения, внутридомовые сети и инженерное оборудование, в том числе оборудование связи, обслуживающие более одного собственника (подъезды, вестибюли, межквартирные лестничные клетки и площадки, лестницы, вентиляционные и лифтовые шахты, внеквартирные коридоры, коридоры, сушилки, прачечные, кладовые, чердак, технические этажи, подвалы, переходные шлюзы, мусорокамеры, мусоропроводы, крыша (кровля)), строительные конструкции здания, другие подсобные помещения, а также придомовые земельные участки | **көп батирлүү үйдүн турак жана турак эмес жайларынын менчик ээлеринин жалпы мүлкү:** Бирден ашуун менчик ээсин тейлөөчү жайлар, үй ичиндеги тарамдар жана инженердик жабдуу, анын ичинде байланыш жабдуусу (астаналар, вестибюлдар, батир аралык шаты капастары жана аянтчалар, шатылар, желдеткич жана лифт шахталары, батирден тышкары далистер, далистер, кир жайгычтар, кир жуугучканалар, чыгдандар, чатыр, техникалык кабаттар, жер төлөлөр, өткөөл шлюздар, таштанды камералары, таштанды өткөргүчтөр, тамбашы (калканчык), имараттын курулуш конструкциялары, башка көмөкчү жайлар, ошондой эле үй алдындагы жер участкалары |
| **общее освещение:** Освещение, при котором светильники размещаются в верхней зоне помещения равномерно (общее равномерное освещение) или применительно к расположению оборудования (общее локализованное освещение) | **жалпы жарыктандыруу:** Жайдын үстүнкү чөлкөмүндө шамчырактар бир калыпта орноштурулган жарыктандыруу (жалпы тегиз жарыктандыруу) же жабдуулардын жайгашкан жерине ылайыктап орноштурулган жарыктандыруу (жалпы жергиликтүү жарыктандыруу) |
| **общее рабочее помещение:** Помещение, в котором могут быть размещены до 6 рабочих мест, включая рабочее место руководителя подразделения | **жалпы жумушчу жай:** Түзүмдүк бөлүмдүн жетекчисинин жумушчу орунун кошкондо 6 жумушчу орунга чейин жайгаштырыла турган жай |
| **общественные территории:** | **коомдук аймактар:** Бийлик |

| | |
|---|---|
| Территории, предназначенные для размещения объектов органов власти, представительств и посольств; научно-исследовательских и проектно-конструкторских организаций; объектов культуры, образования (высшие и средние профессиональные учебные заведения, школы, учреждения дошкольного и внешкольного воспитания); религиозных организаций; торговли, обслуживания; спорта, отдыха; здравоохранения; гостиниц; объектов социальной службы | органдарынын, өкүлчүлүктөрдүн жана элчиликтердин; илим-изилдөө жана долбоордук-конструктордук юмдардын объекттерин; маданият, билим берүү (жогорку жана атайын кесиптик орто окуу жайлары, мектептер, мектепке чейинки жана мектептен тышкаркы тарбия берүүчү балдар мекемелери) объекттерин; диний уюмдардын; соода, тейлөө; спорт, эс алуу; саламаттык сактоо объекттерин; мейманканаларды, социалдык кызмат объекттерин жайгаштыруу үчүн арналган аймактар |
| **общественные здания:** Это гражданские сооружения для временного пребывания людей и осуществления различной деятельности: торговли, общественного питания, спортивной, культурно-просветительной, транспортного обслуживания | **коомдук имараттар:** Адамдардын убактылуу болуусуна жана ар кандай ишмердүүлүктү жүргүзүүсүнө арналган жарандык курулмалар: соода, коомдук тамактануу, спорттук, маданий-агартуу, унаалык тейлөө ж.б. |
| **общественный жилищный фонд:** Фонд, состоящий в собственности общественных объединений | **коомдук турак жай фонду:** Коомдук бирикмелердин менчигинде турган фонд |
| **объединенный вокзал:** Комплекс зданий и сооружений для обслуживания пассажиров несколькими видами транспорта | **бириктирилген бекет:** Жүргүнчүлөрдү унаанын бир нече түрлөрү менен тейлөө үчүн имараттардын жана курулмалардын комплекси |
| **объект защиты**: Имущество физических или юридических лиц, государственное или муниципальное имущество (включая территорию, здания, сооружения, транспортные средства, технологические установки, оборудование, агрегаты, изделия и иное имущество), к которым установлены или должны быть установлены требования пожарной безопасности | **коргоо объектиси**: Аларга карата өрт коопсуздугунун талаптары аныкталган же аныкталууга тийиш болгон жеке же юридикалык жактардын мүлкү, мамлекеттик же муниципалдык (аймакты, имараттарды, курулмаларды, унаа каражаттарын, технологиялык орнотмолорду, жабдууларды, агрегаттарды, буюмдарды жана башка мүлктөрдү кошкондо) мүлк |
| **объемно-блочные здания:** Возводимые из крупных объемно-пространственных железобетонных элементов массой до 25 т, заключающих в себе жилую комнату или другой фрагмент здания. Объемные блоки, как | **көлөмдүк-блоктук имараттар:** Массасы 25 т чейин болгон ири көлөмдүү-мейкиндиктүү темир бетон элементтеринен тургузулуучу, өзүнө турак жай бөлмөсүн же имараттын башка бир фрагментин камтыган |

| | |
|---|---|
| правило, устанавливали друг на друга без перевязки швов<br><br>(Измененная редакция, Изм. №1) | имараттар. Көлөмдүү блокторду, эреже катары, жиктерди байлаштырбастан бири-биринин үстүнө орнотушат<br>(Өзгөртүлгөн редакция, №1 Өзг.) |
| **объект народного хозяйства:** Предприятие, объединение, учреждение или организация сферы материального производства или непроизводственной сферы хозяйства, расположенное на единой площадке | **элдик чарбанын объектиси:** Бирдиктүү аянтчада жайгашкан ишкана, бирикме, мекеме же материалдык өндүрүш чөйрөсүнүн же чарбанын өндүрүштүк эмес чөйрөсүнүн уюму |
| **объект опасности:** Строительные материалы, изделия и конструкции и взаимосвязанные с ними процессы производства (изготовления), транспортировки, хранения, реализации, использования и утилизации, которые могут оказывать негативное воздействие на людей, их имущество, окружающую среду, животных и растения | **кооптуулук объектиси:** Адамдарга, алардын мүлкүнө, айлана-чөйрөгө, жаныбарларга жана өсүмдүктөргө терс таасир тийгизиши мүмкүн болгон курулуш материалдары, буюмдары жана конструкциялары, алар менен өз ара байланыштагы өндүрүү (даярдоо), ташуу, сактоо, сатуу, колдонуу жана кайра колдонуу жараяндары |
| **объемно-планировочное решение:** Объемно-планировочная компоновка элементов здания и сооружения, удовлетворяющая определенные эксплуатационные и конструктивные требования | **көлөмдүк-пландаштыруучу чечим:** Белгилүү бир эксплуатациялык жана конструкциялык талаптарды канааттандыруучу имараттын же курулманын элементтеринин көлөмдүк-пландаштыруучу айкашуусу |
| **объект различения:** Рассматриваемый предмет, отдельная его часть или дефект, которые требуется различать в процессе работы | **айырмалоо объектиси:** Жумуштун жүрүшүндө айырмалоону талап кылган каралуучу предмет, анын өзүнчө бөлүгү же кемтиги |
| **объект республиканского значения:** Объект, планирование, проектирование и строительство которого независимо от источников финансирования связаны с выполнением стратегических или иных важных общегосударственных задач, имеющих межобластное, общереспубликанское, межгосударственное (международное) значение | **республикалык маанидеги объект:** Облустар аралык, жалпы республикалык, мамлекеттер аралык (эл аралык) мааниге ээ, пландаштырылуусу, долбоорлонушу жана курулушу каржылоо булагына карабастан стратегиялык же башка маанилүү жалпы мамлекеттик маселелерди аткаруу менен байланыштуу болгон объекттер |
| **объект строительства:** Строящееся здание, сооружение или комплекс зданий и сооружений<br>(Измененная редакция, Изм. №1) | **курулуш объектиси:** Курулуучу имарат, курулма же имараттардын жана курулмалардын комплекстери<br>(Өзгөртүлгөн редакция, №1 Өзг.) |

| | |
|---|---|
| **объекты архитектурной, градостроительной и строительной деятельности:** Территория КР, областей, районов, населенных пунктов и их частей, функциональные зоны, объекты недвижимости, включая все виды сооружений, сотносящимися к ним технологическим иинженерным оборудованием, специальные экономические зоны, недвижимые памятники истории и культуры, природы и городского ландшафта, статус которых установлен законодательством КР | **архитектуралык, шаар куруу жана курулуш ишмердүүлүгүнүн объекттери:** Макамы КР мыйзамдары менен аныкталган КР облустарынын, райондорунун, калктуу конуштарынын жана алардын бөлүктөрүнүн аймагы, функционалдык чөлкөмдөр, курулмалардын баардык түрлөрүн, аларга тийешелүү болгон технологиялык жана инженердик жабдууларды кошо эсептөө менен кыймылсыз мүлк объекттери, атайын экономикалык чөлкөмдөр, тарыхый жана маданий, жаратылыш жана шаар ландшафтынын кыймылсыз эстеликтери |
| **объекты градостроительной деятельности:** Системы расселения, города, другие поселения и их части | **шаар куруу ишмердүүлүгүнүн объекттери:** Шаарды ж.б калктуу конуштарды жана анын бөлүктөрүн орунтукташтыруу тутуму |
| **объекты малых архитектурных форм:** Объекты декоративно-монументального искусства (стеллы, памятники, арки), фонтаны, декоративные ограждения, в том числе рекламные сооружения и другие элементы дизайна и благоустройства | **чакан архитектуралык форма объекттери:** Жасалгалык-монументалдык искусство объекттери (таш мамылар, эстеликтер, жаа өткөөлдөр), оргумалар, жасалгалуу тосмолор, анын ичинде жарнамалык курулмалар, дизайндын жана абаттоонун башка элементтери |
| **объекты облегченного типа:** Передвижные, переносные палатки, киоски, лотки, павильоны, летние площадки, навесы, рекламные конструкции, переносные (мобильные) точки реализации напитков, передвижные точки общественного питания и иные строения и сооружения, не являющиеся объектом недвижимости<br><br>(Измененная редакция, Изм. №1) | **жеңилдетилген типтеги объекттер:** Көчмө, ташып жүрүүчү палаткалар, киосктор, лотоктор, павильондор жайкы аянтчалар, бастырмалар, жарнамалык конструкциялар, суусундуктарды сатуунун көчмө (мобилдүү) түйүндөрү, коомдук тамактануу көчмө түйүндөрү жана кыймылсыз мүлк объекттери болуп эсептелбеген курулуштар жана курулмалар<br>(Өзгөртүлгөн редакция, №1 Өзг.) |
| **объекты технического регулирования:** Продукция, в том числе здания и сооружения и/или связанные с требованиями к продукции процессы проектирования (включая | **техникалык жөнгө салуу объекттери:** Өндүрүм, анын ичинде имараттар жана курулмалар жана/же өндүрүмгө карата коюлган талаптар менен байланышкан долбоорлоо |

| | |
|---|---|
| изыскания), производства, строительства, монтажа, наладки, хранения, перевозки, реализации, эксплуатации, утилизации, выполнение работ и оказание услуг | (изилдөөнү кошкондо), өндүрүү, куруу, монтаждоо, жөндөө, сактоо, ташуу, сатуу, пайдалануу, керекке жаратуу, жумуштарды аткаруу жана кызмат көрсөтүү жараяндары |
| **объем здания:** Объем подземной и надземной части вместе. При этом учитываются все помещения – как жилые, так и нежилые, а фундамент не входит в формулы<br><br>(Измененная редакция, Изм. №1) | **имараттын көлөмү:** Имараттын жер алдындагы жана жер үстүндөгү бөлүктөрүн бирге эсептегендеги көлөм. Мында баардык жайлар – турак жана турак эмес жайлар эсепке алынат, ал эми пайдубал - формулага камтылбайт.<br>(Өзгөртүлгөн редакция, №1 Өзг.) |
| **объемные силы, массовые силы:** Силы, действующие на все частицы (элементарные объемы) тела и пропорциональные массам этих частиц | **көлөмдүк күчтөр, массалык күчтөр:** Нерсенин баардык бөлүкчөлө-рүнө (элементардык көлөмдөр) жана ушул бөлүкчөлөрдүн массаларына пропорционалдуу аракет эткен күчтөр |
| **обязательное положение (требование):**<br>1 Положение (норма или правило), применение которого обязательно по закону.<br>Примечание – В соответствии с документами ИСО положение нормативного документа может быть: обязательным по общему закону или в связи со ссылкой в регламенте; обязательным с точки зрения достижения соответствия тому документу, в котором это положение содержится; обязательным в рамках выбора или дополнительно для определенных случаев (альтернативное требование);<br>2 Требование нормативного документа подлежащее обязательному выполнению с целью достижения соответствия этому документу | **милдеттүү жобо (талап):**<br>1 Мыйзам боюнча милдеттүү түрдө колдонула турган жобо (ченем же эреже).<br>Эскертүү – ИСО документтерине жараша ченемдик документтин жобосу мындай болушу мүмкүн: жалпы мыйзам боюнча же регламенттеги шилтемеге байланыштуу милдеттүү; ушул жобо камтылган документке ылайык келүүгө жетишүү үчүн милдеттүү; тандоо алкагындаже белгилүү учурлар үчүн кошумча (альтернативдүү талап) милдеттүү;<br>2 Ушул документке шайкештикке жетишүү максатында милдеттүү түрдө аткарууга жаткан ченемдик документтин талабы |
| **общая площадь жилого помещения:** Сумма жилой и нежилой площадей жилого помещения, за исключением балконов, лоджий, веранд и террас | **турак жайдын жалпы аянты:** Турак жайдын балкондорду, лоджияларды, верандаларды жана терассаларды кошпогондо турак жана турак эмес аянттарынын суммасы |
| **огневые работы:** Работы, связанные с применением открытого огня, искрообразованием | **от иштери:** Ачык отту, учкун жаратууну (электр менен ширетүү, газ менен ширетүү, бензин менен кесүү, |

| | |
|---|---|
| (электросварка, газосварка, бензорезка, работы с использованием паяльных ламп, варка битума идругие работы с выделением искр) | кандоо күйгүзмөлөрүн, битум кайнатуу ж.б. учкун чыгаруу менен аткарылуучу жумуштар) колдонуу менен байланышкан жумуштар |
| **огибающая направляющая:** Переходные радиусные участки направляющих вспомогательных бегунков между рабочей и нерабочей ветвями | **курчама багыттоочу:** Иштөөчү жана иштебеген бутактардын ортосундагы багыттоочу жардамчы жүгүртмөлөрдүн өтмө радиустук участкалары |
| **огневая нагрузка (пожарная нагрузка):** Общий тепловой потенциал, учитывающий количество сгораемых материалов, отнесенный на 1 кв.м площади пола здания или сооружения | **от жүктөмү (өрттүк жүктөм):** Имараттын же курулманын төшөлмөсү-нүн 1 чарчы метр аянтына келтирилген күйүүчү материалдардын санын эсепке алуучу жалпы жылуулук потенциалы |
| **огнезащита:** Снижение пожарной опасности материалов и конструкций путем специальной обработки | **оттон коргоо:** Атайын иштетүү менен материалдардын жана конструкциялардын өрт кооптуулугун төмөндөтүү |
| **огнезащитное вещество (смесь):** Вещество (смесь), обеспечивающее огнезащиту | **оттон коргоочу зат (аралашма):** Оттон коргоону камсыздаган зат (аралашма) |
| **огнезащитная обработка:** Нанесение покрытия на поверхность или глубокая пропитка, которая увеличивает предел огнестойкости конструкций и уменьшает предел распространения огня | **оттон коргоочу иштетүү:** Конструкциялардын отко чыдамдуулук чегин жогорулаткан жана оттун жайылуу чегин азайткан бетти жабуулоо же бетке терең сиңирүү |
| **огнезащитное изделие (материал, конструкция):** Изделие (материал, конструкция), пониженная пожарная опасность которого является результатом огнезащиты | **оттон коргоочу буюм (материал, конструкция):** Оттон коргоонун натыйжасы өрт кооптуулугунун төмөндүгү болуп саналган буюм (материал, конструкция) |
| **огнепреграждающая способность:** Способность препятствовать распространению горения | **отту тосуучу касиет:** Күйүүнүн жайылуусуна тоскоолдук кылган касиет |
| **огнепреграждающее устройство:** Устройство, обладающее огнепреграждающей способностью | **отту тосуучу түзмөк**: Отту тосуу касиетине ээ болгон түзмөк |
| **огнестойкий асбестоцементный плоский лист:** Изделие, обладающее повышенным сопротивлением теплопередаче, используемое для защиты строительных конструкций | **отко чыдамдуу асбестцемент жалпак табак:** Жылуулукту өткөрүүгө жогорулатылган каршылыкка ээ болгон, өрттө курулуш конструкцияларын оттун таасиринен коргоо үчүн колдонулган |

| | |
|---|---|
| отвоздействия огня при пожаре | буюм |
| **огнестойкость:** Способность изделия, конструкции или элемента сооружения сохранять при пожаре несущую и огнепреграждающую способность, т.е. сопротивляться обрушению (разрушению), прогреву до температур возгорания, образованию сквозных отверстий и трещин, а также препятствовать распространению горения по поверхности или внутри изделия (конструкции сооружения). Время, в течение которого изделие сохраняет огнестойкость при специальных огневых испытаниях, называется пределом огнестойкости | **отко чыдамдуулук:** Буюмдун, конструкциянын же курулманын элементинин өрт учурунда жүк көтөрүүчү жана отту тосуучу касиеттерин сактоо, б.а. кыйроого (талкаланууга), тутануу температураларына чейин ысытууга, өтмө көзөнөктөрдүн жана жаракалардын пайда болуусуна каршылык көрсөтүү, ошондой эле буюмдун (курулманын конструкциясынын) бети же ичи боюнча күйүүнүн жайылуусун тосколдук жаратуу касиети. Атайын от сыноолорунда буюм отко чыдамдуулугун сактаган убакыт отко чыдамдуулуктун чеги деп аталат |
| **огнетушащее вещество:** Вещество, обладающее физико-химическими свойствами, позволяющими создать условия для прекращения горения | **от өчүрүүчү зат:** Күйүүнү токтотуу үчүн шарттарды түзүүгө мүмкүндүк берген физикалык-химиялык касиеттерге ээ болгон зат |
| **огнетушащие средства:** Углекислота (диоксид углерода), химические и воздушно-механические пены, галоидированные углеводороды (бромистый этил, фреоны), порошки, вода | **от өчүрүүчү каражаттар:** Көмүр кычкылдыктар (көмүртек диоксиди), химиялык жана аба-механикалык көбүктөр, галоидделген көмүрсуутектер (бромдуу этил, фреондор), күлмайдалар, суу |
| **огнетушитель:** Переносное или передвижное устройство для тушения очагов пожара за счет выпуска запасенного огнетушащего вещества | **от өчүргүч:** Камдалган от өчүрүүчү затты чыгаруунун эсебинен өрт очогун өчүрүү үчүн которулма жекөчмө түзмөк |
| **огнетушитель СО2:** Огнетушитель с зарядом двуокиси углерода | **СО2 от өчүргүч:** Көмүртектин кош кычкылынын дүрмөтү менен от өчүргүч |
| **огнеупорность:** Способность материалов противостоять, не расплавляясь, воздействию высоких температур | **отко туруктуулук:** Материалдардын жогорку температуралардын таасирине эрибестен каршы туруу касиети |
| **огнеупоры:** Материалы и изделия, изготовляемые, главным образом, на основе минерального сырья, обладающие огнеупорностью не ниже 1580$^{\circ}$ С | **отко туруктуулар:** Негизинен, минералдык чийки заттын негизинде даярдалуучу 1580$^{\circ}$С төмөн эмес отко туруктуулукка ээ болгон материалдар жана буюмдар |
| **огонь:** Процесс горения, | **от:** Жылуулукту, түтүндү жана |

| | |
|---|---|
| характеризуемый выделением тепла, дыма и пламени | жалынды бөлүп чыгаруу менен мүнөздөлгөн күйүү жараяны |
| **ограждающие конструкции:** Строительные конструкции, составляющие наружную оболочку здания или разделяющие его на отдельные помещения; могут одновременно служить и несущими конструкциями | **тосмолоочу конструкциялар:** Имараттын сырткы кабыкчасын түзгөн же аны өзүнчө жайларга бөлүүчү курулуш конструкциялары; ошол эле учурда жүк көтөрүүчү конструкциялар катары да кызмат кыла алышат |
| **ограждающий вал, защитная дамба:** Регуляционное сооружение в виде насыпи,ограждающее пойму или часть её от затопления высокими водами (половодными и паводковыми) | **тосмо жал, коргоочу маргатон:** Жайылманы же анын бөлүгүн бийик суулар (кирген жана топон) менен каптап кетүүдөн тоскон, үймөк түрүндө жөнгө салуучу курулма |
| **ограждение:** Вертикальная ограждающая конструкция на перепаде отметок пешеходных поверхностей, вокруг опасных мест и нависающих препятствий | **тосмо:** Жөө жүргүнчүлөр үчүн өткөөлдөрдүн белгилеринин айырмачылыгындагы, кооптуу жерлердин жана салаңдап турган жерлердин жанындагы тикесинен турган тосмолоочу конструкция |
| **ограждение защитное:** Устройство, препятствующее не преднамеренному доступу людей в зону действия опасного производственного фактора, а также предназначенного для изоляции соответствующих рабочих мест от доступа посторонних лиц | **коргоочу тосмо:** Кооптуу өндүрүштүк фактордун таасири тийген аймакка адамдардын атайлабай кирип кетүүсүнө тоскоол кылган, ошондой эле тийишелүү жумуш орундарын бөтөн адамдардан обочолонтууга арналган түзмөк |
| **ограждение сигнальное:** Устройство, предназначенное для предупреждения о потенциальной производственной опасности и обозначения зон ограниченного доступа | **ишарат белгилик тосмо:** Мүмкүн болгон өндүрүш кооптуулугунуналдын алууга жана кирүүгө чектөө коюлган аймактарды белгилөөгө арналган түзмөк |
| **ограждение на перепаде высоты:** Строительные конструкции, сооружаемые на лестницах, балконах, открытых площадках, антресолях, переходах и т.п. для предохранения человека от падения с высоты и травмы | **бийиктиктердин айырмачылы-гындагы тосмо:** Адамды бийиктиктен кулап кетүүдөн жана жаракат алуудан алдын ала коргоо үчүн шатыларда, балкондордо, ачык аянттарда, антресолдордо, өткөөлдөрдө ж.б. коюлуучу курулуш конструкциялары |
| **ограничение жизнедеятельности:** Полная или частичная утрата лицом способности или возможности осуществлять самообслуживание, | **жашоо-тиричиликтин чектели-ши:** Адамдын өзүн-өзү тейлөөсүн, өз алдынча орун которуусун, багыт алуусун, карым-катташуусун, өз жүрүм- |

| | |
|---|---|
| самостоятельно передвигаться, ориентироваться, общаться, контролировать свое поведение, обучаться и заниматься трудовой деятельностью | турумун контролдоосун, окуусун жана эмгектенүүсүн жүзөгө ашыруу жөндөмдүүлүгүн же мүмкүнчүлүгүн толук же жарым-жартылай жоготуусу |
| **огрунтовка:** Процесс подготовки очищенной и обезжиренной поверхности под окраску путем предварительного нанесения красящих составов с целью выравнивания и уменьшения пористости поверхности, улучшения сцепления с окрасочным слоем и уменьшения общего расхода красителя | **жердиктөө:** Бетти тегиздөө жана анын көңдөйлүүлүгүн азайтуу, сырдоо катмары менен жабышуусун жакшыртуу жана сырдоочу заттын жалпы чыгымын азайтуу максатында сырдоочу курамдарды алдын ала сыйпоо жолу менен тазаланган жана майсыздандырылыган бетти сырдоого даярдоо жараяны |
| **одежда дорожная (одежда аэродромная):** Однослойная или многослойная конструкция, воспринимающая нагрузку от транспортных средств и передающая ее в рассредоточенном видена землянное полотно и грунтовое основание, состоящая из покрытия, основания и дополнительных слоев (подстилающего, морозозащитного, дренирующего, выравнивающего и др.) в зависимости от местных условий | **жолдун жабуусу (аэродромдун жабуусу):** Унаа каражаттарынан жүктөмдү кабыл алып, аны кыртыш тилкесине жана кыртыштык жерпайга жайылтылган түрдө өткөрүп берүүчү, жергиликтүү шарттарга жараша жабуудан, жер пайдан жана кошумча катмарлардан (төшөөчү, суукта н коргоочу, сарыктыруучу, түздөөчү ж.б.) турган бир же көп катмарлуу конструкция |
| **одноковшовый экскаватор:** Самоходная машина цикличного действия с рабочими органами в виде ковша или другого сменного оборудования. В зависимости от назначения и вида выполняемых работ одноковшовые экскаваторы подразделяются на универсальные (главным образом для производства строительных и землеройных работ), карьерные, вскрышные и торфяные, подземные и плавучие, шагающие и др. | **бир сузгучтуу жерчелгич:** Сузгуч же башка алмашылма жабдуулар түрүндөгү жумушчу органдарыменен циклдүү кыймылдагы өзү жүрмө машина. Аткарылып жаткан жумуштардын дайындалышына жана түрүнө жараша бир сузгучтуу жерчелгичтер универсалдуу (негизинен курулуш жана жер казуу жумуштарын аткаруу үчүн), карьердик, сыйрыгыч жана чым көңдүк, жер астындагы жана сууда калкып жүрүүчү, кадамдоочу ж.б. болуп бөлүнүшөт |
| **однополюсное прикосновение:** Прикосновение к полюсу электроустановки, находящейся под | **бир уюлдук тийип алуу:** Чыңалуу алдында турган электр орнотмосунун уюлуна тийип алуу |

| | |
|---|---|
| напряжением | |
| **одноприводной эскалатор:** Эскалатор, у которого рабочие механизмы приводятся в действие одним валом | **бир иштеткичтүү жүрмө тепкич:** Жумушчу механизмдери бир октолгооч кыймылга келтирилген жүрмө тепкич |
| **односкоростной эскалатор:** Эскалатор, имеющий одну эксплуатационную скорость | **бир ылдамдыктуу жүрмө тепкич:** Бир пайдалануучулук ылдамдыкка ээ жүрмө тепкич |
| **одобрение:** Разрешение, выданное в порядке, установленном техническими регламентами, на выпуск продукции в обращение или на использование по заданному назначению или в заданных условиях | **жактыруу:** Техникалык регламенттер тарабынан аныкталган тартипте өндүрүмдү жүгүртүүгө чыгаруу же белгиленген дайындалышта же шарттарда пайдалануу үчүн берилген уруксат |
| **окислители:** Вещества и материалы, обладающие способностью вступать в реакцию с горючими веществами, вызывая их горение, а также увеличивать его интенсивность | **кычкылдандыргычтар:** Алардын күйүүсүн пайда кылуучу, ошондой эле анын ургалдуулугун көбөйтүүчү күйүүчү заттар менен реакцияга кирүү касиетине ээ заттар жана материалдар |
| **опасная зона:** Пространство, в котором на работающего воздействуют опасные и вредные производственные факторы | **кооптуу чөлкөм:** Жумушчуга кооптуу жана зыяндуу өндүрүш факторлорунун таасири тийген мейкиндик |
| **опасные объекты строительства:** Здания и сооружения, в которых производятся, перерабатываются, используются, хранятся, транспортируются, уничтожаются, реализуются воспламеняющие, горючие, окисляющие, взрывчатые, токсичные и радиоактивные вещества; используются оборудования, работающие под давлением более 0,07 МПа или при температуре нагрева воды 115 град. Цельсия и выше; используются стационарно установленные и передвижные грузоподъемные механизмы, эскалаторы, канатные дороги, фуникулеры | **курулуштун кооптуу объекттери:** От алуучу, күйүүчү, кычкылдануучу, жарылгыч, уулуу жана радиоактивдүү заттар өндүрүлүүчү, кайрадан иштетилүүчү, колдонулуучу, сакталуучу, ташылуучу, жок кылынуучу, сатылуучу заттар; 0,07 МПа ашык басым алдында же сууну 115 град. Цельсияда жана андан жогору температурада ысытып иштетүүчү жабдуулар колдонулган; туруктуу орнотулган жана көчмө жүк көтөргүч механизмдер, жүрмө тепкичтер, зым аркан жолдору, фуникулерлор колдонулуучу имараттар жана курулмалар |
| **опасные отходы:** Отходы, содержащие в своем составе вещества, которые обладают одним из следующих | **кооптуу калдыктар:** Курамында төмөнкүдөй кооптуу касиеттердин бирине ээ,өздөрүнүн саны, башка заттар |

| | |
|---|---|
| опасных свойств: токсичность, взрывчатость, воспламеняемость, высокая реакционная способность, радиоактивность и которые присутствуют в таком количестве, что представляют потенциальную опасность для здоровья людей и окружающей среды как сами, так и в контакте с другими веществами | менен катышы менен адамдардын ден соолугу, курчап турган чөйрө үчүн кооптуу болгон заттар бар калдыктар: уулуулук, жарылуучулук, от алуучулук, жогору реакциялык касиеттүүлүк, радиоактивдүүлүк |
| **опасные факторы взрыва:** Факторы взрыва, воздействие которых может привести к поражению (разрушению) объектов (строений), травме, гибели людей и (или) к материальному ущербу | **жарылуунун кооптуу факторлору:** Алардын таасири объекттердин (курулуштардын) бузулушуна (кыйрашына), адамдардын жаракат алышына, өлүмүнө жана (же) материалдык чыгымдарга алып келиши мүмкүн болгон жарылуу факторлору |
| **опасные факторы пожара**: Факторы пожара, воздействие которых может привести к травме, отравлению или гибели человека и (или) к материальному ущербу | **өрттүн кооптуу факторлору**: Алардын таасири адамдын жаракат алышына, ууланышына же өлүмүнө жана (же) материалдык зыянга алып келиши мүмкүн болгон өрт факторлору |
| **опасный производственный фактор:** Производственный фактор, воздействие которого на работника может привести к его травме | **кооптуу өндүрүш фактору:** Жумушчуга тийгизген таасири анын жаракат алуусуна алып келген өндүрүш фактору |
| **операционные блоки:** Отделение медицинского учреждения (операционного отделения), в котором проводятся оперативные вмешательства в стерильных условиях | **операциялык блоктор:** Стерилдүү шарттарда оперативдүү кийлигишүүлөр жүргүзүлүүчү медициналык мекемелердеги (операциялык бөлүмдөрдөгү) бөлүм |
| **описательное положение:** Положение о соответствии назначению, касающееся характеристик продукции, процесса, услуги | **баяндоочу жобо:** Өндүрүмдүн, жараяндын же кызматтын мүнөздөмөлөрүнө алардын дайындалыштарынын шайкеш келүүсү жөнүндөгү жобо |
| **опорный план:** План современного использования территории | **таянычтык планы:** Аймакты заманбап пайдалануу мерчеми |
| **опорный план населенного пункта (схема современного использования территории):** Топографическое отображение информации об использовании территории (существующая жилая и общественная застройка, распределение | **калктуу конуштун таяныч планы (аймакты заманбап колдонуу сөлөкөтү)**: Аймактарды колдонуу тууралуу маалыматтардын топографиялык берилиши (калыптанган турак жай жана коомдук курулмалар, кабаттуулугу жана маанилүүлүгү боюнча аларды |

| | |
|---|---|
| ее по этажности и капитальности, промышленно-коммунальные объекты, транспортные и инженерные коммуникации, зеленые насаждения, а также территории культурного наследия, зон с особыми условиями использования территорий, подверженных риску возникновения чрезвычайных ситуаций<br>(Измененная редакция, Изм. №1) | бөлүштүрүү, өндүрүштүк-коммуналдык объекттер, унаалык жана инженердик коммуникациялар, бак-дарактар, ошондой эле маданий мурастардын аймагы, аймактарды өзгөчө шарттарда колдонуу чөлкөмү, өзгөчө кырдаалга дуушар болуучу аймактарды колдонуунун өзгөчө шарттарынын чөлкөмү)<br>(Өзгөртүлгөн редакция, №1 Өзг.) |
| **орган по аккредитации:** Орган, уполномоченный на проведение аккредитации в градостроительной деятельности | **аккредитациялоо боюнча орган:** Шаар куруу ишмердигинде аккредитациялоо жүргүзүүгө ыйгарым укуктуу орган |
| **орган по оценке соответствия:** Юридическое лицо, проводящее работы по оценке соответствия | **шайкештикти баалоо боюнча орган:** Шайкештикти баалоо боюнча жумуштарды жүргүзүүчү юридикалык жак |
| **орган по сертификации:** Юридическое лицо, проводящее работы по сертификации | **тастыктамалоо боюнча орган:** Тастыктамалоо боюнча жумуштарды жүргүзүүчү юридикалык жак |
| **орган по сертификации (оценке и подтверждению соответствия):** Орган, аккредитованный для осуществления подтверждения соответствия | **тастыктамалоо боюнча орган (шайкештикти баалоо жана ырастоо):** Шайкештикти ырастоо үчүн аккредитацияланган орган |
| **орошение, ирригация:** Искусственное повышение влажности почвы с целью создания в ней благоприятного режима, необходимого для получения высоких и устойчивых урожаев сельскохозяйственных культур | **сугат, ирригация:** Айыл чарба өсүмдүктөрүнүн жогорку жана туруктуу түшүмүн алуу үчүн зарыл болгон жагымдуу шарттамды түзүү максатында кыртыштын нымдуулугун жасалма жол менен жогорулатуу |
| **осадка в строительстве:** Понижение сооружения (земляного), вызванное уплотнением его основания или сокращением вертикальных размеров сооружения (его частей) | **курулуштагы отуруу:** Жер курулмасынын анын жерпайынын тыгыздалышынан же курулманын (анын бөлүктөрүнүн) вертикалдык өлчөмдөрүнүн кыскарышынан төмөндөөсү |
| **осадка конуса:** Показатель пластичности раствора или бетона при лабораторных испытаниях | **конустун отуруусу:** Лабораториялык сыноолордо эритменин же бетондун майышуучулугунун көрсөткүчү |
| **осадочные горные породы:** Породы, образовавшиеся путем | **чөкмө тоо тектери:** Негизинен суулуу чөйрөдө, кээде абадан жана |

| | |
|---|---|
| осаждения веществ, главным образом, в водной среде, реже из воздуха и в результате действия ледников на поверхности суши, в морских и океанических бассейнах | деңиз, океан чалкымаларында мөңгүлөрдүн кургактыктын үстүндөгү таасиринин натыйжасында келип чыккан заттардын тунуусунан пайда болгон тектер |
| **осадочный шов:** Соединение частей сооружений, обеспечивающее их свободное взаимное смещение в допустимых пределах по вертикали, которое возникает под действием нагрузок (в результате нагрева, охлаждения, при изменениях в земной коре) | **отуруу жиги:** Курулманын бөлүктөрүнүн жүктөмдүн (ысытуунун, муздатуунун, жер кыртышындагы өзгөрүүлөрдүн натыйжасында) таасиринен пайда болгон вертикал боюнча жол берилген чектерде өз ара жылышууларын камсыз кылган курулманын бөлүктөрүн бирикмеси |
| **освещение безопасности:** Освещение для продолжения работы при аварийном отключении рабочего освещения | **коопсуздук жарыктандыруусу:** Жумушчу жарыктандыруусунун авариялык өчүрүүлөрүндө жумуштарды улантуу үчүн жарыктандыруу |
| **освещенность:** Отношение светового потока падающего на элемент поверхности, содержащий рассматриваемую точку, к площади этого элемента | **жарыктык:** Каралып жаткан чекитти камтыган беттин элементине түшкөн жарык агымынын ошол элементтин аянтына карата катышы |
| **оседание:** Вертикальная составляющая вектора сдвижения точки земной поверхности в мульде сдвижения | **отуруу:** Жылышуу мульдасындагы жер үстүндөгү чекиттин жылышуу векторунун вертикалдуу түзүүчүсү |
| **оси разбивочные:** Линии (направления), имеющие заданные координаты, обозначаемые закреплен-ными на местности геодезическими знаками или постоянно закрепленными ориентирами на смонтированных в проектном положении несущих конструкциях, определяющих положение в натуре отдельных элементов зданий и сооружений | **бөлүүчү октор:** Имараттардын жана курулмалардын өзүнчө элементтеринин курула турган жердеги абалын аныктоочу жерде бекитилген геодезиялык белгилерде же долбоордук абалдарында монтаждалган жүк көтөрүүчү конструкцияларда белгиленүүчү, берилген коррдинаттарга ээ сызыктар |
| **оснастка монтажная:** Устройства и приспособления, обеспечивающие выполнение производственных процессов и операций, связанных с погрузкой (разгрузкой), транспортированием, укрупнительной сборкой и монтажом конструкций, | **монтаждык жабдыктар:** Жүктөө, (түшүрүү), ташуу, ирилештирип чогултуу жана конструкцияларды монтаждоо, аларды долбоордук абалында бекитүүнү кошо камтыганда, байланышкан өндүрүш жараяндарын жана операцияларын аткарууну |

| | |
|---|---|
| включая постоянное их закрепление в проектном положении | камсыздаган түзмөктөр жана ыктамдар |
| **основа геодезическая разбивочная:** Сеть закрепленных на местности геодезических знаков для определения планового и высотного положения объекта строительства | **геодезиялык бөлүштүрүүчүлүк негиз:** Курулуш объектисинин мерчемдик жана бийиктик абалын аныктоо үчүн жерде бекитилген геодезиялык белгилердин тарамы |
| **основание (здания или сооружения):** Массив грунта, воспринимающий нагрузки и воздействия от здания или сооружения и передающий на здание или сооружение воздействия от происходящих в нем природных и техногенных процессов | **жерпай (имараттын же курулуштун):** Имараттын же курулманын жүгүн кабыл алуучу жана имаратка же курулмага жер ичинде өтүүчү жаратылыш жана техногендик жараяндардан улам пайда болгон таасирлерди өткөрүп берүүчү жер кыртышынын массиви |
| **основание естественное:** Грунты в природном состоянии, воспринимающие нагрузку от здания или сооружения | **табигыйжерпай:** Имараттан же курулмадан жүктөмдү кабыл алуучу табигый абалдагы кыртыштар |
| **основание искусственное:** Грунты с искусственно измененными свойствами за счет уплотнения, укрепления (закрепления) химическим, электрохимическим, термическим или другим способом, воспринимающие нагрузку от здания (сооружения) | **жасалма негиз:** Тыгыздоонун, химиялык, электрхимиялык, термикалык же башка ыкма менен бекемдөөнүн эсебинен жасалма өзгөртүлгөн касиеттери менен, имараттан (курулмадан) жүктөмдү кабыл алуучу кыртыштар |
| **основание под кровлю:** Поверхность теплоизоляции несущих плит или стяжек, по которой наклеивают слои водоизоляционного ковра (рулонного или мастичного). В кровлях из асбестоцементных листов и других штучных материалов – опоры для закрепления листов (прогоны или обрешетка) | **калканчыктын астындагы негиз:** Суу обочолонтуучу килемдин катмарлары чапталуучу жүк көтөрүп туруучу такталардын же тегиздемелердин жылуулук обочолонтучунун бети. Асбестцемент такталарынан же башка дааналанган материалдардан курулган калканчыктарда – такталарды бекитүү үчүн таянычтар (сундурмалар же тордомолор) |
| **основание сооружения:** Массив грунта, непосредственно воспринимающий нагрузки от сооружения | **курулманын негизи:** Курулмадан жүктөмдү түздөн-түз кабыл алуучу кыртыш массиви |
| **основной бегунок ступени эскалатора:** Опора качения ступени по направляющей, воспринимающая | **жүрмө тепкичтин тепкичинин негизги жүгүрмөсү:** Жүргүнчүлөрдөн жана тепкич тилкесинен жүктөмдү |

| | |
|---|---|
| нагрузку от пассажиров и лестничного полотна | кабыл алуучу багыттагыч боюнча тепкичтин чайпалтуучу таянычы |
| **основной водоизоляционный ковер (в составе рулонных и мастичных кровель):** Слои рулонных материалов на мастиках или слои мастик, армированные стекломатериалами, последовательно выполняемые по основанию под кровлю | **негизги суу обочолонтуучу килем (түрүлмө жана чайырлуу калканчыктардын курамында):** Калканчык алдына негиз боюнча ырааттуулук менен айнек материалдарынан арматураланган чайырлардагы түрүлмө материалдардын же чайырлардын катмарлары |
| **основные красители:** Водорастворимые органические красители (азокрасители и др.); соли оснований, диссоциирующие в воде собразованием окрашенного катиона и бесцветного аниона | **негизги боёгучтар:** Сууда эрий турган органикалык боёгучтар (азобоёгучтар ж.б.); боёлгон катионду жана түзсүз анионду пайда кылуу менен сууда диссоциацияланган негиздердин туздары |
| **особо легкий бетон:** Бетон со средней (по объему) плотностью менее 500 кг/м$^3$ | **өзгөчө жеңил бетон:** Орточо тыгыздыгы (көлөмү боюнча) 500 кг/м$^3$ төмөн болгон бетон |
| **особо сложные и уникальные объекты строительства:** Объекты капитального строительства, в проектной документации которых предусмотрены наличие конструкций и конструкционных систем с применением нестандартных методов расчетов с учетом физических или геометрических нелинейных параметров либо при разработке которых применяются специальные методы расчета<br>(Измененная редакция, Изм. №1) | **курулуштун өзгөчө татаал жана уникалдуу объекттери:** Долбоордук документтеринде физикалык же геометриялык линиялуу эмес параметрлерди эске алуу менен стандарттуу эмес эсептөө методдору колдонулган конструкциялар жана конструкциялык системалар каралган же иштеп чыгууда эсептөөнүн атайын методдору колдонулган капиталдык курулуш объекттери<br>(Өзгөртүлгөн редакция, №1 Өзг.) |
| **особо тяжелый бетон:** Бетон со средней (по объему) плотностью более 2500 кг/м$^3$ | **өзгөчө оор бетон:** Орточо тыгыздыгы (көлөмү боюнча) 2500 кг/м$^3$ жогору болгон бетон |
| **остаточная деформация:** Деформация, не исчезающая после устранения воздействий, вызвавших ее | **калдыктуу деформация:** Деформацияны пайда кылган таасирлерди жок кылгандан кийин деле кала берген деформация |
| **островок безопасности:** Сооружение, предназначенное для защиты, установленной на нем топливораздаточной колонки и/или раздаточной колонки от повреждения | **коопсуз аралча:** Анда орнотулган май таратуучу чоргону жана/же таркатуучу чоргону унаа каражаттарынын бузуп кетүүсүнөн коргоого арналган курулма |

| | |
|---|---|
| транспортным средством | |
| **осушение:** Совокупность технических мероприятий по отводу грунтовых и поверхностных вод от зданий, сооружений, с территории населенных мест, площадей, предназначенных для сельскохозяйственного освоения, и т.п. по осушительным и отводным каналам с помощью отводящего дренажа, водопонижающих установок | **кургатуу:** Имараттардан, курулмалардан, калктуу пункттардын аймактарынан, айыл чарба үчүн өздөштүрүлүүчү аянттардан д.у.с. жерлерден кургатуучу жана агызуучу каналдар боюнча агызуучу сарыктыргычтардын, суунун деңгээлин түшүрүүчү орнотмолордун жардамы аркылуу жер астындагы жана жер үстүндөгү сууларды агызуу боюнча техникалык иш-чаралардын жыйындысы |
| **отбитость:** Механическое повреждение изделия (углов, граней, ребер), не покрытое глазурью | **урулуп калуучулук:** Бети жалтыр кап менен капталбаган буюмдун механикалык бузулуусу (бурчтары, капталдары, кырлары) |
| **отбойный молоток:** Ручная машина ударного действия, предназначенная для отделения горных пород от массива, разрыхления уплотненных грунтов, разрушения каменных или кирпичных кладок, асфальтовых и бетонных покрытий и т.д. | **талкалочу балка:** Тоо тектерин массивден ажыратууга, тыгыздалган грунтту борпоңдотууга, таш же кыш кынамдарын уратууга, асфальт же бетон жабууларын д.у.с. талкалоого соккулук аракеттеги кол машине |
| **отвал:** Насыпь из пустых пород, некондиционных полезных ископаемых или отходов, размещенная на специально отведенной площадке | **үйүндү:** Атайын бөлүнгөн аянтчада жайгашкан бош тектердин, кондициялык эмес пайдалуу кен байлыктардын же калдыктардын үймөгү |
| **отверстие моста:** Сумма горизонтальных размеров свободного пространства, измеренного на отметке расчетного уровня высоких вод | **көпүрөнүн чаты:** Бийик суулардын эсептик деңгээл белгисинде өлчөнгөн бош мейкиндиктин горизонталдуу өлчөмдөрүнүн суммасы |
| **отвес:** Груз, свободно подвешенный на тонкой гибкой нити. Под действием силы тяжести груза нить занимает положение, называемое отвесной линией | **салмоор:** Ичке ийкемдүү жипке эркин асылган жүк. Жүктүн оордук күчүнүн таасири астында жип салмоордук сызык аталган абалды ээлейт |
| **отвод:** Участок трубопровода для плавного изменения его направления | **бургуч:** Өткөрмө түтүктүн багытын жайөзгөртүү үчүн участок |
| **отвод земель:** Предоставление в установленном земельным законодательством порядке и в размерах, определяемых нормативными документами, земель (земельных участков), необходимых для | **жерлерди бөлүп берүү:** Ишканаларды, имараттарды жана курулмаларды куруу, пайдалануу, өнүктүрүү үчүн керек болгон, жер мыйзамдарында аныкталган тартипте жана өлчөмдөрдө ченемдик документ- |

| | |
|---|---|
| строительства, эксплуатации и развития предприятий, зданий и сооружений | тер тарабынан аныкталуучу жерлерди (жер участкаларын) бөлүп берүү |
| **отводящий канал:** Сооружение служащее для отвода воды, прошедшей через турбины ГЭС, в русло реки | **агызуучу канал:** ГЭЧтин баралары аркылуу өткөн сууну дарыянын нугуна агызуу үчүн кызмат кылган курулма |
| **отделочные материалы в строительстве:** Материалы, применяемые в целях улучшения эксплутационных и декоративных качеств зданий и сооружений, и защиты основных материалов конструкции от атмосферного и др. воздействий | **курулуштагы жасалгалоо материалдары:** Имараттардын жана курулмалардын жасалгалык, пайдалануучулук сапаттарын жакшыртуу жана конструкциялардын негизги материалдарын атмосфералык жана башка таасирлерден коргоо максатында колдонулуучу материалдар |
| **отделочные работы в строительстве:** Комплекс строительных работ, выполняемых с целью повышения долговечности, улучшения эксплуационных, санитарно-гигиенических, эстетических и декоративных качеств зданий и сооружений | **курулуштагы жасалгалоо жумуштары:** Имараттардын жана курулмалардын көпкө чыдамдуулугун жогорулатуу, пайдалануучулук, санитардык-гигиеналык, эстетикалык жана жасалгалык сапаттарын жакшыртуу максатында аткарылуучу курулуш иштеринин комплекси |
| **отказ сваи:** Средняя величина (в см)погружения в грунт забивной сваи от одногоудара молота в залоге за 10 ударов, а при вибропогружении свай – величина (в см) погружения свай в грунт от работы вибропогружателя за 1 минуту | **жер түркүктүн кирбей калуусу:** Уруп киргизме жер түркүктүн балканын бир соккусунан 10 соккуга катышындагы кыртышка чөгөрүлүүсү-нүн орточо чоңдугу (см менен алганда), ал эми жер түркүктөрдү титиретип чөгөрүүдө–титиретип чөгөрүүчүнүн иштешинен 1 мүнөт ичинде жер түркүктүн кыртышка чөгөрүлүшүнүн чоңдугу (см менен алганда) |
| **отклонение предельное:** Алгебраическая разность между предельно допускаемым и номинальным размерами (величинами) | **чектик четтөө:** Жол берилүүчү жана номиналдык өлчөмдөрдүн (чоңдуктардын) ортосундагы алгебралык айырма |
| **отклонения от правил застройки и землепользования:** Отступление от предельных параметров разрешенного строительства – высоты построек, процента застройки участка, отступов построек от границ участка | **куруу жана жер пайдалануу эрежелеринен четтөө:** Уруксат берилген курулуштун чектик параметрлеринен – курулуштун бийиктигинен, участканын курулуш пайызынан, участканын чектеринен курулуштардын чегинүүлөрүнөн четтөө |
| **откос:** Искусственно созданная | **жантайма:** Табигый кыртыш |

| | |
|---|---|
| наклонная поверхность, ограничивающая естественный грунтовый массив, выемку или насыпь дороги | массивин, чуңкурдан же жолдун үймөгүнөн чектөөчү жасалма жол менен түзүлгөн жантайма бет |
| **открытая система:** Система, которая обменивается с внешней средой веществом | **ачык тутум:** Сырткы чөйрө менен зат алмашып туруучу тутум |
| **открытые плоскостные спортивные сооружения:** Сооружения для практических занятий и соревнований по различным видам спорта на открытом воздухе<br>(Измененная редакция, Изм. №1) | **ачык жалпак түрдөгү спорт курулмалары:** Спорттун ар кандай түрлөрү боюнча ачык абадагы практикалык машыгуулар жана мелдештер үчүн курулмалар<br>(Өзгөртүлгөн редакция, №1 Өзг.) |
| **относительная площадь световых проемов $S_ф/S_п$; $S_о/S_п$:** отношение площади фонарей или окон к освещаемой площади пола помещения, выражается в процентах | **жарык оюктарынын салыштырмалуу аянты $S_ф/S_п$; $S_о/S_п$:** Панарлардын же терезелердин аянтынын жайдын төшөлмөсүнүн жарыктандырылуучу аянтына болгон катышы, пайыз менен туюнтулат |
| **относительные горизонтальные деформации растяжения или сжатия:** Деформация земной поверхности в горизонтальной плоскости, вызванные неравномерностью горизонтальных сдвижений в мульде сдвижения. В точках мульды сдвижения различают горизонтальные деформации: в направлении простирания пластов Ex; в направлении в крест простирания пластов в полумульде по падению $E_{y1}$; в направлении в крест простирания пластов в полумульде по восстанию $E_{y2}$; в заданном направлении $E_{\lambda}$ | **чоюлуунун же кысылуунун салыштырмалуу горизонталдуу деформациялары:** Жылдыруу мульдасында горизонталдуу жылышуулардын бир калыпта эместигинен келип чыккан жер бетинин горизонталдуу деформациясы. Жылдыруу мульдасынын чекиттеринде төмөндөгүдөй горизонталдуу деформацияларды айырмалашат: $E_x$ катмарларынын жайгашуусу багытында; $E_{y1}$ түшүүсү боюнча жарым мульдада катмарлардын кайчылаш жайгашуусу багытында; $E_y$ каршылыгы боюнча жарым мульдада катмарлардын жайгашуусу кайчылаш багытында; $E_2$ белгиленген багытында |
| **отопительный котел:** Источник тепла в центральной отопительной системе отдельного дома или целого района со многими домами | **жылытуучу меш:** Жеке үйдүн же бүтүндөй бир көп үйлүү райондун борбордук жылуулук тутумунун жылуулук берүүчү булагы |
| **отопление:** Искусственный обогрев жилых и производственных помещений для возмещения в них тепловых потерь и поддержания на заданном уровне | **жылытуу:** Көбүнчөсү адамдар үчүн ыңгайлуу жылуулук шарттарына, айрым учурларда технологиялык жараяндардын талаптарына жооп |

| | |
|---|---|
| температуры, отвечающей чаще всего условиям теплового комфорта для людей, а иногда требованиям технологического процесса | берүүчү, турак-жай жана өндүрүш жайларынын жылуулук жоготууларынын ордун толуктоо жана температураны белгилүү бир деңгээлде кармап туруу үчүн берилген жасалма жылытуу |
| **отраженная блескость:** Характеристика отражения светового потока от рабочей поверхности в направлении глаз работающего, определяющая снижение видимости вследствие чрезмерного увеличения яркости рабочей поверхности и вуалирующего действия, снижающего контраст между объектом и фоном | **чагылышкан жаркырактык:** Жумушчу беттин жарыктыгынын өтө чоңоюшунун жана объект менен фондун ортосундагы контрастты төмөндөткөн жымсалдатуучу аракеттин натыйжасында көрүүнү төмөндөтүүнү аныктоочу жумушчу беттен иштеп жаткан адамдын көзүнө карай жарык агымынын чагылышынын мүнөздөмөсү |
| **отсек здания:** Часть здания, отделенная антисейсмическими швами | **имараттын бөлүмү:** Жер титирөөгө каршы жиктер менен бөлүнгөн имараттын бөлүгү |
| **отсек подвального или цокольного этажа:** Пространство, ограниченное противопожарными преградами (стенами, перегородками, перекрытием). В пределах отсека помещения могут быть выделены перегородками с соответствующим пределом огнестойкости | **жер төлө жана цоколдук кабаттын бөлүмү:** Өрткө каршы тосмолор (дубалдар, тосмолор, калкалар) менен чектелген мейкиндик. Бөлүмдүн чектериндеги жайлар тиешелүү отко чыдамдуулук чектери менен тосмолор аркылуу бөлүнүп коюлушу мүмкүн |
| **отстойник:** Сооружение для осветления воды (удаления взвешенных примесей из неё) путём коагуляции и отстаивания при замедленной скорости течения потока в системах гидроузлов и ирригационных сооружений водоснабжения и канализации | **тундургуч:** Суу менен камсыздоо жана суу агындылоонун гидро түйүндөр жана сугат курулмаларынын тутумдарында агымдын жайлатылган ылдамдыгында коюлтуу жана тундуруу жолу менен сууну түзсүздөндүрүү (андан калкыма кошундуларды арылтуу) үчүн курулма |
| **офис** или **контора:** Помещение, здание, комплекс зданий, в котором работают служащие предприятия (фирмы). В офисе (конторе) принимают клиентов, хранят и обрабатывают документы, архивы и тому подобное<br>(Измененная редакция, Изм. №1) | **офис же кеңсе:** Ишкананын (фирманын) кызматчылары иштөөчү жай, имарат, имараттардын комплекси. Офисте (кеңседе) кардарларды кабыл алышат, документтерди, архивди д.у.с. сакташат жана иштеп чыгышат<br>(Өзгөртүлгөн редакция, №1 Өзг.) |
| **охрана труда:** Система сохранения жизни и здоровья работников в процессе трудовой деятельности, | **эмгекти коргоо:** Эмгек ишмердүүлүгү жараянында өзүнө укуктук, социалдык-экономикалык, |

| | |
|---|---|
| включающая в себя правовые, социально-экономические, организационно-технические, санитарно-гигиенические, лечебно-профилактические, реабилитационные и иные мероприятия и средства | уюштуруу-техникалык, санитардык-гигиеналык, дарылоо-алдын алуучулук, калыбына келтирүүчү жана башка иш-чараларды жана каражаттарды камтыган эмгекчилердин өмүрүн жана ден соолугун сактоо тутуму |
| **охранная зона:** Зона, в которой устанавливается специальный режим охраны размещаемых объектов | **коргоо чөлкөмү:** Жайгаштырылуучу объекттерди атайын коргоо шарттамы түзүлгөн чөлкөм |
| **охранная зона памятника истории и культуры:** Территория, относящаяся к памятнику истории и культуры, определяемая проектом охранной зоны с особо строгим режимом использования земель, запрещающим деятельность, которая может привести к нарушению физической сохранности памятника истории и культуры, а также к искажению условий его восприятия и традиционных параметров ценного градостроительного окружения | **тарых жана маданият эстеликтерин коргоо чөлкөмү:** Тарых жана маданият эстеликтеринин физикалык сакталышын, ошондой эле аны кабылдоо шарттарын жана баалуу шаар куруу чөйрөсүнүн салттуу параметрлерин бузууга алып келиши мүмкүн болгон ишмердүүлүккө тыюу салган, жерлерди пайдалануунун өзгөчө катуу шарттамы менен корголуучу чөлкөмдүн долбоору аркылуу аныкталуучу тарых жана маданият эстеликтерине тийишелүү аймак |
| **оценка соответствия:** Деятельность, связанная с прямым или косвенным определением того, что соответствующие требования выполняются. Оценка соответствия может проводиться в формах государственного контроля (надзора), аккредитации, испытаний, измерений, экспертизы, регистрации, одобрения, подтверждения соответствия, приемки и ввода в эксплуатацию объекта, строительство которого закончено, а также их сочетаний, и в иной форме | **шайкештикти баалоо:** Тиешелүү талаптардын аткарылып жаткандыгын түз же кыйыр түрдө аныктоо менен байланыштуу иш. Шайкештикти баалоо мамлекеттик контролдоо (көзөмөлдөө), аккредитациялоо, сыноо, өлчөө, экспертиза жүргүзүү, каттоо, жактыруу, шайкештигин тастыктоо, курулуп бүткөн объектти кабыл алуу жана пайдаланууга берүү формаларында, ошондой эле алардын айкалыштарында жана башка формада жүргүзүлүшү мүмкүн |
| **оценка соответствия вводимого в эксплуатацию завершенного строительством объекта:** Подтверждение соответствия завершенного строительством объекта требованиям технических регламентов и проектной документации<br>(Измененная редакция, Изм. №1) | **пайдаланууга киргизилүүчү курулуп бүткөн объекттин ылайыктуулугун баалоо:** Курулуп бүткөн объекттин техникалык регламенттердин жана долбоордук документтердин талаптарына ылайыктуулугун ырастоо<br>(Өзгөртүлгөн редакция, №1 Өзг.) |

| | |
|---|---|
| **очередность строительства:** часть Объекта строительства, определяемая проектной документацией, состоящая из здания или его части, группы зданий, сооружений, инженерных сетей, устройств, ввод которых в эксплуатацию обеспечивает автономную эксплуатацию по назначению | **курулуштун кезектүүлүгү:** Пайдаланууга киргизилиши арналышы боюнча автономиялык пайдаланууну камсыздоочу имараттан же анын бөлүгүнөн, имараттардын, курулмалардын, инженердик тарамдардын, түзмөктөрдүн тобунан турган, долбоордук документтерде аныкталган курулуш объектисинин бөлүгү |
| **очередь строительства:** Часть объекта строительства, состоящая из группы зданий, сооружений и устройств, ввод которых в эксплуатацию обеспечивает выпуск продукции или оказания услуг, предусмотренных проектом | **курулуштун кезеги:** Пайдаланууга киргизилиши долбоордо каралган өндүрүмдөрдү чыгарууну же кызматтарды көрсөтүүнү камсыз кылган имараттардын, курулмалардын жана түзмөктөрдүн тобунан турган курулуш объектисинин бир бөлүгү |
| **очаг пожара:** Место первоначального возникновения пожара | **өрттүн очогу:** Өрттүн алгачкы чыгуу жери |
| **очаг поражения:** Ограниченная территория, в пределах которой в результате воздействия современных средств поражения произошли массовая гибель или поражение людей, сельскохозяйственных животных и растений, разрушены и повреждены здания и сооружения, а также элементы окружающей среды | **зыян келтирүү очогу:** Кыйратуучу заманбап каражаттардын таасиринин натыйжасында адамдардын, айыл чарба жаныбарларынын жана өсүмдүктөрүнүн массалык өлүмү же жабыркоосу болуп, имараттар жана курулмалар, ошондой эле курчап турган айлана-чөйрө бузулган чектелүү аймак |
| **очистка воздуха:** Удаление из воздуха взвешенных твердых частиц и примесей газов | **абаны тазалоо:** Абадан анда калкыган катуу бөлүкчөлөрдү жана газ аралашмаларын бөлүп алуу |
| **очистка газов:** Технологический процесс выделения из природных и промышленных газов содержащихся в них примесей, осложняющих использование газов в качестве топлива, сырья или загрязняющих окружающую среду | **газдарды тазалоо:** Жаратылыш жана өнөр жай газдарынын аналарды отун, чийки зат катары пайдаланууну татаалдаштырган же курчап турган чөйрөнү булгаган кошундуларды бөлүп чыгаруу технологиялык жараяны |
| **очистные сооружения:** Инженерные сооружения в системе канализации населенной местности или промышленных предприятий, предназначенных для очистки сточных вод от содержащихся в них загрязнений | **агынды сууларды тазалоочу курулмалар:** Калктуу конуштардын же өнөр жай ишканаларынын агынды суулары тутумунда алардагы булганычтардан тазалоочу инженердик курулмалар |
| **ощутимый ток:** Электрический ток, | **сезилээрлик электр агыны:** |

| | |
|---|---|
| вызывающий при прохождении через организм ощутимые раздражения. | Организм аркылуу өткөндө сезилээрлик дүүлүктүрүү пайда кылган электр агыны |
| **павильон:**<br>1 Отдельно стоящая постройка небольшого размера, имеющая облегченную открытую конструкцию, сочетающаяся с окружающим ландшафтом;<br>2 Часть большого здания (клуба, дворца и. т.д.), имеющая обычно отдельную крышу;<br>3 Самостоятельное сооружение, предназначенное для выставочной экспозиции, киносъемок, торговли и т.д. | **павильон:**<br>1 Курчап турган ландшафт менен айкалышкан, ачык жеңил конструкцияга ээ, анча чоң эмес өлчөмдөгү өзүнчө жайгашкан курулуш;<br>2 Кадимде өзүнчө чатыргаэ чоң имараттын (клубдун, сарайдын ж.б.у.с.) бир бөлүгү;<br>3 Көргөзмө экспозициялар, кино тартуу, соода-сатык ж.б. үчүн арналган өз алдынча курулма |
| **паводок:** Фаза водного режима реки, которая может многократно повторяться в различные сезоны года. Характеризуется интенсивным, обычно кратковременным увеличением расходов и подъемом уровней воды и вызывается дождями или снеготаянием во время оттепелей | **суу ташкыны:** Жылдын ар кандай мезгилинде көп жолу кайталануучу дарыянынг суу шарттамынын фазасы. Жылыган мезгилде жаан-чачындын жаашынан же кардын эришинен суунун ургалдуу, кадимде, кыска мөөнөттүү чыгымдалуусунун чоңоюусу жана деңгээлинин көтөрүлүшү менен мүнөздөлөт |
| **паевой фонд:** Понимается как фонд, состоящий из паевых взносов, вносимых членами кооператива, являющихся одним из источников формирования имущества кооператива | **пай кору:** Кооперативдин мүлкүн калыптандыруучу булактардын бири болуп саналган кооперативдин мүчөлөрү төлөгөн пай төлөмдөрүнөн турган фонд деп түшүндүрүлөт |
| **паз:**<br>1 Выемка на боковой и торцовой кромках паркетной планки, в которую входит гребень для соединения с соседней планкой;<br>2 Углубление на поверхности кладки, предназначенное для улучшения ее прочностных свойств | **жылга:**<br>1 Жанаша жайгашкан планка менен бириктирүү үчүн кыр кире турган паркет планкасынын каптал жана тумшуккырларындагы оюк;<br>2 Кынамдын бекемдик касиеттерин жакшыртуу үчүн арналган анын бетиндеги чуңкур |
| **пайка, паяние:** Процесс получения неразъемного соединения материалов (стали, чугуна, стекла, графита, керамики и др.), находящихся в твердом состоянии, расплавленные припоем | **кандоо:** Данакер менен эритилген катуу абалдагы материалдарды (болот, чоюн, айнек, графит, керамика ж.б.у.с.) ажырабас кылып бириктирүү жараяны |
| **пакеляж:** Разновидность основания | **пакеляж:** Жол жабуусунун |

| | |
|---|---|
| под дорожное покрытие или полужесткое основание для трамвайных рельсов, прокладываемое непосредственно по грунту | алдындагы жерпайдын түрү же түздөн түз кыртыштын үстүнө жаткырылуучу трамвай рельстери үчүн жарым катуу негиз |
| **пакет транспортный:** Укрупненная грузовая единица, оформленная из нескольких грузоединиц в результате применения средств пакетирования (поддоны, контейнеры и т.д.) | **унаалык пакет:** Пакеттөө каражаттарын (түпкүчтөр, контейнерлер ж.б.у.с.) колдонуунун натыйжасында бир нече жүк бирдигинен калыптандырылган ирилештирилген жүк бирдиги |
| **пал:** Сооружение в виде сквозных конструкций, куста свай и др. или массивной железобетонной стены, устраиваемое по сторонам головной части шлюза и предназначенное для направления судов при входе в шлюз или при выходе из него и для гашения энергии навала судна | **пал:** Кеме калкытмасынын баш бөлүгүнүн капталдары боюнча тургузулуучу жана кеме калкытмасына кире беришинде же андан чыга беришинде кемелерди багыттоого, ошондой эле кемелердин чайпалуу энергиясын басаңдатууга арналган өткөөлдүү конструкция, жер түркүктөр топтому ж.б. же массивдүү темир бетон дубал түрүндөгү курулма |
| **палатные отделения:** Это основной функциональный элемент стационара. В нем осуществляется диагностика, лечение, наблюдение и уход за больны-ми с однородными заболеваниями | **палата бөлүмдөрү:** Стационардын негизги функционалдык элементи. Анда бир тектүү оорулуулардын дартын аныктоо, аларды дарылоо, байкоо жана кароо жүргүзүлөт |
| **палетка:**<br>1 Прозрачная пластинка с нанесенной на неё сеткой линий (реже точек). Служит для определения площади участков на плане или на карте, или отсчета координат и т.д.;<br>2 Тонкая каменная плитка с рельефным изображением, используемая для украшения стен храмов, дворцов | **палетка:**<br>1 Тор түрүндөгү сызыктар (кээде чекиттер) түшүрүлгөн тунук жартак. Ал пландагы же картадагы участоктордун аянтын аныктоо үчүн же координаталарды ж.б. эсептөөгө кызмат кылат;<br>2 Храмдардын, сарайлардын дубалдарын кооздоо үчүн колдонулуучу рельефтүү сүрөт түшүрүлгөн жука таш тактачасы |
| **памятники:** Отдельные постройки, здания и сооружения с исторически сложившимися территориями (в том числе памятники религиозного назначения и другие объекты, специально предназначенные для богослужений); мемориальные | **эстеликтер:** Тарыхый катары калыптанган аймактары менен айрым курулуштар, имараттар жана курулмалар (алардын ичинде диний дайындалыштагы эстеликтер ж.б. кудайга табынууга арналган объекттер); мемориалдык батирлер; күмбөздөр, |

| | |
|---|---|
| квартиры; мавзолеи, отдельные захоронения; произведения монументального искусства; объекты науки и техники, включая военные; частично или полностью скрытые в земле или под водой следы существования человека, включая все движимые предметы, имеющие к ним отношение, основным или одним из основных источников информации о которых являются археологические раскопки или находки | айрым көрүстөндөр; монументалдуу искусство чыгармалары; илим жана техника объекттери, аскердик объекттерди кошо эсептегенде; алар туурасында негизги же негизгилердин бири болгон маалымат археологиялык казуулар же табылгалар эсептелген жарым-жартылай же толугу менен жерге жашырылган же суу алдында калган адам жашоосунун белгилери, аларга тиешелүү кыймылдуу предметтер |
| **пандус:**<br>1 Наклонная плоская коммуникационная конструкция, связывающая поверхности, расположенные на различных уровнях;<br>2 сооружение, имеющее продольный уклон, повышающий уровень доступности и удобства при вертикальном перемещении;<br>3 Наклонная конструкция, предназначенная для въезда (выезда) автомобилей в одноэтажных (надземных, подземных) стоянках автомобилей;<br>4 Сооружение, предназначенное для перемещения с одного уровня горизонтальной поверхности пути на другой, состоящее из маршей (имеющих сплошную наклонную по направлению движения поверхность) и горизонтальных площадок (для отдыха и/или маневрирования) | **жантык жол:**<br>1 Ар кандай деңгээлде жайгашкан беттерди байланыштырган жантайган жалпак коммуникациялык конструкция;<br>2 Вертикалдык которулууда жеткиликтүүлүк деңгээлин жана ыңгайлуулукту жогорулатуучу узатасынан жантаймалуулукка ээ курулма;<br>3 Бир кабаттуу (жер үстүндөгү жана жер астындагы) автомобиль токтотмолорунда автомобилдердин кирүүсү (чыгуусу) үчүнарналган жантык конструкция;<br>4 Арыштан (кыймылдын багыты боюнча текши эңкейишке ээ бет) жана горизонталдуу аянтчалардан (эс алуу жана\же буйтоо үчүн) турган жолдун горизонталдуу бетинин бир деңгээлинен экинчисине которулууга арналган курулма |
| **пандус одностороннего движения**: Сооружение, предназначенное для одновременного перемещения только одного человека, при расстоянии между поручнями 0,9-1,0 м | **бир тараптуу кыймылдагы жантык жол:** Кармагычтарынын ортосундагы аралык 0,9-1,0 м болгон,бир убакытта бир эле адамдын жүрүшүнө арналган курулма |
| **пандус бордюрный (съезд):** Уклон пешеходного пути, предназначенный для сопряжения двух разноуровневых поверхностей для безбарьерного | **жээктемежантык жол (түшүү):** Майыптардын жетүүсү жана колдонуусу үчүн атайын ыктамдарга ээ унаа каражаттарын пайдалануучу |

| | |
|---|---|
| передвижения людей, использующих транспортные средства, имеющие специальные приспособления для доступа и использования их лицами с ограниченными возможностями здоровья, не оборудованный поручнями | адамдардын тоскоолдуксуз жылып жүрүүсү үчүн ар кандай деңгээлдеги беттерди жалгаштыруу үчүн арналган жөө жолдун эңкейиши |
| **пандус инвентарный:** Сооружение временного или эпизодического использования, например, сборно-разборный, откидной, выдвижной, приставной, перекатной и т.д. | **шаймандык жантык жол:** Убактылуу же мезгил-мезгили менен пайдаланылуучу курулма, мисалы, курама-ажырама, үстү ачылма, суурулма, такама, тоголонмо ж.б.у.с. |
| **панель:**<br>1 Вертикальный плоскостной элемент заводского изготовления, применяемый в строительстве зданий и сооружений различного назначения и выполняющий несущие, ограждающие или совмещенные (несущие и ограждающие) функции;<br>2 Нижняя часть стены помещения, отличающаяся по отделке от всей стены;<br>3 Пролет между двумя смежными узлами верхнего или нижнего пояса фермы, воспринимающими основную нагрузку;<br>4 То же, что и тротуар | **панель:**<br>1 Ар кандай дайындалыштагы жана жүк көтөрүүчү, тосмолоочу же айкалыштырылган (жүк көтөрүүчү жана тосмолоочу) функцияларды аткаруучу имараттарды жана курулмаларды курууда колдонулуучу заводдо даярдалган вертикалдуу жалпак элемент;<br>2 Жасалгалоосу боюнча бүткүл дубалдан айырмаланып турган жайдын дубалынын төмөнкү бөлүгү;<br>3 Ферманын негизги жүктөмдү кабыл алган жогорку же төмөнкү алкактарынын эки чектеш түйүндөрүнүн ортосундагы арыш;<br>4 Жөө жол дегенди түшүндүрөт |
| **пантограф:**<br>1 Приспособление в виде раздвижного шарнирного параллелограмма для перечерчивания (копирования) планов, чертежей, аэрофотоснимков и карт обычно в измененном масштабе;<br>2 Чертежный прибор пантографной системы | **пантограф:**<br>1 Пландарды, чиймелерди, аэрофотосүрөттөрдү жана карталарды өзгөртүлгөн чен өлчөмдө кайра чийүү (көчүрмөлөө) үчүн узартылма дошполуу параллелограмм түрүндөгү ыктам;<br>2 Пантографтык тутумдун сызма алети |
| **параметр:** Величина, характеризующая какое-либо основное свойство процесса, явления или системы, машины, прибора | **параметр:** Жараяндын, кубулуштун же тутумдун, машиненин, алеттин кайсы бир негизги касиетин мүнөздөөчү чоңдук |
| **парапет:**<br>1 Невысокая сплошная стенка, | **чатырдубал:**<br>1 Тогоондун, маргатондун, балканын |

| | |
|---|---|
| проходящая на гребне плотины, дамбы, молота и т.п. у верхового откоса (грани), служащая для защиты сооружения от разрушающего действия волн, брызг и т.п.;<br>2 Глухое ограждение перепада высот; конструктивный элемент, ограждающий пути движения и функциональные пространства, совмещающий функции по критериям безопасности и информативности | д.у.с. жалында, жогорку жантайманын жанында тургузулган, курулманы толкундардын, чачырандылардын д.у.с. талкалоочу таасиринен коргоо үчүн кызмат кылганбийик эмес туташ дубал;<br>2 Бийиктиктердин айырмачылыгын туюк тосмолоо; коопсуздук жана маалымдоо критерийлери боюнча функцияларды айкалыштыруучу, кыймыл жолдорун жана функционалдык мейкиндиктерди тосмолоочу конструктивдик элемент |
| **парк мобильных (инвентарных) зданий и сооружений:** Совокупность мобильных (инвентарных) зданий и сооружений, которымирасполагает база проката | **мобилдүү (шаймандык) имараттар жана курулмалар паркы:** Прокат базасына негизделген мобилдүү (шаймандык) имараттар жана курулмалар жыйындысы |
| **паркет:** Небольшие деревянные строганные планки (клепки) для покрытия пола, а также само покрытие (лицевой слой) такого пола | **паркет:** Төшөлмөнүн жабуусу үчүн анча чоң эмес сүрүлгөн жыгач планкалар (аштоолор), ошондой эле ошондой төшөлмөнүн жабуусунун өзү (беттик катмар) |
| **паркетные работы:** Укладка паркета для покрытия (образования лицевого слоя) пола | **паркет жумуштары:** Төшөлмөнүн жабуусу (беттик катмарды жаратуу) үчүн паркетти жаткыруу жумуштары |
| **паркетоотделочные машины:** Машины применямые для строгания и шлифования, очистки паркетных полов | **паркет жасалгалоочу машине:** Паркеттүү төшөлмөлөрдү сүрүү жана жылмалоо, тазалоо үчүн колдонулуучу машине |
| **парник:** Неотапливаемое культивационное сооружение со светопрозрачным покрытием, предназначенное для выращивания рассады и овощей, с уходом за растениями снаружи сооружения | **буукана:** Көчөттөрдү жана жашылчаларды өстүрүү, өсүмдүктөрдү курулманын сыртынан тейлөөсү менен, үчүн арналган, жарык өткөрүүчү жабуулуу жылытылбас культивациялык курулма |
| **паровое отопление:** Система отопления, в которой теплоносителем является водяной пар, поступающий от сети центрального теплоснабжения, районной котельной или от местного парового котла по трубопроводам (паропроводам) в отопительные приборы, установленные в помещениях | **буу менен жылытуу:** Борбордук жылуулук менен камсыздоочу тарамдан, райондук откааналардан же жергиликтүү буу казанынан өткөргүч түтүктөр (буу өткөргүчтөр) боюнча жайларда орнотулган жылытуучу алеттерге келүүчү, жылуулук алып жүрүүчүсү катары суу буусу саналган |

| | |
|---|---|
| | жылытуу тутуму |
| **паровой котел:** Устройство, имеющее топку, обогреваемое за счет теплоты, выделяющейся в топке при сжигании топлива, и предназначенная для получения пара с давлением выше атмосферного, используемого вне устройства | **буу казан:** Мешке ээ, меште отунду жагуудан бөлүнгөн жылуулуктун эсебинен жылытылуучу жана атмотопчөйрөлүктөн жогору басымы менен бууну алуу үчүн арналган, түзмөктөн сырткары пайдаланылуучу түзмөк |
| **паронит:** Листовой материал, получаемый прессованием массы из асбестового волокна, каучука, минеральных наполнителей (порошков) и серы | **паронит:** Асбест буласынан, каучуктан, минералдык кошулмалардан (күлмайдалардан) турган массаны жубастоодон алынуучу барак сымал материал |
| **паропровод:** Трубопровод для транспортирования пара | **буу өткөргүч:** Бууну ташуу үчүн өткөргүч түтүк |
| **парус:** Элемент купольной конструкции, обеспечивающий переход от квадратного в плане подкупольного пространства к окружности купола или его барабану. Имеет форму сферического треугольника, вершина которого обращена вниз. Одна из коренных конструкций византийской архитектуры | **жел тосмо:** Кумпа алдындагы мейкиндикте чарчыдан кумпанын айланасына же анын доолуна өтүүнү камсыз кылуучу кумпалык конструкциянын элементи. Чокусу төмөн караган топчөйрөлүк үч бурчтук формасына ээ. Византия архитектурасынын түпкүлүктүү конструкцияларынын бири |
| **пассажирский рельсо-канатный подъемник (фуникулер):** Сооружение для перевозки пассажиров в подвижном составе (вагоне) по наклонному рельсовому пути | **жүргүнчүлөрдү ташуучу рельс-зым аркандуу көтөргүч (фуникулер):** Жантык рельс жолу боюнча кыймылдуу курамда (вагондо) жүргүнчүлөрдү ташуучу курулма |
| **паспорт градостроительного объекта:** Документ установленной формы, содержащий сведения о градостроительных регламентах и справочную информацию применительно к данному градостроительному объекту | **шаар куруу объектисинин паспорту:** Шаар куруу объектисине карата шаар куруу регламенти жөнүндө маалыматты жана маалымдамалык маалыматтарды камтыган аныкталган формадагы документ |
| **патент:**<br>1 Документ, удостоверяющий приоритет авторства изобретения, полезной модели или промышленного образца и исключительное право на их использование;<br>2 Это охранное свидетельство, | **патент:**<br>1 Ойлоп табууга, пайдалуу моделге жана өндүрүштүк үлгүгө, автордук артыкчылыкты жана аларды пайдаланууга өзүнүн гана укугун күбөлөндүргөн документ;<br>2 Пайдалуу моделди же өндүрүштүк |

| | |
|---|---|
| выдаваемое изобретателю компонентным государственным органом, удостоверяющее его авторство и исключительное право на изобретение полезной модели либо промышленного образца в течение определенного срока | үлгүнү белгилүү бир мөөнөттүн ичинде ойлоп табуугаанын автордугун жана артыкчылыктуу укугун күбөлөндүргөн, ойлоп табуучуга ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан берилүүчү коргоо күбөлүгү |
| **пемзобетон:** Легкий бетон, в котором заполнителем является природный пемзовый щебень и какой – либо песок (кварцевый, пемзовый, шлаковый) | **пемзобетон:** Толуктагычы катары табигый пемза шагылы жана кумдун кайсы бир түрү (кварц, пемза, кесеккүл) саналган жеңил бетон |
| **пенный пожарный ствол (пеноствол):** Пожарный ствол для пен различной кратности | **өрт өчүрүүчү көбүктүтүгү (көбүктүтүк):** Ар түрдүү эселиктеги өрт өчүрүүчү көбүк түтүгү |
| **пенобетон:** Ячеистый бетон, пористая структура которого получается путем смешивания устойчивой пены с вяжущим (обычно портландцемент) | **көбүкбетон:** Көңдөйлүү түзүмү туруктуу көбүктү камдаштыргыч (адатта портландцемент) менен аралаштыруу аркылуу алынган ячейкалуу бетон |
| **пенобетономешалка:** Установка для приготовления пенобетонной и пеносиликатной ячеистой смеси | **көбүкбетон аралаштыргыч:** Көбүкбетондук жана көбүксиликаттык ячейкалуу аралашманы даярдоочу орнотмо |
| **пенометалл:** Металл или сплав ячеистого строения | **көбүкметал:** Ячейкалуу түзүлүштөгү металл же куйма |
| **пенообразующие добавки:** Поверхностно-активные органические вещества, обеспечивающие возможность получения технической пены требуемых кратности и стойкости, которые при смешении с компонентами бетонной смеси позволяют получать бетоны ячеистой или поризованной структуры | **көбүктөндүрүүчү кошулмалар:** Бетон аралашмасынын компоненттери менен аралаштырганда ячейкалуу же көңдөйлөнгөн түзүлүштөгү бетондорду алууга мүмкүндүк берген талап кылынган эселиктеги жана туруктуулуктагы техникалык көбүктү алууга шартты камсыздоочу беттик-активдүү органикалык заттар |
| **пенопласты, газонаполненные полимеры:** Композиционные материалы с каркасом (матрицей) из полимерных пленок, образующих стенки и ребра ячеек (пор), заполненных газом (преимущественно воздухом). Пенопласты с сообщающимися порами называются поропластами | **көбүкпласттар, газ толтурулган полимерлер:** Газ менен (көбүнчөсү аба менен) толтурулган, каркасы ячейкалардын (көңдөйлөрдүн) дубалчалары жана кырларын түзүүчү полимердик чел кабыктардан турган композициялык материалдар. Көңдөйлөрү катышта болгон көбүкпласттар көңдөй пласттар деп аталышат |
| **пеностекло:** Пористый материал | **көбүкайнек:** Майда жанчылган |

| | |
|---|---|
| (ср.плотностью 100 – 800 кг/м$^3$), получаемый спеканием тонкоизмельченного стеклянного порошка и пенообразователя (кокс, мел, доломит) | айнек күлмайдасын жана көбүк жаратуучуну күйгүзө бышыруудан алынуучу көңдөйлүү материал (орточо тыгыздыгы 100 – 800 кг/м$^3$) |
| **пентхаус:** Технический чердак, позже помещение для жилья (квартира, особняк) на крыше – здания или отделённая площадь на верхнем этаже здания. Пентхаус – отдельное жилье на верхнем этаже (или нескольких этажах) многоэтажного дома, который имеет собственную террасу. Структура пентхауса создает эффект изолированного от окружающей среды собственного жилья, виллы, особняка в плотно застроенных центрах больших городов или городских агломераций. Кроме террасы пентхаус также может быть оборудован «зимним садом», бассейном, и т.д.»<br><br>(Измененная редакция, Изм. №1) | **пентхаус:** Техникалык чатыр, кийинчерээк тамбашындагы жашоо үчүн жай (батир, жеке үй) – имараттын жогорку кабатындагы имарат же өзүнчө бөлүнгөн аянт. Пентхаус – өзүнө тиешелүү террасасы менен көп кабаттуу үйдүн жогорку кабатындагы (же бир нече кабатттарындагы) өзүнчө турак жай. Пентхаустун түзүмү чоң шаарлардын же шаар агломерацияларынын тыгыз курулган борборлорунда жеке турак жайдын, вилланын, жеке үйдүн курчап турган чөйрөдөн обочолонгон шартын түзөт. Пентхаус террассадан сырткары «кышкы бак», чалкыма д.у.с. менен жабдылышы ыктымал<br>(Өзгөртүлгөн редакция, №1 Өзг.) |
| **пеня:** Понимается как разновидность неустойки, применяемой в целях обеспечения исполнения обязательств, чаще всего на случай просрочки исполнения договорных и иных обязательств | **туум:** Милдеттенмелерди аткарууну камсыз кылуу максатында, көбүнчөсү келишимдик жана башка милдеттенмелерди аткаруу мөөнөтүн өткөрүп жибергенде, колдонулуучу бышмананын бир түрү катары түшүндүрүлөт |
| **первичная защита от коррозии:** Защита от коррозии, достигаемая посредством выбора материалов, изменения состава или структуры строительного материала до изготовления или в процессе изготовления конструкции | **дат басуудан алгачкы коргоо:** Конструкцияны даярдоого чейин же даярдоо учурунда материалдарды тандоо, курулуш материалдарынын курамын же түзүмүн өзгөртүү аркылуу жетишилүүчү коррозиядан коргоо |
| **первичные средства пожаротушения:** Переносные или передвижные средства пожаротушения, используемые для борьбы с пожаром в начальной стадии его развития | **өрт өчүрүүнүн алгачкы каражаттары:** Өрттүн өнүгүшүнүн алгачкы стадиясында аны менен күрөшүү үчүн пайдаланылуучу өрт өчүрүүнүн көтөрүп жүрмө же көчмө каражаттары |
| **пергамин:** Рулонный материал, | **пергамин:** Женил эритилүүчү мунай |

| | |
|---|---|
| получаемый пропиткой тонкого картона легкоплавкими нефтяными битумами, применяемый для устройства подстилающих слоев кровли, изоляции строительных конструкций и т.п. | битумун жука картонго сиңирүүдөн алынуучу, калканчыктын төшөлмө катмарларын салуу, курулуш конструкцияларын обочолонтуу үчүн колдонулуучу түрүлмө материал |
| **перевернутая (реверсивная) кровля:** Кровля, где утеплитель укладывается по гидроизоляционному слою, покрывается защитной сеткой и изолируется от внешней среды слоем гравия или керамзита. Утеплитель должен обладать высокой морозостойкостью и низким водопоглощением | **оодарылган (реверсивдүү) калканчык:** Жылуулагычы гидрообочолонтуучу катмардын үстүнөн жаткырылып, коргоочу тор менен жабылып, сырткы чөйрөдөн шагыл таштын же керамзиттин катмары менен обочолонтулган калканчык. Жылуулагыч суукка жогорку чыдамдуулукка жана төмөнкү суу сиңирүүчүлүккө ээ болуусу абзел |
| **перевозка груза:** Доставка перевозчиком вверенного отправителем груза в пункт назначения и выдача его управамоченному на получение груза лицу на основании договора перевозки, а грузоотправитель обязан оплатить стоимость превозки | **жүк ташуу:** Жүк ташуу келишиминин негизинде жүктү ташуучу тарап өзүнө тапшырылган жүктү дайындалган пунктка жеткирип, аны алууга укуктуу жакка өткөрүп берүү, ал эми жүктү жөнөтүүчү жүктү жеткирүү акысын төлөп берүүгө милдеттүү |
| **перегородка:** Внутренняя ограждающая конструкция, разделяющая в здании смежные помещения, находящиеся между капитальными стенами, на отдельные комнаты | **ички тосмо:** Имараттагы капиталдык дубалдардын ортосунда жайгашкан жайларды өзүнчө бөлмөлөргө бөлүүчү ички тосмолоочу конструкция |
| **передвижная автомобильная газозаправочная станция:** АГЗС, технологическая система которой характеризуется наличием совмещенного блока транспортировки и хранения СУГ, выполненного как единое заводское изделие | **автомобилдик газ куюучу көчмө чордон:** Технологиялык тутуму бирдиктүү завод буюму катары даярдалган СКСГ ташууга жана сактоого айкалыштырылган блогу менен мүнөздөлгөн АГКЧ |
| **передвижная автомобильная газонаполнительная станция:** АЗС, технологическая система которой предназначена только для заправки баллонов топливной системы транспортных средств КПГ, и характеризуется наличием совмещенного блока транспортировки и | **автоунааларга газ толтуруучу көчмө чордон:** Технологиялык тутуму КЖГ унаа каражаттарынын отундук тутумунун баллондорун толтуруу үчүн гана арналган жана бирдиктүү завод буюму катары даярдалган КЖГны ташууга жана сактоого айкалыштырылган блогу менен |

| | |
|---|---|
| хранения КПГ, выполненного как единое заводское изделие | мүнөздөлгөн АМКЧ |
| **передвижная автозаправочная станция жидкого моторного топлива (ПАЗС):** АЗС, предназначенная, в том числе, для розничной продажи только жидкого моторного топлива, технологическая система которой установлена на автомобильном шасси, прицепе или полуприцепе и выполнена как единое заводское изделие | **автоунааларга суюк мотор отунун куюучу көчмө чордон (КАМКЧ):** Технологиялык тутуму автомобиль шассисинде, чиркемеде же жарым чиркемеде бир бүтүн заводдук буюм катары даярдалган АМКЧ, анын ичинде суюк мотор отунун гана чекене сатуу үчүн арналган |
| **подводно-технические работы:** Строительно-монтажные работы, выполняемые под водой при возведении гидротехнических сооружений, обслуживании морских нефтепромыслов, прокладке трубопроводов и т. д. | **суу астындагы техникалык жумуштар:** Гидротехникалык курулмаларды курууда, деңизде мунай өндүрүшүн тейлөөдө, өткөргүч түтүктөрдү орнотууда д.у.с. суу астында аткарылуучу куруу-монтаждоо жумуштары |
| **подволока:** В деревянном зодчестве – чердачное помещение | **чатырдагы жай:** Жыгач зергерчилигинде – чатырдагы жай |
| **подготовка к чрезвычайным ситуациям (подготовка к ЧС):** Комплекс заблаговременно проводимых мероприятий по созданию на | **өзгөчө кырдаалдарга даярдык көрүү (ӨК даярдык):** Белгилүү бир аймакта же кооптуу объектте калкты жана материалдык баалуулуктарды |

| | |
|---|---|
| определенной территории или на потенциально опасном объекте условий для защиты населения иматериальных ценностей от поражающих факторов и воздействий источников чрезвычайной ситуации, а также для обеспечения эффективных действий органов управления, сил исредств ЧС по ликвидации чрезвычайных ситуаций | өзгөчө кырдаалдар булактарынын кыйратуучу факторлорунан жана таасирлеринен коргоо боюнча шарттарды түзүү, ошондой эле өзгөчө кырдаалдарды жоюу боюнча башкаруу органдарынын, ӨК күчтөрүнүН жана каражаттарынын натыйжалуу аракеттерин камсыз кылуу үчүн күн мурунтан өткөрүлүүчү иш чаралардын комплекси |
| **подготовка сил ЧС:** Комплекс учебных и организационных мероприятий по совершенствованию теоретических знаний и практических навыков личного состава сил ЧС по предотвращению чрезвычайных ситуаций, ведению разведки и эффективному выполнению неотложных работ в зонах чрезвычайной ситуации | **ӨК күчтөрүн даярдоо:** Өзгөчө кырдаалдардын алдын алуу, өзгөчө кырдаалдар чөлкөмүндө чалгындоолорду жүргүзүү жана кечиктирилгис жумуштарды натыйжалуу аткаруу боюнча ӨК күчтөрүнүн жеке курамынын назарияттык билимин жана практикалык көндүмдөрүн жеткилеңдетүүгө багытталган окуу жана уюштуруу иш-чараларынын комплекси |
| **подготовка территории инженерная:** Комплекс работ и мероприятий по освоению территорий для целесообразного строительного использования | **аймакты инженердик даярдоо:** Курулушка максаттуу пайдалануу үчүн аймактарды өздөштүрүү боюнча жумуштардын жана иш-чаралардын комплекси |
| **поддон:** Элемент формы, предназначенный для образования в процессе формования нижней поверхности изделия | **түпкүч:** Калыптоо жараянында буюмдун төмөнкү бетин жаратууга арналган калыптын элементи |
| **подземная стоянка автомобилей**: Стоянка автомобилей, все этажи которой при отметке пола помещений ниже планировочной отметки земли более чем на половину высоты помещений | **жер астындагы автомобиль токтотмо:** Баардык кабаттары жайларынын төшөлмөлөрүнүн деңгээл белгилери жердин пландаштыруучу деңгээл белгисинен жайлардын бийиктигинин жарымынан көбүрөөк болгон автомобиль токтотмосу |
| **подземный резервуар (подземное хранение):** Резервуар, предназначенный для хранения нефтепродуктов, если наивысший уровень жидкости в резервуаре ниже не менее чем на 0,2) м | **жер астындагы резервуар (жер астында сактоо):** Мунай өндүрүмдөрүн сактоо үчүн резервуар, эгерде резервуардагы суюктуктун эң жогорку деңгээли чектеш аянтчанын |

| | |
|---|---|
| нижней планировочной отметки прилегающей площадки (в пределах 3) м от стенки резервуара) | (резервуардын дубалынан 3) м аралыктагы) эң төмөнкү пландаштырылган деңгээл белгисинен 0,2) метрден кем эмес төмөн жайгашса |
| **подклеть:** Нижний нежилой этаж деревянного или каменного дома. Подклеть предназначена для хозяйственных нужд | **капасча:** Жыгачтан же кыштан тургузулган үйдүн төмөнкү кабатындагы жашоого ылайыксыз кабаты. Ал чарбалык муктаждыктарга пайдаланылат |
| **подкрановая балка:** Металлическая или железобетонная балка, опирающаяся на колонны, с укрепленным на ней рельсом для перемещения грузоподъемного крана | **кран алдындагы устун:** Жүк көтөрүүчү кранды которуштуруу үчүн үстүнө рельс бекитилген, түркүктөргө таянган металл же темир бетон устуну |
| **подкрановый путь:** Два параллельных рельса, служащих направляющими для ходовых тележек передвижных грузоподъемных кранов | **кран жолу:** Кыймылдуу жүк көтөрүүчү крандардын жүрмө арабалары үчүн багыттоочу катары кызмат өтөөчү эки жарыш рельстер |
| **подкос:**<br>1 Работающий на сжатие наклонный брус в строительных конструкциях. Подкос поддерживает горизонтальные элементы конструкции (балки, перекрытия). Подкос опирается на вертикальные элементы (стойки, колонны);<br>2 Наклонный стержень, работающий на сжатие | **жантык тирөөч:**<br>1 Курулуш констурукцияларында кысылууга иштөөчү жантык бурус. Жантык тирөөч конструкциянын горизонталдуу элементтерин (устунду, калкаларды) тиреп турат. Жантык тирөөч вертикалдуу элементерге (тирөөчтөргө, түркүктөргө) таянат;<br>2 Кысылууга иштөөчү жантык тирөөч |
| **поднаем:** Наниматель сдает третьему лицу в поднаем нанятое имущество или его часть | **кош жалдоо:** Жалдоого алынган мүлктү же анын бөлүгүн жалдоочу үчүнчү кишиге тапшырат |
| **подмости:**<br>1 Приспособления индивидуального изготовления или типовые инвентарные в виде жестких пространств, конструкций, используемые при производстве некоторых строительных и монтажных работ на различной высоте;<br>2 Конструкция, предназначенная для выполнения работ, производимых на небольшой высоте;<br>3 Одноярусная конструкция, | **көпүрө-шаты:**<br>1 Ар кандай бийиктикте аткарылуучу куруу жана монтаждоо жумуштарында колдонулуучу жекече же шаймандык типте даярдалган ийкемсиз мейкиндик, конструкция түрүндөгү ыктам**;**<br>2 Анча эмес бийиктикте аткарылуучу жумуштарды жүргүзүү үчүн арналган конструкция;<br>3 Бет маңдайы боюнча жумушчу орундарды которуштурууну талап кылган жумуштарды аткарууга |

| | |
|---|---|
| предназначенная для выполнения работ, требующих перемещения рабочих мест по фронту работ | арналган бир катар кабаттуу конструкция |
| **подоконная асбестоцементная плита:** Плоское изделие специальной формы, предназначенное для устройства подоконников в зданиях различного назначения | **асбецемент терезе текчеси:** Ар кандай дайындалыштагы имараттарда терезе текчелерди жайгаштыруу үчүн арналган, атайын формадагы жалпак буюм |
| **подошва фундамента:** Нижняя плоскость фундамента, передающая нагрузку на основание | **пайдубалдын таманы:** Жүктөмдү жерпайга өткөрүп берүүчү пайдубалдын төмөнкү тегиздиги |
| **подполье:** Предназначенное для размещения трубопроводов инженерных систем пространство между перекрытием первого или цокольного этажа и поверхностью грунта | **жер кабат:** Инженердик тутумдардын өткөрмө түтүктөрүн жайгаштырууга арналган биринчи же цоколь кабаттарынын калкаларынын же кыртыштын ортосундагы аралык |
| **подпорная стенка:**<br>1 Конструкция, удерживающая от обрушения находящийся за ней массив грунта;<br>2 Железобетонная, бутовая, металлическая или деревянная конструкция. Подпорная стенка удерживает от обрушения находящийся за ней массив грунта | **тирөөч дубалча:**<br>1 Өзүнүн аркасында жайгашкан кыртыш массивин урап калуудан кармап туруучу конструкция;<br>2 Темир-бетондон, таштан, металлдан же жыгачтан тургузулган конструкция. Тирөөч дубалча анын артында жайгашкан кыртыш массивин урап калуудан сактайт |
| **подрез зоны сплавления:** Дефект в виде окалины или пленки окислов на поверхности сварного соединения | **эритүү чөлкөмүндөгү кесик:** Ширетме бирикменин бетиндеги темирдин ширенди же кычкылдык пленкасы түрүндөгү кемтик |
| **подсос капиллярный:** Перемещение жидкости внутри пористых материалов | **капиллярдык соруу:** Көңдөйлүү материалдардын ичиндеги суюктуктун которулуусу |
| **подстилающий слой пола:** Слой пола, распределяющий нагрузки на грунт. Там, где пол находится над неотапливаемым подпольем (проездом), устраивается теплоизоляционная прослойка | **төшөлмө астындагы катмар:** Кыртышка жүктөмдү бөлүштүрүп берүүчү төшөлмө катмары. Төшөлмө жылытылбаган жер кабаттын (өтмөктүн) үстүндө жайгашса, анда анын астына жылуулук өткөрбөөчү катмар төшөлөт |
| **подтверждение соответствия** (процедуры, подтверждающие): Соответствие продукции или процессов проектирования (включая изыскания), | **шайкештикти тастыктоо** (тастыктоочу жол-жоболор): Өндүрүмдүн же долбоорлоо (изилдөөлөрдү кошуп), өндүрүш, |

| | |
|---|---|
| производства, строительства, монтажа, наладки, хранения, перевозки, реализации, эксплуатации, утилизации техническим регламентам, положениям стандартов, сводам правил или условиям договоров | курулуш, монтаждоо, жөнгө салуу, сактоо, ташуу, сатуу, пайдалануу, кайра иштетүү жараяндарынын техникалык регламенттерге, стандарттардын жоболоруна, эрежелер топтомуна же келишимдин шарттарына шайкеш келүүсү |
| **подъем:** Разность уровней (вертикальный размер) между ближайшими горизонтальными плоскостями наклонного пути движения | **өр:** Кыймылдын эңкейиш жолунун эң жакынкы горизонталдуу тегиздиктеринин ортосундагы деңгээл-дердин айырмасы (вертикалдык өлчөм) |
| **подъём строительный:** Выгиб конструкции в сторону, противоположную действию внешней нагрузки, осуществляемый в процессе изготовления конструкции и необходимый для уменьшения ее прогибов | **курулуштук көтөрүм:** Конструкцияны даярдоо жараянында ишке ашырылуучу жана анын салаңдоосун азайтууга багытталган, сырткы жүктөмдүн аракетине карама-каршы тарапка конструкциянын кайкалоосу |
| **подъезд к зданию:** Дороги или пешеходные пути, обеспечивающие доступ к зданию, сооружению или какому-либо объекту<br>(Измененная редакция, Изм. №1) | **имаратка жол:** Имаратка, курулмага же кайсы бир объектке келүүнү камсыз кылуучу жолдор же жөө жолдор<br>(Өзгөртүлгөн редакция, №1 Өзг.) |
| **пожар:** Неконтролируемое горение, причиняющее материальный ущерб, вред жизни и здоровью граждан, интересам общества и государства; | **өрт:** Материалдык зыян, жарандардын өмүрүнө жана ден соолугуна, коомдун жана мамлекеттин кызыкчылыктарына залал келтирүүчү контролдонбоочу күйүү |
| **пожарная безопасность объекта защиты:** Состояние объекта защиты, характеризуемое возможностью предотвращения возникновения и развития пожара, а также воздействия опасных факторов пожара на людей и материальные ценности | **коргоо объектисинин өрт коопсуздугу:** Өрттүн келип чыгуусун жана өөрчүүсүн, ошондой эле өрттүн кооптуу факторлорунун адамдарга жана материалдык баалуулуктарга таасир тийгизүүсүн болтурбоо мүмкүнчүлүгү менен мүнөздөлгөн коргоо объектисинин абалы |
| **пожарная опасность веществ и материалов:** Опасность возникновения горения или взрыва веществ и материалов | **заттар жана материалдардын өрт кооптуулугу:** Заттар жана материалдардын күйүүсүнүн же жарылуусунун чыгуу коркунучу |
| **пожарная опасность объекта защиты:** Состояние объекта защиты, характеризуемое возможностью | **коргоо объектисинин өрт кооптуулугу:** Коргоо объектисинин өрт чыгуу жана өрттүн өөрчүү |

| | |
|---|---|
| возникновения и развития пожара, а также воздействия опасных факторов пожара на людей и материальные ценности | мүмкүнчүлүгү, ошондой эле адамдарга жана материалдык баалуулуктарга өрттүн кооптуу факторлорунун таасир тийгизүүсү менен мүнөздөлгөн абалы |
| **пожарное депо:** Объект органов обеспечения пожарной безопасности, в котором расположены помещения для хранения пожарной техники и ее технического обслуживания, служебные помещения для размещения личного состава, помещение для приема сообщений о пожаре, технические и вспомогательные помещения, необходимые для выполнения задач, возложенных на органы обеспечения пожарной безопасности | **өрт депосу:** Өрт коопсуздугун камсыз кылуу органдарына жүктөлгөн милдеттерди аткаруу үчүн зарыл болгон өрт техникасын сактоо жана аны техникалык тейлөө үчүн жайлар, жеке курамды жайгаштыруу үчүн кызмат жайлары, өрт тууралуу кабарларды кабыл алуу үчүн жай, техникалык жана көмөкчү жайлар жайгашкан өрт коопсуздугун камсыз кылуу органдарынын объектиси |
| **пожарно-техническое обследование:** Обследование, проводимое с целью выявления нарушений требований пожарной безопасности и принятия мер по их устранению | **өрт-техникалык иликтөө:** Өрт коопсуздугунун талаптарынын бузулушун табуу жана аларды жоюу боюнча чараларды көрүү максатында жүргүзүлүүчү иликтөө |
| **пожарно-техническая экспертиза проектной документации:** Рассмотрение и согласование проектной документации объектов защиты в целях исключения нарушений (отступлений) требований соответствующего Закона и других нормативных правовых актов при проектировании с выдачей соответствующего заключения | **долбоордук документтерди өрт-техникалык экспертизалоо:** Тиешелүү корутунду берүү менен долбоорлоодогу тиешелүү Мыйзамдын жана башка ченемдик укуктук актылардын талаптарын бузууларды (четтөөлөрдү) болтурбоо максаттарында коргоо объекттеринин долбоордук документтерин карап чыгуу жана макулдашуу |
| **пожарный извещатель:** Техническое средство, предназначенное для передачи сигнала о пожаре | **өрт маалымдагыч:** Өрт жөнүндө белги берүү үчүн арналган техникалык каражат |
| **пожарный оповещатель:** Техническое средство, предназначенное дня оповещения людей о пожаре | **өрт кабарлагыч:** Адамдарга өрт жөнүндө кабар берүүгө арналган техникалык каражат |
| **пожарный отсек:** Часть здания (сооружения), выделенная противопожарными стенами и противопожарными перекрытиями или покрытиями, с пределами | **өрт бөлүгү:** Өрткө каршы дубалдар жана өрткө каршы калкалар же отко туруктуулук чеги менен жабуулар менен бөлүнгөн, өрт узактыгынын ичинде өрттүн анын чектеринен |

| | |
|---|---|
| огнестойкости, обеспечивающими не распространение пожара за ее границы в течение продолжительности пожара | тышкары таралып кетпешин камсыз кылуучу имараттын (курулманын) бөлүгү |
| **пожаровзрывоопасность веществ и материалов:** Способность веществ и материалов к образованию горючей (пожароопасной или взрывоопасной) среды, характеризуемая их физико-химическими свойствами и (или) поведением в условиях пожара | **Заттардын жана материалдардын өрт-жарылуу кооптуулугу:** Заттардын жана материалдардын физикалык-химиялык касиеттери жана (же) өрт шартындагы өздөрүн көрсөтүүсү менен мүнөздөлүүчү күйүү (өрттөнүү же жарылуу кооптуулугу) чөйрөсүн пайда кылуу касиети |
| **пожароопасная (взрывоопасная) зона:** Часть замкнутого или открытого пространства, в пределах которого постоянно или периодически обращаются горючие вещества (взрывоопасные смеси) и в котором они могут находиться при нормальном режиме технологического процесса или его нарушении (аварии), имеющие высокую опасность к возникновению пожара (взрыву) | **өрткө кооптуу (жарылууга кооптуу) чөлкөм:** Чектеринде туруктуу же мезгилдүү түрдө күйүүчү заттар (жарылууга кооптуу аралашмалар) колдонулуучу жана өрттүн (жарылуунун) чыгышына жогорку кооптуулукка ээ, нормалдуу технологиялык жараяндын шарттамында же анын бузулушунда болушу мүмкүн болгон туюк же ачык мейкиндиктин бөлүгү |
| **покрытие гонтовое битумное (шинглс):** Выполняется в виде листов (кровельной плитки) «под черепицу». Покрытие гонтовое изготавливается из основных битуминозных материалов с декоративной посыпкой | **гонттук битумдук жабуу (шинглс):** Черепицага окшотуп такта (калканчык тактачалары) түрүндө даярдалат. Гонттук жабуу декоративдүү себилмелери менен негизги битумдуу материалдар дандаярдалат |
| **покрытие защитное:** Наружный слой из специальных материалов, защищающий поверхность конструкции от проникновения влаги, механических, коррозионных и других воздействий | **коргоочу каптоо:** Конструкциянын бетин нымдан, механикалык, коррозиялык ж.б. таасирлерден коргоочу атайын материлдардан сырткы катмар |
| **покрытие здания:** Верхнее ограждение здания для защиты помещений от внешних климатических факторов и воздействий | **имарат жабуусу:** Сырткы климат факторлорунан жана таасирлерден жайларды коргоо үчүн имараттын жогорку тосмосу |
| **покрытие КПЦР:** Коллоидный полимерцементный раствор. Покрытие КПЦР, предназначено для усиленной гидроизоляции полов и стен подвальных помещений промышленных и гражданских зданий, резервуаров для | **КПЦЭ жабуусу:** Коллоиддик полимерцементтик эритме. КПЦЭ жабуусу өнөр жайлык жана жарандык имараттардын жер төлөлөрүнүн төшөлмөлөрүн жана дубалдарын, ичүүчү жана өрт өчүрүүгө керектүү суу |

| | |
|---|---|
| питьевой воды и пожарного водоснабжения, аэротенков, объектов химической водоочистки, канализационных и насосных станций, ванн плавательных бассейнов, мазутохранилищ, гидротехнических и других сооружений | менен камсыздоочу резервуарларды, аэротенктерди, сууну химиялык жол менен тазалоочу объекттерди, суу агындылоочу жана соркыскычтык чордондорду, сүзүүчү чалкымалардын көлкүмөлөрүн, мазут сактагычтарды, гидротехникалык ж.б. курулмаларды күчөтүлгөн түрдө гидрообочолонтуу үчүн арналган |
| **покрытие чердачное:** Образует пространство (проходное или полупроходное) над перекрытием верхнего этажа | **чатырдык жабуу:** Жогорку кабаттын калкасынын үстүндөгү (өтмө же жарым өтмө) мейкиндикти түзөт. |
| **поле фильтрации:** Территория, предназначенная для биологической очистки сточных вод | **чыпкалоо талаасы:** Агынды сууларды биологиялык тазалоо үчүн арналган аймак |
| **полезная модель:** Это техническое решение, относящееся к устройствам (конструкция и изделие, т.е. конструктивное выполнение средств производства и предметов потребления, а так же их составных частей) и являющееся новым и промышленно применимым | **пайдалуу модель:** Түзмөктөргө (конструкция жана буюмдарга, б.а. өндүрүш каражаттарына жана керектөө предметтерине, ошондой эле алардын курамдык бөлүктөрүнө) тиешелүү жаңы жана өнөр жайда колдонулуучу техникалык чечилиш |
| **ползучесть:** Пластическая деформация, происходящая при постоянной температуре и постоянном напряжении (постоянной нагрузке) в зависимости от времени | **жылышуучулук:** Убакытка жараша туруктуу температурада жана туруктуу чыңалууда (туруктуу жүктөмдүн астында) өтүүчү майышма деформация |
| **полимербетон:** Материал на основе рационально подобранной смеси полиэфирных смол и различных минеральных заполнителей | **полимербетон:** Полиэфирдүү чайыр-лардын жана ар түрдүү минералдык толуктагычтардын рационалдуу тандал-ган аралашмасынан турган материал |
| **полимерсодержащие строительные материалы:** Строительные материалы, полученные с использованием в качестве связующего синтетических высокомолекулярных соединений | **полимерлүү курулуш материалдары:** Байланыштыргыч катары жогорку молекулярдуу синтетикалык бирикмелерди пайдалануу менен алынган курулуш материалдары |
| **полица:** Пологая нижняя часть шатровой или двускатной кровли. Полица предназначена для отвода дождевой воды | **полица:** Чатырдык же эки жантаймалуу чатырдын төмөнкү тайпак бөлүгү. Полица жамгыр суусун агызуу үчүн арналган |

| | |
|---|---|
| **полномочие:** В теории права понимается как право одного лица (представителя) совершать сделки от имени другого (представляемого), тем самым создавая, изменяя или прекращая права и обязанности представляемого. | **ыйгарым укук:** Укук назариятында бир жактын (өкүлдүн) башка бир жактын (көрсөтүүчүнүн) атынан бүтүмдөрдү чыгарууга, көрсөтүүчүнүн атынан анын укуктарын жана милдеттерин түзүүгө, өзгөртүүгө же токтотууга укугу катары түшүнүлөт |
| **половняк:** Разбитый пополам (или на более мелкие части) кирпич | **жарты кыш:** Тең экиге (же көп майда бөлүктөргө) бөлүнгөн кыш |
| **положение (нормативного документа):** Логическая единица содержания нормативного документа, которая имеет форму сообщения, инструкции, рекомендации или требования | **жобо (ченемдик документтин):** Маалымдоолор, нускамамалар, сунуштмалар же талаптар формасына ээ ченемдик документтин мазмунун логикалык бирдиги |
| **полумеханизированная стоянка автомобилей:** Стоянка, в которой транспортирование автомобилей в парковочное место осуществляется водителем с использованием механизированных устройств | **жарым жартылай механдаштырылган автомобиль токтотмосу:** Автомобилдерди токтотуу ордуна жеткирүү айдоочу тарабынан механдаштырылган түзмөктөрдү колдонуу менен жүргүзүлүүчү автомобиль токтотмосу |
| **полуфабрикат:** Предмет труда, подлежащий дальнейшей обработке на предприятии-изготовителе | **жарым фабрикат:** Өндүрүүчү ишканада андан ары кайра иштетилүүгө тийиш болгон эмгек буюму |
| **полы наливные:** Монолитные покрытия полов, выполняемые из подвижных полимерсодержащих составов по предварительно подготовленному основанию или стяжке | **куйма төшөлмө:** Алдын ала даярдалган жерпайдын же тегиздеменин үстүнө полимер камтыган кыймылдуу курамдардан куюлган төшөлмөлөрдүн чулу жабуусу |
| **пользование:** Правомочие пользования и является одним из основных правомочий собственника, а также субьектов права оперативного управления, права хозяйственного ведения, сервитутов и других вещных прав | **пайдалануу:** Пайдалануу укугу, менчик ээсинин негизги укуктарынын, ошондой эле ыкчам башкаруу укугунун субъекттеринин, чарба жүргүзүү укугунун, сервитуттардын жана башка мүлк укуктарынын бири |
| **полярность обратная:** Полярность, при которой электрод присоединяется к положительному полюсу источника питания дуги, а объект сварки – к отрицательному | **терс полярдуулук:** Электрод жаанын азыктануу булагынын оң уюлуна, ал эми ширетилүүчү объект – терс уюлуна туташтырылган полярдуулук |

| | |
|---|---|
| **полярность прямая:** Полярность, при которой электрод присоединяется к отрицательному полюсу источника питания дуги, а объект сварки – к положительному | **түз полярдуулук:** Электрод жаанын азыктануу булагынын терс уюлуна, ал эми ширетилүүчү объект – оң уюлуна туташтырылылган полярдуулук |
| **помещение:** Замкнутое пространство внутри здания, имеющее определенное функциональное назначение и ограниченное со всех сторон строительными конструкциями | **жай:** Белгилүү бир функционалдык дайындалышка ээ жана баардык тараптарынан курулуш конструкциялары менен чектелген имараттын ичиндеги туюк мейкиндик |
| **помещение для хранения**: Основное помещение стоянки автомобилей, по назначению и использованию не относящееся к складским помещениям | **сактоо үчүн жай:** Дайындалышы жана колдонулушу боюнча кампа жайларына кирбеген автомобиль токтотуучу негизги жай |
| **помещение индивидуального обслуживания:** Кабина или кабинет, где осуществляется самообслуживание или обслуживание персоналом учреждения (предприятия) лиц с ограниченными возможностями здоровья. Габариты кабины (кабинета) должны учитывать, как правило, возможность размещения и сопровождающего лица | **жекече тейлөө жайы:** Өзүн-өзү тейлөө же майыптарды мекеменин (ишкананын) персоналы тейлөөсүн ишке ашыруу үчүн кабина же кабинет. Кабинанын (кабинеттин) тыш өлчөмдөрү, эреже катары, коштоп жүрүүчү адамды жайгаштырууну эске алуу менен долбоорлонууга тийиш |
| **помещение с массовым пребыванием людей:** Помещение с количеством людей более 1 чел. на 1 м² помещения площадью 50 м² и более (залы и фойе зрелищных учреждений, залы совещаний, лекционные аудитории, обеденные залы кассовые залы, залы ожидания и др.) | **адамдар массалык келүүчү жай**: 50 м² жана андан жогору аянтка ээ жана 1 м² 1 ден көп адам санын батырган жай (оюн-зоок мекемелеринин залдары жана фойелери, кеңешме залдары, дарс аудиториялары, түштөнүү залдары, кассалык залдар, күтүү залдары ж.б.) |
| **помещение с постоянными рабочими местами:** Помещение, в котором сотрудник должен находиться не менее двух часов непрерывно или не менее 50% рабочего времени | **туруктуу жумушчу орундары менен жайлар:** Кызматкер үзгүлтүксүз эки сааттан кем эмес же жумуш убактысынын 50% аз эмесин өткөрүүчү жай |
| **помещения для физкультурных занятий и тренировок:** Помещения площадью 150 м² и менее, предназначенные для тренажеров, ритмической гимнастики, единоборств, | **дене тарбия сабактары жана машыгуулар үчүн жайлар**: Машыктыргычтар, ыргактуу гимнастика, жекеме-жеке таймашуу, хореография ж.б. үчүн арналган, аянты |

| | |
|---|---|
| хореографии и т.п. | 150 м² жана андан кичине жайлар |
| **помещения общественного назначения:** Встроенные в жилой дом или пристроенные к нему помещения, предназначенные для индивидуальной предпринимательской и другой общественной деятельности проживающих в доме людей | **коомдук дайындалыштагы жайлар:** Үйдө жашаган адамдардын жеке ишкердиктери жана башка коомдук ишмердүүлүктөрү үчүн арналган турак үйдүн ичине же ага кошо курулган жайлар |
| **поперечные волны:** Колебание частиц среды происходит перпендикулярно к направлению распространения волн. В твердых средах возникают продольные и поперечные волны | **туурасынан кеткен толкундар:** Чөйрөнүн бөлүкчөлөрүнүн термелүүсү толкундун таралуу багытына перпендикулярдуу болот. Катуу чөйрөдө узатасынан жана туурасынан кеткен толкундар пайда болот |
| **поперечный уклон:** Уклон поверхности, перпендикулярный направлению движения | **туурасынан багыттагы жантайма:** Кыймылдын багытына перпендикулярдуу болгон беттин жантаймасы |
| **посадочный этаж:** Этаж, на котором водитель садится в автомобиль или покидает стоянку автомобилей | **отурма кабат:** Айдоочу автомобилге отуруучу же автомобиль токтотуучу жайдан чыга турган кабат |
| **постоянное хранение автомобилей и других мототранспортных средств:** Длительное (более 12 ч) хранение автомототранспортных средств на стоянках автомобилей на закрепленных за конкретными автовладельцами машино-местах | **автомобилдерди жана башка мотоунаалык каражаттарды туруктуу сактоо:** Автомобиль токтотуучу жайларда таасын автомобилдердин ээлерине бекитилген машине-орундарда автомотоунаалык каражаттарды узак убакыт (12 сааттан ашык) сактоо |
| **посты технического обслуживания (ТО) и текущего ремонта (ТР):** Места с устройствами для обслуживания автомобилей | **техникалык тейлөө (ТТ) жана утурумдук оңдоо (УО) посттору:** Автомобилдерди тейлөө үчүн түзмөктөрү менен орундар |
| **пора в сварном шве:** Дефект сварного шва в виде полости округлой формы, заполненной газом | **ширетүү жигиндеги көңдөй:** Тоголок формадагы көңдөй түрүндөгү газга толгон ширетүү тигишиндеги кемтик |
| **пористость:** Степень заполнения объёма материала порами (ячейками воздуха или другого газа). Пористость существенно влияет на технические свойства материалов (теплопроводность, прочность, | **көңдөйлүүлүк:** Материалдын көлөмүнүн көңдөйлөр (абанын же башка газдын ячейкалары) менен толтурулуу даражасы. Көңдөйлүүлүк материалдардын техникалык касиеттерине (жылуулук өткөргүчтүгү, |

| | |
|---|---|
| водопоглощение и др.) | бекемдиги, суу сиңирүүчүлүгү ж.б) олуттуу таасир тийгизет |
| **порог хладноломкости:** Температура, при которой происходит спад ударной вязкости или ударная вязкость снижается ниже 0,3 Дж/м$^2$ | **сууктан сынуу босогосу:** Соккулук илээшкектиктин төмөндөөсү же соккулук илээшкектиги 0,3 Дж/м$^2$ төмөн болгон температура |
| **портал:** Архитектурно оформленный и богато украшенный резьбой и т.п. дверной проем монументального здания | **портал:** Монументалдык имараттын архитектуралык жасалгаланган жана жыгачтан оюп шөкөттөлгөн эшиктин оюгу |
| **портик:** Образованная несущими колоннами галерея. Портик располагается перед входом в здание | **портик:** Жүк көтөрүүчү түркүктөр-дөн турган галерея. Портик имараттын кире беришинде жайгаштырылат |
| **портландцемент:** Гидравлическое вяжущее, получаемое при тонком измельчении клинкера и гипса. Может содержать различного рода добавки. | **портландцемент:** Клинкерди жана гипсти өтө майдалоодон алынуучу гидравликалык камдаштыргыч зат. Ар кандай түрдөгү кошулмаларды камтышы ыктымал. |
| **поручень:** Компонент лестницы или пандуса, который задает направление и обеспечивает поддержку на уровне руки при движении | **кармагыч:** Кыймылдап жүрүүдө багыт берген жана колдун деңгээлинде сүйөөнү камсыз кылган шатынын же жантык жолдун компоненти |
| **порфир:** Мелкокристаллическая изверженная горная порода с крупными включениями. По химическому составу порфир близок к граниту | **порфир:** Ири кошундулары менен майда кристалдуу жер астынан чыккан тоо теги. Порфир химиялык курамы боюнча гранитке жакын |
| **потайной зуб:** Прямоугольный выступ в верхнем бревне, входящий в соответствующий паз нижнего бревна венца сруба | **жашыруун тиш:** Төмөнкү сом жыгачтын кайчылаш жериндеги тиешелүү жылгасына кирүүчү жогорку сом жыгачтагы тик бурчтуу урчук |
| **потенциально опасные объекты:** Объекты, заведомо содержащие потенциальную угрозу устойчивому функционированию иных объектов, угрозу возникновения техногенных или экологических бедствий, а также объекты, на которых необходимо выполнение обязательных экологических и санитарно-эпидемиологических требований, а также требований по взрывной и пожарной безопасности, подлежащие обязательному проведению | **потенциалдуу кооптуу объекттер:** Башка объекттердин туруктуу иштешине коркунуч туудурган, техногендик же экологиялык кырсыктардын пайда болуу кооптуулугун жараткан объекттер, ошондой эле милдеттүү экологиялык жана санитардык-эпидемиологиялык, мамлекеттик экспертиза милдеттүү түрдө өткөрүлүүгө тийиш болгон жарылуу жана өрт коопсуздугу боюнча талаптарды аткаруу зарыл болгон объекттер |

| | |
|---|---|
| государственной экспертизы | |
| **потенциал углеродный:** Содержание углерода в образце чистого железа, находящегося в равновесии с на углероживающей средой в данных условиях | **көмүртектик потенциал:** Берилген шарттарда көмүртектөөчү чөйрө менен тең салмакта турган таза темирдин үлгүсүндөгү көмүртектин болуусу |
| **потенциально опасные вещества:** Вещества, обладающие такими свойствами, как воспламеняемость, окисляемость, горючесть, взрывчатость, токсичность, высокая реакционная способность, радиоактивность, представляющие опасность для жизнедеятельности людей и окружающей среды | **потенциалдуу кооптуу заттар:** Тутануучу, кычкылдануучу, күйүүчү, жарылуучу, уулуулук, тез реакцияга кирүүчүлүк, радиоактивдүүлүк касиеттерине ээ, адамдардын жашоо-тиричилиги жана айлана-чөйрө үчүн коркунучтуудуруучу заттар |
| **потерна-коридор:** Коридор (галерея) внутри массивного сооружения. Потерна устраивается, например, в теле плотин для наблюдения за состоянием их внутренних частей | **потерна-далис:** Массивдүү курулманын ичиндеги далис. Потерна, мисалга, тогоондун тулкусунда алардын ички бөлүктөрүнүн абалын байкоо үчүн курулат |
| **потеря прочности:** Разрушение материала конструкции под действием расчетных нагрузок и воздействий, недопустимое снижение физико-механических свойств грунтов основания, повлекшее полную или частичную потерю несущей способности зданий и сооружений, их частей или отдельных конструктивных элементов | **бекемдикти жоготуу:** Конструкциянын материалынын эсептик жүктөмдөрдүн жана таасирлердин алдында сынуусу, имараттардын жана курулмалардын, алардын бөлүктөрүнүн же айрым бир конструктивдик элементтеринин жүк көтөрүмдүүлүгүнүн толук же айрымдап жоготуусуна алып келген жер пайдын кыртышынын физикалык-механикалык касиеттеринин жол берилгис төмөндөшү |
| **потеря устойчивости:**<br>1 Достижение системой такого состояния, при котором первоначальная форма ее равновесия становится неустойчивой;<br>2 Выведение зданий и сооружений или их отдельных частей из состояния устойчивого равновесия, повлекшее недопустимые остаточные деформации (осадки, сдвиг и подобные деформации) либо разрушение зданий и сооружений | **туруктулуукту жоготуу:**<br>1 Тутумдун тең салмактуулугунун алгачкы формасы туруксуз болгон абалга келип калуусу;<br>2 Жол берилбеген калдыктуу деформацияларды (отуруу, жылышуу жана ушуларга окшош деформациялар) же имараттардын жана курулмалардын же алардын бөлүктөрүнүн кыйроосуна алып келүүчү имараттардын жана курулмалардын же алардын айрым |

| | |
|---|---|
| или их частей | бөлүктөрүнүн туруктуу тең салмактуу абалынан чыгаруу |
| **потребитель:** Гражданин, имеющий намерение заказать или приобрести либо заказывающий, приобретающий или использующий товары (работы, услуги) исключительно для личных (бытовых) нужд, не связанных с извлечением прибыли | **керектөөчү:** Пайда табууну көздөбөй, жеке (тиричилик) муктаждыктары үчүн гана товарларга (жумуштарга, кызмат көрсөтүүлөргө) тапшырык кылууга же сатып алууга ниети бар же сатып алуучу же пайдалануучу жаран |
| **поток:** Бревно с выдолбленным желобом, служащее для отвода воды с кровли. Одновременно поток является опорой для нижних концов кровельного теса | **агым:** Калканчыктагы сууну агызуу үчүн ичи ноочо оюлгансом жыгач. Агым ошол эле учурда калканчыктын чошунун төмөнкү учтары үчүн таяныч болуп саналат |
| **потребитель электроэнергии:** Электроприемник или группа электроприемников, объединенных технологическим процессом | **электр энергиясын керектөөчү:** Технологиялык жараян менен бириктирилген электр агынын кабыл алуучу же электр агынын кабыл алуучулардын тобу |
| **почвенные теплицы:** Теплицы, в которых корнеобитаемым слоем растений служат тепличные грунты или почвосмеси | **кыртыштык күнөсканалар:** Өсүмдүктөрдүн тамыры жайгашуучу катмар катары күнөскана топурактары же кыртыш аралашмалары колдонулган күнөсканалар |
| **правила:** Положение, описывающее действия, предназначенные для выполнения | **эрежелер:** Аткарууга арналган иш-аракеттерди баяндаган жобо |
| **правила застройки и землепользования территорий городских и сельских населенных пунктов** (далее - **правила застройки и землепользования):** Нормативные правовые акты, регулирующие использование и строительные изменения объектов недвижимости посредством введения градостроительных регламентов, утвержденные в соответствии с законодательством Кыргызской Республики в сфере земельных отношений<br>(Измененная редакция, Изм. №1) | **шаар жана айыл калктуу конуштардын курулушунун жана жер пайдалануусунун эрежелери (мындан ары - куруу жана жерди пайдалануу эрежелери):** Кыргыз Республикасынын жер мамилелери чөйрөсүндөгү мыйзамдарга ылайык бекитилген шаар куруу регламенттерин киргизүү аркылуу кыймылсыз мүлк объекттерин пайдаланууну жана курулуштук өзгөртүүлөрдү жөнгө салуучу ченемдик укуктук актылар<br>(Өзгөртүлгөн редакция, №1 Өзг.) |
| **правила землепользования и** | **жер пайдалануунун жана** |

| | |
|---|---|
| **застройки (ПЗЗ):** Нормативные правовые акты органов местного самоуправления, регулирующие использование земельных участков, проектирование и застройку территорий населенных пунктов и пригородной зоны посредством введения градостроительных регламентов | **курулуш куруунун эрежелери (ЖПжККЭ):** Жер участкаларын пайдаланууну**,** калктуу пункттардын аймактарын жана шаар четиндеги чөлкөмдөрдү шаар куруу регламенттерин киргизүү аркылуу жөнгө салуучу өзүн-өзү башкаруу органдарынын ченемдик-укуктук актылары |
| **право на достаточное жилое помещение:** Гарантированное государством право граждан на жилое помещение, пригодное для проживания, доступное к социальной инфраструктуре, доступное для приобретения, а также сохранности прав на его использование | **жетиштүү турак жайга укук:** Жашап туруу үчүн жарактуу, социалдык инфра түзүмдөргө жеткиликтүү, сатып алуу үчүн мүмкүнчүлүктүү, ошондой эле аны пайдаланууга укуктары сакталган турак жайга жарандардын мамлекет тарабынан кепилденген укугу |
| **правовое градостроительное зонирование:** Проектная работа, выполняемая на основе или в составе проектов градостроительного планирования развития или проекта застройки территорий, описанная в правилах застройки и землепользования населенных пунктов и городов | **укуктук шаар куруу чөлкөмдөштүрүүсү:** Калктуу конуштарды жана шаарларды куруу жана алардын жерлерин пайдалануу эрежелеринде жазылган, аймактарды өнүктүрүүнүн же куруу долбоорунун шаар курууну пландаштыруу долбоорлорунун негизинде же курамында аткарылуучу долбоордук иш |
| **правонарушение:** Противоправное деяние (действие или бездействие), которое нарушает какие-либо нормы права и представляет определенную опасность для общества | **укук бузуу:** Тигил же бул укук ченемдерин бузуу жана коом үчүн кандайдыр бир коркунуч алып келүүчү укукка каршы жосун (аракет же аракетсиздик) |
| **предварительный договор:** Когда стороны обязуются заключить в будущем договор о передаче имущества, выполнении работ или оказании услуг (основной договор) на условиях, предусмотренных предварительным договором | **алдын алуу келишими:** Алдын алуу келишиминде каралган шарттарда тараптар келечекте мүлктү өткөрүп берүү, жумушту аткаруу же кызмат көрсөтүү (негизги келишим) тууралуу милдеттенишет |

| | |
|---|---|
| **предварительный национальный стандарт:** Документ в области стандартизации, который утвержден национальным органом Кыргызской Республики по стандартизации и срок действия которого ограничен | **алгачкы улуттук стандарт:** Кыргыз Республикасынын стандартташтыруу боюнча органы тарабынан бекитилген жана аракет этүү мөөнөтү чектелген стандартташтыруу чөйрөсүндөгү документ |
| **предел выносливости:** Максимальное по абсолютному значению напряжение цикла, при котором еще не происходит усталостное разрушение | **чыдамдуулук чеги:** Чарчап сынуу боло элек абсолюттук мааниси боюнча циклдин максималдуу чыңалуусу |
| **предел огнестойкости:** Время в минутах (часах) с момента начала пожара до выхода конструкции из строя (до потери несущей способности, обрушения, достижения необратимых деформаций или до образования сквозных трещин), или прогрева до повышения температуры на противоположной от огня поверхности порядка 220°С, выше которой возможно самовоспламенение органических материалов | **отко чыдамдуулук чеги:** Өрт башталгандан тартып конструкциянын жарактан чыгуусуна (жүк көтөрүмдүүлүгүн жоготууга, урап түшүүгө, кайтпас деформацияларга жетүүгө же өтмө жаракалардын пайда болуусуна) чейин өткөн же органикалык материалдардын өзү от алып кетүүсү мүмкүн болгон отко карама каршы тарабындагы беттин температурасын 220°С чейин көтөрүп ысытуу убактысы (мүнөт, саат менен) |
| **предел огнестойкости конструкции:** Время от начала огневого воздействия до наступления одного из нормируемых для данной конструкции предельных состояний по огнестойкости | **конструкциянын отко чыдамдуулук чеги:** От таасиринин башталышынан тартып конструкция үчүн отко чыдамдуулук боюнча ченемделгенчектик абалдардын бири пайда болгонго чейинки убакыт |
| **предел текучести:** Характеристика, выражающая напряжение, при котором деформации растут без увеличения нагрузки | **агуу чеги:** Жүктөм көбөйбөсө деле деформациялардын өсүшүн туюнткан чыңалуунун мүнөздөлүшү |
| **предел упругости $S_{0,05}$:** Напряжение, при котором остаточное удлинение достигает 0,05% длины участка рабочей части образца, равного базе тензометра | **$S_{0,05}$ серпилгичтүүлүк чеги:** Үлгүнүн тензомердин базасына барабар болгон жумушчу бөлүгүнүн узундугунун калдыктуу узаруусу 0,05% ге жеткендеги чыңалуунун мааниси |
| **предельное состояние:** Это такие состояния, при которых конструкция не может больше использоваться в результате действия внешних нагрузок и внутренних напряжений | **чектик абал**: Сырткы жүктөмдөрдүн жана ички чыңалуулардын аракет этүүсүнүн натыйжасында конструкцияны мындан ары колдонууга мүмкүн болбой калган абалдар |

| | |
|---|---|
| **предельное состояние конструкции по огнестойкости:** Состояние конструкции, при котором она утрачивает способность сохранять несущие и/или ограждающие функции в условиях пожара | **конструкциянын отко чыдамдуулук чеги боюнчачектик абалы:** Өрт шарттарында конструкциянын жүк көтөрүүчү жана/же тосмолоочу функцияларын жоготкон абалы |
| **предписание на проведение проверки:** Официальный документ, подтверждающий полномочия должностного лица уполномоченного государственного органа по надзору и контролю в сфере архитектурно-строительной деятельности и его территориальные подразделения на проведение проверки объекта строительства | **текшерүү жүргүзүүгө буюртма:** Архитектура-курулуш ишмердүүлүгү чөйрөсүндө көзөмөлдөө жана контролдоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын жана анын аймактык түзүмдүк бөлүмдөрүнүн кызмат адамдарынын курулуш объектисин текшерүүгө ыйгарым укуктарын тастыктоочу расмий документ |
| **предписание на устранение нарушений:** Обязательное для выполнения в определенные сроки письменное требование инспектора уполномоченного государственного органа по надзору и контролю в сфере архитектурно-строительной деятельности и его территориальных подразделений субъекту строительства по устранению нарушений требований законодательства. Предписание не предусматривает применения санкций в отношении хозяйствующего субъекта. Предписание выдается и подписывается должностным лицом органа, осуществлявшим проверку | **бузууларды жоюуга буюртма:** Архитектура-курулуш ишмердүүлүгү чөйрөсүндө көзөмөлдөө жана контролдоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын жана анын аймактык түзүмдүк бөлүмдөрүнүн инспекторунун мыйзамдардын талаптарын бузууну белгиленген мөөнөттө жоюу боюнча курулуш субъектисине жазуу жүзүндөгү милдеттүү талабы. Буюртмада чарбакер субъектке карата санкцияларды колдонуу каралбайт. Буюртма текшерүү жүргүзүүчү органдын кызмат адамы тарабынан берилет жана анын колу коюлат |
| **предприятие:** Это имущественный комплекс, используемый для осуществления предпринимательской деятельности | **ишкана:** Ишкердик ишмердүүлүктү жүзөгө ашыруу үчүн пайдаланылуучу мүлктүк комплекс |
| **предприниматель:** Лицо, осуществляющее предпринимательскую деятельность, если смотреть в широком смысле, руководитель коммерческой организации, а также гражданин, зарегистрированный в качестве индивидуального предпринимателя в | **ишкер:** Ишкердик менен шугулданган жак, эгерде кеңири мааниде караса, коммерциялык уюмдун жетекчиси, ошондой эле КРнын мыйзамдарында аныкталган тартипте жеке ишкер катары каттоодон өткөн жаран |

| | |
|---|---|
| установленном законодательством КР порядке | |
| **предпринимательская деятельность:** Это самостоятельная, осуществляемая на свой риск деятельность, направленная на получение прибыли лицами, зарегистрированными в этом качестве в установленном законом порядке | **ишкердик ишмердүүлүк:** Мыйзамда белгиленген тартипте ишкер катарында катталган адамдар тарабынан пайда табууга багытталган, өз алдынча өзүн тобо келге салуу менен жүзөгө ашырылуучу ишмердүүлүк |
| **представитель:** Это лица, которые могут быть представителями в суде, им может быть любое дееспособное лицо, имеющее надлежащим образом оформленное полномочие на ведение дела в суде, кроме судьи, следователей, прокуроров и депутатов представительных органов власти и органов местного самоуправления | **өкүл:** Сотто ишти алып барууга тийишелүү түрдө таризделген ыйгарым укукка ээ жана ким болбосун иш-аракетке жарамдуу, сот, тергөөчү, прокурор жана өкүлчүлүк органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын депутаттарынан башка, сотто өкүл боло алган жаран |
| **представительство:** Понимается как правоотношение, связывающее представителя с представляемым | **өкүлчүлүк:** Өкүлдү башка өкүлдөөчү менен байланыштырган укуктук алака |
| **представители работников:** Профессиональные союзы и их объединения, иные представители, избираемые работниками в случаях пре-дусмотренных Трудовым кодексом КР | **жумушчулардын өкүлдөрү:** Кесиптик кошундар жана кызматкерлер тарабынан КР Эмгек кодесинде каралган учурларда шайлануучу башка өкүлдөр |
| **предупреждение чрезвычайных ситуаций (предупреждение ЧС):**<br>1 Комплекс мероприятий направленных на максимально возможное уменьшение риска возникновения чрезвычайных ситуаций, а также на сохранение здоровья людей, снижение размеров ущерба окружающей природной среде и материальных потерь в случае их возникновения;<br>2 Совокупность мероприятий, проводимых органами исполнительной власти, органами местного самоуправления и организационными структурами ЧС, направленных на предотвращение чрезвычайных | **өзгөчө кырдаалдардын алдын алуу (ӨК алдын алуу):**<br>1 Өзгөчө кырдаалдардын жаралуусунун тобокелчилигин мүмкүн болушунча максималдуу азайтууга, ошондой эле адамдардын ден соолугун сактоого, курчап турган жаратылыш чөйрөсүнө зыяндардын өлчөмүнжана алардын жаралып калуусунда материалдык жоготууларды азайтууга багытталган иш-чаралар комплекси.<br>2 Аткаруу бийлиги, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана ӨК уюштуруу түзүмдөрү тарабынан өзгөчө кырдаалдарды болтурбоого жана алар болуп калган учурда алардын чен өлчөмдөрүн азайтууга багытталган |

| | |
|---|---|
| ситуаций и уменьшение их масштабов в случае возникновения | жүргүзүлүүчү иш-чаралардын жыйындысы |
| **предпроектная документация**: Документация, предшествующая разработке градостроительного, архитектурно-строительного проектов, включающая программы, отчеты, технико-экономическое обоснование строительства, технико-экономические расчеты, результаты научных исследований, инженерных изысканий, технологические и конструктивные расчеты, эскизы, макеты, обмеры и результаты обследования объектов, а также иные исходные данные и материалы, разрабатываемые и используемые по необходимости<br>(Измененная редакция, Изм. №1) | **долбоор алдындагы документ:** Шаар куруу жана архитектуралык-курулуш долбоорлорун иштеп чыгууга өбөлгө түзүүчү документтерди даярдоо-го керектүү болгон программаларды, жоопчотторду, курулуштун техника-лык-экономикалык негиздемелерин, техникалык-экономикалык эсептөөлөр-дү, илимий изилдөөлөрдүн натыйжала-рын, инженердик изилдөөлөрдү, технологиялык жана конструктивдик эсептөөлөрдү, шилтемдерди, макеттер-ди, объекттерди ченөө жана текшерүү-лөрдүн жыйынтыктарын иштеп чыгуучу жана керек болгон учурда колдонулуучу алгачкы маалыматтарды жана материалдарды камтыган документтер<br>(Өзгөртүлгөн редакция, №1 Өзг.) |
| **презумпция соответствия:** Положение, при котором применение международных, региональных, национальных стандартов и/или сводов правил рассматривается как соблюдение существенных (общих) требований технических регламентов | **шайкештик презумпциясы:** Эл аралык, региондук, улуттук стандарттарды жана/же эрежелер топтомдорун колдонуу техникалык регламенттердин олуттуу (жалпы) талаптарын сактагандык катары каралган жобо |
| **прессование:** Изготовление изделий способом прессования из порошкообразных масс с добавлением каких-либо компонентов (воды, клей и т.д.) | **жубастоо:** Күл майда сымал массадан ага кандайдыр бир компоненттерди (суу, желим ж.б.) кошуп жубастоо ыкмасы менен буюмдарды даярдоо |
| **прессованные профили:** Длинномерные металлические изделия (металлические профили), полученные прессованием (экструдированием) | **жубасталган профильдер:** Жубастап (экструдирлөө) алынган узун ченемдүү металл буюмдары (металл профилдери) |
| **приборы санитарные:** Приемники сточных вод (хозяйственных и бытовых), устанавливаемые в жилых, общественных, коммунальных и производственных зданиях. По | **санитардык алеттер:** Турак жай, коомдук, коммуналдык жана өндүрүштүк имараттарда орнотулуучу агынды сууларды (тиричилик жана чарбалык) кабыл алгычтар. |

| | |
|---|---|
| назначению подразделяются: для гигиенических целей (умывальники, ванны, душевые, поддоны, унитазы и т.п.); для хозяйственных нужд (кухонные раковины, мойки, и т.п.); для специальных целей (для лабораторий, детских и медицинских учреждений, бытовых помещений производственных зданий) | Дайындалышы боюнча төмөнкүлөргө бөлүнөт: гигиеналык максаттар (жуунгучтар, көлкүмөлөр, униташтектер ж.б.) үчүн; чарбалык муктаждыктар (ашкана дагаралары, жуугучтар ж.б.у.с.) үчүн; атайын максаттар (лабораторияларга, балдар жана медициналык мекемелерге, өндүрүш имараттарынын турмуш-тиричилик жайларына) үчүн |
| **прибор управления пожарной автоматики:** Техническое средство, предназначенное для передачи сигналов управления автоматическими средствами пожаротушения и (или) дымоудаления, и (или) оповещения, и (или) другими устройствами | **өрт автоматикасын башкаруу алети:** Өрт өчүрүүнүн жана (же) түтүндү жок кылуунун, жана (же) кабарлоонун автоматтык каражаттарын жана (же) башка түзмөктөрүн башкаруу ишарат белгилерин берүү үчүн арналган техникалык каражат |
| **придомовая территория:** Территория, непосредственно прилегающая к многоквартирному дому, на которой размещаются подходы и подъезды к дому, гостевые автостоянки, территории зеленых насаждений, площадки для игр и отдыха, хозяйственные площадки. На придомовой территории в жилой, смешанной жилой застройке запрещается размещение отдельно стоящих нежилых объектов, а также встроено-пристроенных нежилых объектов, недопустимых к размещению в жилой застройке по санитарно-гигиеническим требованиям | **үй алдындагы аймак:** Кире бериштери жана унаа келмелери, меймандык автотоктотмолор, жашылдандыруу аймактары, оюн жана эс алуу үчүн аянтчалары, чарбалык аянтчалар жайгаштырылуучу көп батирлүү үйгө түздөн түз чектешкен аймак. Турак жай, аралаш турак жай курулуштарынын үй алдындагы аймагына өзүнчө турган турак эмес объектилерди, ошондой эле санитардык-гигиеналык талаптар боюнча турак жай курулушунда жайгаштырууга жол берилбеген ичине же кошо курулматурак эмес объекттерди жайгаштырууга тыюу салынат |
| **придомовой земельный участок (земельный участок при многоквартирном доме):** Участок, включающий в себя территорию, прилегающую к дому, включая зеленые насаждения, внутридворовые ирригационные сети (за исключением магистральных и подающих каналов) и сети наружного освещения, | **үй жанындагы жер участогу (көп батирлүү үйдүн алдындагы жер участогу):** Өсүмдүктөрдү, короо ичиндеги ирригациялык тарамдарды (магистралдык жана бергич каналдарды кошпогондо) жана тышкы жарыктандыруу тарамдарын, чарбалык, балдар жана спорт аянтчаларын, катуу тиричилик калдыктарын чогултуу үчүн |

| | |
|---|---|
| хозяйственные, детские и спортивные площадки, площадки, оборудованные для сбора твердых бытовых отходов, и другие участки, границы которых определяются в порядке, установленном законодательством Кыргызской Республики | жабдылган аянтчаларды кошуп алганда үй алдындагы аймакты жана чек аралары Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган тартипте аныкталган башка участокторду камтыган участок |
| **приемно-контрольный прибор пожарной автоматики:** Техническое средство, предназначенное для приема сигналов от пожарных извещателей, осуществления контроля целостности шлейфа пожарной сигнализации, световой индикации и звуковой сигнализации событий, формирования стартового импульса запуска прибора управления пожарной автоматики | **өрт автоматикасынын кабыл алуучу-контролдоочу алети:** Өрт кабарлагычтарынан ишарат белгилерди кабыл алуу, өрт ишарат белгилеринин чубалмасынын бүтүндүгүн, окуялардын жарык индикациясын жана үн ишарат белгисин контролдоо, өрт автоматикасын башкаруу алетин иштетүүнүн баштапкы каккысын калыптандырууучүн арналган техникалык каражат |
| **приемочная комиссия:** Временный коллегиальный орган, проводящий комплексную проверку готовности объекта строительства, контрольное опробование и испытание технологического оборудования и инженерных систем и принимающий построенный объект в эксплуатацию, с оформлением акта приемки | **кабыл алуу комиссиясы:** Курулуш объектисинин даярдыгын комплекстик текшерүүнү, технологиялык жабдууларды жана инженердик тутумдарды контролдук текшерүүдөн жана сыноодон өткөрүүнү, кабыл алуу актысын түзүү менен курулган объектти пайдаланууга кабыл алууну жүргүзүүчү убактылуу коллегиалдуу орган |
| **приемное отделение и помещение выписки больных:** Является важнейшим лечебно-диагностическим отделением больницы. В современной больнице при централизованной системе планировки, когда практически все лечебные и диагностические отделения сосредоточены в одном корпусе, там же располагается и приемное отделение | **кабыл алуу бөлүмү жана оорулууларды чыгаруу жайы:** Оорукананын эң маанилүү дарылоо-дартты аныктоо бөлүмү болуп эсептелет. Дарылоо жана дартты аныктоо бөлүмдөрү дээрлик бир корпуста топтолгон борборлоштурулган пландаштыруу тутумундагы заманбап ооруканада кабыл алуу бөлүмү да чогуу жайгаштырылат. |
| **признанное техническое правило:** Техническое положение, признаваемое большинством компетентных специалистов в качестве отражающего уровень развития техники | **таанылган техникалык эреже:** Көпчүлүк компетенттүү адистер тарабынан техниканын өнүгүү деңгээлин чагылдыруучу катары таанылган техникалык жобо |

| | |
|---|---|
| **примагистральная территория:** Территория, примыкающая к магистральным улицам общегородского значения, транспортным коридорам, транспортным развязкам, границы которых определяются соответствующей градостроительной документацией | **магистралга жанаша аймак:** Чек аралары тиешелүү шаар куруу документтери менен аныкталуучу жалпы шаардык маанидеги магистралдык көчөлөргө, унаа коридорлоруна, унаа айрылыштарына жанаша жайгашкан аймак |
| **принцип равнопрочности:** Принцип проектирования, согласно которому все несущие элементы конструктивных систем должны обладать одинаковыми запасами прочности по отношению к возникающим в них усилиям | **тең бекемдик принциби:** Конструктивдик тутумдардын баардык жүк көтөрүүчү элементтери аларда пайда болгон күчтөнүүлөргө карата бекемдиктин бирдей камтыктарына ээ болуусун камсыз кылган долбоорлоо принциби |
| **припуск:** Слой материала, удаляемый с поверхности заготовки в целях достижения заданных свойств обрабатываемой поверхности | **аша өлчөм:** Иштетилип жаткан беттин белгиленген сапаттарына жетишүү максатында сомдомо материалдын бетинен алынып ташталуучу материалдын катмары |
| **прируб:** Органически включенная в общую композицию второстепенная и более низкая часть срубного здания | **көмөкчү бөлүк:** Сом жыгачтан кыналган үйдүн жалпы композиция-сына ылайыкташтылырып ашташты-рылган көмөкчү жана эң жапыз бөлүгү |
| **притупление кромки:** Нескошенная часть торца кромки, подлежащей сварке | **кырларын мокотуу:** Ширетилүүчү кырдын тумшугунун кыя кесилбеген бөлүгү |
| **приусадебный участок:** Не надел, а земельный участок, отведенный органами государственной власти или местного самоуправления гражданам для индивидуального домостроения, с прилегающим к нему участком | **чарбак алдындагы участок:** Жеке үй куруу үчүн, жанаша жайгашкан участогу менен, үлүш катары эмес, мамлекеттик бийлик же жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдары тарабынан бөлүнүп берилген жер участогу |
| **прихватка:** Короткий сварной шов для фиксации взаимного расположения подлежащих сварке деталей | **ширетүүдөгү убактылуу карматуу:** Ширетилүүгө жаткан тетиктердин өз ара жайгашуусун карматуу үчүн кыска ширетүү жиги |
| **причелина:** Украшенные резьбой фронтонные доски. Причелина прикрывает торцы слег тесовой кровли | **причелина:** Жыгачтан оюп жасалган чатырбет тактайлар. Причелина чош чатырынын төрт кырдуу чоң устунунун тумшуктарын жаап турат |
| **продавец:** Юридическое лицо или | **сатуучу:** Даярдоочу, ыйгарым |

| | |
|---|---|
| индивидуальный предприниматель, которые, не являясь изготовителями, уполномоченными представителями или импортерами, продают строительные материалы, изделия и конструкции и несут ответственность за их безопасность в соответствии с законодательством Кыргызской Республики | укуктуу өкүл же импорттоочу болбой туруп, курулуш материалдарын, буюмдарын жана конструкцияларын саткан жана алардын коопсуздугу үчүн Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жоопкерчиликти мойнуна алган юридикалык жак же жеке ишкер |
| **провар:** Сплошная металлическая связь между свариваемыми поверхностями основного металла, слоями и валиками сварного шва | **бышык ширетме:** Негизги металлдын ширетилүүчү беттеринин ортосундагы ширетүү жигинин катмарлары жана жондору менен туюк металл байланышы |
| **проветриваемое подполье:** Открытое пространство под зданием между поверхностью грунта и перекрытием первого надземного этажа | **желдетилүүчү жер кабат:** Имараттын алдында жер үстүндөгү биринчи кабаттын калкасы менен кыртыштын үстүнүн ортосундагы ачык мейкиндик |
| **проволока порошковая:** Сварочная проволока, состоящая из металлической оболочки, заполненной порошкообразными веществами | **күлмайдалуу зым:** Ичи күлмайда сымал заттар менен толтурулган металл кабыкчасынан турган ширетме зым |
| **проволока сварочная:** Проволока для использования в качестве плавящегося электрода либо присадочного металла при сварке плавлением | **ширетмелик зым:** Эрүүчү электрод же эритип ширетүүдө кошумча металл катары колдонулуучу зым |
| **прогон:** Балка в системе несущих конструкций здания. Прогон опирается непосредственно на опорные части сооружения – стены, колонны, пилоны | **сундурма:** Имараттын жүк көтөрүүчү конструкциялар тутумундагы устун. Сундурма курулманын таяныч бөлүктөрүнө – дубалдарга, түркүктөргө, пилондорго тикелей таянат |
| **прогрессирующее обрушение:** Обрушение конструкций зданий и сооружений, потерявших опору в результате локального разрушения какого-либо этажа | **өөрчүүчү кыйроо:** Кайсы бир кабаттын локалдуу бузулушунун натыйжасында таянычтарын жоготкон имараттардын жана курулмалардын конструкцияларынын кыйроосу |
| **продолжительность строительства:** Период времени от начала работ на строительной площадке до ввода в действие объектов и мощностей предприятий, их очередей, | **курулуштун мөөнөтү:** Курулуш аянтында жумуштар башталгандан тартып долбоордо белгиленген жумуштардын баары толук аткарылганча объекттер жана ишканалардын |

| | |
|---|---|
| пусковых комплексов и отдельных объектов при полном выполнении состава работ, предусмотренным проектом | кубаттуулуктары, алардын кезектери, ишке кирүүчү комплекстери жана айрым объекттери ишке киргизилгенге чейинки убакыт аралыгы |
| **продольные волны:** В воздушной упругой волне частицы колеблются в направлении распространения волны. В воздухе и жидкостях образуются и распространяются только продольные волны | **узатасынан багытталган толкундар:** Абадагы серпилгичтүү толкунунда бөлүкчөлөр толкундун таралуу багыты боюнча термелишет. Абада жана суюктуктарда бир гана узатасынан багытталган толкундар пайда болот жана таралышат |
| **продух:** Небольшое отверстие в цоколях, стенах, перекрытиях здания. Продухи предназначены для естественной вентиляции замкнутых пространств сооружения | **желтешик:** Имараттын цоколдорундагы, дубалдарындагы, калкаларындагы кичине көзөнөк. Желтешик курулманын туюк мейкиндигин табигый желдетип турууга арналат |
| **продольный изгиб в сопротивлении материалов:** Изгиб сжатого (первоначально прямого) стержня вследствие потери им устойчивости | **материалдардынкаршылыгындагы узатасынан ийилүү:** Кысылган өзөктүн (алгач түз болгон) туруктуулугун жоготкондугунун натыйжасында ийилүүсү |
| **продольный профиль трассы:** Профиль местности по оси трассы проектируемого сооружения | **трассанын узатапрофили:** Долбоорлонуучу курулманын трасса огу боюнча жердин профили |
| **продукты горения:** Вещество, образующееся в результате горения | **күйүү өндүрүмдөрү**: Күйүүнүн натыйжасында пайда болгон зат |
| **продукты коррозии строительного материала:** Вещества, образующиеся при коррозии строительных материалов | **курулуш материалынын коррозиясынын өндүрүмдөрү:** Курулуш материалдарынын коррозиясында пайда болгон заттар |
| **продукция строительная:** Законченные строительством и принятые в эксплуатацию объекты (предприятия, здания и сооружения) производственного и непроизводственного назначения | **курулуш өндүрүмү:** Курулуп бүткөн жана пайдаланууга кабыл алынган өндүрүш жана өндүрүш эмес дайындалыштагы объекттер (ишканалар, имараттар жана курулмалар) |
| **проезд:** Улица, дорога внутри населённого пункта, один из основных элементов городской инфраструктуры<br><br>(Измененная редакция, Изм. №1) | **унаа өтмөк**: Көчө, калктуу конуштун ичиндеги жол, шаардык инфраструктуранын негизги элементтеринин бири<br>(Өзгөртүлгөн редакция, №1 Өзг.) |
| **проект:** Замысел физических и | **долбоор:** Шаар куруу, |

| | |
|---|---|
| юридических лиц или государственных органов и органов местного самоуправления по обеспечению необходимых условий обитания и жизнедеятельности человека, представленный в форме градостроительной, архитектурной и строительной документации (чертежи, графические и текстовые материалы, инженерные и сметные расчеты) | архитектуралык жана курулуш документтери (чиймелер, графикалык жана тексттик материалдар, инженердик, сметалык эсептөөлөр) формасында берилген, адамдын жашоо-тиричилигине зарыл шарттарды камсыздоо боюнча жеке жана юридикалык жактардын же мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын көздөмү |
| **проект вертикальной планировки:** Технический документ, определяющий преобразование рельефа местности для инженерных целей | **вертикалдуу пландаштыруу долбоору:** Жердин рельефин инженердик максаттар үчүн өзгөртүп түзүүнү аныктоочу техникалык документ |
| **проект детальной планировки:** Проект, разрабатываемый для отдельных частей города на основе его генерального плана с целью выявления архитектурно-пространственного и инженерно-экономического решения застройки | **тетиктеп пландаштыруудолбоору:** Курулуштун архитектуралык-мейкиндиктик жана инженердик-экономикалык чечилиштерин табуу максатында шаардын башкы планынын негизинде анын айрым бөлүктөрү үчүн иштелип чыгуучу долбоор |
| **проекты застройки (ПЗ):** Проекты кварталов, микрорайонов, градостроительных, архитектурных, ландшафтных комплексов, парков, ансамблей и иных планировочных элементов населенных пунктов<br><br>(Измененная редакция, Изм. №1) | **курулуш долбоору (КД):** Кварталдардын, кичи райондордун, шаар куруу, архитектуралык, ландшафтык комплекстердин, сейил бактардын, ансамблдердин жана башка калктуу конуштардын пландаштыруу элементтеринин долбоору<br>(Өзгөртүлгөн редакция, №1 Өзг.) |
| **проект озеленения и ирригации территории:** Проектная документация, содержащая планы по озеленению территории (дендрологический план, посадочный чертеж, разбивочный чертеж планировки в М1:500, М:1000, пояснительную записку с расчетом объемов работ и смету)<br><br>(Измененная редакция, Изм. №1) | **аймакты жашылдандыруу долбоору жана ирригация:** Аймакты жашылдандыруу боюнча пландарды камтыган долбоордук документ (дендрологиялык план, отургузуу чиймеси, М1:500, М1:1000 масштабында аткарылган пландоонун бөлгүч чиймелери, жумуштардын көлөмүн жана сметасын эсептөө менен түшүндүрмө кат)<br>(Өзгөртүлгөн редакция, №1 Өзг.) |
| **проект организации строительства (ПОС):** Составная часть технического | **курулушту уюштуруу долбоору (КУД):** Курулуштун жалпы жана |

| | |
|---|---|
| (технорабочего) проекта, определяющая общую продолжительность и промежуточные сроки строительства, распределение капитальных вложений и объемов строительно-монтажных работ, материально-технические и трудовые ресурсы и источники их покрытия, основные методы выполнения строительно-монтажных работ и структуру управления строительством объекта | ортолук мөөнөттөрүн, капиталдык салымдарды жана куруу-монтаждоо жумуштарынын көлөмүн бөлүштүрүүнү, материалдык-техникалык жана эмгек ресурстарын, аларды жабуу булактарын, куруу-монтаждоо жумуштарын аткаруунун негизги усулдарын жана объекттин курулушун башкаруу түзүмүн аныктоочу техникалык (техножумушчу) долбоордун курамдык бөлүгү |
| **проект производства работ (ППР):** Документация, определяющая порядок, условия и сроки возведения объектов и пусковых комплексов промышленного, энергетического, жилищно-гражданского и других видов строительства и устанавливающая последовательность и сроки выполнения строительно-монтажных работ в целом и по объектам комплекса | **жумуштарды жүргүзүү долбоору (ЖЖД):** Курулуштун өнөр жайлык, энергетикалык, турак жай-жарандык ж.б. түрлөрүнүн объекттерин, ишке киргизилүүчү комплекстерин куруунун тартибин, шарттарын жана мөөнөттөрүн аныктоочу, ошондой эле куруу-монтаждоо жумуштарын аткаруунун жалпы жана комплекстин объекттери боюнча ырааттуулугун жана мөөнөттөрүн белгилөөчү документтер |
| **проект строительства:** Проектная (проектно-сметная) документация для ведения строительства, инженерной подготовки территории и ее благоустройства, содержащая градостроительные, архитектурно-художественные, объемно-планировочные, конструктивные, технологические, инженерно-технические, природоохранные (при необходимости), экономические (при необходимости) и иные решения<br>(Измененная редакция, Изм. №1) | **курулуш долбоору:** Куруу, аймакты инженердик даярдоо жана аны абаттоо үчүн шаар куруу, архитектуралык-көркөмдүк, көлөмдүк-пландоочу, конструкциялык, технологиялык, инженердик-техникалык, жаратылышты коргоочу (зарылдыгы боюнча), экономикалык (зарылдыгы боюнча) жана башка чечимдерди камтыган долбоордук (долбоордук-сметалык) докуметтер<br>(Өзгөртүлгөн редакция, №1 Өзг.) |
| **проектирование:**<br>1 Разработка комплексной технической документации (проект), содержащей технико-экономические обоснования, расчеты, чертежи, макеты, сметы, пояснительные записки и др. материалы, необходимые для строительства населенных пунктов, | **долбоорлоо:** Калктуу конуштарды, ишканаларды, курулмаларды куруу, жабдууларды, буюмдарды д.у.с. өндүрүү үчүн керектүү техникалык-экономикалык негиздемелерди, эсептөөлөрдү, чиймелерди, макеттерди, сметаларды, түшүндүрмө жазууларды ж.б. материалдарды камтыган |

| | |
|---|---|
| предприятий, сооружений, производства оборудования, изделий и т.п.;<br>2 Разработка комплексной технической документации, содержащей технико-экономические обоснования, расчеты, чертежи, макеты, сметы, пояснительные записки и другие материалы | комплекстүү техникалык документтерди (долбоордун) иштеп чыгуу;<br>2 Техникалык-экономикалык негиздемелерди, эсептөөлөрдү, чиймелерди, макеттерди, сметаларды, түшүндүрмө жазууларды ж.б. материалдарды камтыган комплекстүү техникалык документтерди иштеп чыгуу |
| **проектирование с применением моделей:** Метод разработки проектых решений при помощи моделей | **моделдерди колдонуу менен долбоорлоо:** Моделдердин жардамы менен долбоордук чечилиштерди иштеп чыгууусулу |
| **проектирование с применением темплетов:** Метод разработки проектых решений при помощи темплетов | **темплеттерди колдонуу менен долбоорлоо:** Темплеттердин жардамы менен долбоорду иштеп чыгуу усулу |
| **проектирование с применением темплетов и моделей:** Метод разработки проектных решений при помощи темплетов и моделей, обеспечивающий возможность их быстрого выполнения, сравнения и выбора оптимального варианта | **темплеттерди жана моделдерди колдонуу менен долбоорлоо:** Долбоорлоону тез аткаруу, салыштыруу жана оптималдуу вариантын тандоо мүмкүнчүлүгүн камсыз кылуучу темплеттердин жана моделдердин жардамы менен долбоордук чечилиштерди иштеп чыгууусулу |
| **проектная документация:** Совокупность графических, проектных и текстовых документов, определяющих архитектурные, функционально-технологические, конструктивные и инженерно-технические решения, необходимые для обеспечения строительства, реконструкции или иных изменений объектов строительства и/или их частей | **долбоордук документтер:** Курулуш объекттерин жана/же алардын бөлүктөрүн курууну, кайра конструкциялоону же башка өзгөртүүлөрдү камсыздоо үчүн зарыл болгон архитектуралык, функциялык-технологиялык, конструктивдик жана инженердик-техникалык чечилиштерди аныктоочу графикалык, долбоордук жана тексттик документтердин жыйындысы |
| **проектная организация:** Организация, выполняющая проектно-изыскательские работы | **долбоорлоо уюму:** Долбоорлоо-изилдөө иштерин аткаруучу уюм |
| **проекты планировки территорий:** Проект жилых, промышленных, рекреационных, исторических и других функциональных зон, городских узлов, | **аймакты пландоо долбоору:** Турак жай, өнөр жай, рекреациялык, тарыхый жана башка функционалдык чөлкөмдөрдүн, шаар түйүндөрүнүн, |

| | |
|---|---|
| улиц, магистралей<br><br>(Измененная редакция, Изм. №1) | жолдордун, магистралдардын долбоорлору<br>(Өзгөртүлгөн редакция, №1 Өзг.) |
| **проект черты населенного пункта:** Внешняя граница, отделяющая земли населенного пункта от иных категорий земель и земельного фонда<br><br>(Измененная редакция, Изм. №1) | **калктуу конуштардын чегинин долбоору**: Калктуу конуштардын жерлерин жердин башка категорияларынан жана фонддорунан бөлүп туруучу сырткы чек ара<br>(Өзгөртүлгөн редакция, №1 Өзг.) |
| **проем:** Отверстие для окон, дверей и т.п. в стенах или перегородках | **оюк:** Терезе, эшик жана башкалар үчүн дубалдарда же ички тосмолордогу көзөнөктөр |
| **произведение архитектуры, градостроительного искусства:** Объект авторского права и интеллектуальной собственности автора (авторов), являющийся результатом творческого процесса в профессиональной деятельности физических лиц. Они направлены на создание архитектурного объекта или формирование градостроительного пространства, включая авторский замысел, зафиксированный в форме проектной документации, отдельного чертежа, макета или эскиза, и реализованный в натуре проект (часть проекта), в котором достигнут высокий уровень градостроительных, архитектурных и технических решений | **архитектура, шаар куруу искусствосунун чыгармасы:** Жеке жактардын кесиптик ишмердүүлүгүн-дөгү чыгармачылык жараяндын жыйынтыгы болуп саналган автордук укуктун жана автордун (авторлордун) интеллектуалдык менчигинин объектиси. Алар долбоордук документтерди, өзүнчө чиймелерди, макеттерди же шилтемдерди кошкондо архитектуралык объектти түзүүгө же шаар куруу мейкиндигин калыптандырууга багытталган, ошондой эле шаар куруунун, архитектуранын же анын техникалык чечилиштердин жогорку деңгээли жетишилип, накта өлчөмүндө ишке ашырылган долбоор (долбоордун бөлүгү) |
| **производитель (изготовитель):** Юридическое лицо или индивидуальный предприниматель, которые изготавливают в соответствии с технической и технологической документацией строительные материалы, изделия и конструкции, официально нанося на них (тару, упаковку) отличительные обозначения, тем самым признавая за собой право и ответственность за безопасность продукции | **өндүрүүчү (даярдоочу):** Техникалык жана технологиялык документтерге ылайык урулуш материалдарын, буюмдарын жана конструкцияларын техникалык жана технологиялык документтерге ылайык даярдаган, аларга (идиштерге, таңгактарга) айырмалоочу белгилерди салып, муну менен өндүрүмдүн коопсуздугу үчүн укукту жана жоопкерчиликти моюнга алуучу юридикалык жак же жеке ишкер |

| | |
|---|---|
| **производственная деятельность:** Совокупность действий людей с применением орудий труда, необходимых для превращения ресурсов в готовую продукцию, включающих в себя производство и переработку различных видов сырья, строительство и оказание различных видов услуг | **өндүрүш ишмердүүлүгү:** Чийки заттын ар кандай түрлөрүн өндүрүүнү жана кайра иштеп чыгууну, курууну жана ар түрдүү кызмат көрсөтүүлөрдү кошо камтыган ресурстарды даяр өндүрүмгө айландыруу үчүн керектүү эмгек куралдарын колдонуу менен адамдардын кыймыл аракеттеринин жыйындысы |
| **производственная документация:** Совокупность документов, отражающих ход производства строительно-монтажных работ и техническое состояние объекта строительства (исполнительные схемы и чертежи, рабочие графиги, акты приемки и ведомости выполненных работ, общие и специальные журналы работ и др.) | **өндүрүш документтери:** Куруу-монтаждоожумуштарынын жүрүшүн, курулуш объектисинин техникалык абалын чагылдыруучу документтердин (аткаруу сөлөкөттөрү жана чиймелери, жумушчу графиктер, кабыл алуу актылары, аткарылган жумуштардын ведомосттору, жумуштардын жалпы жана атайын журналдары ж.б.) жыйындысы |
| **производственная санитария:** Система организационных, санитарно-гигиенических мероприятий и технических средств и методов, предотвращающих или уменьшающих воздействие на работающих недопустимого риска | **өндүрүш санитариясы:** Иштеп жаткандарга мүмкүн болбогон тобокелдиктин таасирин болтурбоочу же төмөндөтүүчү уюштуруучу, санитардык-гигиеналык иш-чаралардын, техникалык каражаттардын жана усулдардын тутуму |
| **производственные объекты:** Объекты промышленного и сельскохозяйственного назначения, в том числе склады, объекты инженерной и транспортной инфраструктуры (железнодорожного, автомобильного, воздушного и трубопроводного транспорта), связи | **өндүрүш объекттери:** Өнөр жайлык жана айыл чарбалык арналыштагы объекттер, анын ичинде кампалар, инженердик жана унаа инфратүзүмүнүн (темир жол, автомобиль, аба жана өткөрмө түтүк унаасынын), байланыштын объекттери |
| **производственные огни:** Источники светового излучения, возникающие на предприятиях в процессе их технологической деятельности (например: огни, сопровождающие плавку, розлив и обработка металла; свечение отвидомого дыма; огни факелов отходящих газов; огни сварки) | **өндүрүш жарыгы:** Ишканаларда алардын технологиялык жараянында пайда болуучу жарык нурлануударынын (мисалы: эритүүнү коштоочу оттор; металлды куюу жана иштетүү; бөлүнүп чыккан түтүндүн нурлануусу, бөлүнүп чыккан газдардын шаманаларынын жарыгы; ширетүү жарыгы) булактары |

| | |
|---|---|
| **производственные помещения:** Замкнутые пространства в специально предназначенных зданиях и сооружениях, в котором постоянно осуществляется трудовая деятельность людей | **өндүрүш жайлары:** Атайын дайындалган имараттардагы жана курулмалардагы адамдардын эмгек ишмердүүлүгү дайыма жүрүп туруучу туюк мейкиндик |
| **производственные территории:** Территории, предназначенные для размещения производственно-деловых (НИИ с опытными участками и производствами, торговые предприятия с цехами технического обслуживания, информационные центры с издательско-типографским отделом), промышленных (пищевой и легкой промышленности, приборостроения, машиностроения, производства строительных материалов), коммунально-складских (территории ТЭЦ, очистные сооружения, котельные, электростанции, газораспределительные узлы, прочие сооружения городской инженерной инфраструктуры, складские сооружения, стоянки машин механической уборки территорий, кладбища), транспортных и инженерных объектов | **өндүрүштүк аймактар:** Өндүрүштүк-ишкердик (тажрыйбалык участоктору жана өндүрүштөрү менен ИИИ, техникалык тейлөө цехтери менен соода ишканалары, басма-типографиялык бөлүмү менен маалымат борборлору ж.б.), өнөр жайлык (тамак-аш жана жеңил өнөр жай, алет чыгаруу, машина куруу, курулуш материалдар өндүрүшү ж.б.), коммуналдык-кампалык (ЖЭБ аймактары, тазалоочу курулмалар, от казандары, электр чордондору, газ бөлүштүрүү түйүндөрү, шаардык инженердик инфратүзүмдүн башка курулмалары, кампа курулмалары, аймактарды механикалык тазалоо машинелеринин токтотмолору, мүрзөлөр), унаалык жана инженердик объекттерди жайгаштыруу үчүн арналган аймактар |
| **прокат:** Один из видов имущественного найма, осуществляемый через договор проката | **кире:** Кире келишими аркылуу жүзөгө ашырылуучу мүлктү жалдоонун бир түрү |
| **пролив опасных химических веществ:** Вытекание при разгерметизации из технологических установок, емкостей для хранения или транспортирования опасного химического вещества или продукта в количестве, способным вызвать химическую аварию | **кооптуу химиялык заттардын агып кетүүсү:** Химиялык аварияга алып келе турган көлөмдө технологиялык орнотмолордон, кооптуу химиялык заттарды же өндүрүмдөрдү сактоо же ташуу үчүн идиштерден алардын жылчык пайда болуп агып кетүүсү |
| **пролет:** Расстояние между смежными опорами, перекрываемое балкой, плитой, аркой и пр. | **арыш:** Устун, такта, жаа өткөөл ж.б. жаап туруучужанаша таянычтардын ортосундагы аралык |
| **прокладка:** Вспомогательная деталь, размещаемая в промежутке между | **төшөм:** Жалгаштырылуучу конструктивдик элементтердин |

| | |
|---|---|
| сопрягаемыми конструктивными элементами | ортосуна жайгаштырылуучу жардамчы тетик |
| **промышленная авария:** Авария на промышленном объекте, в технической системе или на промышленной установке | **өнөр жайлык авария:** Өнөр жай объектисиндеги, техникалык тутумдагы же өнөр жай орнотмосундагы авария |
| **промышленная безопасность в чрезвычайных ситуациях:** Состояние защищенности населения, производственного персонала, объектов народного хозяйства и окружающей природной среды от опасностей, возникающих при промышленных авариях и катастрофах в зонах чрезвычайной ситуации | **өзгөчө кырдаалдардагы өнөр жай коопсуздугу:** Өзгөчө кырдаалдар чөлкөмүндө өнөр жай аварияларында жана апааттарда пайда болгон коркунучтардан калктын, өндүрүш персоналынын, эл чарба объекттеринин жана курчап турган жаратылыш чөйрөсүнүн корголгон абалы |
| **промышленная графика:** Вид прикладной художественной графики – рекламные проспекты, афиши, товарные и фирменные знаки, этикетки, упаковка промышленных товаров, плакаты, средства информации по технике безопасности, различные бланки фирменной технической документации и т.д. | **өнөр жай графикасы:** Колдонмо көркөм графикасынын түрү – жарнама проспекттери, жарыянаамалар, товардык жана фирмалык белгилер, плакаттар, этикеткалар, өнөр жай товарларынын таңгактары, плакаттар, коопсуздук техникасы боюнча маалымат каражаттары, фирмалык техникалык документтердин ар кандай бланктары ж.б. |
| **промышленная катастрофа:** Крупная промышленная авария, повлекщая за собой человеческие жертвы, ущерб здоровью людей либо разрушения и уничтожение объектов, материальных ценностей в значительных размерах, а также приведщая к серьезныму ущербу окружающей природной среде | **өнөр жайлык апаат:** Адамдардын өлүмүнө алып келген, ден соолугуна зыян келтирген же объекттердин бузулушуна жана талкаланышына, олуттуу өлчөмдөгү материалдык жоготууларга алып келген, ошондой эле курчап турган жаратылыш чөйрөсүнө чоң зыян келтирген ири өнөр жай авариясы |
| **промышленность строительных материалов:** Изготовление в промышленных условиях материалов (в том числе штучных), предназначенных для создания строительных конструкций зданий и сооружений и изготовления строительных изделий | **курулуш материалдар өнөр жайы:** Имараттардын жана курулмалардын курулуш конструкция-ларын, курулуш буюмдарын даярдоо үчүн арналган материалдарды (алардын ичинде дааналанган) өнөр жай шарттарында даярдоо |
| **промышленные здания:** Производственные здания для | **өнөр жай имараттары:** Технологиялык жараяндын жүрүшүнө |

| | |
|---|---|
| размещения технологического, энергетического и др. оборудования и создания условий осуществления технологического процесса и выпуска готовой продукции | шарт түзүүгө жана даяр өндүрүмдү чыгарууга технологиялык, энергетикалык ж.б. жабдууларды жайгаштыруу үчүн өндүрүштүк имараттар |
| **промышленный образец:** Художественное или художественно-конструкторское решение изделия, определяющее его внешний вид и являющееся новым и оргинальным | **өнөр жай үлгүсү:** Буюмдун сырткы көрүнүшүн аныктоочу жана жаңы, кайталангыс болуп эсептелген көркөм же көркөмдүк-конструктордук чечилиши |
| **пропилеи:** Торжественно оформленный подъезд к монументальному зданию. Например, пропилеи афинского Акрополя, парные галереи при подъезде к Смольному в Санкт- Петербурге | **пропилеи:** Монументалдык имараттын салтанаттуу жасалгаланган кире бериши. Мисалы, афиналык Акрополдун пропилеиси, Санкт-Петербургдагы Смольныйга кире бериштеги кош галерея |
| **пропиловка, пропильная резьба:** Ажурная сквозная резьба по дереву, выполненная специальной пилой. Пропиловкой оформляются наличники, карнизы, причелины и пр. в деревянном зодчестве | **кесүү, кесип оюу түшүрүү:** Атайын араа менен жыгачтын бетин өтө майда оймолоо. Жыгач зергерчилигинде кесип оюу түшүрүү менен жик жапкычтар, чатыр жээктемелер, жаслага тактайлар таризделишет |
| **противодымная защита:** Комплекс организационных мероприятий и технических средств, направленных на предотвращение воздействия на людей дыма, повышенной температуры и токсичных продуктов горения | **түтүнгө каршы коргонуу:** Түтүндүн, жогорулатылган температуранын жана күйүүнүн уулуу өндүрүмдөрүнүн адамдарга терс таасиринин алдын алууга багытталган уюштуруу иш-чараларынын жана техникалык каражаттардын комплекси |
| **противоморозные добавки:** Вещества, понижающие температуру замерзания воды и способствующие твердению бетона при отрицательных температурах | **суукка каршы кошулмалар:** Суунун тоңуу температурасын төмөндөтүүчү жана терс температураларда бетондун катышына өбөлгө түзүүчү заттар |
| **противопожарная преграда:**<br>1 Конструкция с нормируемымым пределом огнестойкости, препятствующая распрастранению огня из одной части здания в другую;<br>2 Строительная конструкция с нормированным пределом огнестойкости и классом конструктивной пожарной опасности, | **өрткө каршы бөгөт:**<br>1 Имараттын бир бөлүгүнөн башка бөлүгүнө өрттүн тарашына тоскоолдук кылуучу ченемделген отко чыдамдуулук чеги менен конструкциялар;<br>2 Ченемделген отко туруктуулук чеги жана өрт кооптуулугунун конструктивдик классы менен курулуш |

| | |
|---|---|
| объемный элемент здания или иное инженерное решение, предназначенные для предотвращения распространения пожара из одной части здания (сооружения) в другую или между зданиями (сооружениями, зелеными насаждениями) | конструкциясы, имараттын (курулманын) бир бөлүгүнөн башка бөлүгүнө же имараттардын (курулмалардын, бак-дарактардын) ортосуна өрттүн таралышын болтурбоо үчүн арналган имараттын көлөмдүк элементи же башка инженердик чечилиш |
| **противопожарное водоснабжение:** Комплекс инженерно-технических сооружений, предназначенных для забора и транспортирования воды, хранения ее запасов и использования их для пожаротушения | **өрткө каршы суу менен жабдуу:** Сууну толтуруу жана ташуу, анын камдыктарын сактоо жана аларды өрттү өчүрүүгө колдонуу үчүн арналган инженердик-техникалык курулмалардын комплекси |
| **противопожарное мероприятие:** Мероприятия организационного и технического характера, направленное на соблюдение противопожарного режима, создание условий для заблаговременного предотвращения и быстрого тушения пожара | **өрткө каршы иш-чаралар:** Өрткө каршы шарттамды сактоого, анын күн мурунтан алдын алуу жана аны тез өчүрүү үчүн шарттарды түзүүгө багытталган уюштуруу жана техникалык мүнөздөгү иш-чаралар |
| **противопожарный режим:**<br>1 Правила поведения людей, порядок организации производства и содержания помещений (территорий), обеспечивающие предупреждение нарушений требований пожарной безопасности и тушения пожаров;<br>2 Комплекс установленных норм поведения людей, правил выполнения работ эксплуатации объекта, направленный на обеспечение его пожарной безопасности | **өрткө каршы шарттар:**<br>1 Өрт коопсуздугунун жана өрт өчүрүү талаптарын бузуунун алдын алууну камсыздоочу адамдардын жүрүм-турум эрежелери, өндүрүштү уюштуруу жана жайларды (аймактарды) кармап туруу тартиби;<br>2 Өрт коопсуздугун камсыздоого багытталган адамдардын жүрүм-турумунун аныкталган ченемдеринин, объектти пайдалануу жумуштарын аткаруу эрежелеринин комплекси |
| **противопожарный разрыв (противопожарное расстояние):** Нормируемое расстояние между зданиями и (или) сооружениями, устанавливаемое для предотвращения распространения пожара | **өрткө каршы ажырым (өрткө каршы аралык):** Өрттүн таралышынын алдын алуу үчүн калтырылуучу имараттардын жана (же) курулмалардын ортосундагы ченемдештирилген аралык |
| **противорадиационное укрытие:** Защитное сооружение, предназначенное для укрытия населения от поражающего воздействия ионизирующих излучений | **радиацияга каршы баш калка:** Калкты иондошкон нурлануунун жабырлантуучу таасиринен калкалоо жана аны орнотуу деңгээлинен жогору |

| | |
|---|---|
| и для обеспечения его жизнедеятельности в период нахождения в выше уровня его установки | турган мезгилде адамдардын жашоо тиричилигин камсыздоо үчүн арналган коргоо курулмасы |
| **противоэрозионные мероприятия:** Совокупность научно обоснованных приемов защиты почв, грунтов от водной, ветровой и механической эрозии | **эрозияга каршы иш-чаралар:** Кыртыштарды, топуракты суу, шамал жана механикалык эрозиядан коргоонун илимий негизделген ыкмаларынын жыйындысы |
| **профессиональное заболевание:** Хроническое или острое заболевание работающего, являющееся результатом воздействия вредного производственного фактора | **кесиптик оору:** Өндүрүштүк зыяндуу фактордун кесепетинен келип чыккан, иштөөчүнүн өнөкөт же курч оорусу |
| **профилактика возникновения источников чрезвычайной ситуации:** Проведение заблаговременных мероприятий по не допущению и устранению причин возникновения источников чрезвычайной ситуаций антропогенного происхождения, а также по ограничению ущерба от них | **өзгөчө кырдаал булактарынын келип чыгышын алдын алуу:** Антропогендик өзгөчө кырдаал булактарынын келип чыгуу себептерин болтурбоо жана жоюу, ошондой эле алардан болгон зыяндарды чектөө боюнча алдын ала иш-чараларды жүргүзүү |
| **профили металлические:** Длинномерные изделия с разной формой поперечного сечения | **металл профилдери:** Туура кесилиштери кандай формадагы узун өлчөмдүү металл буюмдары |
| **профиль гнутый:** Профиль, полученный методом профилирования заготовки на профилегибочных агрегатах | **ийилген профиль:** Даярдаманы профиль ийүүчү агрегаттарда профилдөө усулу менен алынган профиль |
| **профиль гнутый замкнутый сварной:** Гнутый профиль проката, замкнутый контур которого обеспечен сваркой полок | **ийилип ширетилген туюк профиль:** Туюк чөйрө чеги текчелерди ширетүү менен камсыз кылынган прокаттын ийилген профили |
| **профнастил:** Металлический профильный лист, на который сверху нанесен слой полимера, затем последовательно слой грунтовки, пассиватора и цинка | **профтөшөмөл:** Үстүңкү бетине полимердин, андан кийин ирети менен пассиватордун жана цинктин катмарлары капталган металл профиль тактасы |
| **проход:** Пешеходное пространство между конструктивными и/или функциональными элементами (оборудованием) | **өтмөк:** Конструктивдик жана/же функционалдык элементтердин (жабдыктардын) ортосундагы жөө мейкиндиги |
| **прочность:** Свойство материалов в определенных условиях и пределах , не | **бекемдик:** Белгилүү бир шарттарда жана чектерде тигил же бул |

| | |
|---|---|
| разрушаясь, воспринимать те или иные воздействия (нагрузки, неравномерные температурные, магнитные, электрические и др. поля, неравномерное протекание физико-химические процессов в различных частях тела и др. ) | таасирлерди (жүктөмдөрдү бир калыпта эмес температуралык, магниттик, электрдик ж. б. талааларды, нерсенин ар кайсы бөлүктөрүндө физикалык-химиялык жараяндардын бир калыпта эмес өтүшү ж.б.) материалдардын сынбастан кабыл алуу касиети |
| **прочность бетона:** Под прочностными свойствами бетона принято понимать нормативные и расчетные характеристики бетона при сжатии и растяжении, сцепление бетона с арматурой | **бетондун бекемдиги:** Кысылууда, чоюлууда жана арматура менен илинишүүсүндө бетондун ченемдик жана эсептик мүнөздөмөлөрү |
| **прочность раствора:** Свойство затвердевшего строительного раствора, не разрушаясь, воспринимать различные виды нагрузок и воздействий | **эритменин бекемдиги:** Катыган курулуш эритмесинин жүктөмдөрдүн жана таасирлердин ар кандай түрлөрүн сынбастан кабыл алуу касиети |
| **прясло:** В русском оборонительном строительстве часть крепостной стены между двумя башнями | **чеп дубалдын бөлүгү:** Орустардын коргонуу курулуштарындагы эки мунарасынын ортосундагы чеп дубалынын бөлүгү |
| **псевдоним:** Вымышленное, условное имя автора произведения науки, литературы или искусства | **купуя ысым:** Илим, адабият жана искусство чыгармасынын авторунун ойдон чыгарылган, шарттуу ысымы |
| **пудра алюминиевая:** Тонко измельченный порошок алюминия, не растворимый в воде и в органических растворителях. | **алюминий упасы:** Сууда жана органикалык эриткичтерде эрибеген алюминийдин өтө майдаланган күлмайдасы |
| **пусковой комплекс**:<br>1 Часть или группа зданий, сооружений основного, производственного, вспомогательного назначения, определенных проектной документацией для отдельного ввода в эксплуатацию, которые обеспечивают функционирование, выпуск продукции, оказание услуг, использование, в т.ч. проживание людей;<br>2 Группа объектов (или их частей) основного производственного и вспомогательного назначения, энергетического, транспортного и складного хозяйства, связи, | **ишке киргизилүүчү комплекс:**<br>1 Иштөөсүн, өндүрүм чыгарууну, кызмат көрсөтүүнү, пайдаланууну, анын ичинде элдердин жашоосун камсыз кылуучу өзүнчө пайдаланууга киргизүү үчүн долбоордук документтер менен аныкталган негизги, өндүрүштүк, кошумча багыттагы имараттардын, курулмалардын тобу же бөлүгү;<br>2 Пайдаланууга киргизилүүсү долбоордо каралган өндүрүмдү чыгарууну жана кызмат көрсөтүүлөрдү, аракеттеги ченемдерге ылайык тейлөөчү пресоналдар үчүн, нормалдуу эмгек шарттарын камсыз кылуучу, |

| | |
|---|---|
| внутриплощадочных инженерных коммуникаций, благоустройства и других объектов, являющихся частью стройки или ее очереди, ввод которых в эксплуатацию обеспечивает выпуск продукции или оказание услуг, предусмотренных проектом, и нормальные условия труда для обслуживающего персонала согласно действующим нормам<br>(Измененная редакция, Изм. №1) | курулуштун же анын кезегинин бөлүгү болуп саналган энергетикалык, унаалык жана кампа чарбалык, байланыштык, ички аянттык инженердик коммуникациялык, абаттоонун жана башка объекттердин негизги өндүрүштүк жана жардамчы дайындалыштагы объекттеринин (же алардын бөлүктөрүнүн) тобу<br>(Өзгөртүлгөн редакция, №1 Өзг.) |
| **пулестойкость:** Способность преграды противостоять сквозному пробитию пулями и отсутствие при этом опасных для человека поражающих элементов | **окко туруктуулук:** Тосмонун октун тешип өтүүсүнө каршы туруу касиети жана ал учурда адам үчүн жабыр тарттыруучу элементтердин болбоосу |
| **пулестойкое стекло:** Защитное стекло, выдерживающее воздействие огнестрельного оружия и препятствующее сквозному проникновению поражающего элемента | **окко туруктуу айнек:** Ок атуучу куралдын таасирине туруштук берүүчү жана жабыр тарттыруучу элементтин көзөп өтүүсүнө тоскоол болуучу коргоочу айнек |
| **пульвины:** Каменная плита (подушка), установленная между пятой арки и капителью опоры (колонны) | **таш такта:** Жаа өткөөлдүн таканчыгы менен таянычтын (түркүктүн) капителинин ортосуна орнотулган таш такта (жаздык) |
| **пункт управления ЧС:** Оборудованное и оснащенное необходимыми техническими средствами и системами жизнеобеспечения место, транспортное средство или инженерное сооружение, с которого соответствующие органы руководства и повседневного управления ЧС осуществляют управления силами и средствами ликвидации чрезвычайных ситуаций | **өзгөчө кырдаалды башкаруу пункту:** ӨК тиешелүү жетечилиги жана күнүмдүк башкаруу органдары өзгөчө кырдаалдарды жоюу күчтөрүн жана каражаттарын башкарууну ишке ашыруучу керектүү техникалык каражаттар жана жашоону камсыздоо тутуму менен жабдылган жана камсыздалган жай, унаалык каражаттар же инженердик курулмалар |
| **путепровод:** Аналог моста, эстакады, служащий для организации непрерывного движения в местах пересечения транспортных коммуникаций | **өткөөл жол:** Унаа коммуникацияларынын кесилиш жерлеринде үзгүлтүксүз кыймылды уюштуруу үчүн кызмат кылган көпүрөнүн, эстакаданын аналогу |

| | |
|---|---|
| **путь движения:** Пешеходный путь, используемый лицом с ограниченными возможностями здоровья на креслах-колясках, для перемещения по участку (дорожки, тротуары, пандусы и т.д.), а также внутри зданий и сооружений (горизонтальные и вертикальные коммуникации) | **кыймыл жолу:** Участка (жолчолор, жанжолдор, жантык жолдор ж.б.) боюнча, ошондой эле имараттардын жана курулмалардын ичинде (горизонталдуу жана вертикалдуу коммуникациялар) майыптар отургуч-арабада жүрүү үчүн колдонулуучу жөө жол |
| **пьедестал:** Художественно оформленное основание для скульптуры, вазы, обелиска, колонны | **пьедестал:** Айкел, ваза, обелиск, түркүк үчүн көркөмдөп коодолгон негиз, байтүп |
| **рабочая документация (РД):**<br>1 Представляют собой проектную документацию, разделы проектной документации, необходимую для осуществления строительно-монтажных работ. На этой стадии уточняются и детализируются решения, принятые на стадии «Проект». По всем разделам составляются рабочие чертежи, локальные сметы, готовятся спецификации материалов и оборудования, детально разрабатываются узлы и прочая документация, необходимая подрядчику для производства строительно-монтажных работ;<br>2 Детальные чертежи, по которым осуществляется строительство объектов | **жумушчу документтер (ЖД):**<br>1 Куруу-монтаждоо жумуштарын аткаруу үчүн зарыл болгон долбоордук документтер, долбоордук документтердин бөлүмдөрү болуп эсептелет. Бул стадияда «Д» стадиясында кабыл алынган чечилиштер такталат жана тетиктелет. Баардык бөлүмдөр боюнча жумушчу чиймелер, локалдык сметалар иштелип чыгат, материалдардын жана жабдуулардын спецификациялдары даярдалат, подрядчыга куруу-монтаждоо жумуштарын жүргүзүү үчүн зарыл болгон түйүндөр жана башка документтер тетиктелип иштелип чыгылат;<br>2 Объекттерди куруу жүзөгө ашырылуучу тетиктеме чиймелер |
| **рабочий проект (РП):** Представляет собой совмещенной стадией проектирования технически и архитектурно не сложных объектов, предназначенной для согласования, утверждения и проведения экспертизы проектной документации, для строительства объектов различного функционального назначения, принятого на основе эскизного проекта (ЭП) и совмещает две предыдущие стадии – стадия «П» и стадия «РД | **жумушчу долбоор (ЖД):** Шилтемдик долбоордун (ШД) негизинде кабыл алынып, мындан мурунку эки стадияны – «Д» жана «ЖД» стадияларын айкалыштырган, ар кандай дайындалыштагы объекттерди куруу жана долбоордук документтерди макулдашуу, бекитүү жана экспертиза жүргүзүү үчүн арналган техникалык, архитектуралык жактан татаал эмес объекттерди долбоорлоонун айкалышытырылган стадиясы болуп эсептелет |
| **работник:** Физическое лицо, | **жумушкер:** Эмгек келишиминин |

| | |
|---|---|
| работающее в организации на основе трудового договора (контракта), лицо, занимающееся индивидуальной предпринимательской деятельностью, лицо обучающееся в образовательном учреждении начального, среднего или высшего профессионального обучения | (контракттын) негизинде уюмда иштеген, жеке ишкердик ишмердүүлүгү менен шугулданган, башталгыч, орто же жогорку кесиптик окуутуулардын билим берүүчү мекемесинде билим алган жеке жак |
| **работодатель:** Организация (юридическое лицо), представляемая ее руководителем (администрацией) либо физическое лицо, с которым работник состоит в трудовых отношениях | **жумуш берүүчү:** Жумушкер аны менен эмгек мамиледе болгон жана анын атынан жетекчиси (администрациясы) же жеке жак чыккан уюм (юридикалык жак) |
| **рабочая зона:** Пространство высотой до 2 м над уровнем пола или площадки, на котором находятся места постоянного или временного пребывания работающих | **жумушчу чөлкөм:** Жумуш аткаруучулардын туруктуу же убактылуу иштеген жерлери төшөлмөнүн же аянттын деңгээлинен 2 метрге чейин бийиктикте жайгашкан мейкиндик |
| **рабочая площадка:** Навесная конструкция, предназначенная для образования рабочего места непосредственно в зоне производства работ | **жумушчу аянтча:** Жумуштарды жүргүзүү чөлкөмүнүн өзүндө жумушчу орун түзүү үчүн арналган бастырмалуу конструкция |
| **рабочее место:** Место, в котором работник должен находиться или в которое ему необходимо прибыть в связи с его работой и которое прямо или косвенно находится под контролем работодателя | **жумушчу орун:** Жумушкер анда болуусу зарыл же жумушуна байланыштуу ага келиши керек болгон жана ал жумуш берүүчүнүн тикелей же кыйыр контролу астында болгон жер |
| **рабочее освещение:** Освещение, обеспечивающее нормируемые световые условия (освещенность, качество освещения) в помещениях и местах производства работ вне зданий | **жумушчу жарыктандыруу:** Жайларда жана имараттан тышкары жумуш жүргүзүү орундарында ченемделүүчү жарыктануу шарттарын (жарыктануучулук, жарыктануу сапаты) камсыздоочу |
| **рабочий проект (РП):** Представляет собой совмещенной стадией проектирования технически и архитектурно не сложных объектов, предназначенной для согласования, утверждения и проведения экспертизы проектной документации, для строительства объектов различного | **жумушчу долбоор (ЖД)**: Шилтемдик долбоордун (ШД) негизинде кабыл алынып, мындан мурунку эки стадияны – «Д» жана «ЖД» стадияларын айкалыштырган, ар кандай дайындалыштагы объекттерди куруу жана долбоордук документтерди макулдашуу, бекитүү жана экспертиза |

| | |
|---|---|
| функционального назначения, принятого на основе эскизного проекта (ЭП) и совмещает две предыдущие стадии – стадия «П» и стадия «РД | жүргүзүү үчүн арналган техникалык, архитектуралык жактан татаал эмес объекттерди долбоорлоонун айкалыштырылган стадиясы болуп эсептелет |
| **разжижение грунта:** Переход под внешним воздействием водонасыщенного дисперсного грунта в текучее состояние | **кыртышты суюлтуу:** Сууга каныккан дисперстик кыртыштын тышкы таасирдин алдында акма абалга өтүүсү |
| **разлом активный:** Разлом земной коры или всей литосферы, по которому в историческое время или в голоцене (последние 10 тысяч лет) происходили смещения или возникали очаги землетрясения | **активдүү жер жаракасы:** Тарыхый мезгилде же голоценде (акыркы 10 миң жыл) жылышуулар же жер титирөөнүн очоктору пайда болгон жер кабыгынын же бүтүндөй литосферанын жаракасы |
| **разлом сейсмогенерирующий:** Тектонический разлом, с которым связаны возможные очаги землетрясений | **сейсмогенерациялануучу жер жаракасы:** Жер титирөөнүн мүмкүн болгон очогу менен байланышкан тектоникалык жарака |
| **разлом тектонический:** Разрывы, трещины в земной коре, образовавшиеся при тектонических движениях и деформациях горных пород | **тектоникалык жер жаракасы:** Тектоникалык кыймылдоолордо жана тоо тектеринин деформацияларында пайда болгон жер кабыгындагы жаракалар, айрылуулар |
| **районы сейсмичностью более 9 баллов:** Территории, находящиеся в зонах возможного возникновения очагов землетрясений с магнитудами 7,6 и более | **сейсмикалуулугу 9 баллдан жогору райондор:** Магнитудасы 7,6 жана андан жогору жер титирөө очоктору жаралуусу мүмкүн болгон чөлкөмдө жайгашкан аймактар |
| **рампа:** Сооружение, предназначенное для производства погрузочно-разгрузочных работ. Рампа одной стороной примыкает к стене склада, а другой располагается вдоль железнодорожного пути (железнодорожная рампа) или автоподъезда (автомобильная рампа). Рампа может располагаться внутри склада. Высота рампы над уровнем пола определяется видом транспорта | **рампа:** Жүктөп-түшүрүү жумуштарын аткаруу үчүн арналган курулма. Рампа бир тарабы менен кампанын дубалына жалгашат, экинчи тарабы болсо темир жолду (темир жол рампасы) же автокирмени (авторампа) бойлото жайгашат. Рампа кампанын ичинде деле жайгашышы мүмкүн. Төшөлмөнүн деңгээлинен рампанын бийиктиги унаанын түрүнө жараша аныкталат |
| **рассадно-овощной тепличный комбинат (РОТК):** Комплекс производственных, вспомогательных, административно-хозяйственных | **көчөт-жашылча күнөскана комбинаты (КЖКК):** Көчөттөрдү ачык топуракта жана жашылчаларды өстүрүү үчүн арналган өндүрүштүк, көмөкчү, |

| | |
|---|---|
| построек, предназначенных для выращивания рассады в открытый грунт и овощей | административно-чарбалык курулуштардын комплекси |
| **расчетная сейсмическая ситуация:** Расчетная ситуация, учитывающая чрезвычайные условия для здания или сооружения при сейсмических воздействиях | **эсептик сейсмикалык кырдаал:** Сейсмикалык таасирлерде имараттар же курулмалар үчүн өзгөчө шарттарды эске алуучу эсептик кырдаал |
| **расчетная стоимость строительства:** Предполагаемая стоимость полных затрат инвестора или заказчика на строительство или иные изменения существующего объекта, определенная по укрупненным расчетным стоимостным показателям на отдельные виды работ или на отдельные объекты | **курулуштун эсептик наркы:** Жумуштардын өзүнчө түрлөрүнө же өзүнчө объекттерге ирилештирилген эсептик нарктардын көрсөткүчтөрү боюнча аныкталган курулушка же мурун курулган объектинин башка өзгөртүүлөрүнө инвестордун же тапшырыкчынын толук сарптоолорунун болжолдонгон наркы |
| **регенерация:** Преобразование исторически сложившегося градостроительного комплекса путем восстановления его утраченных частей, планировочно-пространственной структуры, композиционной целостности и функциональной активности. Целью и составными частями регенерации следует считать «ревалоризацию» – воссоздание архитектурно-пространственных качеств и архитектурно-художественных качеств градостроительного комплекса, и «ревитализацию» – повышение функциональной значимости путем восстановления утерянных или развития новых не разрушающих комплекс общественных функций территорий<br><br>(Измененная редакция, Изм. №1) | **калыбына келтирүү (регенерация):** Тарыхый калыптанган шаар куруу комплексинин бузулган бөлүктөрүн, пландоо-мейкиндик түзүмдөрүн, композициялык бүтүндүгүн жана фукционалдык активдүүлүгүн кайра калыбына келтирүү жолу менен өзгөртүү. Калыбына келтирүүнүн максаты жана түзүүчү бөлүгү катары «ревалоризацияны» – шаар куруу комплексинин архитектуралык-көркөмдүк жана архитектуралык-мейкиндиктик сапаттарын калыбына келтирүүнү жана «ревитализацияны» – жоголгондорун калыбына келтирүү жолу менен же аймактын коомдук функциясынын комплекстерин бузбай, жаңыларын өнүктүрүү аркылуу функционалдык маанилүүлүгүн жогорулатууну кароо болуп саналат<br>(Өзгөртүлгөн редакция, №1 Өзг.) |
| **расчетный срок эксплуатации строения:** Период времени, в течение которого строение или его часть, при надлежащем техническом | **курулушту пайдалануунун эсептик мөөнөтү:** Курулуш же анын бөлүгү талаптагыдай техникалык тейлөөдө, бирок, капиталдык ондоосуз, |

| | |
|---|---|
| обслуживании, но без капитального ремонта, пригодна к эксплуатации по своему функциональному назначению.<br>В современных нормах большинства стран расчетный срок эксплуатации строений, если они не относятся к временным или к монументальным и специальным объектам повышенной ответственности, принят равным 50 лет | өзүнүн функционалдык дайындалышы боюнча пайдаланууга жарактуу болгон убакыт мезгили.<br>Көпчүлүк өлкөлөрдүн заманбап ченемдеринде курулуштарды пайдалануунун эсептик мөөнөтү, эгерде алар убактылуу же монументалдык жана жогорку жоопкерчиликтеги атайын объекттерге кирбесе, 50 жылга барабар деп кабыл алынган |
| **реабилитационный центр:** Юридическое лицо, созданное в организационно-правовой форме, предусмотренной законодательством Кыргызской Республики, осуществляющее мероприятия по реабилитации лиц с ограниченными возможностями здоровья и организации специальных форм занятости | **калыбына келтирүү борбору:** Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган уюштуруучулук-укуктук формада түзүлгөн, майыптарды калыбына келтирүү жана жумуштуулуктун атайын формаларын уюштуруу боюнча иш-чараларды жүзөгө ашыруучу юридикалык жак |
| **региональный свод правил:** Свод правил, принятый региональной организацией | **региондук эрежелер топтому:** Региондук уюм тарабынан кабыл алынган эрежелер топтому |
| **регистрация:** Форма оценки соответствия, посредством которой указываются характеристики продукции или процессов проектирования (включая изыскания), производства, строительства, монтажа, наладки, хранения, перевозки, реализации, эксплуатации, утилизации в соответствующем перечне | **каттоо:** Тиешелүү тизмектеги өндүрүмдүн же долбоорлоо (изилдөөлөрдү кошкондо), өндүрүү, куруу, монтаждоо, жөндөө, сактоо, ташуу, сатуу, пайдалануу, кайра колдонуу жараяндарынын мүнөздөмөлөрү көрсөтүлүүчү шайкештикти баалоо формасы |
| **регистрация документа в градостроительном кадастре:** Действие, в результате совершения которого документ или его часть включается в информационные ресурсы градостроительного кадастра, а содержащиеся в нем градостроительные регламенты приобретают статус обязательных для соблюдения всеми участниками градостроительной деятельности и правообладателями земельных участков и расположенных | **шаар куруу кадастрында документти каттоо:** Документти же анын бөлүгүн шаар куруу кадастрынын маалыматтык ресурстарына киргизүүгө жасалган кыймыл-аракет, ал эми анда камтылган шаар куруу регламенттери шаар куруу ишмердигинин баардык катышуучулары жана жер участкаларынын, анын үстүндөгү кыймылсыз мүлк объекттеринин укук ээлери үчүн милдеттүү түрдө аткарылуучу макамга ээ болот |

| | |
|---|---|
| на них иных объектов недвижимости | |
| **резервное освещение:** Вид аварийного освещения для продолжения работы в случае отключения рабочего освещения | **белендик жарыктандыруу:** Жумушчу жарыктандыруу өчүрүлгөн учурда жумушту улантуу үчүн авариялык жарык берүүнүн түрү |
| **резервуар СПГ в кожухе:** Полуизотермический резервуар (сосуд) для хранения СПГ, оснащенный термоизоляционным кожухом, предназначенным для обеспечения вакуумной изоляции и обеспечивающим при разгерметизации рабочего (внутреннего) сосуда истечение СПГ непосредственно в ограждение резервуара только через специально предназначенное для этого устройство, установленное на кожухе | **калканчтагы СЖГ резервуары:** Вакуумдук обочолонтууну камсыздоого арналган термообочолонтуучу калканч менен жабдылган жана жумушчу (ички) идиштин жылчыксыздыгы бузулганда калканчта орнотулган ушул үчүн атайын арналган түзмөк аркылуу гана резервуардын түздөн-түз тосмосуна СЖГнын агуусун камсыздаган СЖГны сактоо үчүн жарым изотермикалык резервуар (идиш) |
| **рекомендуемое положение:** Положение (норма или правило), содержащее совет или указание, не носящее обязательного характера | **сунушталма жобо:** Милдеттүү мүнөзгө ээ болбогон, кеңеш же көрсөтмөнү (ченем же эрежени) камтыган жобо |
| **реконструкция (расширение):** Изменение объемно-цланировочных и конструктивных решений, технологического и инженерного оборудования предприятий, зданий и сооружений<br>(Измененная редакция, Изм. №1) | **реконструкция (кеңейтүү):** Ишканалардын, имараттардын жана курулмалардын көлөмдүк – пландык жана конструкциялык чечимдерин, технологиялык жана инженердик жабдууларын өзгөртүү<br>(Өзгөртүлгөн редакция, №1 Өзг.) |
| **реконструкция (реновация) градостроительная:** Это целенаправленная деятельность по изменению ранее сформировавшейся планировочной системы города или составляющих ее элементов, обусловленная потребностями совершенствования и развития этой системы. Реконструкция предусматривает трансформацию планировочной системы как сохранение сложившейся структуры до почти полной ее замены. Как правило, чаще всего употребление этого термина предполагает сохранение значительной | **шаар курууну кайра конструкциялоо (реновация):** Мурда калыптанган шаардын пландоо курамына же анын курамындагы элементтерге өзгөртүүлөрдү киргизүү боюнча, ошол курамды өнүктүрүү жана жакшыртуу талаптарына негизделген багыттуу ишмердүүлүк. Кайра конструкциялоо паландаштыруу тутумун өзгөртүүнү калыптанган түзүмдү сактоодон тарта аны толугу менен алмаштырууну көздөйт. Эреже катары, бул терминди колдонуу бүтүндү олуттуу өзгөртүүдө эски элементтердин көпчүлүк бөлүгүн |

| | |
|---|---|
| части старых элементов при существенном изменении целого (Измененная редакция, Изм. №1) | сактап калууга негизделет (Өзгөртүлгөн редакция, №1 Өзг.) |
| **рекреационные территории:** Территории, включающие городские леса, лесопарки, лесозащитные зоны, водоемы, земли сельскохозяйственного использования и другие угодья, которые совместно с парками, садами, скверами и бульварами размещаются на селитебной территории и формируют систему открытых пространств для отдыха (труда) людей | **рекреациялык аймактар:** Шаар токойлорун, токойлуу сейил бактарын, токойлорду коргоо чөлкөмдөрүн, көлмөлөрдү, айыл чарбасында пайдаланылуучу жерлерди жана башка чарба жерлерин камтып, сейил бактар, бакчалар, гүлзарлар жана гүлбактар менен бирге селитебдүү аймакта жайгаштырылып, адамдардын эс алуусу (эмгектенүүсү) үчүн ачык мейкиндик тутумун түзүүчү аймактар |
| **ремонт здания (сооружения):** Комплекс строительных работ и организационно-технических мероприятий по устранению физического и морального износа, не связанных с изменением основных технических показателей здания или его назначения | **имаратты (курулманы) оңдоо:** Имараттын негизги техникалык көрсөткүчтөрүн же анын дайындалышын өзгөртүү менен байланышпагананын физикалык жана моралдык эскирүүлөрүн жоюу боюнча курулуш жана уюштуруучулук-техникалыкиш-чаралардын комплекси |
| **рентгеновский кабинет:** Это совокупность помещений, аппаратуры и вспомогательного оборудования, предназначенных для выполнения рентгенодиагностических и рентгенотерапевтических процедур | **рентген кабинети:** Рентген менен дарт аныктоо жана рентген менен терапиялык иш-аракеттерди жүргүзүү үчүн жайлардын, аппараттардын жана жардамчы жабдыктардын жыйындысы |
| **ресурсосбережение:** Деятельность (организационная, экономическая, техническая, научная, практическая, информационная), методы, процессы, комплекс организационно-технических мер и мероприятий, сопровождающие все стадии жизненного цикла объектов и направленные на рациональное использование и экономное расходование ресурсов, обеспечивающих рост объема полезных результатов при относительной стабильности материальных затрат. Различают энергосбережение и материалосбережение | **ресурс үнөмдөө:** Объекттердин иштөө циклинин баардык стадияларын коштоп жүрүүчү ишмердүүлүк (уюштуруучулук, экономикалык, техникалык, илимий, практикалык, маалыматтык), усулдар, жараяндар, уюштуруучулук-техникалык жана материалдык чыгымдардын салыштырмалуу туруктуулугунда пайдалуу натыйжалардын көлөмүнүн өсүшүн камсыздоочу ресурстарды рационалдуу пайдаланууга жана үнөмдүү сарптоого багытталган чаралардын,иш-чаралардын комплекси. Энергия үнөмдөө жана материал |

| | |
|---|---|
| | үнөмдөө болуп бөлүнөт |
| **референтное значение:** Значение, которое рассматривается как наиболее близкое к истинному значению | **референттик маани:** Анык мааниге эң жакын катары каралган маани |
| **ригель:** Горизонтальный элемент строительной конструкции (балка, прогон). В рамах ригель соединяет стойки, в каркасах – опоры, в крышах – стропила | **ригель:** Курулуш конструкциясынын горизонталдуу элементи (устун, сундурма). Рамаларда ригельтик турмаларды, каркастарда – таянычтарды, там башыларында – чатыруктарды бириктирет |
| **риск:** Мера угрозы при осуществлении строительства, характеризующая возможность разрушения зданий и сооружений и тяжесть его последствий | **тобокелдик:** Имараттардын жана курулмалардын бузулуу мүмкүндүгүн жана анын кесепеттеринин оордугун мүнөздөөчү курулушту жүзөгө ашыруудагы коркунучтардын ченеми |
| **розетка:** Стилизованный орнамент в виде распустившегося цветка | **розетка:** Ачылган гүл түрүндөгү стилдүү орнамент |
| **романцемент:** Гидравлическое вяжущее. Романцемент получают посредством тонкого помола известковых и магнезиальных мергелей обожженных при температуре 850–900°С. Романцемент может содержать гипс и различные добавки. Выпускается романцемент трех марок: 2,5; 5 и 10 | **романцемент:** Гидравликалык камдаштыргыч. Романцемент 850 – 900°С температурада бышырылган аки таш жана магнезиалдык мергелдердин аралашмасын майдалап талкалоодон алынат. Романцемент гипс жана ар кандай кошулмаларды камтышы ыктымал. Роман цементтин үч маркасы чыгарылат: 2,5; 5 жана 10 |
| **ростверк:** Часть фундамента сооружения. Ростверк распределяет нагрузку на основание, в том числе свайное | **ростверк:** Курулманын пайдубалынын бөлүгү. Ростверк жүктөмдү жерпайга, анын ичинде жер түркүктөргө бөлүштүрүп берет |
| **ростральная колонна:** Отдельная, самостоятельная колонна, ствол которой украшен рострами, – скульптурными изображениями носовой части корабля | **ростpал түркүгү:** Сөңгөгү ростpлар – кеменин тумшук жагындагы скульптуралык элементтер менен коодолгон өзүнчө турган түркүк |
| **ротонда:** Круглая в плане постройка (зал, беседка, павильон), окруженная колоннами и покрытая куполом | **ротонда:** Түркүктөр менен курчалган жана чүмбөт менен жабылган, планында тегерек келген курулуш (зал, маеккана, павильон) |

| | |
|---|---|
| **рубероид:** Мягкий рулонный кровельный материал. Изготавливается рубероид путем пропитки кровельного картона нефтяными битумами и последующего нанесения на обе стороны слоев тугоплавкого битума с наполнителем и посыпкой. Рубероид подразделяется на кровельный и подкладочный | **рубероид:** Жумшак, түрүлмө калканчыктык материал. Рубероид калканчык картонуна мунай битумун сиңирип, андан кийин анын эки бетине толтургучу менен көптө эриген битум жана себилме катмарларын жаткыруу жолу менен даярдалат. Рубероид калканчыктык жана төшөктүк болуп бөлүнөт |
| **рундук:** Крытая площадка наружной деревянной лестницы | **рундук:** Сырткы жыгач шатынын үстү жабык аянтчасы |
| **рыбий пузырь:** В поздней готике – оконный проем сложной криволинейной формы | **балык көбүгү:** Кийинки готикада – татаал ийри сызыктуу формадагы терезе оюгу |
| **ряжи:** Заполненные камнем и песком прямоугольные бревенчатые конструкции. Ряжи устраиваются при строительстве гидротехнических сооружений (шлюзов, плотин, мостов) | **ряждар:** Таш жана кум менен толтурулган сом жыгач сымал конструкциялар. Ряждар гидротехникалык курулмаларды (шлюздар, тогоондор, көпүрөлөр) курууда колдонулат |
| **садоводческое или дачное объединение граждан:** Некоммерческая организация, учрежденная гражданами на добровольных началах для содействия ее членам в решении общих социально-хозяйственных задач ведения садоводства или дачного хозяйства; | **жарандардын дача, бак өстүрүүчү бирикмелери:** Жарандар тарабынан бак өстүрүүчүлүк же саяжай чарбачылыктарын жүргүзүүдө келип чыккан жалпы социалдык-чарбалык маселелерди чечүүгө уюмдун мүчөлөрүнө көмөк көрсөтүү үчүн өз ыктыярдуулугу менен түзүлгөн коммерциялык эмес уюм |
| **садовый земельный участок:** Земельный участок, предоставленный гражданину или приобретенный им для выращивания сельскохозяйственных культур, а также для отдыха (с правом возведения жилого строения, хозяйственных строений и сооружений) | **бак өстүрүүчү жер участогу**: Жаранга айыл чарба өсүмдүктөрүн өстүрүүгө, ошондой эле эс алуу үчүн берилген же ал тарабынан сатып алынган жер участкасы (турак үйдү, чарба курулуштарын жана курулмаларын тургузуу укугу менен) |
| **сажень:** Русская мера длины, определяемая средними размерами человеческого тела. Малая сажень – от поднятой на уровень плеча руки, до пола. Косая сажень – расстояние от подошвы левой ноги до конца пальцев | **саржан:** Адам денесинин орто өлчөмдөрү менен аныкталуучу орустардын узундук ченеми. Кичине саржан – ийин деңгээлине чейин көтөрүлгөн колдон төшөлмөгө чейинки аралык. Кыйшык саржан– сол буттун |

| | |
|---|---|
| поднятой вверх правой руки. 1 сажень = 48 вершкам = 7 футам = 84 дюймам = 2,13360 м | таманынан жогору көтөрүлгөн оң колдун манжаларынын учуна чейинки аралык. 1 саржан = 48 вершок = 7 фут = 84 дюйм = 2,13360 м |
| **саман:** Высушенный на воздухе кирпич, приготовленный из смеси глины, песка и соломы | **саман:** Ылай, кум жана саман аралашмасынан даярдалган, абада кургатылган кыш |
| **самовольная застройка:** Строительство здания или иного сооружения на земельном участке, не выделенном в порядке, установленном законом. Лицо, осуществившее такую застройку, не приобретает права собственности на возведенные объекты | **уруксатсыз куруу:** Мыйзам чегинде бөлүнбөгөн жер участкасына имарат же башка курулмаларды куруу. Мындай курулушту ишке ашырган жак курулган объекттерге ээлик кылуу укугун ала албайт |
| **самовольная постройка:** Это жилой дом, другое строение, сооружение или иное недвижимое имущество, созданное на земельном участке, не отведенном для этих целей, а также созданное без получения на это необходимых разрешений либо с существенным нарушением градостроительных и строительных норм и правил, установленных законодательством КР | **уруксатсыз салынган курулуш:** Белгиленген максаттар үчүн бөлүнбөгөн жер участогуна тургузулган, ошондой эле курууга зарыл болгон уруксаттарды албастан же КР мыйзамдарында белгиленген шаар куруу жана курулуш ченемдерин олуттуу бузуу менен салынган турак үй, башка курулуш, курулма же башка кыймылсыз мүлк |
| **самоклеющаяся пленка:** Полвинилхлоридная пленка с нанесенным на изнаночную сторону невысыхающим клеевым слоем. Этот слой покрыт специальной защитной пленкой, удаляемой перед наклеиванием. Пленку изготавливают: прозрачной бесцветной, прозрачной цветной, непрозрачной с нанесенным рисунком в виде узора или под ценные породы древесины | **өзү чапталуучу пленка:** Ички жагына кургабоочу желим катмары сүйкөлгөн полвинилхлорид пленкасы. Бул катмар чаптоонун алдында сыйрылып таштоочу коргоочу атайын пленка менен капталган. Пленканы тунук түзсүз, тунук түстүү, оймо же кымбат баалуу жыгачтар түрүндө сүрөт түшүрүү менен тунук эмес кылып даярдашат |
| **самонесущая стена:** Ограждающая конструкция здания, не несущая никаких вертикальных нагрузок, кроме собственного веса | **өзүн өзү көтөрүүчү дубал:** Өзүнүн салмагынан башка эч кандай вертикалдык жүктөмдөрдү кабыл албоочу имараттын тосмолоочу конструкциясы |
| **самосрабатывающий огнетушитель:** Огнетушитель, срабатывающий при воздействии на | **өзү иштөөчү өрт өчүргүч:** Өрттүн очогунун жылуулугу ага таасир эткенде иштеп кетүүчү өрт өчүргүч |

| | |
|---|---|
| него тепла очага пожара | |
| **санация:** Это система специальных мероприятий, имеющих экономический и организационный характер, направленная на улучшение финансового состояния юридических лиц с целью оздоровления и предотвращения их банкротства | **санация:** Юридикалык жактын каржылык абалын чыңдоого жанатукулжуроодон (банкроттуктан) чыгарууга багытталган экономикалык жана уюштуруучулук мүнөздөгү атайын иш-чаралардын тутуму |
| **санитарно-защитная зона:** Это территория, отделяющая предприятия, их отдельные здания и сооружения с технологическими процессами, являющимися источниками воздействия на среду обитания и здоровье человека, от жилой застройки, ландшафтно-рекреационной зоны, зоны отдыха, курорта. Санитарно-защитная зона является обязательным элементом любого объекта, который является источником воздействия на среду обитания и здоровье человека<br>(Измененная редакция, Изм. №1) | **санитардык коргоо чөлкөмү:** Атайын дайындалыштагы чөлкөмдөрдү, ошондой эле өнөр жай ишканаларын жана калктуу конуштардагы башка өндүрүштүк, коммуналдык, кампалык объектилерди жакынкы селитебдик аймактардан, турак жай-жарандык багытындагы имарат жана курулмалардан, аларга жагымсыз факторлордун таасирин азайтуу максатында бөлүп туруучу аймак. Санитардык коргоо чөлкөмү адамдардын ден соолугуна жана жашоо чөйрөсүнө таасир этүүчү булак болгон баардык объекттердин милдеттүү түрдөгү элементи болуп саналат<br>(Өзгөртүлгөн редакция, №1 Өзг.) |
| **санитарная обработка:** Механическая очистка и мытье кожных покровов и слизистых оболочек людей, подвергшихся заражению, и загрязнению радиоактивными, опасными химическими и биологическими веществами, а также обеззараживание их одежды и обуви при выходе из зоны чрезвычайной ситуации | **санитардык иштетүү:** Радиоактивдүү, кооптуу химиялык жана биологиялык заттарга дуушар болгон жана аларга булганган адамдардын терисин жана көзүнүн былжырлуу кабыкчасын механикалык тазалоо жана жууп кетирүү, ошондой эле өзгөчө кырдаал чөлкөмүнөн чыкканда алардын кийимдерин жана бут кийимдерин зыянсыздандыруу |
| **санитарная очистка территории в зоне чрезвычайной ситуации:** Действия специальных подразделений сил и средств ликвидации чрезвычайных ситуаций по поиску и сбору представляющих опасность предметов и продуктов органического и неорганического происхождения, и их | **өзгөчө кырдаал чөлкөмүндөгү аймакты санитардык тазалоо:** Өзгөчө кырдаалдарды жоюунун атайын түзүмдүк бөлүмдөрүнүн, күчтөрүнүн жана каражаттарынын кооптуулук жараткан предметтерди жана органикалык, органикалык эмес тектүү өндүрүмдөрүн издөө жана топтоо, |

| | |
|---|---|
| захоронению в специально отведенных для этого местах, а также по обеззараживанию мест их нахождения | аларды атайын бөлүнгөн жерлерге көмүү, ошондой эле алар жайгашкан жерлерди зыянсыздандыруу боюнча кыймыл-аракеттери |
| **санитарная техника:** Совокупность технических средств, обеспечивающих функционирование систем водо- и теплоснабжения, канализации, отопления, газоснабжения, вентиляции, кондиционирования воздуха, очистки населенных мест от мусора, твердых и жидких отходов | **санитардык техника:** Суу жана жылуулук менен камсыздоо,суу агындылоо, жылытуу, газ менен камсыздоо, желдетүү, абаны баптоо калктуу конуштарды таштандылардан, катуу жана суюк калдыктардан тазалоону камсыздаган техникалык каражаттардын жыйындысы |
| **санитарно-технические работы:** Строительные работы, связанные с устройством систем отопления, вентиляции, тепло- и газоснабжения, горячего водоснабжения, водопровода и канализации в жилых и общественных зданиях и сооружениях | **санитардык-техникалык жумуштар:** Турак жай, коомдук имараттарда жана курулмаларда жылытуу, желдетүү, жылуулук жана газ, ысык суу менен камсыздоо, суу өткөрүү жана агындылоо тутумдарын орнотуу менен байланышкан курулуш жумуштары |
| **санитарно-эпидемиологическое заключение:** Документ удостоверяющий соответствие санитарным правилам факторов среды обитания, хозяйственной и иной деятельности , продукции, работ и услуг, а также проектов нормативных актов | **санитардык-эпидемилогиялык корутунду:** Жашоо чөйрөсүнүн факторлорунун, чарбалык жана башка ишмердүүлүктүн, өндүрүмдүн, жумуштардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн, ошондой эле ченемдик акттардын долбоорлорунун санитардык эрежелерге ылайык келишин тастыктоочу документ |
| **санитарные разрывы:** Разрывы, определяемые минимальным расстоянием от источника вредного воздействия (промышленные, складские объекты, инженерные сооружения, автомагистрали, линии железнодорожного транспорта, магистральные трубопроводы и др.) до границы жилой застройки, ландшафтно-рекреационной зоны, зоны отдыха, курорта. Санитарные разрывы имеют режим санитарно-защитной зоны, но не требуют разработки проекта его организации | **санитардыкажырымдар:** Зыяндуу таасир этүү булагынан (өндүрүштүк, кампа объекттери, инженердик курулмалар, автомагистралдар, темир жол унаасынын жолдору, магистралдык өткөрмө түтүктөр ж.б.) турак жай курулушунун, ландшафттык-рекреациялык чөлкөмдүн, эс алуу чөлкөмүнүн, курорттун чектерине чейинки минималдык аралык менен аныкталуучу ажырымдар. Санитардык ажырымдар санитардык-коргоо чөлкөмүнүн шарттамына ээ болот, бирок аны уюштуруу долбоорун иштеп |

| | |
|---|---|
| | чыгууну талап кылбайт |
| **санитарный узел (санузел):**<br>1 Помещение, оборудованное умывальником, унитазом, ванной и/или душом. Санузел может быть как раздельным, так и совмещенным;<br>2 Отдельное помещение,в котором установлены санитарные приборы для личной гигиены человека;<br>3 Санитарно-гигиеническое помещение, оборудованное в обязательном порядке унитазом, умывальником, ванной или душем. Возможны дополнительные приборы и оборудование | **санитардык түйүн:**<br>1 Жуунгуч, униташтек, көлкүмө жана/же чайынма менен жабдылган жай. Санитардык түйүн өзүнчө жана айкалыштырылган болуусу мүмкүн;<br>2 Адамдын жеке гигиенасы үчүн санитардык алеттер орнотулган өзүнчө жай;<br>3 Милдеттүү түрдө униташтек, жуунгуч, көлкүмө же чайынма менен жабдылган санитардык-гигиеналык жай. Кошумча алеттер жана жабдуулар болушу мүмкүн |
| **сбросная труба:** Устройство, предназначенное для пожаробезопасного сброса природного газа, паров СПГ или паров СУГ в атмосферу без сжигания | **агызуучу түтүк:** Жаратылыш газын, СЖГ бууларын же СКСГ бууларын өрттөөсүз атмостоп чөйрөгө өрткө коопсуз кылып чыгаруу үчүн арналган түзмөк |
| **свайный фундамент с высоким ростверком:** Свайный фундамент, у которого подошва ростверка располагается значительно выше поверхности грунта | **бийик ростверки мененжер түркүктүк пайдубал:** Ростверктин таманы кыртыштын бетинен бир топ жогору жайгашкан жер түркүктүк пайдубал |
| **свойства узлов:** Повышение надежности с усилием натяжения троса и устранение зажима петель при снятии нагрузки (это позволяет легкоразвязать узел) | **түйүндүн касиеттери:** Зым арканды чоюу менен ишенимдүүлүктү жогорулатуу жана жүктөмдү алганда илмектердин кысылуусун жокко чыгаруу (бул түйүндү оңой чечүүгө мүмкүндүк берет) |
| **свидетельство:** Официально подтверждающий какой-либо факт, имеющий юридическое значение. Например, свидетельство о рождении, о браке и т.д., либо права лица, авторское свидетельство, свидетельство об окончании учебного заведения, свидетельство курса повышения квалификации и т.д. | **күбөлүк:** Кандайдыр бир юридикалык мааниге ээ фактыны расмий түрдө тастыктоочу документ. Мисалы, туулгандыгы, нике, же болбосо, жактын укуктары тууралуу ж.у.с. күбөлүк, автордук күбөлүк, окуу жайды аяктагандыгы тууралуу күбөлүк, кесипкөйлүүлүгүн жогорулаткандыгы тууралуу күбөлүк д.у.с. |

| | |
|---|---|
| **свод правил:** Документ, рекомендующий технические правила или процедуры проектирования, изготовления, монтажа, технического обслуживания или эксплуатации оборудования, конструкций или изделий. Свод правил может быть стандартом или частью стандарта, или самостоятельным документом, принимаемым министерствами, государственными комитетами, административными ведомствами или иными органами исполнительной власти | **эрежелер топтому:** Жабдуулардын, конструкциялардын же буюмдардын долбоорлоонун, даярдоонун, монтаждоонун, техникалык тейлөөнүн же пайдалануунун техникалык эрежелерин же жол-жоболорун сунуштоочу документ. Эрежелер топтому министрликтер, мамлекеттик комитеттер, административдик ведомстволор же аткаруу бийлигинин башка органдары кабыл алуучу стандарт, стандарттын бир бөлүгү же өз алдынча документ болушу мүмкүн |
| **свод правил иностранного государства:** Свод правил, принятый компетентным органом иностранного государства | **чет мамлекеттинэрежелер топтому:** Чет мамлекеттин компетенттүү органы тарабынан кабыл алынган эрежелер топтому |
| **сезонные (весенние) теплицы:** Сезонные теплицы с весенне-осенним оборотом овощных культур | **мезгилдик күнөсканалар:** Жашылчаларды жаз-күз жетилтүүчү мезгилдик күнөсканалар |
| **сейсмическая интенсивность:** Показатель, характеризующий интенсивность проявления землетрясения на поверхности Земли. Сейсмическая интенсивность оценивается в баллах по шкале сейсмической интенсивности и/или в кинематических параметрах движения грунта (ускорениях, скоростях, смещениях) | **жер титирөө ургаалдуулугу:** Жер титирөөнүн Жердин үстүндөгү өтүү ургаалдуулугун мүнөздөөчү көрсөткүч. Сейсмикалык ургаалдуулук сейсмикалык ургаалдуулук чен бөлүгү боюнча баллдар менен жана/же кыртыштын кыймылынын кинематикалык параметрлеринде (ылдамдануу, ылдамдык, жылышуу) бааланат |
| **сейсмическая опасность:** Угроза возникновения сейсмических воздействий на рассматриваемой территории. Сейсмическая опасность определяется в пространстве, во времени (частота или вероятность за определенный промежуток времени) и по интенсивности (в баллах или в кинематических параметрах движений грунта) | **сейсмикалык кооптуулук:** Каралуучу аймакта сейсмикалык таасирлердин пайда болуу кооптуулугу. Сейсмикалык кооптуулук мейкиндикте, убакыт ичинде (белгилүү бир убакыт ичиндеги жыштыгы же божомолу) жана ургаалдуулугу боюнча (баллдар менен же жер кыртышынын кыймылынын кинематикалык параметри аркылуу) аныкталат |
| **сейсмические нагрузки:** Инерционные силы, воздействующие на | **сейсмикалык жүктөмдөр:** Сейсмикалык таасирлерде |

| | |
|---|---|
| строения при сейсмическом воздействии | курулуштарга аракет этүүчү инерциялык күчтөр |
| **сейсмический риск:** Вероятность социально-экономического ущерба от возможных землетрясений в соответствии с сейсмической опасностью территорий и уязвимостью зданий и сооружений | **сейсмикалык тобокелчилик:** Аймактын сейсмикалык кооптуулугуна жана имараттар менен курулмалардын сейсмикалык аярлуулугуна ылайык мүмкүн болуучу жер титирөөлөрдүн социалдык-экономикалык залалынын ыктымалдуулугу |
| **сейсмическое воздействие:** Движение грунта, вызванное природными или техногенными факторами (землетрясения, взрывы, движение транспорта, работа промышленного оборудования), обуславливающее движение, деформации, повреждения или разрушение строительных и природных объектов | **сейсмикалык таасир:** Табигый же техногендик факторлордун (жер титирөөлөр, жардыруулар, унаа кыймылы, өнөр жай жабдууларынын иштеши) таасиринен пайда болгон, курулуш жана табигый обьекттеринин кыймылын, деформациясын, бузулуусун же талкалануусун шарттаган жер кыртышынын кыймылы |
| **сейсмичность площадки строительства:** Сейсмическая опасность площадки строительства, выраженная в целочисленных баллах по шкале сейсмической интенсивности, прогнозируемая с заданной вероятностью превышения с учетом влияния местных сейсмотектонических, инженерно-геологических условий и топографических эффектов на параметры сейсмических воздействий | **курулуш аянтчасынын сейсмикалуулугу:** Сейсмикалык ургаалдуулук чен бөлүгү боюнча бүтүн сандуу баллдар менен чагылдырылган, жергиликтүү сейсмотектоникалык, инженердик-гелогиялык шарттардын жана топографиялык эффекттердин сейсмикалык таасирлердин параметрлерине таасирин эске алуу менен ашып кетүүнүн берилген ыктымалдуулугу менен болжолдонуучу курулуш аянтчасынын сейсмикалык кооптуулугу |
| **сейсмичность площадки строительства расчетная:** Сейсмичность площадки строительства в баллах, принятая при проектировании зданий и сооружений | **курулуш аянтчасынын эсептик сейсмикалуулугу:** Имараттарды жана курулмаларды долбоорлоодо курулуш аянтчасынын баллдар менен кабыл алынган сейсмикалуулугу |
| **сейсмичность района строительства:** Сейсмическая опасность района строительства, выраженная в целочисленных баллах по шкале интенсивности, прогнозируемая с заданной вероятностью превышения для | **курулуш аймагынын сейсмикалуулугу:** Аскалуу кыртыш шартындагы участкалар үчүн берилген ашып кетүү ыктымалдуулугу менен болжолдонуучу, ургаалдуулук чен бөлүгү боюнча туюнтулган курулуш |

| | |
|---|---|
| участков со скальными грунтовыми условиями | районунун сейсмикалык кооптуулугу |
| **сейсмобезопасность зданий и сооружений:** Способность зданий и сооружений переносить сейсмические воздействия без повреждений и разрушений, представляющих прямую угрозу для безопасности людей. К сейсмобезопасным зданиям могут не предъявляться требования по ремонтопригодности, возможности дальнейшей эксплуатации, обеспечению сохранности оборудования и т.п. | **имараттардын жана курулмалардын сейсмокоопсуздугу:** Имараттардын жана курулмалардын адамдардын коопсуздугу үчүн түздөн-түз коркунуч келтирген бузулууларсыз жана кыйроолорсуз сейсмикалык таасирлердикабыл алуукасиети. Сейсмикалык коопсуз имараттарга оңдоого жарамдуулук, андан ары пайдалануу мүмкүнчүлүгү, жабдуунун сакталышын камсыздоо ж.б. боюнча талаптар коюлбашы ыктымал |
| **сейсмостойкость:** Способность зданий и сооружений переносить сейсмические воздействия, сохраняя свои эксплуатационные качества в пределах, предусмотренных положениями действующих норм | **сейсмотуруктуулук:** Имараттардын жана курулмалардын жер титирөө таасирлерин өздөрүнүн пайдалануу сапаттарын аракеттеги ченемдердин жоболорунда каралган чектерде сактоо менен көтөрү жарамдуулугу |
| **сейсмостойкость зданий и сооружений:** Способность зданий и сооружений переносить сейсмические воздействия, сохраняя свои эксплуатационные качества в пределах, предусмотренных положениями действующих норм | **имараттардын жана курулмалардын жер титирөөгө туруктуулугу:** Имараттардын жана курулмалардын аракеттеги ченемдердин жоболорунда каралган чектерде өздөрүнүн пайдалануу сапаттарын сактоо менен сейсмикалык таасирлерди көтөрүү касиети |
| **сейсмостойкость объектов строительства:** Обеспечение расчетно-технической и строительно-конструктивной безопасности объектов строительства, с учетом соответствующих сейсмических воздействий<br>(Измененная редакция, Изм. №1)) | **курулуш объектилеринин сейсмотуруктуулугу:** Тиешелүү сейсмикалык таасирлерди эске алуу менен курулуш объекттеринин эсептик-техникалык жана курулуштук-конструктивдик коопсуздугун камсыздоо<br>(Өзгөртүлгөн редакция, №1 Өзг.) |
| **сельскохозяйственные угодья:** Земельные участки, используемые для производства сельскохозяйственной продукции, а именно: пашня, залежь, земли, занятые многолетними насаждениями, сенокосы и пастбища | **айыл чарба жерлери:** Айыл чарба өндүрүмдөрүн өндүрүү үчүн пайдаланылуучу жер участкалары, тактап айтканда: айдоо аянттары, кысыр жерлер, көп жылдык өсүмдүктөр өстүрүлгөн жерлер, чабындылар жана жайыттар |

| | |
|---|---|
| **секвестр:** Хранение вещей, являющихся предметом спора | **секвестр:** Талашуу предмети болгон буюмдарды сактоо |
| **селитебная территория:** Часть территории населенного пункта, предназначенная для размещения жилых, общественных и рекреационных территорий, а также отдельных частей инженерно-технической, производственной и транспортной инфраструктуры, других объектов, размещение и деятельность которых не оказывает воздействия, требующего специальных санитарно-защитных зон<br>(Измененная редакция, Изм. №1) | **селитебдик аймак:** Жайгашуусу жана ишмердиги атайын санитардык коргоочу чөлкөмдү талап кылбаган турак жай, коомдук жана рекреациялык аймактарды, ошондой эле инженердик-техникалык айрым бөлүктөрдүн, өндүрүштүк жана унаалык инфратүзүмдүн, башка объектилерди жайгаштыруу үчүн арналган калктуу конуштардын аймагынын бөлүгү<br>(Өзгөртүлгөн редакция, №1 Өзг.) |
| **сервитут:** Особый вид вещного права, выражающийся в соответствии с гражданским законодательством КР в праве пользователя чужой вещью | **сервитут:** КРнын жарандык мыйзам актыларына ылайык бөтөн мүлктү пайдалануу укугун туюндуруучу мүлктүк укуктун өзгөчө түрү |
| **сервитут жилого помещения:** Установленное законом или предусмотренное договором право частичного пользования жилым помещением и строениями со стороны лиц, не являющихся их собственниками, но вынужденных прибегать к такому пользованию вследствие объективных обстоятельств, право ограниченного совместного пользования имуществом | **турак жайдын сервитуту:** Турак жайлардын жана курулмалардын менчик ээлери болуп саналбаган, бирок объективдүү жагдайлардын натыйжасында мындай пайдаланууга барууга мажбур болгон адамдар тарабынан аларды мыйзамда белгиленген же келишимде каралган жарым-жартылай пайдалануу, мүлктү биргелешип чектелүү пайдалануу укугу |
| **сертификат соответствия:**<br>1 Документ, удостоверяющий, что продукция или процессы проектирования (включая изыскания), производства, строительства, монтажа, наладки, хранения, перевозки, реализации, эксплуатации, утилизации, работа и услуга соответствуют установленным требованиям технических регламентов, положениям стандартов, сводам правил или условиям договора;<br>2 Документ, выданный по правилам системы сертификации для подтверждения соответствия | **шайкештик тастыктамасы:**<br>1 Өндүрүм же долбоорлоо (изилдөөлөрдү кошкондо), өндүрүш, курулуш, монтаждоо, жөндөө, сактоо, ташуу, сатуу, пайдалануу, кайра иштетүү жараяндары, жумуш жана кызмат көрсөтүүлөр техникалык регламенттердин аныкталган талаптарына, стандарттардын жоболоруна, эрежелер топтомуна же келишимдин шарттарына шайкеш келүүсүн тастыктаган документ;<br>2 Тастыкталган өндүрүмдүн аныкталган талаптарга ылайык келүүсүн ырастоо үчүн тастыктоо |

| | |
|---|---|
| сертифицированной продукции установленным требованиям | тутумунун эрежелери боюнча берилген документ |
| **сертификация:** Форма подтверждения соответствия, в ходе которого орган по сертификации документально удостоверяет, что продукция или процессы проектирования (включая изыскания), производства, строительства, монтажа, наладки, хранения, перевозки, реализации, эксплуатации, утилизации, работы и услуги соответствуют установленным требованиям технических регламентов, положениям стандартов, сводам правил или условиям договора | **тастыктоо:** Өндүрүм же долбоорлоо (изилдөөлөрдү кошкондо), өндүрүш, курулуш, монтаждоо, жөндөө, сактоо, ташуу, сатуу, пайдалануу, кайра иштетүүжараяндары, жумуш жана кызмат көрсөтүүлөр техникалык регламенттердин аныкталган талаптарына, стандарттардын жоболоруна, эрежелер топтомуна же келишимдин шарттарына шайкеш келүүсүн тастыктоонун жүрүшүндө тастыктоо боюнча орган документ жүзүндө шайкештикти тастыктоо форасы |
| **сертификация строительной продукции:** Форма обязательного (или добровольного) подтверждения соответствия органом по сертификации (оценке подтверждения соответствия) продукции требованиям технических регламентов | **курулуш өндүрүмүн тастыктамалоо:** Өндүрүмдү техникалык регламенттердин талаптарына тастыктоо (шайкештигин ырастоону баалоо) боюнча орган тарабынан шайкештикти милдеттүү түрдө (же ыктыярдуу) ырастоо формасы |
| **сети инженерные:** Трубопроводы и кабели различного назначения (водопровод, водоотведение, отопление, газоснабжение, связь и другие), прокладываемые на территориях населенных пунктов, а также в зданиях | **инженердик тарамдар:** Калктуу конуштардын аймагында, ошондой эле имараттарда орнотулуучу өткөрмө түтүктөр жана ар кандай арналыштагы кабелдер (суу өткөрүүчү, суу агындылоочу, жылытуу, газ менен камсыздоо, байланыш ж.б.) |
| **силы и средства ЧС:** Силы и средства территориальных, функциональных и ведомственных и звеньев ЧС, предназначенные для выполнения задач по предупреждению и ликвидации чрезвычайных ситуаций | **ӨК күчтөрү жана каражаттары:** Өзгөчө кырдаалдардын алдын алуу жана жоюу маселелерин аткаруу үчүн арналган аймактык, функционалдык, ведомстволук жана ӨК звенолорунун күчтөрү жана каражаттары |
| **синяя линия:** Линия, определяющая ширину улиц и дорог и являющаяся границей, отделяющей улицы и дороги от водных объектов – рек, озер, каналов, водохранилищ | **көк сызык:** Көчөлөрдүн жана жолдордун жазылыгын аныктоочу жанааларды суу объекттеринен – дарыялардан, көлдөрдөн, каналдардан, суу сактагычтардан бөлүп туруучу, чек ара болуп саналуучу сызык |
| **система инженерного** | **инженердик жабдуулартутуму:** |

| | |
|---|---|
| **оборудования:** Часть здания и сооружения, представляющая собой совокупность оборудования, приборов и арматуры для водоснабжения, водоотведения, отопления, вентиляции и кондиционирования воздуха, газо- и электроснабжения | Имараттын жана курулманын суу менен камсыздоо, суу агындылоо, жылытуу, желдетүү жана абаны кондицирлөө, газ жана электр менен камсыздоо үчүн жабдуулардын, алеттердин жана арматуралардын жыйындылары түрүндөгү имараттын жана курулманын бөлүгү |
| **система пожарной безопасности:**<br>1 Совокупность сил и средств, а также мер правового, организационного, экономического, социального и научно- технического характера, направленных на борьбу с пожарами;<br>2 Комплекс организационных мероприятий и технических средств, направленных на предотвращение пожара и ущерба от него | **өрт коопсуздук тутуму:**<br>1 Өрт менен күрөшүүгө багытталган күчтөрдүн жана каражаттардын, ошондой эле укуктук, уюштуруучулук, экономикалык, социалдык жана илимий-техникалык, мүнөздөгү чаралардын жыйындысы;<br>2 Өрттүн жана андан болгон зыяндардын алдын алууга багытталган уюштуруу иш-чараларынын жана техникалык каражаттардын комплекси |
| **система предотвращения пожара:** Комплекс организационных мероприятий и технических средств, направленных на исключение условий возникновения пожара | **өрттүн алдын алуу тутуму:** Өрттүн келип чыгуусун жоюуга багытталган уюштуруу иш-чараларынын жана техникалык каражаттардын комплекси |
| **система противодымной защиты:** Комплекс организационных мероприятий и технических средств, направленных на предотвращение воздействия на людей дыма, повышенной температуры и токсичных продуктов горения | **түтүндөн коргоо тутуму:** Түтүндүн, жогорку температуралардын жана күйүүнүн уулуу өндүрүмдөрүнүн адамга таасирин болтурбоого багытталган уюштуруу иш-чараларынын жана техникалык каражаттардын комплекси |
| **система противопожарной защиты:** Совокупность организационных мероприятий и технических средств, направленных на предотвращение воздействия на людей факторов пожара и ограничение материального ущерба от него | **өрткө каршы коргоо тутуму:** Өрттүн адамга тийгизген факторлорунун алдын алуу жана андан жаралуучу материалдык чыгымдарды чектөөгө багытталган уюштуруу иш-чараларынын жана техникалык каражаттардын жыйындысы |
| **система передачи извещений о пожаре:** Совокупность совместно действующих технических средств, | **өрт тууралуу кабарлоолорду берүү тутуму:** Борборлоштурулган байкоо пунктунда байланыш жана |

| | |
|---|---|
| предназначенных для передачи по каналам связи и приема в пункте централизованного наблюдения извещений о пожаре на охраняемом объекте, служебных и контрольно-диагностических извещений, а также (при наличии обратного канала) для передачи и приема команд телеуправления | кабыл алуу каналдары аркылуу кайтарылуучу объекттеги өрт тууралуу маалымдоолорду, кызматтык жана контролдук-диагностикалык маалымдоолорду берүү, ошондой эле телебашкаруунун командаларын берүү жана кабыл алуу (кайра берүү каналы болгондо) үчүн арналган биргелешип иштөөчү техникалык каражаттардын жыйындысы |
| **система пожарной сигнализации:** Совокупность установок пожарной сигнализации, смонтированных на одном объекте и контролируемых с общего пожарного поста | **өрт ишарат белгилер тутуму:** Бир объектиге орнотулган жана жалпы өрт постунан контролдонуучу өрт ишарат белгилеринин орнотмолорунун жыйындысы |
| **система сертификации:** Совокупность правил выполнения работ по сертификации, участников системы сертификации и правил функционирования системы в целом | **тастыктамалоо тутуму:** Тастыктамалоо боюнча аткарылуучу жумуштардын эрежелеринин, тастыктоо тутумунун катышуучуларынын жана бүтүндөй тутумдун иштөө эрежелеринин жыйындысы |
| **склады нефти и нефтепродуктов:** Комплекс зданий, резервуаров и других сооружений, предназначенных для приема, хранения и выдачи нефти и нефтепродуктов | **мунай жана мунай өндүрүмдөрүнүн кампалары:** Мунай жана мунай өндүрүмдөрүн кабыл алууга, сактоого жана берүүгө арналган имараттардын, резервуарлардын, жана башка курулмалардын комплекси |
| **скрытые работы:** Отдельные виды работ (устройство фундаментов, гидроизоляции, установка арматуры и закладных деталей в железобетонных конструкциях и другие), которые недоступны для визуальной оценки при проверке и сдаче зданий и сооружений в эксплуатацию и предъявляются подрядной строительной организацией | **жашырылган жумуштар:** Имараттарды жана курулмаларды текшерүүдө жана пайдаланууга берүүдө көрүп баалоого мүмкүн болбогон жана подрядчы курулуш уюму тарабынан көрсөтүп берилүүчү жумуштардын (пайдубал тургузуу, гидрообочолонтуу, темирбетон конструкцияларында арматураны жана калтырма тетиктерди орнотуу ж.б.), айрым түрлөрү |
| **сложные природные условия:** Условия, характеризующиеся наличием на территории строительства и в процессе эксплуатации здания или сооружения специфических по составу и состоянию грунтов и риска | **татаал жаратылыш шарттары:** Курулуштун аймагында жана имаратты же курулманы пайдалануу жараянында курамы жана абалы боюнча бөтөнчөлөнгөн топурактын болуу жана кооптуу жаратылыш жараяндарынын |

| | |
|---|---|
| возникновения (развития) опасных природных процессов и (или) техногенных воздействий | жана (же) техногендик таасирлердин жаралуу (өөрчүү) тобокелдигинин болуусу менен мүнөздөлгөн шарттар |
| **служба связи:** Система подразделений государственной противопожарной службы (далее - ГПС) органов обеспечения пожарной безопасности, а также вид деятельности по обеспечению связи в органах обеспечения пожарной безопасности, эффективному комплексному применению средств связи и квалифицированной технической эксплуатации этих средств в органах управления и подразделениях | **байланыш кызматы:** Өрт коопсуздугун камсыз кылуу органдарынын мамлекеттик өрткө каршы кызматынын (мындан ары – МӨК) бөлүмдөрүнүн тутуму, ошондой эле өрт коопсуздугун камсыз кылуу органдарындагы байланышты камсыз кылуу, байланыш каражаттарын натыйжалуу комплекстүү колдонуу жана башкаруу органдарында, түзүмдүк бөлүмдөрүндө ал каражаттарды квалификациялуу техникалык пайдалануу боюнча ишмердүүлүктүн түрү |
| **служебные и бытовые помещения:** Предназначены для работы администрации учреждения и способствующих подразделений, а также для обеспечения нормальных, комфортных условий для работы персонала учреждений | **кызматтык жана тиричилик жайлар:** Мекеменин администрациясынын жана көмөкчү түзүмдүк бөлүмдөрүнүн иштөөсү, ошондой эле мекеменин персоналынын иштеши үчүн нормалдуу, жайлуу шарттарды камсыздоо үчүн арналган жайлар |
| **смета:** Документ, определяющий на основе проектных данных стоимость строительства объекта, в том числе необходимые затраты на выполнение отдельных видов строительно-монтажных работ, а также другие затраты, связанные с осуществлением строительства | **смета:** Долбоордук маалыматтардын негизинде курулуш объектисинин наркын, анын ичинде куруу-монтаждоо жумуштарын аткарууга зарыл болгон чыгымдарды, ошондой эле курулушту ишке ашыруу менен байланышкан башка чыгымдарды аныктоочу документ |
| **сметная документация:** Документ, выполняемый на основе проекта о стоимости предполагаемых затрат инвестора (заказчика) на строительство или иные изменения существующего объекта согласно его сметной или расчетной стоимости (сводный сметный расчет, оценочный отчет) | **сметалык документтер:** Анын сметалык же эсептик наркына (жыйынтыктоочу сметалык эсеп, баалоочу жоопчот) ылайык объекттин курулушуна же мурун курулган объекттин өзгөртүүлөрүнө инвестордун (тапшырыкчынын) болжолдуу чыгымдарынын наркы тууралуу долбоордун негизинде аткарылуучу документ |
| **сметная стоимость строительства:** Определяемое по нормативным | **курулуштун сметалык наркы:** Долбоорго ылайык курулушту толук |

| | |
|---|---|
| показателям денежное выражение затрат, необходимых для полного осуществления строительства и ввода в действие основных фондов согласно проекту | ишке ашыруу жана негизги фонддорду ишке киргизүү үчүн керек болгон, ченемдик көрсөткүчтөр боюнча аныкталуучу сарптоолордун акчалай туюнтулушу |
| **снабжающая организация:** Юридическое лицо, предоставляющее товары и коммунальные услуги собственникам жилых и нежилых помещений на основе договоров | **жабдуучу уюм:** Турак жана турак эмес жайлардын жеке менчик ээлерине келишимдердин негизинде товарларды жеткирүүчү жана коммуналдык кызмат-тарды көрсөтүүчү юридикалык жак |
| **снос:** Ликвидация зданий и сооружений ввиду их физического и морального износа | **бузуу:** Физикалык жана моралдык эскиришине байланыштуу имараттарды жана курулмаларды жок кылуу |
| **события:** Это обстоятельства, естественные и природные явления, произошедшие независимо от воли и сознания людей, с которыми закон связывает возникновение правоотношения | **окуя:** Адамдардын эркине жана аң-сезимине көз карандысыз өтүүчү, мыйзам укук мамилелеринин пайда болушун байланыштыруучу жагдайлар, табигый жана жаратылыш кубулуштары |
| **совет директоров:** Это орган управления акционерным обществом, осуществляющий общее руководство обществом в период между общими собраниями акционеров | **директорлор кеңеши:** Акционерлердин жалпы чогулуштарынын аралыгында коомго жалпы жетекчилик кылуучу акционердик коомдун башкаруу органы |
| **совмещенное освещение**: Освещение, при котором недостаточное по нормам естественное освещение дополняется искусственным в течение полного рабочего дня | **айкалыштырылган жарыктан-дыруу:** Ченемдер боюнча жетишсиз болгон табигый жарык толук жумушчу күндүн ичинде жасалма жарык берүү менен толукталган жарыктандыруу |
| **согласование проектной документации:** Оценка соответствия проектной документации требованиям документов на проектирование (Измененная редакция, Изм. №1) | **долбоордук документтерди макулдашуу:** Долбоордук документ-тердин долбоорлоодо документтеринин талаптарына ылайыктуулугун баалоо (Өзгөртүлгөн редакция, №1 Өзг.) |
| **сообщение:** Положение, содержащее информацию | **билдирүү:** Маалыматты камтыган абал |
| **сооружение:** Искусственно созданный объемный, прочно связанный с землей плоскостной или линейный объект (наземный/надводный или подземный/подводный), имеющий естественные или искусственные границы и предназначенный в | **курулма (имарат):** Долбоорго ылайык фукционалдык жана өндүрүштүк процесстерди аткаруу үчүн багытталган, табигый жана жасалма чек арасы бар, ошондой эле инженердик жабдууларды же коммуникацияларды жайгаштырган жасалма жол менен |

| | |
|---|---|
| соответствии с проектом для выполнения функциональных или производственных процессов, а также размещения (прокладки) инженерного оборудования или коммуникаций (Измененная редакция, Изм. №1) | түзүлгөн көлөмдүк, жер менен тыгыз байланышкан обьект (жер үстүндөгү/суу үстүндөгү (Өзгөртүлгөн редакция, №1 Өзг.) |
| **сооружение:** Объемная, плоскостная или линейная, наземная, надземная или подземная строительная система, состоящая из несущих, а в отдельных случаях и ограждающих конструкций и предназначенная для выполнения производственных процессов различного вида, хранения материалов, изделий, оборудования, временного пребывания людей, перемещения людей, грузов и т.д. | **курулма:** Жүк көтөрүүчү, ал эми айрым учурларда тосмолоочу конструкциялардан да турган жана ар түрдүү өндүрүштүк жараяндарды аткаруу, материалдарды, буюмдарды, жабдууларды сактоо, адамдардын убактылуу жайгашуусу, адамдардын, жүктөрдүн д.у.с. орун которуусу үчүн арналган көлөмдүү, жалпак же узундуу, жердеги, жер үстүндөгү же жер астындагы курулуш тутуму |
| **сопротивляемость конструкции:** Способность конструкции противостоять воздействиям без механического разрушения (отказа) | **конструкциянын каршылык көрсөтүүчүлүгү:** Конструкциянын механикалык бузулууларсыз (иштебей калуусуз) каршылык көрсөтүү касиети |
| **социально-гарантированные условия жизнедеятельности:** Состояние городской среды (населенного пункта), отвечающее современным социальным, гигиеническим и градостроительным требованиям, достигаемое соблюдением при проектировании (реконструкции) территории нормативных параметров функционально-планировочной организации объектов градостроительного нормирования | **жашоо-тиричиликтин социалдык-кепилденген шарттары:** Аймактарды долбоорлоодо (кайра конструкциялоодо) шаар куруу ченемдөөсүнүн объекттерин функционалдык-пландаштырууну уюштуруунун ченемдик параметрлерин сактоо менен жетишилүүчү, заманбап социалдык, гигиеналык жана шаар куруу талаптарына жооп берүүчү шаар чөйрөсүнүн абалы |
| **спасение людей:** Вынужденное перемещение людей за пределы зданий и сооружений при воздействии на них пожара или при возникновении других угроз;<br>**спасение людей при пожаре:** Действия по эвакуации людей, которые не могут самостоятельно покинуть зону, где имеется возможность воздействия на них опасных факторов пожара | **адамдарды сактоо:** Өрттүн таасиринде же башка коркунучтардын пайда болуусунда адамдарды имараттардын жана курулмалардын чегинен сыртка аргасыздан чыгаруу;<br>**өрт учурунда адамдарды куткаруу** Кооптуу өрт факторлору таасир этүү мүмкүн болгон жерди өз алдынча таштап кете албаган адамдарды кооптуу чөлкөмдөн чыгарып |

| | |
|---|---|
| | кетүү иш-аракеттери |
| **спектр расчетных реакций:** Спектр реакций, значения ординат которого уменьшены относительно значений ординат спектра упругих реакций. Уменьшение значений ординат спектра упругих реакций достигается путем деления этих значений на значение коэффициента поведения, характеризующего способность конструктивной системы противостоять сейсмическим воздействиям в области нелинейного деформирования | **эсептик реакциялардын спектри:** Серпилгичтүү реакциялар спектринин ординаталарынын маанисине карата ординаталарынын мааниси кичирейтилген реакциялар спектри. Серпилгичтүү реакциялар спектринин ординаталар маанилерин кичирейтүү бул маанилерди конструкциялык тутумдун сызыктуу эмес деформациялануу чөйрөсүндө сейсмикалык таасирлерге каршы туруу касиетин мүнөздөөчү иштөө көмөк чоңдугунун маанисине бөлүү аркылуу жетишилет |
| **спектр упругих реакций:** Совокупность абсолютных значений максимальных ответных ускорений (реакций) линейного осциллятора при заданном акселерограммой сейсмическом воздействии, определенная с учетом собственной частоты и параметра демпфирования осциллятора | **серпилме реакциялардын спектри:** Осциллятордун өздүк жыштыгын жана демпфирлөө параметрин эске алуу менен аныкталган, сейсмикалык таасирдин берилген акселерограммасында сызыктуу осциллятордун максималдык жооп берүүчү ылдамдануууларынын (реакцияларынын) абсолюттук маанилеринин жыйындысы |
| **спектральный или модально-спектральный метод:** Метод определения расчетных сейсмических нагрузок по результатам анализа, выполняемого с учетом форм собственных колебаний здания или сооружения и спектра расчетных реакций | **спектралдык же модалдык-спектралдык ыкма:** Имараттын же курулманын өздүк термелүүлөр формасын жана эсептик реакциялар спектрин эске алуу менен аткарылуучу талдоонун жыйынтыктары боюнча эсептик сейсмикалык жүктөмдөрдү аныктоо усулу |
| **специализированная организация:** Юридическое лицо, независимо от формы собственности, осуществляющее техническое обслуживание жилого здания | **адистештирилген уюм:** Менчигинин формасына карабастан турак жай имаратына техникалык тейлөө жүргүзүүчү юридикалык жак |
| **специализированные организации:** Организации, сферой деятельности которых являются научно-исследовательские работы в области сейсмостойкого строительства, | **адистештирилген уюмдар:** Ишмердүүлүк чөйрөсү жер титирөөгө туруктуу курулуш, сейсмология жана микросеймикалык райондоштуруу жаатындагы илимий-изилдөө иштери |

| | |
|---|---|
| сейсмологии и микросейсморайонирования, располагающие оборудованием и специалистами, необходимыми для проведения соответствующих теоретических и экспериментальных работ | саналган, тиешелүү назарияттык жана эксперименталдык иштерди жүргүзүү үчүн керектүү жабдууларга жана адистерге ээ уюм |
| **специализированные стационарные учреждения**: Государственные либо частные учреждения (дома-интернаты) для временного пребывания лиц с ограниченными возможностями здоровья и оказания необходимой медицинской помощи согласно индивидуальной программе реабилитации | **адистештирилген стационардык мекемелер:** Майып адамдардын убактылуу болуусу жана калыбына келтирүүнүн жекече программасына ылайык аларга зарыл медициналык жардам көрсөтүү үчүн мамлекеттик же жеке менчик мекемелер (жатак үйлөр) |
| **специализированный транспорт:** Любые виды транспортных средств, имеющие специальные приспособления для доступа и использования их лицами с ограниченными возможностями здоровья) | **атайын унаа:** Майып адамдардын кирип-чыгуусу жана пайдалануусу үчүн атайын ыктамдарга ээ унаа каражаттарынын баардык түрлөрү |
| **специализированный элемент:** Элемент, к которому (как к объекту нормирования) предъявляются специфические требования по адаптации с учетом конкретного или совокупных дефектов здоровья человека | **атайын ылайыкташтырылган элемент:** Адамдын ден соолугунун таасын же жыйынды чабалдыктарын эске алуу менен ылайыкташтыруу боюнча атайын талаптар коюлган элемент (ченемдөө объектиси катары) |
| **специальные работы:** Работы по выполнению засыпки и укрепления грунтов, монтаж технологического оборудования и оборудования средств контроля и автоматики, изоляции трубопроводов, сооружения инженерно-транспортных коммуникаций, электромонтажные, газомонтажные, слаботочные, вентиляционные, теплотехнические, гидротехнические, ирригационные, машиностроительные и работы, связанные с объектом строительства | **атайын жумуштар:** Кыртышты толтуруу жана бекемдөө, технологиялык жабдууларды, контролдоо жана автоматика каражаттарын монтаждоо, өткөргүч түтүктөрдү, инженердик-унаалык коммуникациялардын курулмаларын обочолонтуу, электрмонтаждык, газмонтаждык, аз агымдык, желдеткичтик, жылуулук-техникалык, гидротехникалык, ирригациялык, машина куруучулук боюнча жумуштар жана объектти курууга байланышкан иштерди аткаруу жумуштары |
| **специальные системы** | **сейсмокоргоонун атайын** |

| | |
|---|---|
| **сейсмозащиты:** Системы, позволяющие снизить сейсмические нагрузки на здания (включающиеся и выключающиеся связи, динамические гасители колебаний, энергопоглотители, системы сейсмоизоляции) | **тутумдары:** Имаратка сейсмикалык жүктөмдөрдү төмөндөтүүгө мүмкүндүк берүүчү тутумдар (кошулуучу жана ажыратылуучу байланыштар, термелүүлөрдү динамикалык өчүргүчтөр, энергияны сиңирүүчүлөр, сейсмикалык обочолонтуу тутумдары) |
| **специальные технические условия:** Технические нормы, разработанные для конкретного объекта строительства и содержащие отсутствующие в действующих нормах или дополнительные технические требования к его безопасности. | **атайын техникалык шарттар:** Курулуштун таасын объектиси үчүн иштелип чыккан жана аракеттеги ченемдерде камтылбай калган же анын коопсуздугуна карата кошумча техникалык талаптарды камтыган техникалык ченемдер |
| **справочное положение:** Положение, содержащее информацию (сообщение) | **маалымдамалык жобо:** Маалыматты (билдирүүнү) камтыган жобо |
| **средства подмащивания:** Устройства, предназначенные для организации рабочих мест при производстве строительно-монтажных работ на высоте или глубине более 1,3 м от уровня земли или перекрытия | **көпүрө-шатылык каражаттар:** Куруу-монтаждоо жумуштарын жердин же калканын деңгээлинен 1,3 метрден жогорку бийиктикте же тереңдикте жүргүзүүдө жумушчу орундарды уюштуруу үчүн арналган түзмөктөр |
| **средства связи:** Техническая база для обеспечения процессов сбора, обработки, накопления и распределения информации | **байланыш каражаттары:** Маалыматты жыйноо, иштеп чыгуу, топтоо жана бөлүштүрүү жараянын камсыз кылуу үчүн техникалык база |
| **средство защиты (работающего):** Средство, предназначенное для предотвращения риска или уменьшения его воздействия на работающего до допустимого уровня | **коргоочу каражаттар (жумушчуну):** Тобокелчиликтин алдын алуу же анын жумушчуга таасирин мүмкүн болгон деңгээлге чейин түшүрүү үчүн арналган каражат |
| **средство индивидуальной защиты (работающего):** Средство защиты, надеваемое нателo человека или его части, или используемое им | **жеке коргонуучу каражат (жумушчунун):** Адамдын денесине же анын бир бөлүгүнө кийгизиле турган же ал колдоно турган коргонуу каражаты |
| **средство коллективной защиты (работающих):** Средство защиты, конструктивно и (или) функционально связанное с производственным оборудованием, производственным | **жамааттык коргонуу каражаты (иштөөчүлөрдүн):** Өндүрүш жабдыктары, өндүрүш жараяны, өндүрүш жайлары (имараты) же өндүрүш аянты менен конструктивдик |

| | |
|---|---|
| процессом, производственным помещением (зданием) или производственной площадкой | жана (же) функциялык жактан байланышкан коргоо каражаты |
| **стадия проекта (П):** Этап проектирования объектов строительства, содержащий общее описание объекта на основании принятых объемно-планировочных и технических решений. Разделы стадии «П» даются в составе и объеме, достаточном для технико-экономического обоснования проектных решений и является основой для утверждаемого этапа проектирования объектов реконструкции и строительства комплексов застройки с определением очередности разработки проектной документации и строительства | **долбоордун (Д) стадиясы:** Кабыл алынган көлөмдүк-мерчемдик жана техникалык чечилиштердин негизинде объекттин жалпы сүрөттөлүшүн камтыган курулуш объекттерин долбоорлоо этабы. «Д» стадиясынын бөлүмдөрү долбоордук чечилиштерди техникалык-экономикалык негиздөө үчүн жетиштүү курамда жана көлөмдө берилип, долбоордук документтерди жана курулушту иштеп чыгуунун кезектүүлүгүн аныктоо менен курулуш комплекстеринин кайра конструкция-лоо жана куруу объекттерин долбоорлоонун бекитилүүчү этабы үчүн негиз болуп саналат |
| **стандарт:** Документ, разработанный на основе консенсуса, в котором устанавливаются для добровольного многократного использования правила, общие принципы, характеристики продукции или процессов проектирования (включая изыскания), производства, строительства, монтажа, наладки, хранения, перевозки, реализации, эксплуатации, утилизации, выполнения работ, оказания услуг. Стандарт может также содержать требования к терминологии, символике, упаковке, маркировке и/или этикетированию | **стандарт:** Ымаланын негизинде иштелип чыккан, өз ыктыярдуулукта бир нече жолу пайдаланууга эсептелген эрежелер, жалпы принциптер, өндүрүмдөрдүн же долбоорлоо жараяндарынын (изилдөөлөрдү кошо эсептегенде), өндүрүштүн, курулуштун, монтаждоонун, жөнгө келтирүүнүн, сактоонун, ташуунун, сатуунун, пайдалануунун, кызмат көрсөтүүлөрдүн мүнөздөмөлөрү аныкталган документ. Стандарт терминологияга, символикага, таңгакка, маркалоого жана/же этикеткалоого талаптарды камтышы мүмкүн |
| **стандарт международный региональный (межгосударственный), национальный:** Документ, в котором в целях добровольного многократного использования устанавливаются характеристики продукции, правила осуществления и характеристики процессов производства, эксплуатации, | **эл аралык, регионалдык (мамлекеттер аралык), улуттук стандарт:** Өз ыктыяры менен көп жолу колдонуу максатында өндүрүмдүн мүнөздөмөлөрү, өндүрүш, пайдалануу, сактоо, ташуу, сатуу жана жок кылуужараяндарынын, жумуштарды аткаруунун же кызматтарды көрсөтүүнүн мүнөздөлүшү жана ишке |

| | |
|---|---|
| хранения, перевозки, реализации и утилизации, выполнения работ или оказания услуг. Стандарт также может содержать требования к терминологии, символике, упаковке, маркировке или этикетированию;<br>**стандарт международный:** Стандарт, принятый международной организацией | ашыруу эрежелери аныкталган документ. Стандарт ошондой эле терминологияга, символикага, таңгакка, маркалоого же этикеткалоого карата талаптарды камтышы мүмкүн;<br><br>**эл аралык стандарт:** Эл аралык уюм тарабынан кабыл алынган стандарт |
| **стандарт национальный:** Стандарт, принятый национальным органом по стандартизации | **улуттук стандарт:** Стандартташтыруу боюнча улуттук орган кабыл алган стандарт |
| **стандартизация:** Деятельность по установлению правил, общих принципов, характеристик, рассчитанных для многократного использования на добровольной основе, направленная на достижение упорядоченности, повышение конкурентоспособности в области производства и оборота продукции, выполнения работ и оказания услуг | **стандартташтыруу:** Ыктыярдуулук негизде көп жолу пайдаланууга эсептелген, өндүрүмдөрдү өндүрүү жана айландыруу чөйрөсүндө иреттүүлүккө жетишүүгө, атаандаштыкка жөндөмдүүлүктү жогорулатууга, жумуштарды аткарууга жана кызматтарды көрсөтүүгө багытталган эрежелерди, жалпы принциптерди, мүнөздөмөлөрдү белгилөө боюнча ишмердүүлүк |
| **стекло органическое:** Оптически прозрачный твердый материал на основе органических полимер | **органикалык айнек:** Органикалык полимердин негизинде даярдалган оптикалык тунук жана катуу материал |
| **стеклопрофилит:** Крупногабаритные строительные изделия, изготовленные в основном методом непрерывного проката из армированного и неармированного бесцветного и окрашенного стекла различного профиля | **айнекпрофилит:** Түрдүү профилдеги түзсүз жана боёлгон, арматураланган жана арматураланбаган айнектен негизинен үзгүлтүксүз жаюуусулу менен даярдалган ири тыш өлчөмдүү курулуш буюмдары |
| **стеклорубероид:** Рулонный гидроизоляционный материал в виде стеклянной ткани, пропитанной с обеих сторон битумом | **айнекрубероид:** Эки тарабынан тең битум сиңирилген айнек кездеме түрүндөгү түрүлмө гидробочолонтуучу материал |
| **стеклоткань:** Материал, образованный переплетением взаимно перпендикулярных нитей стеклянного волокна (круглого или профильного сечения) | **айнеккездеме:** Айнек буласынын (тегерек же профилдик кесилиштеги) өз ара перпендикуляр жиптерин өрүү аркылуу алынган материал |

| | |
|---|---|
| **стеклянная плитка мозаичная:** Мелкая (обычно квадратная) облицовочная плитка, изготовляемая из непрозрачного цветного стекла способом непрерывного проката | **мозаикалык айнек тактачасы:** Түстүү, тунук эмес айнектен үзгүлтүксүз жаюу ыкмасы менен алынган майда (адатта чарчы) беттеме тактайча |
| **стеклянное волокно, стекловолокно:** Волокно круглого или профильного сечения, получаемое из расплавленного стекла | **айнек буласы, айнекбула:** Эритилген айнектен алынган тегерек же профилдүү кесилиштеги була |
| **стекольные работы:** Вставка стекол и стекло изделий в световые проемы и ограждающие конструкции зданий и сооружений | **айнек жумуштары:** Имараттардын жана курулмалардын жарык берүүчү оюктарына жана тосмолоочу конструкцияларына айнек жана айнек буюмдарын орнотуу |
| **стеллаж:** Устройство для хранения предметов и штучных материалов, состоящее из полок (настилов), укрепленных в несколько ярусов на вертикальных стойках | **кабат текче:** Вертикалдуутик турмаларга бир нече катар кабат кылып бекитилген текчелерден (төшөмөлдөр-дөн) турган, предметтер жана дааналанган материалдарды сактоо үчүн арналган түзмөк |
| **стена:** Элемент конструктивной системы, поддерживающий другие элементы и имеющий удлиненное в плане поперечное сечение с соотношением длины к толщине $l_w/b_w$ более 4. Плоскости стен имеют, вертикальное направление | **дубал:** Башка элементтерди кармап туруучу жана планында узундугунун калыңдыгына катышы $l_w/b_w$ 4 төн көп болгон узартылган туура кесилишке ээ конструктивдик тутумдун элементи. Дубалдардын тегиздиктери вертикалдуу багытта болот |
| **стены из глинистых материалов:** Стены из кирпича-сырца, глинобита (сокмо), гуаляк, кош-сынча | **чополуу материалдардан тургузулган дубалдар:** Чийки кыштан, сокмодон, күбөлөктөн, кош сынчтан, тургузулган дубалдар |
| **стена в грунте:** Способ возведения вертикальных стен подземных и заглубленных сооружений, а также противофильтрационных завес, устраиваемых в траншеях под защитой раствора (суспензии) из бентонитовых глин, удерживающего грунт в траншеях от обрушения | **жердеги дубал:** Траншейлерде кыртышты уратпай кармап туруучу, бентонит ылайларынан даярдалган эритменин (суюк эзиндинин) коргоосу алдында тургузулуучу жер алдындагы жана тереңдетилген курулмалардын, ошондой эле чыпкалоого каршы көшөгөлөрдүн вертикалдуу дубалдарын тургузуу ыкмасы |
| **стена здания:** Основная ограждающая конструкция здания, защищающая его от внешних | **имараттын дубалы:** Имаратты сырткы атмотоп чөйрөлүк таасирлерден коргоочу жана ошол эле мезгилде жүк |

| | |
|---|---|
| атмосферных воздействий, одновременно выполняющая и несущие функции: воспринимает горизонтальные и вертикальные нагрузки, разделяет внутренний объем здания на отдельные помещения | көтөрүүчү кызматтарды: горизонталдуу жана вертикалдуу жүктөмдөрдү кабыл алууну, имараттын ички көлөмүн өзүнчө жайларга бөлүүчү, аткаруучу имараттын негизги тосмолоочу конструкциясы |
| **стенка забральная:** Вертикальная стена, расположенная перед водозаборным отверстием и погруженная нижней гранью под минимальный уровень воды гидротехнического сооружения для защиты последнего от попадания шуги (донного льда), плавника и т.п. | **калкан дубалдар:** Суу агызуучу тешиктин алдында жайгашкан жана төмөнкү кыры менен гидротехникалык курулмадагы суунун минималдуу деңгээлинен төмөн чөгөрүлүп, гидротехникалык курулманы шырылдаңдан (түптүк муздан) жана калкымалардан д.у.с. сактоо үчүн тикесинен тургузулган дубал |
| **стенка подпорная:** Конструкция, удерживающая от обрушения находящийся за ней массив грунтаи воспринимающая расположенные на его поверхности нагрузки | **тиреме дубал:** Өзүнүн артында жайгашкан топурак массивин уроодон кармап туруучу жана анын үстүндөгү жүктөрдү кабыл алуучу конструкция |
| **стенка раздельная:** Вертикальная стена между смежными гидротехническими сооружениями, обеспечивающая независимый гидравлический режим потоков воды | **бөлгүч дубал:** Чектеш гидротехникалык курулмалардын ортосунда тургузулуп, суу агымдарынын көз карандысыз гидравликалык шарттамын камсыз кылуучу вертикалдуу дубал |
| **стенка шпунтовая:** Сплошная стенка, образованная забитыми в грунт шпунтовыми сваями (древесными, железобетонными, стальными), служащая водонепроницаемой преградой и удерживающая от обрушения грунт при возведении гидротехнических сооружений (набережных, камер, шлюзов, перемычек), для ограждения стен котлованов, траншей и т.п. | **кыржылгалык дубал:** Кыртышка кагылган кыржылгалуу жер түркүктөрүнөн (жыгачтан, темир бетондон, болоттон) жаралып,суу өткөрбөөчү тосмо катары кызмат өтөгөн жана гидротехникалык курулмаларды (суу жээктерин, камераларды, шлюздарды, туташтыргычтарды) тургузууда кыртышты урап калуудан кармап туруучу, аң, траншейлердин дубалдарын тосмолоо үчүн туюк дубал |
| **степень агрессивности:** Техническая характеристика интенсивности воздействия агрессивной среды | **агрессивдүүлүк даражасы:** Агрессивдүү чөйрөнүн таасир этүү ургаалдуулугунун техникалык мүнөздөмөсү |
| **степень коррозии строительного** | **курулуш материалынын дат басуу** |

| | |
|---|---|
| **материала:** Техническая характеристика изменения свойств строительного материла вследствие коррозии | **даражасы:** Коррозиянын натыйжасында курулуш материалдарынын касиеттеринин өзгөрүшүнүн техникалык мүнөздөмөсү |
| **степень огнестойкости:** Нормируемая характеристика огнестойкости зданий и сооружений, определяемая пределом огнестойкости основных строительных конструкций | **өрткө туруктуулук даражасы:** Негизги курулуш конструкцияларынын өрткө туруктуулук чеги менен аныкталуучу имараттар жана курулмалардын отко туруктуулугунун ченемделген мүнөздөмөсү |
| **степень сборности:** Показатель технико- экономической оценки проектов зданий (сооружений) и технического уровня строительства, характеризуемый отношением (в процентах) сметной стоимости (франко-строительная площадка) сборных конструкций и деталей, а также предварительно заготовленныхузлов для санитарно-технических, электрических и технологических систем, включаемых в объем строительно-монтажных работ, к сметной стоимости всех строительных материалов, конструкций и деталей | **курамалык даражасы:** Курама конструкциялардын жана тетиктердин, ошондой эле куруу-монтаждоо жумуштарынын көлөмүнө киргизилүүчү санитардык-техникалык, электрдик жана технологиялык тутумдар үчүн алдын ала даярдалган түйүндөрүнүн сметалык наркынын (франк-курулуш аянты) баардык курулуш материалдарынын, конструкцияларынын жана тетиктеринин сметалык наркына катышы (пайыз менен) менен мүнөздөлүүчү имараттардын (курулмалардын) долбоорлорун жана курулуштун техникалык деңгээлин техникалык-экономикалык баалоо көрсөткүчү |
| **стержень замка:** Деталь замка, служащая для передачи крутящего момента от ручки замка к засову-защелке | **кулпунун өзөгү:** Кулпунун туткасынан толгоочу моментти тээкчаптыргычка өткөрүп берүүсү үчүн кызмат өтөгөн кулпунун тетиги |
| **стержневая система в строительной механике:** Несущая конструкция, состоящая из стержней, жестко или шарнирно соединенных между собой в узлах | **курулуш механикасындагы өзөктүк тутум:** Түйүндөрдө өз ара ийкемсиз же дошполуу бириктирилген өзөктөрдөн турган жүк көтөрүүчү конструкция |
| **стилобат:** Возвышенная платформа, замощенная каменными плитами, на которой возводится сооружение, устанавливается памятник | **стилобат:** Үстүнө курулма тургузулган, эстелик орнотулган, таш такталарынан кыналган көтөрүңкү платформа |
| **стоимость оборудования сметная:** Стоимость оборудования, предусматриваемого в сметах на | **жабдыктардын сметалык наркы:** Жабдууларга дүң (чектелген) бааны, камдык бөлүктөрдүн аныкталган |

| | |
|---|---|
| строительство, включающая оптовую (лимитную) цену, стоимость установленного комплекта запасных частей, затраты на тару, упаковку и реквизит, транспортные расходы по доставке оборудования до приобъектного склада стройки, заготовительно-складские расходы и затраты на комплектацию | комплектинин наркын, идишке, таңгактарга жана реквизиттерге чыгымдарды, курулуш объектисинин жанындагы кампага чейин жабдыктарды жеткирүү боюнча унаалык чыгымдарды, даярдоо-кампалык чыгымдарды жана комплекттөөгө кеткен чыгымдарды камтыган курулуш сметасында каралган жабдуулардын наркы |
| **стоимость строительства сметная:** Денежное выражение затрат, необходимых для полного осуществления строительства и ввода в действие основных фондов согласно проекту. Сметная стоимость слагается из стоимости строительно-монтажных работ, оборудования, инструмента, инвентаря и других затрат, входящих в сметы строек | **курулуштун сметалык наркы:** Долбоорго ылайык курулушту толук ишке ашыруу жана негизги фонддорду ишке киргизүү үчүн зарыл болгон чыгымдардын акчалай туюнтулушу. Сметалык нарк куруу-монтаждоо жумуштарынын, жабдыктардын, аспаптардын, шаймандардын жана курулуштардын сметасына кирген башка чыгымдардын наркынан турат |
| **стоимость тары, упаковки и реквизита сметная:** Средства, предусматриваемые в сметах на возмещение заводам-поставщикам затрат по обеспечению сохранности оборудования, материалов, изделий и конструкций в период их транспортировки и хранения на при объектном складе стройки | **идиштин, таңгактардын жана реквизиттин сметалык наркы:** Жабдуулардын, материалдардын, буюмдардын жана конструкциялардын аларды ташууда жана курулуш объектисинин жанындагы кампада сактоодо алардын сакталышын камсыздоо боюнча завод-жеткирүүчүлөрдүн чыгымдарынын ордун толуктоого сметаларда каралган каражаттар |
| **столярные изделия:** Деревянные изделия с тщательно обработанной поверхностью и точной пригонкой соединений элементов | **жыгач буюмдары:** Беттери тыкыр иштетилген жана элементтердин бириктирилиши так дал келтирилген жыгач буюмдары |
| **столярные работы:** Изготовление с повышенной точностью деревянных изделий с обработкой их поверхности и пригонкой соединений элементов | **жыгач жумуштары:** Жогорулатыл-ган тактыкта иштетилген беттери жана элементтеринин бириктирмелерин кыноо менен жыгач буюмдарын жогорулатылган тактыкта даярдоо |
| **стороны контракта:** Заказчик и подрядчик, подписавшие данный контракт | **контракт түзгөн жактар:** Контрактка кол койгон тапшырыкчы жана подрядчы |

| | |
|---|---|
| **сточные воды:** Воды, использованные на бытовые или производственные нужды и получившие при этом дополнительные примеси (загрязнения), заменившие их первоначальный химический состав или физические свойства, а также воды, стекающие с территории населенных мест и промышленных предприятий в результате выпадения атмосферных осадков или поливки улиц | **агынды суулар:** Тиричилик же өндүрүштүк муктаждыктарына пайдаланылган жана пайдаланылуу учурунда алгачкы химиялык курамын же физикалык касиетин алмаштырган кошумча кошундуларды (кирлерди) кабыл алган, ошондой эле калктуу конуштаржана өнөр жай ишканаларынын аймактарынан жаан-чачындардын же көчөлөрдү жуугандын натыйжасында агып чыгуучу суулар |
| **стояк:** Вертикальный трубопровод внутри жилого, общественного или производственного здания, проходящий через все этажи, для подачи воды (или газа) через ответвления (подводки) к водоразборным (газовым) приборам и пожарным кранам или для отвода сточных вод, поступающих через отводные трубы от санитарных приборов и различных приемников | **тик турма:** Суу (газ) бөлүштүрүүчү алеттерге жана өрт жапкычтарына бутактануулар аркылуу суу берүү же санитардык алеттерден жана ар кандай кабыл алгычтардан агызгыч түтүктөр аркылуу келүүчү агынды сууларды агызуу үчүн турак жай, коомдук же өндүрүштүк имараттын ичинде баардык кабаттар аркылуу өтүүчү вертикалдуу өткөрмө түтүк |
| **стрела подъема:** Вертикальное расстояние от линии, соединяющей точки опор распорных конструкций, до наивысшей точки осевой линий этой конструкции (арки, свода и т.п.) | **көтөрүлүү жебеси:** Керилме конструкциялардын таянуу чекиттерин бириктирүүчү сызыктан ошол конструкциянын (жаа өткөөл, чүмбөт д.у.с.) октук сызыгынын эң жогорку чекитине чейинки вертикалдуу аралык |
| **стрела прогиба:** Максимальное смещение оси изгибаемого конструктивного элемента под действием внешних сил в направлении, перпендикулярном оси | **ийүү жебеси:** Ийилүүчү конструктивдик элементтин огунун сырткы күчтөрдүн таасиринен окко перпендикуляр багытта максималдуу жылышы |
| **стробоскопический эффект:** Явление искажения зрительного восприятия вращающихся, движущихся или сменяющихся объектов в мелькающем свете, возникающее при совпадении кратности частотных характеристик движения объектов и изменения светового потока во времени в осветительных установках выполненных газоразрядными источниками света, питаемыми | **стробоскопиялык эффект:** Объекттердин кыймылынын жыштык мүнөздөмөлөрүнүн жана өзгөрүлмө электр агыны менен азыктанган газ разряддык жарык булагынан даярдалган жарык берүүчү орнотмолордо убакыт ичинде жарык агымынын өзгөрүүсүнүн дал келүүсүндө пайда болгон айлануучу, кыймылдоочу же алмашылып туруучу объекттердин бүлбүлдөгөн жарыкта бурмаланып |

| | |
|---|---|
| переменным током | көрүнүшүн кабыл алуу кубулушу |
| **строгание:** Обработка резанием со снятием стружки с плоскостей и фасонных поверхностей (пазов, канавок, углублений) при относительном возвратно-поступательном перемещении инструмента или изделия (заготовки) | **жонуу, сүрүү:** Аспаптын же буюмдун (даярдалманын) салыштырмалуу алдыга-артка которулуусунда тегиздиктерден жана фасондуу беттерден сүрүндү (жылга, арыкча, оюкчаларды) кесүү менен иштетүү |
| **строение пути верхнее:** Часть железнодорожного или трамвайного пути, состоящая из рельсов, рельсовых скреплений, стрелочных переводов, шпал, переводных и мостовых брусьев и других рельсовых опор, а также балластного слоя и противоугонов, и предназначенная для направления движения колес подвижного состава, восприятия нагрузки от транспортных средств и передачи ее на земляное полотно и грунтовое основание | **жолдордун үстүңкү түзүлүшү:** Рельстерден, рельс бекиткичтерден, жебелик которгучтардан, шпалдардан, которгуч жана көпүрө бурустардан, башка рельстик таянычтардан, ошондой эле балласттык катмардан жана кубалап кетүүгө каршы сактагычтардан турган жана кыймылдуу курамдын дөңгөлөктөрүнүн кыймылын багыттоо, унаа каражаттарынан жүктөмдөрдү кабыл алуу жана аны жер тилкеси менен кыртыштык жерпайга өткөрүп берүү үчүн арналган темир жолдун жана трамвай жолунун бөлүгү |
| **строительная авария:** Внезапное неконтролируемое разрушение объекта строительства либо его части, происходящее в процессе его (ее) строительства или эксплуатации | **курулуш авариясы:** Объектти куруу же аны пайдалануу жараянында курулуш объектисинин же анын бөлүгүнүн капысынан контролсуз кыйроосу |
| **строительная акустика:** Научная дисциплина, в которой изучаются вопросы звукоизоляции и зашиты от шума помещений, зданий и территорий населенных мест с использованием архитектурно-планировочных и строительно-акустических (конструктивных) способов и средств | **курулуш акустикасы:** Дабышты обочолонтуу жана калктуу конуштардагы жайларды, имараттарды жана курулмаларды ызы-чуудан архитектуралык-мерчемдик жана курулуш-акустикалык (конструктивдик) ыкмаларды жана каржаттарды колдонуу менен коргоо маселелери изилденген илимий дисциплина |
| **строительная геодезическая сетка:** Геодезическая сеть в виде системы квадратов или прямоугольников, ориентированных параллельно большинству разбивочных осей сооружений | **курулуштук геодезиялык торчо:** Курулмалардын бөлүүчү окторунун көпчүлүгүнө параллелдүү багытталган чарчы же тик бурчтук тутумдар түрүндөгү геодезиялык тарам |
| **строительная деятельность (далее** | **курулуш ишмердүүлүгү (мындан** |

| | |
|---|---|
| – **строительство):** Деятельность государственных органов, органов местного самоуправления, физических и юридических лиц в области проектирования, строительства и реконструкции объектов недвижимости в соответствии с законодательством Кыргызской Республики | **ары – курулуш):** Кыймылсыз мүлктү долбоорлоо, куруу жана кайра конструкциялоо жаатында мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, жеке жана юридикалык жактардын Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык ишмердүүлүгү |
| **строительные изделие:** Изделие, предназначенное для применения в качестве элемента строительных конструкций зданий и сооружений и систем инженерного обеспечения (водоснабжения, канализация и отопления) | **курулуш буюму:** Имараттардын жана курулмалардын курулуш конструкцияларынын жана инженердик камсыздоо тутумдарынын (суу менен камсыздоо, суу агындылоо жана жылытуу) элементи катары колдонуу үчүн арналган буюм |
| **строительные леса:** Многоярусная конструкция, предназначенная для организации рабочих мест на разных горизонтах | **курулуш көпүрө-шатылары:** Ар кандай деңгээлдерде жумушчу орундарды уюштуруу үчүн арналган көп катар кабаттуу конструкция |
| **строительные правила (по проектированию и строительству):** Нормативный технический документ, рекомендующий технические правила или процедуры проектирования, изготовления, монтажа, технического обслуживания или эксплуатации оборудования, конструкций или изделий, в целях обеспечения соблюдения обязательных требований технического регламента и строительных норм | **курулуш эрежелери (долбоорлоо жана куруу боюнча):** Техникалык регламенттин жана курулуш ченемдеринин милдеттүү талаптарын сактоону камсыз кылуу максатында техникалык эрежелерди же жабдууларды, конструкцияларды же буюмдарды долбоорлоо, даярдоо, монтаждоо, техникалык тейлөө же пайдалануу жол-жоболорун сунуштоочу ченемдик техникалык документ |
| **строительство (строительная деятельность):** Процесс возведения новых и (или) изменения существующих зданий и сооружений и связанного с ними технологического и инженерного оборудования, включающий комплекс строительных, монтажных (демонтажных), вспомогательных, транспортных и технологических работ. Работы по ремонту зданий и сооружений, изготовление (производство) | **курулуш (курулуш ишмердиги):** Куруу, монтаждоо (ажыратуу), көмөкчү, унаалык жана технологиялык жумуштардын комплексин камтыган жаңы имараттарды, курулмаларды тургузуу жана (же) тургузулган имараттарды, курулмаларды, аны менен байланышкан технологиялык жана инженердик жабдууларды өзгөртүү жараяны. Имараттарды жана курулмаларды оңдоо, курулуш материалдарын, буюмдарды жана |

| | |
|---|---|
| строительных материалов, изделий и конструкций, по консервации строительства незавершенных объектов и приемка объектов в эксплуатацию<br>**строительство:**<br>1 Отрасль материального производства, в которой создаются основные фонды производственного и непроизводственного назначения;<br>2 Комплекс производственных процессов, включающий строительные, монтажные, вспомогательные, транспортные работы, а также работы, связанные с восстановлением, реконструкцией и ремонтом зданий и сооружений, их разборкой и передвижкой | конструкцияларды даярдоо (өндүрүү), курулушу бүтө элек объектилердин курулушун токтото туруу жана объекттерди пайдаланууга кабыл алуу боюнча жумуштар<br>**курулуш:**<br>1 Өндүрүштүк жана өндүрүштүк эмес дайындалыштагы негизги фонддор түзүлүүчү материалдык өндүрүш тармагы;<br>2 Куруу, монтаждоо, жардамчы, ташуу жумуштары, ошондой эле имараттарды жана курулмаларды калыбына келтирүү, кайра конструкциялоо жана оңдоо, аларды ажыратуу жана которуштуруу менен байланышкан жумуштарды камтыган өндүрүштүк жараяндардын комплекси |
| **строительство капитальное:** Строительство и оснащение оборудованием новых или реконструкция (расширение, переоборудование) действующих предприятий, зданий и сооружений производственного и непроизводственного назначения, во всех отраслях народного хозяйства, производимое за счет централизованных государственных капитальных вложений, банковских кредитов, фондов расширения производства и части амортизационных отчислений, в результате которого осуществляется воспроизводство основных фондов | **капиталдык курулуш:** Борборлоштурулган мамлекеттик капиталдык салымдардын, банк насыяларынын, өндүрүштү кеңейтүү фонддорунун жана амортизациялык чегерүүлөрдүн бөлүгүнүн эсебинен эл чарбасынын баардык тармактарындагы өндүрүштүк жана өндүрүштүк эмес жаңы ишканаларды, имараттарды жана курулмаларды куруу жана жабдыктар менен жабдуу же мурун курулгандарды кайра конструкциялоо (кеңейтүү, кайра жабдуу), анын натыйжасында негизги фонддорду калыбына келтирүү ишке ашырылат |
| **строительство полносборное:** Возведение зданий и сооружений из крупных элементов высокой степени заводской готовности | **толук курамалуу курулуш:** Жогорку даражадагы заводдук даярдыктагы ири элементтерден имараттарды жана курулмаларды тургузуу |
| **строительная индустрия:** Изготовление в промышленных условиях изделий для применения в качестве элементов строительных конструкций зданий и сооружений | **курулуш индустриясы:** Имараттардын жана курулмалардын курулуш конструкцияларынын элементтери катары өнөр жай шарттарында буюмдарды даярдоо |

| | |
|---|---|
| **строительная керамика:** Материалы и изделия из керамики, применяемые в строительстве | **курулуш керамикасы:** Курулушта колдонулуучу керамикадан даярдалган материалдар жана буюмдар |
| **строительная конструкция:**<br>1 Часть здания или другого строительного сооружения, выполняющая определенные несущие, ограждающие и (или) эстетические функции;<br>2 Часть здания, сооружения определенного функционального назначения (каркас здания, покрытие, перекрытие и др.), состоящая из элементов, взаимно связанных в процессе выполнения строительных работ | **курулуш конструкциясы:**<br>1 Белгилүү бир жүк көтөрүүүчү, тосмолоочу жана\же эстетикалык функцияларды аткаруучу имараттын же башка курулуш курулмасынын бөлүгү;<br>2 Курулуш жумуштарын аткаруу учурундаөз ара байланыштырылган элементтерден турган имараттын же белгилүү бир дайындалыштагы курулманын (имараттын каркасы, жабуусу, калкасы ж.б.) бөлүгү |
| **строительная площадка:** Территория, выделяемая в установленном порядке для размещения возводимого объекта и размещения машин, материалов, конструкций, производственных и санитарно-бытовых помещений и коммуникаций, используемых в процессе возведения зданий и сооружений | **курулуш аянты:** Тургузулуучу объектти, имараттарды жана курулмаларды тургузуу учурунда колдонулуучу машинелерди, материалдарды, конструкцияларды, өндүрүштүк жана санитардык-тиричилик жайларын жана коммуникацияларды жайгаштыруу үчүн аныкталган тартипте бөлүнүүчү аймак |
| **строительная продукция:** Законченные строительством здания и другие строительные сооружения, а также их комплексы | **курулуш өндүрүмү:** Курулуп бүткөн имараттар жана башка курулуштук курулмалар, ошондой эле алардын комплекстери |
| **строительная продукция:**<br>1 Результат деятельности физических и юридических лиц, представленный в материально-вещественной форме и относящийся или предназначенный для градостроительной деятельности, в том числе: изыскания, проекты, материалы, изделия, конструкции, здания и сооружения;<br>2 Законченные строительством здания и другие строительные сооружения, а также их комплексы | **курулуш өндүрүмү*:***<br>1 Жеке жана юридикалык жактардын материалдык-заттык формада берилген жана шаар куруу ишмердигине, анын ичинде: изилдөөлөр, долбоорлор, материалдар, буюмдар, конструкциялар, имараттар жана курулмалар үчүн таандык болгон же ага арналган ишмердүүлүгүнүн натыйжасы<br>2 Курулушу бүткөн имараттар жана башка курулуштук курулмалар, ошондой эле алардын комплекстери |
| **строительная сталь:** Низкоуглеродистая сталь (содержит до 0,25%С с включением примесей до 0,055-0,06% S, до 0,07% P), обладающая | **курулуш болоту:** жакшы Ширетилүүчүлүккө жана кошумча термикалык иштетилүүсүз канааттандыраарлык механикалык |

| | |
|---|---|
| хорошей свариваемостью и удовлетворительными механическими свойствами без дополнительной термической обработки | касиеттерге ээ аз көмүртектүү болот (0,25% чейин С, 0,055-0,06% чейин S, 0,07% чейин Р кошундулары менен) |
| **строительная теплотехника:** Раздел строительной физики, изучающий процессы передачи теплоты и влаги и их влияние на другие физические процессы в зданиях, сооружениях и их конструкциях | **курулуш жылуулук техникасы:** Имараттардагы, курулмалардагы жана алардын конструкцияларындагы жылуулукту жана нымдуулукту өткөрүү жараяндарын жана алардын башка физикалык жараяндарга таасирин изилдөөчү курулуш физикасынын бөлүмү |
| **строительная физика:** Комплекс научных дисциплин (разделов приклад-ной физики), изучающих физические процессы в ограждающихи других конструкциях, зданиях, сооружениях в зависимости от климатических условий и режима эксплуатации | **курулуш физикасы:** Климатикалык шарттарга жана пайдалануу шартта-мына жараша тосмолоочу жана башка конструкциялардагы, имараттардагы, курулмалардагы физикалык жараяндар-ды изилдөөчү илимий дисциплиналар-дын (колдонмо физиканын бөлүмдөрүнүн) комплекси |
| **строительное изделие:** Изделие, предназначенное для применения в качестве элемента строительных конструкций зданий и сооружений | **курулуш буюму:** Имараттардын жана курулмалардын курулуш конструкцияларынын элементтери катары колдонуу үчүн арналган буюм |
| **строительное производство:** Выполнение комплекса подготовительных и основных строительно-монтажных и специальных строительных работ при возведении и реконструкции, техническом перевооружении, капитальном ремонте всех типов зданий и сооружений в любых климатических зонах | **курулуш өндүрүшү:** Кандай гана болбосун климаттык чөлкөмдөрдө имараттардын жана курулмалардын баардык типтерин тургузууда жана кайра конструкциялоодо, техникалык кайра жабдууда, капиталдык оңдоодо даярдоо жана негизги куруу-монтаж-доо, ошондой эле атайын курулуш жумуштарынын комплексин аткаруу |
| **строительное сооружение:** Единичный результат строительной деятельности, предназначенный для осуществления определенных потребительских функций в соответствии с его назначением | **курулуш жай (имарат, курулуштар):** Дайындалышына жараша белгилүү бир керектөөчү функцияларды жүзөгө ашыруу үчүн арналган курулуш ишмердүүлүгүнүн айрым натыйжасы |
| **строительно-монтажные работы:** Комплекс работ, выполняемых при возведении зданий и сооружений, и | **курулуш-монтаждоо жумуштары:** Имаратгарды, курулмаларды жана инженердик-техникалык камсыз кылуу |

| | |
|---|---|
| сетей инженерно-технического обеспечения (Измененная редакция, Изм. №1) | тармактарын курууда аткарылуучу жумуштардын комплекси (Өзгөртүлгөн редакция, №1 Өзг.) |
| **строительно-технические свойства цемента:** Совокупность свойств цемента, характеризующих его способность образовывать в результатетвердения прочный и долговечный цементный камень | **цементтин курулуштук-техникалык касиеттери:** Катуулануусунун натыйжасында бекем жана көпкө чыдамдуу цемент ташын жаратуу касиетин мүнөздөөчү цементтин касиеттеринин жыйындысы |
| **строительные изменения недвижимости:** Изменение существующего обустройства земельного участка (строительство новых зданий и сооружений, пристроек к существующим зданиям или сооружениям, реконструкция, перепланировка, снос зданий или сооружений, земляные работы, реконструкция инженерных сетей и благоустройства земельного участка) | **кыймылсыз мүлктүн курулуштук өзгөрүүлөрү:** Жер участкасынын учурдагы жайгарылышын өзгөртүү (жаңы имараттар менен курулмаларды куруу, мурун курулган имараттарга же курулмаларга улап куруу, кайра конструкциялоо, кайра пландаштыруу, имараттарды же курулмаларды бузуу, жер жумуштары, инженердик тарамдарды кайра конструкциялоо жана жер участкасын абаттоо) |
| **строительные материалы и изделия:** Природные и искусственные материалы и изделия, применяемые при возведении и ремонте зданий и сооружений | **курулуш материалдары жана буюмдары:** Имараттар жана курулмаларды тургузууда, оңдоодо колдонулуучу табигый жана жасалма материалдар, буюмдар |
| **строительные машины:** Машины, предназначенные для выполнения подготовительных, планировочных, землеройно-транспортных и других работ при возведении зданий, мостов, прокладке дорог и т.п. | **курулуш машинелери:** Имараттарды, көпүрөлөрдү тургузуу, жолдорду салуу д.у.с. үчүн даярдоо, пландаштыруу, жер казуу-ташуу жана башка жумуштарды аткарууга арналган машинелер |
| **строительные нормы:** Нормативный технический документ в области строительства, принятый уполномоченным государственным органом по разработке и реализации политики в сфере архитектурно-строительной деятельности и содержащий обязательные требования | **курулуш ченемдери:** Архитектура-курулуш ишмердүүлүгү чөйрөсүндө саясатты иштеп чыгуу жана ишке ашыруу боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан кабыл алынган жана милдеттүү талаптарды камтыган курулуш чөйрөсүндөгү ченемдик техникалык документ |
| **строительные правила:** Нормативный документ в области строительства, принятый органом исполнительной власти и содержащий | **курулуш эрежелери:** Аткаруу бийлик органдары кабыл алган, сунуш-талган талаптарды камтыган курулуш чөйрөсүндөгү ченемдик документ |

| | |
|---|---|
| рекомендуемые требования | |
| **строительный генеральный план:** Часть проекта организации строительства, регламентирующая организацию строительной площадки<br>(Измененная редакция, Изм. №1) | **курулуштун башкы планы:** Курулуш аянтын уюштурууну регламенттөөчү курулушту уюштуруу долбоорунун бөлүгү<br>(Өзгөртүлгөн редакция, №1 Өзг.) |
| **строительный материал:** Материал, предназначенный для изготовления строительных изделий и конструкций зданий и сооружений | **курулуш материалы:** Имараттардын жана курулмалардын курулуш буюмдарын жана конструкцияларын даярдоо үчүн арналган материал |
| **стройка:** Совокупность зданий и сооружений (объектов), строительство, расширение и реконструкция которых осуществляется, как правило, по единой проектно-сметной документации, на которую в установленном порядке утверждается отдельный титул стройки (или заменяющий его документ) | **курулуш:** Курулушу, кеңейтилиши жана кайра конструкцияланышы, эреже катары, аныкталган тартипте курулуштун өзүнчө титулу (же аны алмаштыруучу башка документ) бекитилген бирдиктүү долбоордук-сметалык документтер боюнча ишке ашырылуучу имараттар жана курулмалардын (объектердин) жыйындысы |
| **струг:** Землеройная машина непрерывного действия с рабочим органом в виде двух вертикальных щитов, образующих двугранный угол, расположенный в торцовых частях машины | **жер кыргыч:** Машиненин тумшук бөлүктөрүндө жайгашып, эки капталдуу бурчту түзгөн эки тик калкан түрүндөгү жумушчу органы менен үзгүлтүксүз аракеттеги жер казуучу машине |
| **ступень эскалатора:** Часть лестничного полотна, предназначенная для размещения пассажиров | **жүрмө тепкичтин баскычы:** Жүргүнчүлөрдү жайгаштыруу үчүн арналган шатылык энтилкенинбөлүгү |
| **стык:** Место соединения двух сопрягаемых деталей, продолжающих одна другую | **улама:** Бири-бирин улоочу жалгашма эки тетиктин биригүү жери |
| **стык зон (модулей) геометрический:** Плоскость, определяющая место стыковки двух смежных зон (модулей) эскалатора | **зоналардын (модулдардын) геометриялык уламасы:** Жүрмө тепкичтин эки чектеш чөлкөмдөрүнүн (модулдарынын) улама жерин аныктоочу тегиздик |
| **стяжка (основание под покрытие):**<br>1 Слой пола, служащий для выравнивания поверхности нижележащего слоя пола или перекрытия, придания покрытию пола на перекрытии заданного уклона, укрытия различных трубопроводов, | **тегиздеме (жабуу астындагы негиз):**<br>1 Төшөлмөнүн же калканын төмөнкү катмарынын бетин тегиздөө, калканын үстүндөгү төшөлмөнүн жабуусуна белгиленген жантайманы берүү, ар кандай өткөргүч түтүктөрдү жашыруу, |

| | |
|---|---|
| распределения нагрузок по нежестким нижележащим слоям пола на перекрытии;<br>2 Изделие, служащее для обеспечения плотного соединения створок спаренных дверей или окон;<br>3 Тонкий и относительно прочный слой в многослойных конструкциях перекрытий и покрытий зданий, предназначенный для восприятия и передачи нагрузок на нижележащий слой тепло- и звукоизоляции | калкадагы төшөлмөнүн ийкемдүү төмөнкү катмарлары боюнча жүктөмдөрдү бөлүштүрүү үчүн төшөлмөнүн катмары;<br>2 Жупталган эшиктер же терезелердин жаактарын тыгыз бириктирүүнү камсыздоо үчүн кызмат өтөгөн буюм;<br>3 Төмөн жайгашкан жылуулук жана үн обочолонтуучу катмарларга жүктөмдөрдү кабыл алуу жана өткөрүп берүү үчүн арналган имараттардын калкаларынын жана жабууларынын көп катмарлуу конструкцияларындагы жука жана салыштырмалуу бекем катмар |
| **субъект опасности:** Люди, животные и растения, окружающая среда, имущество, на которые воздействует объект опасности | **кооптуулук субъектиси:** Кооптуулук объектиси таасир этүүчү адамдар, жаныбарлар жана өсүмдүктөр, айлана-чөйрө, мүлк |
| **субъект строительства:** Генеральный подрядчик, подрядчик, осуществляющий строительство объекта на основании договора строительного подряда | **курулуш субъектиси:** Курулуш подрядынын келишиминин негизинде объекттин курулушун ишке ашыруучу башкы подрядчы, подрядчы |
| **суглинок:** Поверхностные рыхлыеконтинентальные отложения (грунты, почвы) бурого или желто-красного цвета, содержащие до 40% песка, до 30 % глинистых частиц; пластичны | **чополуу кум:** 40% чейин кумдан, 30% га чейин чополуу бөлүктөрдөн турган күрөң же сары-кызыл түстөгү жер бетиндеги борпоң континенталдык катмар(кыртыштар, топурактар) |
| **сульфатная коррозия бетона:** Коррозия бетона в результате взаимодействия цементного камня с сульфатами | **бетондун сульфаттык коррозиясы:** Цемент ташынын сульфаттар менен өз ара аракеттенишүүсүнүн натыйжасындагы бетондун коррозиясы |
| **сульфатостойкость цемента:** Способность цементного камня противостоять разрушающему действию водных сред, содержащих сульфатионы | **цементтин сульфатка туруктуулугу:** Цемент ташынын сульфатиондорду камтыган суу чөйрөсүнүн бузуучу таасирине каршы туруу касиети |
| **суммарная поэтажная площадь:** Суммарная площадь всех наземных этажей здания, включая площади всех помещений этажа (в том числе лоджий, | **кабаттардын суммаланган аянты:** Имараттын жер үстүндөгү баардык кабаттарынын, ага кабаттагы баардык жайлардын аянттарын (алардын ичинде |

| | |
|---|---|
| лестничных клеток, лифтовых шахт и других имеющихся площадей) | лоджиялардын, шаты капастарынын, лифт шахталарынын жана башка аянттар) кошкондо, суммаланган аянты |
| **суммы возвратные:** Суммы, учитываемые за итогом сводной сметы и включающие: амортизируюмую в течение строительства часть стоимости временных зданий и сооружений за вычетом затрат на их капитальный ремонт в период строительства: ликвидную часть стоимости временных зданий и сооружений | **кайтарымдуу суммалар:** Убактылуу имараттардын курулуштун жүрүшүндө амортизацияланууучу наркынын курулуш мезгилинде капиталдык оңдоого чыгымдарын – убактылуу имарттардын жана курулмалардын наркынын өтүмдүү бөлүгүн, алып салгандагы бөлүгү чогултулган/жыйналган |
| **супесь:** Поверхностная рыхлая песчано-глинистая осадочная порода (грунт) | **кумдуу топо:** Жер бетиндеги борпоң кумдуу-чополуу чөкмөтоо теги (кыртыш) |
| **сурдопереводчик:** Специалист по переводу устной речи на язык жестов и наоборот | **дүлөйлөр котормочусу:** Оозеки кепти жаңсоо тилине жана тескерисинче котоpуу боюнча адис |
| **суффозия:** Вынос мелких минеральных частиц и растворенных веществ из почвы и грунта фильтрующейся с поверхности водой в толщу горных пород | **суффозия:** Майда минерал бөлүкчөлөрдүн жана эриген заттардын жер бетинен суу менен чыпкаланып тоо тектеринин катмарына топурак жана кыртыштан чыгып калышы |
| **сухая штукатурка:** Листовой отделочный материал, изготовленный на основе гипсобетона, облицован картоном | **кургак шыбак:** Гипсбетондун негизинде даярдалып, бети калың кагаз менен беттелген барак сымал жасалга материалы |
| **сухость глазури (просвет глазури):** Утонченный слой глазури, не обнажающий черепок | **жалтыр каптын кургактыгы (жалтыр каптын жылчыгы):** Карапаны жаап турган жалтыр каптын жука катмары |
| **существенные (общие) требования безопасности:** Обязательные требования к объектам технического регулирования, выраженные без установления конкретных (количественных) значений в соответствующих единицах измерения | **коопсуздуктун олуттуу (жалпы) талаптары:** Тиешелүү өлчөө бирдиктеринде таасын (сандык) маанилерди аныктабастан туюнтулган техникалык жөнгө салуу объекттерине коюлган милдеттүү талаптар |
| **сфера:** Поверхность шара, замкнутаяповерхность, все точки которой одинаково удалены от одной точки (центра сферы) | **топчөйрө:** Баардык чекиттери бир чекиттен (топчөйрөнүн борборунан) бирдей аралыкка жайгашкан шардын бети, туюк бет |
| **схватывание цемента:** Необратимая | **цементтин катууланнуусу:** |

| | |
|---|---|
| потеря подвижности цементным тестом в результате гидратации | Гидратациянын натыйжасында цемент камырынын кыймылдуулугунун кайтпас жоголуусу |
| **схема:** Изображение, описание, изложение чего-либо в общих, главных чертах | **сөлөкөт:** Кайсы бир нерсенин жалпы, башкы мааниде сүрөттөлүшү баяндалышы, көрсөтүлүшү |
| **схема расчетная:** Упрощенное изображение конструкций здания или сооружения, принимаемое для выполнения их расчета | **эсептик сөлөкөт:** Имараттардын же курулмалардын конструкцияларын эсептөө үчүн кабыл алынуучу алардын жөнөкөйлөтүлгөн сүрөттөлүшү |
| **схемы инженерной защиты (генеральные, детальные, специальные):** Проектный материал, разработанный с целью определения и обоснования оптимального комплекса инженерной защиты, его укрупненной ориентировочной стоимости и очередности осуществления | **инженердик коргонуу сөлөкөттөрү (башкы, тетиктеме, атайын):** Инженердик коргонуунун оптималдуу комплексин, анын ирилештирилген болжолдуу наркын жана ишке ашыруу кезегин аныктоо жана негиздөө максатында иштелип чыккан долбоордук материал |
| **схемы расселения (территориальное и пространственное планирование):** Схемы, определяющие характер взаимного размещения типов населенных пунктов и уровень развития межселенных связей<br>(Измененная редакция, Изм. №1) | **жайгаштыруу схемасы (аймактык жана мейкиндик пландоо):** Калктуу конуштардын түрлөрүнүн бирдиктүү жайгаштыруу мүнөзүн жана айыл аралык байланыштардын өнүгүү деңгээлин аныктоочу схемалар<br>(Өзгөртүлгөн редакция, №1 Өзг.) |
| **схема генерального плана:** Упрощенный вид проектного решения, выполненного в форме эскиза (чертеж, первоначальный набросок), выражающего основную идею проекта<br>(Измененная редакция, Изм. №1) | **башкы пландын схемасы:** Долбоордун негизги идеясын берген, эскиз түрүндө аткарылган (чийме, алгачкы жасалган долбоор) жөнөкөйлөтүлгөн долбоордук чечимдин түрү<br>(Өзгөртүлгөн редакция, №1 Өзг.) |
| **схемы расселения:** Схемы, определяющие характер взаимного размещения типов населенных пунктов и уровень развития межселенных связей | **отурукташтыруу сөлөкөтү:** Калктуу конуштардын типтерин өз ара жайгаштыруу мүнөзүн жана айыл аралык байланыштарды өнүктүрүү деңгээлин аныктоочу сөлөкөттөр |
| **сырой осадок сточных вод:** Осадок из первичных отстойников | **агын суулардын нымдуу тунмасы:** Алгачкы тундургучтан чыккан тунма |
| **съемка (топографическая съемка):** Комплекс работ, выполняемых с целью получения съемочного оригинала | **сүрөткөтүшүрүү (топографиялык сүрөткө түшүрүү):** Топографиялык картанын же пландын сүрөттүк түп |

| | |
|---|---|
| топографической карты или плана, а также получение топографической информации в другой форме | нускасын, ошондой эле башка формадагы топографиялык маалыматтарды алуу максатында жүргүзүлгөн жумуштардын комплекси |
| **съемочная точка:** Точка, с которой выполняют съемку данного участка местности | **сүрөткө түшүрүү чекити:** Жердин белгиленген участкасын сүрөткө түшүрүү чекити |
| **тактильные средства информации:** Носители информации, передаваемой лицам с ограниченными возможностями здоровья по зрению и воспринимаемой путем прикосновения | **маалыматтынтактилдик каражаттары:** Тийүү аркылуу кабыл алуучу жана азиз адамдарга берилүүчү маалыматтарды алып жүрүүчү каражаттар |
| **таунхаус:** Малоэтажный жилой дом или общественное здание на несколько многоуровневых квартир, как правило, с изолированными входами (то есть без общего подъезда), на территории застройки средней плотности. Каждая квартира таунхауса в большинстве случаев (но не обязательно) имеет отдельный вход с улицы, иногда гараж и небольшой палисадник<br><br>(Измененная редакция, Изм. №1) | **таунхаус:** Орточо тыгыздыктагы курулуш аймагында, эреже катары, обочолонгон кире бериштери менен (б.а. жалпы кире беришке ээ эмес) бир нече көп деңгээлдеги батирлүү аз кабаттуу турак үй же коомдук имарат. Таунхаустун ар бир батири көпчүлүк учурларда (милдеттүү түрдө эмес) көчөдөн өзүнчө кире беришке ээ, айрым учурларда гаражы жана анча чоң эмес чарбагы болот<br>(Өзгөртүлгөн редакция, №1 Өзг.) |
| **текстофон:** Аппарат для передачи, приема и ведения диалога по телефону лицами с ограниченными возможностями здоровья с нарушениями слуха в текстовом режиме. Аппарат снабжен клавиатурой и дисплеем для отображения текстовой информации | **текстофон:** Угуусу начар адамдардын телефон аркылуу сүйлөшүүсүн текст шарттамында өткөрүү, кабыл алуу, жүргүзүү үчүн аппарат. Аппарат клавиатура жана текст маалыматын көрсөтүп туруучу дисплей менен жабдылган |
| **текущий ремонт:** Комплекс работ, выполняемый с целью восстановления исправности (работоспособности) конструкций жилого здания и его систем, внутридомовых сетей и инженерного оборудования, а также поддержания эксплуатационных показателей | **утурумдук оңдоо:** Турак жай имаратынын конструкцияларынын жана анын тутумдарынын, үй ичиндеги тармдарынын жана инженердик жабдууларынын шайма-шайлыгын (ишке жарамдуулугун) калыбына келтирүү, ошондой эле пайдалануу көрсөткүчтөрүн кармап туруу максатында аткарылуучу жумуштардын комплекси |
| **текущий ремонт здания** | **имаратты утурумдук** |

| | |
|---|---|
| **(сооружения, оборудования, коммуникаций, объектов жилищно-коммунального назначения):** Ремонт, выполняемый для восстановления исправности или работоспособности здания (сооружения, оборудования, коммуникаций, объектов жилищно-коммунального назначения), частичного восстановления его ресурса с заменой или восстановлением составных частей ограниченной номенклатуры в объеме, установленном нормативной и технической документацией | **ондоо(курулмаларды, жабдууларды, коммуникацияларды, турак жай-коммуналдык дайындалыштагы объекттерди):** Имараттын (курулманы, жабдууну, коммуникацияларды, турак жай-коммуналдык дайындалыштагы объекттерди) абалынын оңдугун же ишке жарамдуулугун калыбына келтирүү, анын ресурсун алмаштыруу же ченемдик жана техникалык документтерде аныкталган өлчөмдө чектелген номенклатурадагы курамдык бөлүктөрүн айрымдап калыбына келтирүү үчүн аткарылуучу ондоо |
| **телевизионная башня:** Опора (обычно металлическая, железобетонная или комбинированная), на вершине которой устанавливаются антенны передающей телевизионной станции, а также антенны радиовещания, радиотелефонов и радиорелейной связи, иногда приборы для метеорологических наблюдений | **телекөрсөтүү мунарасы:** Төбөсүндө телекөрсөтүү чордонунун берүүчү антеннасы, ошондой эле радиоберүү, радиотелефондор жана радиорелейлик байланыш антенналары, айрым учурларда метеорологиялык байкоо жүргүзүү үчүн алеттер орнотулган таяныч (адатта металл, темирбетон жана айкалышкан) |
| **телевизионный центр, телецентр:** Комплекс сооружений с техническим оборудованием для подготовки и передачи программ телевизионного вещания | **телекөрсөтүү борбору, телеборбор:** Телекөрсөтүүлөрдү даярдоо жана берүү үчүн техникалык жабдыктары мененкурулмалар комплекси |
| **телефонная сеть:** Комплекс технических сооружений и оборудования для осуществления телефонной связи, состоящий из телефонных узлов связей (телеф. станций, подстанций, концентраторов и др.), линий связи и телефонных аппаратов (абонентских установок) | **телефондук тарам:** Телефон байланышынын түйүндөрүнөн (телефон чордондорунан, көмөкчү чордондорунан, концентраторлордон ж.б), байланыш линияларынан жана телефон аппараттарынан (абоненттик орнотмолордон) турган телефон байланышын ишке ашыруу үчүн техникалык курулмалардын жана жабдуулардын комплекси |
| **температура возгорания:** Самая низкая температура, при которой материалы могут возгораться от источника зажигания | **жануу температурасы:** Материалдын от алуу булагынан тутануусу мүмкүн болгон эң төмөнкү температура |
| **температура самовозгорания:** | **өзү жануу температурасы:** |

| | |
|---|---|
| Самая низкая температура, при которой материалы могут возгораться без источника зажигания | Материалдын от алуу булагысыз өз алдынча эле тутануусу мүмкүн болгон төмөнкү температура |
| **температурные напряжения, термические напряжения:** Напряжения механические, возникающие в твердом теле, вследствие неравномерного распределения температуры в различных его частях или из-за ограничения возможности теплового расширения (или сжатия) со стороны окружающих частей тела или состороны других тел, окружающих данное тело(напр., растягивающие напряжения в натянутом между неподвижными опорами проводе при его охлаждении) | **температуралык чыңалуулар, термикалык чыңалуулар:** Катуу нерсенин бөлүктөрүндө температуранын бирдей эмес бөлүштүрүлүшүнүн же нерсенин курчап турган бөлүктөрү тарабынан же аныкурчап турган башка нерселер тарабынан (мисалы, кыймылсыз таянычтар ортосунда керилген өткөргүчтүн муздаган мезгилиндеги чоюлуу чыңалуулары) жылуулук кеңейүүсүнүн (же кысуу) чектелген мүмкүнчүлүгүнөн механикалык чыңалуулар |
| **темплет:** Изделие, являющееся двухразмерным изображением предмета в виде упрощенной ортогональной проекции в установленном масштабе. В зависимости от материала различают: прозрачный темплет; непрозрачный темплет | **темплет:** Предметтин белгиленген чен өлчөмдө жөнөкөйлөтүлгөн ортогоналдык элес түрүндөгү эки өлчөмдүү сүрөттөлүшү болуп саналган буюм. Материалына жараша тунук темплет; тунук эмес темплет деп айырмаланат |
| **тендерная документация:** Комплект документов, содержащих исходную информацию о технических, коммерческих, организационных и иных характеристиках объектов строительства и предметов торгов, а также об условиях и процедуре торгов | **тендердик документтер:** Курулуш объектеринин жана тоорук предмет-теринин, ошондой эле тоорук шарттарынын жана жол-жоболорунун техникалык, коммерциялык, уюштуруу-чулук жана башка мүнөздөмөлөрү тууралуу алгачкы маалыматты камтыган документтердин комплекти |
| **тензодатчик:** Датчик, воспринимающий деформацию твердого тела, преобразующий ее в электрический сигнал и передающий для регистрации | **тензобилгизгич:** Катуу нерсенин деформациясын кабыл алуучу, аны электр ишарат белгисине өзгөртүп түзүүчү жана каттоо үчүн өткөрүп берүүчү билгизгич |
| **тензометр:** Прибор, применяемый для исследования распределения деформаций в деталях машин, конструкций и сооружений, а также при механических испытаниях материалов | **тензометр:** Машине тетиктеринде, конструкцияларда жана курулмаларда, ошондой эле материалдарды механи-калык сыноолордо деформациялардын бөлүштүрүлүшүн изилдөө үчүн колдонулуучу алет |

| | |
|---|---|
| **теодолит:** Геодезический прибор для измерения на местности горизонтальных и вертикальных углов | **теодолит:** Жер бетинде горизонталдык жана вертикалдык бурчтарды өлчөө үчүн геодезиялык алет |
| **теодолитная съемка:** Горизонтальная геодезическая съемка местности, выполняемая при помощи теодолита и мерной ленты (или дальномера) | **теодолиттик сүрөткө түшүрүү:** Теодолиттин жана өлчөөчү тасманын (же аралык өлчөгүчтүн) жардамы менен аткарылуучу жер бетин горизонталдык геодезиялык сүрөткө түшүрүү |
| **теплица:** Отапливаемое сооружение защищенного грунта со светопрозрачным покрытием, предназначенное для выращивания рассады, овощей и цветов, с уходом за ними внутри сооружения | **күнөскана:** Көчөттөрдү, жашылчаларды жана гүлдөрдү өстүрүү, курулманын ичинде аларды багуу менен, үчүн арналган, жарык өткөрүүчү жабуусу менен корголгон кыртыштуу жылытылма курулма |
| **тепличный овощной комбинат (ТОК):** Комплекс производственных, вспомогательных, административно-хозяйственных построек, предназначенных для выращивания овощей | **жашылча күнөскана комбинаты (ЖКК):** Жашылчаларды өстүрүү үчүн арналган өндүрүштүк, көмөкчү, административдик-чарбалык курулуштардын комплекси |
| **тепличный эффект:** Повышение температуры воздуха в теплицах и парниках за счет превращения проникающей внутрь через светопрозрачное ограждение теплицы коротковолновой солнечной радиации, которая за счет поглощения темными предметами теплицы (почва, растения, оборудование и т.д.) переходит в длинноволновую радиацию, почти полностью задерживаемую ограждением и не проникающим наружу из теплицы. Это в первую очередь относится к стеклу, в то время как пленка меньше задерживает длинноволновую радиацию и в ясные ночи может сильно охлаждать помещение теплиц, вызывая на почве так называемые «радиационные заморозки» | **күнөскана натыйжасы:** Күнөскананын жарыкка тунук жабуусу аркылуу анын ичине өткөн кыска толкундуу күн радиациясын күнөскананын кара түстүү предметтеринин (кыртыш, өсүмдүктөр, жабдыктар ж.б.) сиңирүүсүнүн натыйжасында узун толкундуу радиацияга өзгөрүп, жабуунун ичинде дээрлик кармалып, күнөскананын сыртына чыкпай калуусунун эсебинен күнөсканаларда жана бууканаларда температуранын жогорулашы. Бул, биринчи кезекте, айнекке тиешелүү, себеби пленка узун толкундуу радиацияны аз кармап калат, ачык түндөрү күнөсканаы өтө муздатып жибериши мүмкүн жана кыртышта «радиациялык тоңууларды» пайда кылышы ыктымал |
| **тепловая электростанция (ТЭС):** Электростанция, вырабатывающая электрическую энергию в результате преобразования тепловой энергии, | **жылуулук электр чордону (ЖЭЧ):** Органикалык отунду жагууда бөлүнүп чыккан жылуулук энергиясын өзгөртүп түзүүнүн натыйжасында электр |

| | |
|---|---|
| выделяющейся при сжигании органического топлива | энергиясын өндүрүүчү электр чордону |
| **тепловое движение:** Беспорядочное (хаотическое) движение микрочастиц (молекул, атомов, электронов и др.), из которых состоят все тела | **жылуулук кыймылы:** Баардык нерселерди түзгөн микробөлүкчөлөрдүн (молекулалардын, атомдордун, электрондордун ж.б.) иретсиз (баш аламан) кыймылы |
| **тепловое излучение:** Электромагнитное излучение, испускаемое веществом (телом) за счетего внутренней энергии; определяется термодинамической температурой и оптическими свойствами вещества | **жылуулук нурлануусу:** Заттын (нерсенин) ички энергиясынын эсебинен бөлүнүп чыгарылган электрмагниттик нурлануу; заттын термодинамикалык температурасы жана оптикалык касиеттери менен аныкталат |
| **тепловое напряжение поверхности нагрева:** Отношение теплового потока, проходящего сквозь тепло воспринимающую поверхность, к площади этой поверхности | **ысытуу бетинин жылуулук чыңалуусу:** Жылуулукту кабыл алган бет аркылуу өткөн жылуулук агымынын ушул беттин аянтына болгон катышы |
| **тепловое равновесие, термическое равновесие:** Состояние термодинамической системы, при котором все ее части имеют одну и ту же температуру. Иногда под тепловое равновесие понимают равновесие термодинамическое | **жылуулук тең салмактуулугу, термикалык тең салмактуулук:** Баардык бөлүктөрү бирдей температурага ээ термодинамикалык тутумдун абалы. Айрым учурларда жылуулук тең салмактуулугу деп термодинамикалык тең салмактуулукту түшүнүшөт |
| **тепловое расширение:** Изменение размеров и формы тела при изменении его температуры (обычно при постоянном давлении) | **жылуулуктан кеңейүү:** Нерсенин температурасынын (адатта туруктуу басым алдында) өзгөрүүсүндө анын өлчөмдөрүнүн жана формасынын өзгөрүлүүсү |
| **тепловой баланс:** Сопоставление прихода и расхода тепловой энергии при анализе тепловых процессов в различных тепловых устройствах (котлах, паровых и газовых турбинах, печах и пр.) | **жылуулук теңдеми:** Ар түрдүү жылуулук түзмөктөрүндөгү (казандарда, буу жана газ турбиналарда, мештерде ж.б.) жылуулук жараяндарын талдоодо жылуулук энергиясынын кирешеси менен чыгашасын салыштыруу |
| **тепловой пожарный извещатель:** Автоматический пожарный извещатель, реагирующий на определенное значение температуры и (или) скорости ее нарастания | **жылуулук өрт кабарлагычы:** Температуранын жана (же) анын ылдамдыгынын жогорулоосунун белгилүү бир маанисине карата реакция кылган автоматтуу өрт кабарлагычы |
| **тепловой поток:** Поток энергии, переносимый в процессе теплообмена | **жылуулук агымы:** жылуулук Алмашуу жараянында которуштуру- |

| | |
|---|---|
| | луучу энергия агымы |
| **тепловыделение цемента:** Количество теплоты, выделяемое при гидратации цемента | **цементтин жылуулукту бөлүп чыгаруусу**: Цементтин гидратациялашышында бөлүнүп чыгарылуучу жылуулук саны |
| **теплоемкость:** Величина, равная отношению количества теплоты δQ, сообщаемого телу (системе) при бесконечно малом изменении его состояния в каком-либо процессе, к вызванному им приращению температуры Т тела: С = δ Q /d Т | **жылуулук сыйымдуулугу:** Кандайдыр бир жараянда нерсенин чексиз аз өзгөрүүсүндө ага (тутумга) берилген жылуулук санынын δQ ошол нерсенин температурасынын Т өсүүсүнүн катышына барабар чоңдук: С= δ Q /d Т |
| **теплозащитный пожарный костюм:** Пожарный защитный костюм от тепловых воздействий при подходе и кратковременном пребывании в очаге пожара | **жылуулуктан сактай турган өрттүк костюм:** Өрт очогуна жакындоодо жана кыска убакыт ичинде анда болууда жылуулук таасирлеринен коргоочу өрттүк костюм |
| **теплоизоляционные материалы:** Материалы, имеющие низкую теплопроводность | **жылуулук обочолонтуучу материалдар:** Жылуулук өткөргүчтүгү төмөн материалдар |
| **теплоноситель:** Движущаяся жидкость или газообразная среда, применяемая для передачи теплоты от более нагретого тела к менее нагретому | **жылуулук алып жүрүүчү:** Ысыктыгы жогору нерседен ысыктыгы төмөн нерсеге жылуулукту өткөрүү үчүн колдонулуучу суюк же газ сымал кыймылдагы чөйрө |
| **теплообмен:** Самопроизвольный необратимый процесс переноса энергии (в форме теплоты) в пространстве от наиболее нагретых тел (или участков тела) к менее нагретым | **жылуулук алмашуу:** Ысыктыгы жогору нерседен (же нерсенин участкаларынан) ысыктыгы төмөн нерсеге энергияны (жылуулук формасында) мейкиндикте өткөрүүнүн өзүнөн өзү өтүүчү кайталанбас жараяны |
| **теплообменник:** Аппарат для передачи теплоты посредством теплоносителя от среды с более высокой температурой к среде с более низкой температурой (нагреваемое тело) | **жылуулук алмаштыргыч:** Температурасы жогорураак чөйрөдөн температурасы төмөнүрөөк чөйрөгө (жылытылуучу нерсе) жылуулукту алып жүрүүчүнүн жардамы аркылуу жылуулукту өткөрүү үчүн аппарат |
| **теплоотдача:** Конвективный теплообмен между движущейся средой и поверхностью ее раздела с другой средой (твердым телом, жидкостью или газом) | **жылуулукту берүү:** Кыймылдагы чөйрө менен аны башка чөйрөдөн (катуу нерсе , суюктук же газ менен) бөлүп турган беттин ортосундагы конвекциялык жылуулук алмашуу |
| **теплопередача:** Теплообмен между | **жылуулукту өткөрүү:** Эки |

| | |
|---|---|
| двумя теплоносителями или иными средами через разделяющую их твердую стенку или через поверхность раздела между ними | жылуулук алып жүрүүчүнүн же башка чөйрөлөр ортосунда аларды бөлүп турган катуу дубал же алардын ортосун бөлгөн бет аркылуу жылуулук алмашуу |
| **теплопоглощающее стекло:** Стекло, содержащее оксид железа, благодаря чему обладает способностью поглощать тепловые (ИК) лучи | **жылуулук сиңирген айнек:** Курамында темир оксидинкамтыган, ошол себептүү жылуулук (ИК) нурларын сиңирүү жөндөмүнө ээ айнек |
| **теплопроводность:** Перенос энергии в форме теплоты в неравномерно нагретой среде в результате теплового движения и взаимодействия составляющих ее частиц | **жылуулук өткөргүчтүк:** Бир калыпта ысытылбаган чөйрөдө жылуулук кыймылынын жана аны түзүүчү бөлүкчөлөрдүн өз ара аракеттенишүүсүнүн натыйжасында энергияны жылуулук формасында которуштуруу |
| **теплоснабжение:** Снабжение теплом с помощью теплоносителя (горячей воды или пара) систем отопления, вентиляции, горячего водоснабжения жилых, общественных и промышленных зданий и технологических потребителей | **жылуулук менен камсыздоо:** Турак жай, коомдук, өнөр жай имараттарынын жана технологиялык керектөөчүлөрдүн жылытуу, желдетүү, ысык суу менен камсыздоо тутумдарын жылуулук алып жүрүүчүнүн (ысык суу же буу) жардамы аркылуу жылуулук менен камсыздоо |
| **теплота, количество теплоты:** Энергетическая характеристика процесса теплообмена, измеряемая количеством энергии, которое получает (отдает) рассматриваемое тело (физическая система) в процессе теплообмена | **жылуулук, жылуулук саны:** Жылуулук алмашуу жараянында каралып жаткан нерсе (физикалык тутум) алган (берген) энергиянын саны (көлөмү) менен өлчөнүүчү жылуулук алмашуу жараянынын энергетикалык мүнөздөмөсү |
| **теплота фазового перехода:** Количество теплоты, которое необходимо сообщить (или отвести) в равновесном процессе веществу для его перехода из одной фазы в другую | **фазалык өтүү жылуулугу:** Тең салмактуу жараянда заттын бир фазадан башкасына өтүүсү үчүн берилүүгө (же жеткирүүгө) керектүү жылуулук саны (көлөмү) |
| **теплотехника:** Отрасль науки и техники, занимающаяся методами получения и непосредственного использования тепловой энергии в промышленности, сельском хозяйстве, на транспорте, в быту | **жылуулук техникасы:** Жылуулук энергиясын алуу жана аны өнөр жайда, айыл чарбасында, унаада, тиричиликте түздөн-түз пайдалануу усулдары менен шугулданганилим жана техниканын тармагы |
| **теплоустойчивость здания:** Способность здания сохранять в | **имараттын жылуулукка туруктуулугу:** Имараттын сырткы |

| | |
|---|---|
| допустимых пределах постоянство температуры воздуха в помещениях при периодических колебаниях температуры наружного воздуха и теплового потока, проходящего через ограждающие конструкции | абанын температурасынын жана тосмолоочу конструкциялар аркылуу өткөн жылуулук агымынын мезгилдүү термелүүлөрүндө жайлардагы аба температурасынын туруктуулугун мүмкүн болгон чектерде сактоо касиети |
| **теплофильтр, теплозащитный фильтр:** Отдельное приспособление или составная часть оптической системы, предназначенное для поглощения или отвода (напр., с помощью зеркал с интерференционным покрытием) ИК (тепловых) лучей из светового потока, проходящего через эту систему | **жылуулук чыпкасы, жылуулук сактоочу чыпка:** Тутум аркылуу өтүүчү жарык агымынан ИК нурларын (жылуулукту) сиңирип алуу же буруу (мисалы, интерференциялык жабуусу менен күзгүлөрдүн жардамы аркылуу) үчүн арналган өзүнчө ыктам же оптикалык тутумдун курамдык бөлүгү |
| **теплоэнергетика:** Отрасль теплотехники, занимающаяся преобразованием теплоты в другие виды энергии (механический, электрический) | **жылуулук энергетикасы:** Жылуулукту энергиянын башка (механикалык, электрдик) түрлөрүнө айландыруу менен шугулданган жылуулук техникасынын тармагы |
| **теплый период года:** Период года, характеризующийся среднесуточной температурой наружного воздуха выше 8°С | **жылдын жылуу мезгили:** Сырткы абанын орточо температурасы 8°С жогору болгон жыл мезгили |
| **терминал:**<br>1 Площадка на территории порта, грузовой ж/д станции, предназначенная для обработки контейнеров и пакетированных грузов;<br>2 Помещение в крупных аэропортах, где размещаются пассажиры во время досмотра, во время ожидания груза, до заправки самолета и т.п.;<br>3 Сооружение складского назначения, предусматривающее оптимальное размещение груза на складе и автоматизированное управление взаимосвязями с внешней средой, включающее входящие, исходящие и внутренние потоки | **терминал:**<br>1 Порттун, жүк ташуучу темир жол чордонунун аймагындагы контейнерлерди жана пакеттелген жүктөрдү иштеп чыгууга арналган аянтча;<br>2 Ири аэропорттордо жүктөрдү текшерүү, күтүү учурунда, учакка май толтурууда д.у.с жагдайларда жүргүнчүлөр жайгаштырылуучу жай;<br>3 Кампада жүктүн оптималдуу жайгашуусун жана тышкы чөйрө менен өз ара байланышты автоматтык башкарууну, кирүүчү, чыгуучу жана ички агымдарды кошкондо, камтыган кампа дайындалышындагы курулма |
| **термограф:** Метеорологический прибор для автоматической записи изменений температуры. Чувствительным элементом термографа | **термограф:** Температуранын өзгөрүлүүлөрүн автоматтык жазуу үчүн метеорологиялык курал. Термографтын сезгич элементи болуп абанын |

| | |
|---|---|
| является биметаллическая пластина или сплющенная металлическая трубка, заполненная толуолом, способные деформироваться при изменении температуры воздуха | температурасы өзгөрүлгөндө деформацияланууга жөндөмдүү биметалл жартагы же толуол толтурулган жалпайган металл түтүкчө эсептелинет |
| **термопласты, термопластичные пластмассы:** Пластические массы, способные размягчаться при нагревании и затвердевать при охлаждении | **термопласттар, термопласттык пластмассалар:** Ысыганда жумшарууга жана муздаганда катып калууга ыктуу пластикалык массалар |
| **термостойкие волокна:** Синтетические волокна, пригодные для эксплуатации в воздушной среде при температурах, превышающих пределы термической стабильности обычных текстильных волокон | **термотуруктуу булалар:** Кадимки текстиль булаларынын термикалык туруктуулук чегинен жогору аба чөйрөсүнүн температурасында пайдалануу үчүн жарактуу синтетикалык булалар |
| **термостойкость, термическая стойкость:** Способность хрупких материалов (главным образом, огнеупорных) противостоять, не разрушаясь, термическим напряжениям. Обычно оценивается числом теплосмен (циклов нагрева и охлаждения), выдерживаемых образцом (изделием) до появления трещин или разрушения, либо (реже) температурным градиентом, при котором возникают трещины | **термотуруктуулук, термикалык туруктуулук:** Морт материалдардын (негизинен, отко чыдамдуу) бузулбай, термикалык чыңалууларга туруштук берүү касиети. Кадимде үлгү тарабынан (буюм) жаракалар пайда болгонго же бузулганга чейинки жылуулук алмашуулар саны (ысытуу жана муздатуу циклдери), же (чанда) жаракалар пайда болгон температуралык градиенттер менен бааланат |
| **термостойкость керамической плитки:** Способность плитки противостоять резким изменениям температуры при определенных условиях без появления дефектов на глазурованной поверхности и (или) разрушения черепка | **керамикалык тактачалардын термотуруктуулугу:** Белгилүү бир шарттарда температуранын кескин өзгөрүүлөрүнө тактачанын жалтыркап бетинин кемтик пайда болбой жана (же) карапасынын сынбайкаршы туруу касиети |
| **терраса:** Огражденная открытая пристройка (площадка) к зданию или эксплуатируемая кровля нижележащих помещений в виде площадки для отдыха, которая может иметь крышу (навес) или перголу | **терраса:** Имаратка ачык, тосмолонгон кошо курум (аянтча) же эс алуу үчүн аянтча түрүндөгү төмөн жайгашкан жайлардын, үстүндө чатыры (бастырмасы) же перголасы болушу мүмкүн болгон, пайдаланылма калканчыгы |
| **территория:** Часть поверхности суши с определёнными границами. Территорией является земельное пространство, на которое распростра- | **аймак:** Аныкталган чек арасы менен кургактыктын үстүнкү бөлүгү. Аймак болуп мамлекеттин же административдик аймактык түзүмдөрдүн, калктуу |

| | |
|---|---|
| няется юрисдикция государства или административного территориального образования, населенного пункта в его составе, какого-либо юридического или физического лица<br>(Измененная редакция, Изм. №1) | конуштардын курамындагы, юридикалык же жеке жактардын юрисдикциясы жайылтылган жер мейкиндиги эсептелет<br><br>(Өзгөртүлгөн редакция, №1 Өзг.) |
| **территориальная укрупненная норма расхода цемента:** Чистый расход и типовые трудноустранимые потери цемента, необходимые для выполнения укрупненных видов работ, технологических этапов и пусковых комплексов возведения зданий, сооружений или их частей, рассчитанные на единицу стоимости, единицу мощности, прироста мощности, на 1000 м$^2$ приведенной площади зданий и другие показатели, рассчитанные по территориальным усредненным нормам расхода цемента и выраженные в натуральных или приведенных показателях, с учетом видов строительства, природно-климатических, экологических и других особенностей конкретного региона | **цементтин аймактык ирилештирилген чыгым ченеми:** Курулуштун түрүн, таасын региондун жаратылыш-климаттык, экологиялык жана башка өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен, цементтин аймактык орточолонгон ченемдик чыгымы боюнча эсептелген жана натуралдык же келтирилген көрсөткүчтөр боюнча туюнтулган, нарктын бирдигине, кубаттуулуктун бирдигине, кубаттуулуктун өсүшүнө, имараттардын 1000 м$^2$ келтирилген аянтына ж.б. көрсөткүчтөргө эсептелген, жумуштардын ирилештирилген түрлөрүн аткаруу, имараттардын, курулмалардын же алардын бөлүктөрүнүн технологиялык этаптарын жана ишке киргизилүүчү комплекстерин тургузуу үчүн керек болгон цементтин таза чыгымы жана типтүү жоюуга кыйын болгон жоготуулары |
| **территориальная усредненная норма расхода цемента:** Чистый расход и типовыетрудноустранимые потери цемента, необходимые для изготовления 1 м$^3$ бетона конкретных бетонных (железобетонных) конструкцийзаданного качества, при усреднении технологий и показателей качества материалов по конкретному региону | **цементтин аймактык орточолонгон чыгым ченеми:** Таасын бир аймак боюнча технологияларды жана материалдардын сапатынын көсөткүчтөрүн орточолонтууда берилген сапаттагы таасын бетон (темирбетон) конструкцияларынын 1 м$^3$ даярдоо үчүн керектелүүчү цементтин таза чыгымы жана жоюуга кыйын болгон типтүү жоготуулары |
| **территориальное планирование:** Планирование развития территорий, в том числе для установления функциональных зон, зон планируемого размещения объектов капитального | **аймактык пландаштыруу:** Аймактарды өнүктүрүүнү пландаштыруу, анын ичинде функционалдык чөлкөмдөрдү, мамлекеттик же муниципалдык муктаждыктар үчүн капиталдык |

| | |
|---|---|
| строительства для государственных или муниципальных нужд, зон с особыми условиями использования территорий | курулуш объекттерин пландуу жайгаштыруу чөлкөмдөрүн, аймактарды пайдалануунун өзгөчө шарттары менен чөлкөмдөрдү аныктоо үчүн |
| **территории общего пользования (земли общего пользования):** Территории (земли) используемые в качестве путей сообщения либо для удовлетворения культурно-бытовых потребностей населения и благоустройства (дороги, улицы, площади, тротуары, придорожные земельные полосы, зеленые насаждения, газоны, арычные, другие оросительные сети, расположенные и проходящие вдоль автомобильных дорог, проезды, лесопарки, бульвары, скверы, водоемы и др.)<br>(Измененная редакция, Изм. №1) | **жалпы колдонулуучу аймактар (жалпы колдонуудагы жерлер):** Катанаш жолдору катары колдонулган же калктын маданий-турмуш шарттарын камсыз кылуучу жана абаттоочу аймак (жер) (жолдор, аянттар, жээк жолдор, жолдун жээгиндеги жер тилкелери, жашыл бак-дарактар, газондор, автомобиль жүрүүчү жолдордун жээгинде жагашкан жана жээги менен өткөн арык жана башка суугат түйүндөрү, өтмөктөр, токой сейилбактары, сейилбактар, скверлер, көлмөлөр ж.б.)<br>(Өзгөртүлгөн редакция, №1 Өзг.) |
| **территории природного комплекса:** Объекты градостроительного нормирования, представленные в виде парков, садов, скверов, бульваров, территорий зеленых насаждений в составе участков жилой, общественной, производственной застройки | **жаратылыш комплексинин аймактары:** Турак жай, коомдук, өндүрүштүк курулуштардын участокторунун курамындагы сейил бактар, бакчалар, гүлзарлар, гүл бактар, өсүмдүктөрдүн аймактары түрүндө көрсөтүлгөн шаар куруу ченемдөөсүнүн объекттери |
| **территориальное планирование:** Планирование развития территорий, установление функциональных зон, зон планируемого размещения объектов капитального строительства для государственных или муниципальных нужд, зон с особыми условиями использования территорий | **аймактык пландаштыруу**: Аймактарды өнүктүрүүнү, функционалдык чөлкөмдөрдү, мамлекеттик же муниципалдык муктаждыктар үчүн капиталдык курулуш объекттерин пландуу жайгаштыруу чөлкөмдөрүн, аймактарды пайдалануунун өзгөчө шарттары менен чөлкөмдөрдү аныктоону пландаштыруу |
| **территория малоэтажного жилищногостроительства:** Часть селитебной территории поселения или поселение в целом. Предназначена для размещения малоэтажной жилой застройки, объектов социальной инфраструктуры, инженерных и | **аз кабаттуу турак жай курулушунун аймагы:** Конуштун селитебдик аймагынын бөлүгү же бүтүндөй конуш. Аз кабаттуу турак жай курулушун, социалдык инфратүзүмдүк, инженердик жана унаалык коммуникациялар объекттерин |

| | |
|---|---|
| транспортных коммуникаций | жайгаштырууга арналат |
| **территория общего пользования:** Территории, которыми беспрепятственно пользуется неограниченный круг лиц | **жалпы колдонуучу аймак**: Адамдардын чектелбеген чөйрөсү тоскоолдуктарсыз колдонуучу аймак |
| **территория подрабатываемая:** Территория, на которой в результате проведения подземных горных работ могут возникать неравномерные оседания или смещения грунта в основании здания или сооружения | **астынан иштетилүүчү аймак:** Жер астындагы тоо жумуштарын жүргүзүүнүн натыйжасында имараттын же курулманын жер пайындагы кыртыштын бир калыпта эмес чөгүп кетүүсү же жылышуусу орун алышы мүмкүн болгон аймак |
| **территория селитебная:** Часть территории города, предназначенная для строительства жилых домов, общественных зданий, размещения садов, парков, бульваров и др | **селитебдик аймак:** Шаар аймагынын турак үйлөрдү, коомдук имараттарды куруу, бактарды, сейил бактарды, гүл бактарды д.у.с. жайгаштыруу үчүн арналган бөлүгү |
| **территория Ысык-Атинского разлома:** Зона, охватывающая полосу шириной 3000 м, по середине которой проходит магистральная линия Ысык-Атинского разлома | **Ысык-Ата жер жаракасынын аймагы:** Жазылыгы 3000 м тилкени камтуучу, анын ортосунда Ысык-Ата жер жаракасынын магистралдык сызыгы өтүүчү чөлкөм |
| **тесло:** Плотничный инструмент. В отличие от топора лезвие перпендикулярно к топорищу. Применяется для выдалбливания корыт, лотков и т.д. | **керки:** Жыгач усталык аспап. Балтага салыштырмалуу мизи сабына перпендикуляр жайгашат. Тепши, ноолорду д.у.с. оюу да колдонулат |
| **техника:** Совокупность средств человеческой деятельности, создаваемая для осуществления процессов производства и обслуживания непроизводственных потребностей общества | **техника:** Өндүрүш жараяндарын ишке ашыруу жана коомдун өндүрүштүк эмес муктаждыктарын тейлөө үчүн жаратылуучу адам ишмердүүлүгүнүн каражаттар жыйнагы |
| **техника безопасности:** Система организационных мероприятий, технических средств и методов, предотвращающая воздействие на работающих опасных производственных факторов | **коопсуздук техникасы:** Жумуш аткаруучуларга кооптуу өндүрүш факторлорунун таасирин алдын алуучу уюштуруучулук иш-чаралардын, техникалык каражаттардын жана усулдардын тутуму |
| **технико-экономические показатели:** Система экономических показателей, характеризующая материально-производственную базу предприятий и комплексное | **техникалык-экономикалык көрсөткүчтөр:** Ишканалардын материалдык-өндүрүштүк базасын жана экономикалык ресурстарды комплекстүү колдонуусун мүнөздөөчү |

| | |
|---|---|
| использование экономических ресурсов (Измененная редакция, Изм. №1) | экономикалык көрсөткүчтөрдүн тутуму (Өзгөртүлгөн редакция, №1 Өзг.) |
| **технико-экономическое обоснование (ТЭО):** Разрабатывается на основании задания заказчика для обоснования принимаемых решений и определения вариантов, стоимости и целесообразности строительства объекта | **техникалык-экономикалык негиздеме (ТЭН):** Тапшырыкчынын тапшырмасынын негизинде кабыл алынуучу чечимдерди негиздөө жана алардын варианттарын, объекттин курулуш наркын жана максаттуулугун аныктоо үчүн иштелип чыгат |
| **техническая документация:** Комплект документов, включающий систему графических, расчетных и текстовых материалов, используемый при строительстве, реконструкции, техническом перевооружении и капитальном ремонте, а также в процессе эксплуатации зданий и сооружений | **техникалык документтер:** Имараттар жана курулмаларды куруу, кайра конструкциялоо, техникалык кайра жабдуу жана капиталдык оңдоо, ошондой эле аларды пайдалануу жараянында пайдаланылуучу графикалык, эсептик жана тексттик материалдар тутумун камтыган документтер комплекти |
| **техническая паспортизация:** Оформление технических паспортов жилых помещений – документов, содержащих техническую и иную информацию о жилых помещениях | **техникалык паспорттоштуруу:** Турак жайлардын техникалык паспортторун тариздөө – турак жайлар тууралуу техникалык жана башка маалыматтарды камтыган документтер |
| **техническая эстетика:** Научная дисциплина, изучающая социально-культурные, технические и эстетические проблемы формирования гармоничной предметной среды, создаваемой средствами промышленного производства для жизни и деятельности человека | **техникалык эстетика:** Адамдын жашоосу жана ишмердүүлүгү үчүн өнөр жай өндүрүшүнүн каражаттары менен түзүлүүчү шайкеш предметтик чөйрөнү калыптандыруунун социалдык-маданий, техникалык жана эстетикалык маселелерин изилдеген илимий дисциплина |
| **технически особо сложные и уникальные объекты:** Здания и сооружения высотой более 60 м, главные корпуса ТЭС и крупных ГЭС, сооружения пролетом более 60 м, тоннели, а также здания и сооружения с консолями длиной более 15 м или для расчета конструкций которых применяются либо разрабатываются нестандартные (специальные) методы расчета | **техникалык жактан өзгөчө татаал жана бөтөнчө объекттер:** Бийиктиги 60 м жогору имараттар жана курулмалар, ЖЭЧ жана ири ГЭЧтердин башкы корпустары, арыштары 60 м ашык курулмалар, тоннелдер, ошондой эле узундугу 15 м ашыккорогойлору менен же алардын конструкцияларын эсептөө үчүн эсептөөнүн стандарттуу эмес (атайын) усулдары колдонулуучу же болбосо, иштелип чыгылуучу имараттар жана курулмалар |

| | |
|---|---|
| **технические средства оповещения и управления эвакуацией:** Совокупность технических средств (приборов управления оповещателями, пожарных оповещателей), предназначенных для оповещения людей о пожаре | **кабарлоонун жана эвакуацияны башкаруунун техникалык каражаттары:** Өрт тууралуу адамдарга кабарлоо үчүн арналган техникалык каражаттардын (кабарлоочуларды, өрт кабарлоочуларын башкаруу алеттери) жыйындысы |
| **технические условия:** Нормативный документ на конкретную продукцию (услуге), утвержденный предприятием-разработчиком, как правило, по согласованию с предприятием–заказчиком (потребителем) и устанавливающий требования к конкретной продукции, процессам, услугам или к нескольким видам продукции | **техникалык шарттар:** Иштеп чыгуучу ишкана тарабынан бекитилген, эреже катары, ишкана-тапшырыкчы менен макулдашуу боюнча, таасын бир өндүрүмгө, жараяндарга, кызматтарга же өндүрүмдүн бир нече түрүнө талаптарды аныктоочу таасын бир өндүрүмгө (кызматка) ченемдик документ |
| **технический надзор:** Непрерывный контроль качества строительно-монтажных работ, производимый независимым инженером-консультантом (консультационной фирмой), с целью обеспечения соблюдения технологии строительного производства, соответствии выполняемых работ и применяемых материалов, изделий и конструкций требованиям проекта строительства и действующих нормативных документов<br>(Измененная редакция, Изм. №1) | **техникалык көзөмөл**: Курулуш өндүрүшүнүн технологиясын, аткарылуучу жумуштардын жана колдонулуучу материалдардын, буюмдардын жана конструкциялардын курулуш долбоорунун жана колдонуудагы ченемдик документтердин талаптарына ылайыктуулугун камсыз кылуу максатында көз карандысыз инженер-консультант (консультация берүүчү фирма) тарабынан жүргүзүлүүчү курулуш-монтаждоо жумуштарынын сапатына үзгүлтүксүз контроль жүргүзүү<br>(Өзгөртүлгөн редакция, №1 Өзг.) |
| **технологическое подключение:** Комплекс инженерно-технических и организационных мероприятий для обеспечения в точке (точках) подключения необходимой мощности соответствующего ресурса<br>(Измененная редакция, Изм. №1) | **технологиялык кошулуу:** Кошулуу чекитинде (чекиттеринде) тиешелүү ресурстун зарыл болгон кубаттуулугун камсыз кылуу үчүн инженердик-техникалык жана уюштуруу иш - чараларынын комплекси<br>(Өзгөртүлгөн редакция, №1 Өзг.) |
| **технический проект:** Совокупность конструкторских документов, которые должны содержать окончательные технические решения, дающие полное | **техникалык долбоор:** Иштелип чыгылуучу буюмдун түзүлүшү тууралуу толук маалымат берүүчү жана акыркы техникалык чечимдерди, |

| | |
|---|---|
| представление об устройстве разрабатываемого изделия, и исходные данные для разработки рабочей документации. Технический проект после согласования и утверждения в установленном порядке служит основанием для разработки рабочей конструкторской документации | жумушчу документти иштеп чыгуу үчүн алгачкы маалыматты камтыган конструктордук документтердин жыйындысы. Техникалык долбоор белгиленген тартипте макулдашылган жана бекитилгенден кийин жумушчу конструктордук документтерди иштеп чыгуу үчүн негиз болот |
| **технический регламент:** Документ, принятый международным договором (соглашением), участником которого является Кыргызская Республика, вступившим в силу в установленном законодательством Кыргызской Республики порядке, закон или постановление Кабинета министров Кыргызской Республики, устанавливающие обязательные для применения и исполнения требования к продукции и/или к связанным с ними процессам проектирования (включая изыскания), производства, строительства, монтажа, наладки, хранения, перевозки, реализации, эксплуатации, утилизации, а также формы и процедуры оценки их соответствия установленным обязательным требованиям<br>(Измененная редакция. Изм. №1) | **техникалык регламент:** Кыргыз Республикасы катышкан, Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишим (макулдашуу) менен кабыл алынган, продукцияга жана/же долбоорлоо (изилдөөлөрдү кошуп алганда), өндүрүш, курулуш, монтаждоо, ишке киргизүүгө даярдоо, сактоо, ташуу, сатуу, пайдаланууга киргизүү, утилдештирүү менен байланышкан процесстерге колдонуу жана аткаруу үчүн милдеттүү болгон талаптарды белгилөөчү документ, мыйзам же Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин токтому<br>(№1 өзгөр. Өзгөртүлгөн редакция) |
| **техническое задание на проектирование (ТЗ):** Условия и требования для проектирования с уточнением особых условий площадки строительства, основных параметров проектируемого объекта, таких как технико-экономические показатели, перечень основных объектов, состава помещений, этажности, требований к системам инженерного оборудования и др. Техзадание составляется заказчиком совместно с проектной организацией и утверждается вышестоящей инстанцией или руководством заказчика | **долбоорлоого техникалык тапшырма (ТТ)**: Техникалык-экономикалык көрсөткүчтөр, негизги объекттердин тизмеги, жайлардын курамы, кабаттары, инженердик жабдыктар тутумуна талаптар ж.б. сыяктуу долбоорлонуучу объекттин негизги параметрлерин жана курулуш аянтынын өзгөчө шарттарын тактоо менен долбоорлоо үчүн шарттар жана талаптар. ТТ тапшырыкчытарабынан долбоорлоочу уюм менен биргеликте түзүлөт жана анын жогорку инстанциясы же жетекчилиги тарабынан бекитилет |

| | |
|---|---|
| **техническое заключение:** Официальный документ, составленный по результатам инженерно-технических, научно-исследовательских работ по рассматриваемому объекту или по его отдельным элементам, содержащий полную информацию о техническом состоянии объекта, рекомендации и технические решения по его восстановлению, усилению или сносу в соответствии с требованиями нормативно-технических актов | **техникалык корутунду:** Каралып жаткан объект же анын айрым элементтери боюнча инженердик-техникалык, илимий-изилдөө иштеринин жыйынтыгы боюнча түзүлгөн, объекттин техникалык абалы тууралуу толук маалыматты, ченемдик-техникалык актылардын талаптарына ылайык аны калыбына келтирүү, бекемдөө же бузуу боюнча сунуштарды жана техникалык чечилиштерди камтыган расмий документ |
| **техническое обслуживание жилого здания:** Комплекс мероприятий, связанных с управлением процессами эксплуатации зданий, включает контроль технического состояния здания путем общих и частичных осмотров, поддержание работоспособности и исправности его конструктивных элементов и инженерных систем, их наладку и регулирование, подготовку к сезонной эксплуатации объекта в целом, его элементов и систем, обеспечение санитарно-гигиенических требований к помещениям и прилегающей территории | **турак жай имаратын техникалык тейлөө:** Имараттарды пайдалануу жараяндарын башкарууга байланыш-кан, жалпы жана айрымдап байкоо жүргүзүү жолу менен имараттын техникалык абалын контролдоону, анын конструктивдик элементтеринин жана инженердик тутумдарынын ишке жарамдуулугун жана оң абалын сактоону, аларды оңдоону жана жөнгө салууну, бүтүндөй объекти, анын элементтерин жана тутумдарын мезгилдик пайдаланууга даярдоону, жайларга жана жанаша жайгашкан аймакка карата санитардык-гигиеналык талаптарды камсыз кылууну камтыган иш-чаралардын комплекси |
| **техническое обслуживание здания (сооружения, оборудования, коммуникаций, объектов жилищно-коммунального назначения):**<br>1 Комплекс операций или операция по поддержанию работоспособности или исправности объекта (здания, сооружения, оборудования, коммуникаций, объектов жилищно-коммунального назначения) при использовании по назначению, ожидании, хранении и транспортировании;<br>2 Комплекс работ по поддержанию | **имараттты (курулманы, жабдууну, коммуникацияларды, турак жай-коммуналдык дайындалыштагы объекттерди) техникалык тейлөө:**<br>1 Объектти (имаратты, курулманы, жабдууну, коммуникацияларды, турак жай-коммуналдык дайындалыштагы объекттерди) дайындалышы, күтүлүшү, сакталышы жана ташылышы боюнча ишке жарамдуулугун же оң абалын сактоого жүргүзүлүүчү операция же операциялар комплекси;<br>2 Имараттын элементтеринин оң абалын жана берилген параметрлерди, |

| | |
|---|---|
| исправного состояния элементов здания и заданных параметров, а также режимов работы его технических устройств | ошондой эле анын техникалык түзмөктөрүнүн иштөө шарттамдарын сактоо боюнча жумуштардын комплекси |
| **техническое подполье:** Пространство между перекрытием первого или цокольного этажа и поверхностью грунта для размещения трубопроводов инженерных систем | **техникалык жер кабат:** Инженердик тутумдардын өткөрмө түтүктөрүн жайгаштыруу үчүн биринчи же цоколдук кабаттардын калкаларынын жана кыртыштын бетинин ортосундагы мейкиндик |
| **техническое предложение:** Совокупность конструкторских документов, которые должны содержать технические и технико-экономические обоснования целесообразности разработки документации изделия на основании анализа технического задания заказчика и различных вариантов возможных решений изделий, сравнительной оценки решений с учетом конструктивных и эксплуатационных особенностей разрабатываемого и существующих изделий и патентные исследования | **техникалык сунуш:** Тапшырыкчынын техникалык тапшырмасын жана буюмдардын чечилиштеринин мүмкүн болгон ар кандай варианттарын талдоонун, иштелип чыгылуучу жана мурунку буюмдардын конструктивдик жана пайдалануу өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен чечилиштерди салыштырмалуу баалоонун жана патенттик изилдөөнүн негизинде буюмдун документтерин иштеп чыгуунун максатка ылайыктуулугунун техникалык жана техникалык-экономикалык негиздемесин камтыган конструктордук документтердин жыйындысы |
| **техническое регулирование:** Правовое регулирование отношений в области установления, применения и исполнения обязательных и добровольных требований к объектам технического регулирования и правовое регулирование отношений в области оценки соответствия | **техникалык жөнгө салуу:** Техникалык жөнгө салуу объекттерине карата милдеттүү жана ыктыярдуу талаптарды аткаруу, аныктоо жана колдонуу жаатындагы жана шайкештикти баалоо чөйрөсүндөгү алакаларды укуктук жөнгө салуу |
| **техническое регулирование в градостроительной деятельности:** Правовое регулирование отношений в области разработки и применения технических регламентов (при их отсутствии – строительных норм и правил), стандартов, в области оценки (подтверждения) соответствия строительной продукции, контроля и | **шаар куруу ишмердүүлүгүндөгү техникалык жөнгө салуу:** Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жүзөгө ашырылуучу курулуш өндүрүмүнүн шайкештигин баалоо (тастыктоо), контролдоо жана мамлекеттик көзөмөлдөө жаатында техникалык регламенттерди (алар болбосо – курулуш ченемдерин жана |

| | |
|---|---|
| государственного надзора, осуществляемое в соответствии с законодательством Кыргызской Республики | эрежелерин), стандарттарды иштеп чыгуу жана колдонуу чөйрөсүндөгү алакаларды укуктук жөнгө салуу |
| **техногенная опасность:** Состояние, внутренне присущее технической системе, промышленному или транспортному объекту, реализуемое в виде поражающих воздействий источника техногенной чрезвычайной ситуации на человека и окружающую среду при его возникновении, либо в виде прямого или косвенного ущерба для человека и окружающей среды в процессе нормальной эксплуатации этих объектов | **техногендик кооптуулук:** Техногендик өзгөчө кырдаал булагынын адамга жана курчап турган чөйрөгө кыйратуучу таасири түрүндө же бул объекттерди кадыресе пайдалануу жараянында адам жана курчап турган чөйрө үчүн түз же кыйыр түрдө зыян келтирген техникалык тутумга, өнөр жай же унаа объекттерине тиешелүү ички абал |
| **техногенная чрезвычайная ситуация (техногенная ЧС):** Состояние, при котором в результатевозникновения источника техногенной чрезвычайной ситуации на объекте, определенной территории или акватории нарушаются нормальные условия жизни и деятельностилюдей, возникает угроза их жизни и здоровью,наносится ущерб имуществу населения, народному хозяйству и окружающей природной среде | **техногендик өзгөчө кырдаал (техногендик ӨК):** Объектте, белгилүү бир аймакта же акваторияда техногендик өзгөчө кырдаал булагынын жаралуусунун натыйжасында адамдардын жашоо жана ишмердүүлүк кадыресе шарттары бузулган, алардын өмүрү менен ден соолугуна коркунуч туулган, калктын мүлкүнө, эл чарбасына жана курчап турган табигый чөйрөгө зыян келтирилген абал |
| **техногенный фон излучения:** Естественный фон излучения, измененный в результате деятельности людей | **техногендик нурлануу фону:** Адамдардын ишмердүүлүгүнүн натыйжасында өзгөргөн табигый нурлануу фону |
| **технологическая карта:** Документ, устанавливающий рациональную и технологически стабильную технологию производства часто повторяющегося вида строительно-монтажных работ и используемый взамен проекта производства работ или в дополнение к нему | **технологиялык карта:** Куруу-монтаждоо жумуштарынын көп кайталануучу түрүнүн рационалдуу жана технологиялык туруктуу өндүрүшүнүн технологиясын аныктоочу жана жумуштарды жүргүзүү долбоорунун ордуна же ага кошумча катары колдонулган документ |
| **технологическая система АЗС:** Комплекс оборудования, специально сконструированный, смонтированный и | **АМКЧ технологиялык тутуму:** АМКЧге майды кабыл алуу, сактоо жана берүү үчүн атайын |

| | |
|---|---|
| используемый для приема, хранения и выдачи топлива на АЗС | конструкцияланган, монтаждалган жана колдонулуучу жабдуулар комплекси |
| **технологическая среда:** Вещества и материалы, обращающиеся в технологической аппаратуре (технологической системе) | **технологиялык чөйрө**: Технологиялык аппаратурада (технологиялык тутумда) жүгүртүлүүчү заттар жана материалдар |
| **технологически связанные с АЗС производственные объекты:** Объекты, предназначенные для производства и/или хранения моторного топлива, поставляемого на АЗС по трубопроводам, и характеризующиеся общими с АЗС системами предотвращения пожара и противопожарной защиты | **АМКЧ менен технологиялык байланыштагы өндүрүш объекттери:** Өткөрмө түтүктөр аркылуу АМКЧ жеткирилүүчү мотор отунун өндүрүү жана/же сактоо үчүн арналган, АМКЧ менен жалпы өрттүн алдын алуу жана өрткө каршы коргоо тутумдары мүнөздөлгөн обьекттер |
| **технологические трубопроводы:**<br>1 Трубопроводы, предназначенные для транспортирования различных веществ, необходимых для ведения технологического процесса или эксплуатации оборудования;<br>2 Трубопроводы, предназначенные для транспортировки в пределах промышленного предприятия или группы этих предприятий сырья, полуфабрикатов, готового продукта, вспомогательных материалов, обеспечивающих ведение технологического процесса и эксплуатацию оборудования (пар, вода, воздух, газы, хладагенты, мазут, смазки, эмульсии и т.п.), отходов производства при агрессивных стоках, а также трубопроводы оборотного водоснабжения | **технологиялык өткөрмө түтүктөр:**<br>1 Технологиялык жараяндарды жүргүзүү же жабдууларды пайдалануу үчүн зарыл болгон ар кандай заттарды ташууга арналган өткөрмө түтүктөр;<br>2 Технологиялык жараянды жүргүзүүнү жана жабдууларды (бууну, сууну, абаны, газды, муздатмаларды, мазутту, майларды, эмульсияларды д.у.с.) пайдаланууну камсыз кылуучу чийки затты, жарым фабрикаттарды, даяр өндүрүмдү, көмөкчү материалдарды, агрессивдүү агындылардагы өндүрүш калдыктарын өнөр жай ишканасынын же ушул ишканалардын тобунун чегинде ташуу үчүн арналган өткөргүч түтүктөр |
| **технологический отсек:** Выгороженный участок технологической системы, в котором размещается технологическое оборудование | **технологиялык бөлүнду:** Технологиялык жабдыктар жайгаштырылган технологиялык тутумдун тосулган участогу |
| **технологический процесс:** Часть производственного процесса, совокупность операций, направленная на изменение формы и размеров деталей, их свойств, внешнего вида, а | **технологиялык жараян:** Тетиктердин формасын жана өлчөмдөрүн, алардын касиеттерин, сырткы көрүнүшүн өзгөртүүгө, ошондой эле айрым тетиктерди жана түйүндөрдү |

| | |
|---|---|
| также соединение (сборка) отдельных деталей и узлов в готовое изделие, соответствующее чертежу и техническим условиям | чиймеге жана техникалык шарттарга ылайык даяр буюмга бириктирүүгө (куроого) багытталган өндүрүштүк жараяндын, операциялар жыйындысынын бөлүгү |
| **технологический способ световой маскировки:** Заключается в проведении мероприятий, врезультате которых световое излучение невозникает или снижается до уровней, позволяющих световую маскировку осуществлять механическим способом | **жарыкты жашыруунун технологиялык ыкмасы:** Жарык нурлануусун болтурбоого же жарык жашыруунун механикалык ыкмасын ишке ашырууга мүмкүндүк берген деңгээлге чейин төмөндөтүүгө багытталган иш-чаралар |
| **технология:**<br>1 Совокупность приемов испособов переработки сырья, изготовления продукции, переработки материалов, полуфабрикатов и т.п., осуществляемых в различных отраслях производства;<br>2 Наука о способах воздействия на сырье, материалы и полуфабрикаты соответствующими орудиями производства, разрабатывающая приемы и способы на основе достижений науки и техники | **технология:**<br>1 Өндүрүштүн ар түрдүү тармактарында ишке ашырылуучу чийки затты кайра иштетүү, өндүрүмдү даярдоо, материалдарды, жарым фабрикаттарды ж.б. кайра иштетүү ыкмалардын жана амалдардын жыйындысы;<br>2 Чийки затка, материалдарга жана жарым фабрикаттарга тийиштелүү өндүрүш куралдары менен таасир этүү ыкмалары жөнүндө, илим жана техниканын жетишкендиктеринин негизинде ыкмаларды жана амалдарды иштеп чыгуучу илим |
| **технология строительного производства:** Совокупность процессов по изготовлению изделий и конструкций и превращению их в готовую строительную продукцию (здания и сооружения) на основе развития и повышения уровня индустриализации строительства | **курулуш өндүрүшүнүн технологиясы:** Курулушту индустриялаштырууну өнүктүрүү жана анын деңгээлин көтөрүүнүн негизинде буюмдар жана конструкцияларды даярдоо, аларды даяр курулуш өндүрүмүнө (имаратка жана курулмага) айландыруу боюнча жараяндардын жыйындысы |
| **тиксотропия:** Обратимое изменение вязкости, предела прочности (текучести), деформационных характеристик полимерных и дисперсных систем при механическом воздействии на них в изотермических условиях | **тиксотропия:** Изотермиялык шарттарда полимердик жана дисперстик тутумдарга механикалык таасир этүүдө алардын илээшкектигинин, бекемдик (агуучулук) чегинин, деформациялык мүнөздөмөлөрүнүн кайтарылма өзгөрүүсү |
| **тимпан**: В архитектуре – | **тимпан**: Архитектурада – чатырбет- |

| | |
|---|---|
| треугольное или полуциркульное поле фронтона (ограниченного по бокам скатами крыши) или поверхность стены над аркой входа или окна | тин (капталдары боюнча тамбашынын жантаймалары менен чектелген) үч бурчтуу же жарым тегеректүү талаасы же кире бериштин же терезенин жаа өткөөлүнүн үстүндөгү дубалдын бети |
| **тип мобильности мобильного (инвентарного) здания или сооружения:** Классификационная категория мобильных (инвентарных) зданий или сооружений по признаку конструктивного решения, характеризуемого продолжительностью перехода их отпередислокации к эксплуатации | **мобилдик (шаймандык) имараттын же курулманын мобилдүүлүк тиби:** Орун которуштуруудан пайдаланууга өтүү узактыгы менен мүнөздөлгөн мобилдик (шаймандык) имараттардын же курулмалардын конструктивдик чечилиштеринин белгилери боюнча классификациялык категориясы |
| **типизация:**<br>1 Метод унификации, состоящий в разработке типовых чертежей, проектов (решений) на основе общих для ряда изделий, конструкций, сооружений, процессов или работ технических характеристик;<br>2 Техническое направление в проектировании и строительстве, позволяющее многократно осуществлять строительство предприятий, зданий и сооружений, изготовление конструкций на основе специально разработанных проектов с применением унифицированных объемно-планировочных и конструктивных решений и с учетом прогрессивных технических и экономических показателей | **типтештирүү:**<br>1 Бир катар буюмдар, конструкциялар, курулмалар, жараяндар же жумуштар үчүн жалпы техникалык мүнөздөмөлөрдүн негизинде типтүү чиймелерди, долбоорлорду (чечилиштерди), иштеп чыгууда турган бирдейлештирүү ыкмасы;<br>) Бирдейлештирилген көлөмдүк-пландаштыруу жана конструктивдик чечилиштерди колдонуу жана прогрессивдүү техникалык жана экономикалык көрсөткүчтөрдү эске алуу менен атайын иштелип чыккан долбоорлордун негизинде ишканаларды, имараттарды жана курулмаларды көп жолу курууга, конструкцияларды көп жолу даярдоого мүмкүндүк берүүчү долбоорлоодогу жана курулуштагы техникалык багыт |
| **типовой проект:** Проектная документация, предназначенная для многократного применения, путем привязки к конкретным условиям строительства, утвержденная в установленном порядке, уполномоченным государственным органом в сфере архитектурно- | **типтүү долбоор:** Курулуштун таасын шарттарына байлаштыруу жолу менен көп жолу колдонуу үчүн арналган архитектура-курулуш иши чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органыны тарабынан белгиленген тартипте бекитилген долбоордук документтер |

| | |
|---|---|
| строительной деятельности<br>(Измененная редакция, Изм. №1) | (Өзгөртүлгөн редакция, №1 Өзг.) |
| **типовые строительные конструкции, изделия, узлы:** Соответственно строительные конструкции, изделия, узлы, отобранные из числа им подобных или специально разработанные для многократного повторения в строительстве, имеющие, как правило, лучшие по сравнению саналогами технико-экономические показатели икачественные характеристики. Обязательным условием отнесения строительных конструкций, изделий, узлов к типовым является наличие утвержденной в установленном порядке типовой проектной документации, обеспечивающей изготовление и применение в строительстве данных конструкций, изделий, узлов | **типтүү курулуш конструкциялары, буюмдары, түйүндөрү:** Өздөрүнө окшоштордун арасынан тандалып алынган же курулушта көп жолу кайталанып колдонуу үчүн атайын иштелип чыккан, адатта окшошторго салыштырганда техника-экономикалык көрсөткүчтөрү жана сапаттык мүнөздөмөлөрү жогору болгон курулуш конструкциялары, буюмдары, түйүндөрү. Курулуш конструкцияларын, буюмдарын, түйүндөрүн типтүүлөрдүн катарына саноонунмилдеттүү шарты болуп, ушул конструкцияларды, буюмдарды жана түйүндөрдү даярдоону жана колдонууну камсыздоочу белгиленген тартипте бекитилген типтүү долбоордук документтин болушу эсептелет |
| **типоразмерный ряд изделий (серия изделий):**<br>1 Ряд ограждающих конструкций, характеризующихся единым конструктивным решением и отличающихся размерами, архитектурным рисунком, а также относительной площадью и вариантами остекления;<br>2 Ряд изделий с единым конструктивным решением, отличающихся между собой размерами элементов, архитектурным рисунком, а также относительной площадью и вариантами остекления | **буюмдардын типөлчөмдүү катары (буюмдар сериясы):**<br>1 Бирдиктүү конструктивдик чечилиш менен мүнөздөлүүчү жана өлчөмдөрү, архитектуралык сүрөттөрү, ошондой эле салыштырмалуу аянты жана айнектелүү варианттары менен айырмаланган тосмолоочу конструкциялардын катары;<br>2 Өз ара элементтеринин өлчөмдөрү, архитектуралык сүрөттөрү, ошондой эле салыштырмалуу аянты жана айнектелүү варианттары менен айырмаланган бирдиктүү конструктивдик чечилишке ээ буюмдардын катары |
| **тление:** Горение без свечения, обычно опознаваемое по появлению дыма | **быкшып күйүү:** Адатта түтүн булатып, алоолонбой күйүү |
| **ток замыкания на землю:** Ток, проходящий через место замыкания на землю | **жерге туташуу электр агыны:** Туташкан орду аркылуу жерге өтүүчү электр агыны |
| **толщина линии шрифта:** Толщина, | **шрифт сызыгынын жоондугу:** |

| | |
|---|---|
| определяемая в зависимости от типа и высоты шрифта | Шрифттин тибине жана бийиктигине жараша аныкталуучу жоондук |
| **толь:** Рулонный материал, получаемый обработкой кровельного картона дегтевыми продуктами | **толь:** Калканчык калың кагазын кара май өнүмдөрү менен иштетүүдөн алынган түрүлмө материал |
| **тонкостенные конструкции:** Строительные конструкции, у которых один размер (толщина) значительно меньше двух других | **жука дубалчалуу конструкциялар:** Бир өлчөмү (калыңдыгы) башка эки өлчөмүнөнолуттуу кичине курулуш конструкциялары |
| **тонкость помола цемента:** Характеристика дисперности цемента, которая может быть выражена массовой долей остатка (проходка) на одном или нескольких контрольных ситах или величиной удельной поверхности | **цементтин майдалоо жукалыгы:** Бир же бир нече контролдук электердеги калдыктын (өтүмдүн) массалык үлүшү же салыштырмалуу беттин чоңдугу менен туюнтулган цементтин дисперстүүлүгүнүн мүнөздөлүшү |
| **тоннель:** Сквозной коридор под землей для прокладки железнодорожных, автомобильных или пешеходных путей, коммуникаций | **тоннель:** Темир, автомобиль же жөө жүргүнчүлөр жолдорун салуу, коммуникацияларды тартуу үчүн жер астындагы өтмө далис |
| **тоннельный эскалатор:** Эскалатор, предназначенный для установки в тоннелях (галереях) | **тоннель жүрмө тепкичи:** Тоннелдерде (галереяларда) орнотуу үчүн арналган жүрмө тепкич |
| **топка:** Устройство для сжигания органического топлива с целью получения высоконагретых дымовых газов, теплота которых либо преобразуется в каких-либо установках в электрическую или механическую энергию, либо используется для технологических и других целей; составная часть котла или печи | **меш:** Жылуулугу кандайдыр бир түзмөктөрдө электр же механикалык энергияга айландырылуучу, же болбосо технологиялык жана башка максаттар үчүн колдонулуучу катуу ысытылган түтүндүү газдарды алуу максатында органикалык отунду жагуу үчүн арналган түзмөк |
| **топливно-энергетический комплекс (ТЭК), общеэнергетическая система:** Совокупность энергетических ресурсов всех видов, предприятийпо их добыче и производству, транспортированию, преобразованию, распределению и использованию, обеспечивающих снабжение потребителей различными видами энергии (электрической, тепловой, механической) | **отун-энергетикалык комплекси (ОЭК), жалпы энергетикалык тутум:**, Керектөөчүлөрдү энергиянын ар кандай түрлөрү (электрдик, жылуулук, механикалык) менен камсыз кылуучу энергия ресурстарын казып алуу жана өндүрүү, ташуу, өзгөртүп түзүү, бөлүштүрүү жана пайдалануу боюнча ишканалардын, энергетикалык ресурстардын баардык түрлөрүнүн жыйындысы |
| **топливо:** Горючие вещества, | **отун:** Түздөн-түз технологиялык |

| | |
|---|---|
| выделяющие при сжигании значительное количество теплоты, которая используется непосредственно в технологических процессах и для обогрева или преобразуется в другие виды энергии | жараяндарда жана жылытуу үчүн колдонулуучу же энергиянын башка түрлөрүнө өзгөртүлүүчү күйгүзүүдө олуттуу сандагы жылуулук санын бөлүп чыгаруучу күйүүчү заттар |
| **топливозаправочный пункт:** АЗС, размещаемая на территории предприятия и предназначенная для заправки только транспортных средств этого предприятия | **май куюучу пункт:** Ишкананын аймагында жайгашкан жана ошол ишкананын гана унаа каражаттарына май куюуга арналган АМКЧ |
| **топографическая съемка:** Комплекс работ, выполняемых с целью получения съемочного оригинала топографической карты или плана, а также получение топографической информации в другой форме | **топографиялык сүрөткө түшүрүү:** Топографиялык картанын же пландын сүрөткө түшүрүлгөн түпкү нускасын алуу максатында аткарылуучу жумуштардын комплекси, ошондой эле топографиялык маалыматтарды башка формада алуу |
| **топочный агрегат:** Установка для сжигания топлива (керосина или смеси с моторным топливом), для нагрева воздуха и подачи его в сушилки для сушки зерна, льновороха сена и других сельскохозяйственных материалов, для отопления и вентиляции парников, животноводческих и других производственных помещений | **от жагуу агрегаты:** Отунду (керосинди же мотор отуну менен аралашманы) жагуу, данды, зыгыр үймөгүн ж.б. айыл чарба материалдарын кургаткычка берүү, бууканаларды, мал чарбачылыгы жана башка өндүрүштүк жайларды жылытуу жана желдетүү үчүн арналган түзмөк |
| **торкретбетон:** Бетон, получаемый набрызгиванием (торкретированием) бетонной смеси на поверхность конструкции или в форму при помощи сжатого воздуха | **торкретбетон:** Бетон аралашмасын конструкциялардын бетине же калыпка кысылган абанын жардамы аркылуу чачыратуудан (торкреттөөдөн) алынган бетон |
| **торкретирование:** Вид бетонных работ, заключающийся в нанесении на поверхность или в форму бетонной смеси, подаваемой сжатым воздухом через сопло, к которому подводят раздельно вяжущее вещество, заполнитель и воду | **торкреттөө:** Кысылган аба мененөз-өзүнчө берилген камдаштыргыч затты, толуктагычты жана сууну көзчоргоаркылуу бетке же калыпка бетон аралашмасын чачыратуудан турган бетон жумуштарынын түрү |
| **торф:** Горючее полезное ископаемое группы каустобиолитов, образующееся в процессе неполного разложения болотных растений в условиях | **чым көң:** Ашыкча нымдалуудан жана абанын жетишсиздигинен саз өсүмдүктөрүнүн толук эмес чирүү жараянын дажаралган каустобиолиттер |

| | |
|---|---|
| избыточного увлажнения и недостаточного доступа воздуха | тобундагы күйүүчү пайдалуу кен байлыгы |
| **точение, токарная обработка:** Процесс обработки резанием при помощи резцов наружных (обтачивание), внутренних (растачивание) и торцовых (торцевание) поверхностей тел вращения (цилиндрических, конических и фасонных), а также образование (или обработка) спиральных и винтовых поверхностей | **жонуу, токардык иштетүү:** Айланма нерселердин (цилиндр, конус жана арсын) сырткы (жукартуу), ички (кеңейтүү) жана тумшук (тегиздөө) беттерин кескичтердин жардамы менен кесип иштетүү жараяны, ошондой эле уюлгу жана буралма сымал беттерди жаратуу (же иштеп чыгуу) |
| **точка нулевых работ:** Точка, в которой проектная и фактическая отметки равны | **нөлдүк жумуштардын чекити:** Долбоордук жана факт жүзүндөгү деңгээл белгилери барабар болгон чекит |
| **точка подключения:** Ближайшее, согласно схеме коммуникаций, к объекту строительства или земельному участку место соединения сетей инженерно-технического обеспечения с устройствами и сооружениями, необходимыми для присоединения строящегося (реконструируемого) объекта строительства к сетям электро-, тепло-, газо-, водоснабжения и канализации, телефонизации, не превышающее по удаленности 100 м<br><br>(Измененная редакция, Изм. №1) | **кошулуу чекити:** Инженердик-техникалык камсыз кылуу тармактарынын курулуш (реконструкциялануучу) объектин электр, жылуулук, газ, суу менен камсыз кылуу жана канализация, телефондоштуруу тармактарына кошуу үчүн зарыл болгон түзүлүштөр жана курулмалар менен кошулууга коммуникациялар схемасына ылайык курулуш объектине же жер участогуна алыстыгы боюнча 100 м ашпаган эң жакын жер<br>(Өзгөртүлгөн редакция, №1 Өзг.) |
| **точность:** Степень приближения истинного значения рассматриваемого параметра процесса (вещества, предмета и т.д.) к его теоретическому номинальному значению | **тактык:** Жараяндын (заттын, предметтин д.у.с) каралып жаткан параметринин анык маанисинин анын назарияттык номиналдык маанисине жакындык даражасы |
| **траверс в гидротехнике:** Поперечная дамба, соединяющая продольную направляющую дамбу с берегом | **гидротехникадагы траверс:** Узатасынан кеткен багыттоочу маргатонду жээк менен бириктирүүчү туурасынан кеткен маргатон |
| **траверса:**<br>1 Элемент конструкций, располагаемый в поперечном направлении по отношению к основной | **траверса:**<br>1 Негизги конструкцияга карата туурасынан кеткен багытта жайгашуучу жана вертикалдуу элементтерге |

| | |
|---|---|
| конструкции и опирающийся на вертикальные элементы;<br>2 Грузозахватное устройство в виде балок или треугольных ферм с подвешенными стропами | таянуучу конструкциянын элементи;<br>2 Асылып коюлган чалмалары менен устундар же үч бурчтуу фермалар түрүндөгү жүк карматкыч түзмөктөр |
| **траверса колонны:** Конструктивный элемент в опорной части стальной колонны в виде вертикальных стальных листов, предназначенных для равномерной передачи нагрузки на опорную плиту | **коллонанын траверсасы:** Таяныч тактага жүктөмдү тегизөткөрүп берүүгө арналган болот түркүгүнүн таяныч бөлүгүндөгү вертикалдуу болот тилкелер түрүндөгү конструктивдик элементи |
| **травматологический пункт:** Отделение поликлиники по оказанию срочной медицинской помощи при ранах, переломах, вывихах и т. п. | **жаракат пункту:** Жарааттарды, сыныктарды, чыгып кетүүлөрдү алган ж.б. учурларда медициналык жардам көрсөтүү боюнча бейтапкана бөлүмү |
| **траволатры:** Движущаяся бесступенчатая дорожка, которая позволяет ускорить или облегчить передвижение пешеходов<br>(Измененная редакция, Изм. №1) | **траволатрлар:** Жөө жүрүүчүлөрдүн которулуусун ылдамдатууга жана жеңилдетүүгө мүмкүндүк берүүчү кыймылдагы тепкичсиз жолчо<br>(Өзгөртүлгөн редакция, №1 Өзг.) |
| **традиционная автозаправочная станция:** АЗС, технологическая система которой предназначена для заправки транспортных средств только жидким моторным топливом и характеризуется подземным расположением резервуаров и их разнесением с ТРК | **автомай куюучу салттуу чордон:** Технологиялык тутуму унаа каражаттарына суюк мотор отунун гана куюуга арналган жана резервуарларынын жер алдында жайгашуусу, аларды ОТК аркылуу таркатуу менен мүнөздөлгөн АМКЧ |
| **трамбующая машина:** Строительная машина для уплотнения грунтов при возведении земляных насыпей, строительстве дамб, дорог, аэродромов и т.п. | **таптоочу машине:** Жер үймөктөрүн көтөрүүдө, маргатондорду, жолдорду, аэродромдорду д.у.с. куруууда топуракты тыгыздоо үчүн машине |
| **транспорт:** В общем смысле перемещение людей и грузов; одна из важнейших отраслей материального производства | **унаа:** Жалпы мааниде адамдарды жана жүктөрдү которуштуруу; материалдык өндүрүштүн эң маанилүү тармактарынын бири |
| **транспорт промышленный:** Совокупность транспортных средств (сооружений, устройств, подвижного состава, механизмов, оборудования), предназначенных для перемещения грузов внутри промышленных | **өнөр жайлык унаа:** Өнөр жай ишканалары жана түйүндөрү ичинде жүк ташуу үчүн арналган, ошондой эле жалпы пайдалануу унаалары менен жалгашууга чейин унаа байланышын ишке ашыруучу унаа каражаттарынын |

| | |
|---|---|
| предприятий и промышленных узлов, а также осуществляющих транспортную связь до стыка с транспортом общего пользования | (курулмалардын, түзмөктөрдүн, кыймылдуу курамдын, механизмдердин, жабдыктардын) жыйындысы |
| **транспортная авария:** Авария на транспорте, повлекшая за собой гибель людей, причинение пострадавшим тяжелых телесных повреждений, уничтожение и повреждение транспортных сооружений и средств или ущерб окружающей природной среде | **унаа авариясы:** Адамдардын өлүмүнө, жабыркануучулардын оор жаракат алуусуна, унаа курулмаларынын же каражаттарынын жок болуусуна же бузулуусуна, же курчап турган жаратылыш чөйрөсүнүн зыянга учурашына алып келген унаа авариясы |
| **транспортная развязка:** Комплекс сооружений в месте пересечения дорог двух или нескольких направлений для поворота транспорта с одного направления на другое | **унаалык айрылыш:** Эки же бир нече багыттагы жолдордун кесилишкен жеринде унаанын бир багыттан башка бир багытка бурулушу үчүн арналган курулмалардын комплекси |
| **траншейный экскаватор:** Машина для рытья траншей под кабели связи, газо-нефтепроводы, трубопроводы канализации и т.п. | **траншейлик жер челги:** Байланыш кабелдерине, газ-мунай, суу агындылоо д.у.с. өткөргүч түтүктөрүнө траншей-лерди казуу үчүн арналган машине |
| **траншея:**<br>1 Узкая канава для укладки кабелей, трубопроводов, отвода воды и т.п.;<br>2 Открытая горная выработка трапециевидного сечения | **траншей:**<br>1 Кабелдерди, өткөргүч түтүктөрдү жаткыруу, сууну агызуу д.у.с. үчүн ичке арыкча;<br>2 Трапеция кесилиштүү түрүндөгү ачык тоо казындысы |
| **трасса:** Положение оси линейного сооружения (дороги, трубопровода, ЛЭП и т.п.), отвечающее ее проектному положению на местности и определяемое двумя проекциями: горизонтальной (планом) и вертикальной (продольным профилем) | **трасса:** Долбоор боюнча жердеги абалына жооп берүүчү жана эки: горизонталдуу (планында) жана вертикалдуу (узатасынан профилинде) элестери менен аныкталуучу линиялык курулманын (жолдор, өткөргүч түтүктөр, ЭӨЧ д.у.с) огунун абалы |
| **трасса лестничного полотна (поручня) эскалатора:** Совокупность направляющих, контрнаправляющих, основных и вспомогательных бегунков лестничного полотна (поручня), обеспечивающая перемещение лестничного полотна (поручня) по заданной траектории | **жүрмө тепкичтин шаты тилкесиинин (кармагычынын) трассасы:** Берилген кыймыл сызык боюнча шаты тилкесинин (кармагыч-тын) которулуусун камсыз кылуучу анын багыттагычтарынын жана кайра багыттагычтарынын, негизги жана жардамчы жүгүртмөлөрүнүн жыйындысы |

| | |
|---|---|
| **трассирование (геодезическое трассирование):** Комплекс геодезических работ по проложению трассы | **трассалоо (геодезиялык трассалоо):** Трасса жаткыруу боюнча геодезиялык жумуштардын комплекси |
| **трассирование линейных сооружений:** Комплекс проектно-изыскательских работ, выполняемых для выбора оптимального положения линейного сооружения на местности | **сызыктык курулмаларды трассалоо:** Жер бетинде сызыктык курулмалардын оптималдуу абалын тандоо үчүн аткарылуучу долбоордук-изилдөө жумуштарынын комплекси |
| **требование пожарной безопасности:** Специальное условие или правило организационного и (или) технического характера, установленное в целях обеспечения пожарной безопасности специально уполномоченным государственным органом КР в действующем законодательстве или нормативно-технических документах | **өрт коопсуздугунун талабы:** КР ыйгарым укуктуу мамлекеттик органы тарабынан аракеттеги мыйзамдарда же ченемдик-техникалык документтерде өрт коопсуздугун камсыздоо максатында аныкталган уюштуруучулук жана (же) техникалык мүнөздөгү атайын шарт же эреже |
| **требования безопасности:** Обязательные требования, установленные в законодательных актах или в стандартах, которые направлены на обеспечение жизни, здоровья потребителей, охраны окружающей среды, предотвращение причинения вреда имуществу потребителей | **коопсуздук талаптары:** Керектөөчүлөрдүн өмүрүн, ден соолугун, курчап турган чөйрөнү коргоону, керектөөчүлөрдүн мүлкүнө зыян келтирүүнүн алдын алууну камсыз кылууга багытталган мыйзам актыларында же стандарттарда аныкталган милдеттүү талаптар |
| **требования безопасности труда:** Требования, установленные законодательными актами, нормативно-техническими и проектными документами, правилами и инструкциями охраны труда, выполнение которых обеспечивает безопасные условия труда и регламентирует поведение работающих | **эмгек коопсуздугунун талаптары:** Эмгектин коопсуз шарттарын камсыз кылуучу жана эмгектенүүчүлөрдүн жүрүм-турумун жөнгө салуучу эмгекти коргоо жөнүндөгү мыйзам актыларында, ченемдик-техникалык жана долбоорлук документтерде, эмгекти коргоо боюнча эрежелер менен нускамаларда аныкталган талаптар |
| **требования пожарной безопасности:** Специальные условия социального и (или) технического характера, установленные в целях обеспечения пожарной безопасности законодательством КР, нормативными документами или уполномоченным государственным органом | **өрт коопсуздугунун талаптары:** Өрт коопсуздугун камсыз кылуу максатында КР мыйзамдары, ченемдик документтер же ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдары тарабынан аныкталган социалдык жана (же) техникалык мүнөздөгү атайын шарттар |

| | |
|---|---|
| **требования экологические:** Комплекс ограничений по природопользованию и условий по сохранению окружающей среды в процессе хозяйственной и иной деятельности | **экологиялык талаптар:** Чарбалык жана башка ишмердүүлүктөрдө жаратылышты пайдалануу жана курчап турган чөйрөнү сактоо шарттары боюнча чектөөлөрдүн комплекти |
| **требуемая плотность бетона:** Максимально допустимое значение фактической плотности бетона в партии, устанавливаемое лабораториями предприятий и строек в соответствии с достигнутой ее однородностью | **бетондун талап кылынуучу тыгыздыгы:** Тыгыздыктын жетишилген бир тектүүлүгүнө ылайык ишканалардын жана курулуштардын лабораториялары тарабынан аныкталуучу партиядагы бетондун факт жүзүндөгү тыгыздыгынын максималдуу мүмкүн болгон мааниси |
| **трелевка:** Транспортировка срубленных деревьев, хлыстов и сортиментов от места валки до лесопогрузочного пункта или лесовозной дороги | **трелдөө:** Кыйылган дарактарды, чыбыктарды жана сортименттерди кыюу ордунан жыгач жүктөө пунктуна же жыгач ташуучу жолго чейин жеткирүү |
| **трелевочный трактор:** Трактор высокой проходимости, используемый на лесозаготовках для подтаскивания срубленных деревьев и хлыстов, их погрузки, транспортировки и отгрузки | **трелдик трактор:** Жыгач даярдоолордо кыйылган дарактарды, жана чыбыктарды жүктөө, ташуу жана түшүрүү үчүн сүйрөп берүүдө колдонулучу өтүмдүүлүгү жогору трактор |
| **тренажер:** Учебно-тренировочное устройство для выработки навыков и совершенствования техники управления машиной (механизмом) | **машыктыргыч:** Машинени (механизмди) башкаруу техникасынын көндүмдөрүн иштеп чыгуу жана жеткилеңдетүү үчүн окутуу-машыктыруу түзмөгү |
| **трение:** Диссипативный процесс, сопровождающийся выделением тепла, электризацией тел, их разрушением и т.д. | **сүрүлүү:** Жылуулукту бөлүп чыгаруу, нерселерди электрлештирүү, алардын бузулуусу ж.б. менен коштолгон диссипативдик жараян |
| **трепел:** Легкая пористая осадочная горная порода, землистая или кусковая. По физико-химическим свойствам аналогична диатомиту | **трепел:** Жеңил, көңдөйлүү чөкмө, топурактуу же кесектүү тоо теги. Физикалык-химиялык касиеттери боюнча диатомитке окшош |
| **трехслойная панель:** слоистая панель, имеющая три основных слоя. | **үч катмарлуу панель:** негизги үч катмарга ээ катмарлуу панель |
| **трещина:**<br>1 Полость, образованная без удалеения материала двумя соединенными внутри тела поверхностями, которые | **жарака:**<br>1 Ичинде чыңалуу жок учурда көңдөйдүн узундугунан көп эсе кичине болгон аралыкта бири-биринен |

| | |
|---|---|
| при отсутствии в нем напряжений удалены друг от друга на расстояния, во много раз меньше протяженности самой полости;<br>2 Щель, узкое углубление, расположенное на поверхности изделия, шириной более 1 мм | алыстаган, материалды ажыратпастан бириктирилген эки беттерден жаралган нерсенин көңдөйү;<br><br>2 Эни 1 мм ден ашык буюмдун бетиндеги жылчык, ичке тереңденүү |
| **трещина в древесине:** Разрыв древесины вдоль волокон | **жыгачтагы жарака:** Жыгачтын буласын бойлото кеткен ажыроосу |
| **трещина закрытая:** Трещина, покрытая глазурью | **жабык жарака:** Жалтыркаптын астындагы жарака |
| **трещина открытая:** Трещина, не покрытая глазурью | **ачык жарака:** Жалтыркап менен жабылбаган жарака |
| **трещиностойкость:** Способность железобетонных конструкций сопротивляться образованию трещин под действием нагрузок и воздействий | **жаракага туруктуулук:** Жүктөмдөрдүн жана таасирлердин алдында жараканын жаралусуна темир бетон конструкцияларынын каршылык көрсөтүү касиети |
| **трещиностойкость (вязкость разрушения) бетона:** Способность бетона сопротивляться началудвижения и развитию трещин при механических и других воздействиях | **бетондун жаракага туруктуулугу (бузулуу илешкектиги):** Механикалык жана башка таасирлерде жараканын кыймылына жана өнүгүүсүнө бетондун каршылык көрсөтүү касиети |
| **трещиностойкость железобетонных конструкций:** Способность железобетонных конструкций воспринимать действующие на них нагрузки без образования трещин | **темир бетон конструкцияларынын жаракага туруктуулугу:** Темир бетон конструкцияларынын аларга араке этүүчү жүктөмдөрдү жарака пайда кылбастан кабыл алуу касиети |
| **трещиностойкость защитного покрытия:** Способность защитного покрытия сохранять сплошность при деформации защищаемого изделия или конструкции | **коргоо жабуусунун жаракага туруктуулугу:** Корголуучу буюмдун же конструкциянын деформациялануусунда коргоочу жабуунун алардын бүтүндүгүн сактоо касиети |
| **триангуляция:** Метод построения геодезической сети в виде треугольников, в которых измерены их углы и некоторые из сторон | **триангуляция:** Бурчтары жана айрым бир тараптары өлчөнгөн үч бурчтук түрүндөгү геодезиялык тарамды тургузууусулу |
| **трибуна:** Сооружение с повышающимися рядами мест для зрителей | **секи жай:** Көрөрмандар үчүн орундардын бийиктетилген катарлары менен курулма |
| **тригонометрический пункт,** | **тригонометриялык пункт,** |

| | |
|---|---|
| **триангуляционный пункт:** Геодезический пункт, положение которого на земной поверхности определено методом триангуляции | **триангуляциялык пункт:** Жер бетиндеги абалы триангуляция усулу менен аныкталган геодезиялык пункт |
| **тригонометрическое нивелирование:** Нивелирование при помощи геодезического прибора с наклонной визирной осью | **тригонометриялык нивелирлөө:** Жантайган мээлөө огу менен геодезиялык аспаптын жардамы аркылуу нивелирлөө |
| **триплекс:**<br>1 Разновидность безосколочного стекла; состоит из двух пластин силикатного или органического стекла и склеивающегосоединительного слоя;<br>2 Какое-либо устройство или процесс, состоящий их трех самостоятельных частей, элементов | **триплекс:**<br>1 Сыныгы жок айнектин түрү; ал силикат жана органикалык айнектин эки жартагынан жана чапталма бириктирүүчү катмардан турат.<br>2 Өз алдынча үч бөлүктөн, элементтен турган кандайдыр бир түзмөк же жараян |
| **триумфальная арка, триумфальные ворота:** Временные или постоянные монументальные арочные ворота, воздвигаемые в честь знаменательных событий | **триумф жаа өткөөлү, салтанат дарбазасы:** Белгилүү окуялардын урматына тургузулуучу убактылуу же туруктуу монументалдуу жаа өткөөлдүк дарбаза |
| **тромп**: Сводчатая конструкция в форме части конуса, половины или четверти сферического купола | **тромп**: Конустун бөлүгү, топ чөйрөлүк кумпанын жарымы же чейреги формасындагы чүмбөттүк конструкция |
| **трубные заготовки:** Условные наименования при изготовлении узлов и других элементов трубопроводов на предприятиях-изготовителях, производственных базах и трубозаготовительных мастерских | **түтүктүк даярдамалар:** Даярдоочу ишканаларда, өндүрүштүк базаларда жана түтүктөрдү даярдоочуу стаканаларда өткөрмө түтүктөрдүн түйүндөрүн ж.б. элементтерин даярдоодогу шарттуу аталыштар |
| **трубный блок:** Определенное число труб необходимой длины и конфигурации, уложенных и закрепленных в определенном положении и полностью подготовленных к соединению со смежными узлами трубной проводки | **түтүк блогу:** Белгилүү бир абалда жаткырылган жана бекитилген, түтүк өткөргүчүнүн жанаша түйүндөрү менен бириктирүүгө толук даярдалган керектүү узундуктагы жана конфигурациядагы түтүктөрдүн белгилүү бир саны |
| **турбобур:** Забойный гидравлический двигатель, вал которого вращает гидравлическая многоступенчатая турбина, связанная с бурильным долотом и получающая энергию от | **түтүкбур:** Жеркуяга түтүктөр боюнча айдап киргизилүүчү ылай эритмесинин агымынан энергия алуучу жана бургулама ойгуч менен байланышкан көп тепкичтүү |

| | |
|---|---|
| потока глинистого раствора, нагнетаемого в скважину по трубам | гидравликалык турбина октолгоочтун айландыруучу казмалык гидравликалык кыймылдаткыч |
| **трубовоз:** Специализированный полуприцеп или роспуск для перевозки труб длиной 12 – 48 м, размещаемых на кониках и закрепляемых тросами или цепями | **түтүк ташыгыч:** Коникаларда жайгаштырылуучу жана зым аркан менен же чынжыр менен бекитилүүчү, узундугу 12 – 48 м түтүктөрдү ташуу үчүн атайлаштырылган жарым чиркеме же узартма |
| **трубогиб:** Ручное или механизированное переносное (настольное) или стационарное приспособление для гибки труб и арматуры позаданному радиусу | **түтүк ийгич:** Түтүктөрдү же арматураны берилген радиуста ийүү үчүн колдук же механдаштырылган которулма (үстөлдүк) же туруктуу ыктам |
| **трубопровод:** Протяженное сооружение из труб,плотно соединенных между собой с помощью сварки или разъемных фланцев | **өткөргүч түтүк:** Ширетүүнүн же кайырма кырлардын жардамы аркылуу өз ара тыгыз бириктирилген түтүктөрдөн турган узун курулма |
| **трубопроводный транспорт:** Вид транспорта, осуществляющий перемещение газообразных, жидких или твердых продуктов потрубопроводам | **өткөргүч түтүк унаасы:** Газ сымал, суюк же катуу өндүрүмдөрдү түтүктөр аркылуу ташуучу унаанын түрү |
| **труднодоступное пространство:** Пространство (помещение), в котором, ввиду малых размеров, затруднено выполнение работ, а естественный воздухообмен недостаточен | **жетүүгө кыйын мейкиндик:** Өлчөмү чакан болгондуктан жумуштарды аткаруу кыйынчылыктарды туудурган, ал эми аба алмашуусу жетишсиз болгон мейкиндик (жай) |
| **трудносгораемый материал:** Материал, который под воздействием огня или высокой температуры воспламеняется или тлеет, или обугливается ипродолжает гореть, тлеть, обугливаться при наличии источника зажигания, а после его удаления горение или тление прекращается | **күйүүсү начар материал:** Оттун же жогорку температуранын таасиринен тутанат же бықшып күйөт же кароолонуп күйөт жана тутантуу булагы болгондо күйүүсүн, бықшуусун, кароолонуп күйүүсүн улантат, ал эми аны алып койгондо күйүүсү же бықшуусу токтоп калган материал |
| **трудоемкость изготовления продукции:** Количественная характеристика трудозатрат наизготовление продукции | **өндүрүмдү даярдоо эмгек сыйымдуулугу:** Өндүрүмдү даярдоого эмгек чыгымынын сандык мүнөздөмөсү |
| **трудоемкость монтажа:** Затраты труда намонтаж и подготовку к | **монтаждоонун эмгек сыйымдуулугу:** Керектөөчүнүн |

| | |
|---|---|
| эксплуатации изделия, полученного потребителем с предприятия-изготовителя | даярдоочу ишканадан алган буюмду монтаждоого жана аны пайдаланууга кетирген эмгек чыгымы |
| **турбина:** Двигатель с вращательным движением рабочего органа – ротора и непрерывным рабочим процессом, преобразующий в механическую работу энергию подводимогорабочего тела – пара, газа или жидкости; лопаточная машина | **турбина:** Алып келинген жумушчу нерсенин: буунун, газдын же суюктуктун энергиясын механикалык жумушка өзгөртүп түзүүчү үзгүлтүксүз жумушчу жараяны жана айланма кыймылдуу жумушчу органы – ротору менен кыймылдаткыч; калактуу машине |
| **турбулентное течение:** Течение жидкости (или газа), при котором частицы жидкости совершают не установившиеся беспорядочные движения посложным траекториям | **турбуленттүү агым:** Суюктуктун бөлүкчөлөрү татаал кыймыл сызыктары боюнча баш аламан иретсиз кыймылда болгон суюктуктун (же газдын) агымы |
| **турникет:** Устройство в виде вращающейся крестовины, устанавливаемое при входе настадионы, станции метро и т.п. для пропуска посетителей по одному человеку | **турникет:** Стадиондордун, метро чордондорунун д.у.с. кире бериштеринде келгендерди бирден өткөрүү үчүн орнотулган айланма төрт илтик түрүндөгү түзмөк |
| **туф:** Группа горных пород различного происхождения. Различают туф известковый (травертин), кремнистый (отложение горячих источников), туф вулканический | **туф:** Ар кандай тектүү тоо тектеринин тобу. Аки таштуу (травертин), кремнийлүү (ысык булактардын калдыктары), вулкандык туф болуп бөлүнүшөт |
| **туф вулканический:** Пористая горная порода, сложенная из уплотненных твердых вулканических выбросов (пепла, песка, вулканического стекла и др.) | **вулкандык туф:** Тыгыздалган катуу вулкан чыгындыларынан (күл, кум, вулкан айнеги ж.б.) түзүлгөн көңдөйлүү тоо теги |
| **туфобетон:** Легкий бетон с заполнителями изтуфов | **туфбетон:** Толуктагычтары туфтардан турган жеңил бетон |
| **тушение пожара:** Процесс воздействия сил и средств, а также использование методов и приемов для ликвидации пожара | **өрттү өчүрүү:** Күчтөр жана каражаттардын таасир этүү жараяны, ошондой эле өрттү жоюу үчүн багытталган усулдарды жана ыкмаларды пайдалануу |
| **тяга:** Сила, передаваемая движителю транспортной машины | **тартуу:** Унаа машинесинин кыймылдаткычына берилүүчү күч |
| **тяжелый бетон:** Наиболее распространенные бетоны со средней (по объему) плотностью 1800 – 2500 кг/м$^3$ и более, в которых заполнителями | **оор бетон:** Толуктагычтары катары тыгыз тоо тектери жана кум пайдаланылган орточо (көлөмү боюнча) тыгыздыгы 1800 – 2500 кг/м$^3$ жана |

| | |
|---|---|
| служат плотные горные породы и пески | андан жогору болгон эң көп тараган бетондун түрү |
| **тяговый канат:** Канат для перемещения подвижного состава по рельсовому пути | **тартуу зым арканы:** Рельс жолдору боюнча кыймылдуу курамды которуштуруу үчүн зым аркан |
| **уайт-спирит:** Прозрачная бесцветная жидкость; представляет собой фракцию бензина, получаемого прямой перегонкой нефти. Является растворителем лаков и красок, в связи с чем уайт – спирит часто называют бензином-растворителем | **уайт-спирит:** Тунук түзсүз суюктук; мунайды кайра иштетүү аркылуу алынган бензиндин фракциясы түрүндө болот. Лактар жана сырларды эриткич болуп саналат, ошондуктан көпчүлүк учурда уайт-спиритти эриткич бензин деп аташат |
| **убежище:** Защитное сооружение, в котором в течение определенного времени обеспечиваются условия для укрытия людей с целью защиты от современных средств поражения, воздействий опасных химических и радиоактивных веществ | **баш калка:** Заманбап куралдардан, кооптуу химиялык жана радиоактивдүү заттардан коргоо максатында белгилүү бир убакыт аралыгында адамдарды жашыруу үчүн шарттар камсыз кылынуучу коргоо курулмасы |
| **уборная:** Санитарно-гигиеническое помещение, оборудованное в обязательном порядке унитазами в закрытых кабинках, (писсуарами – в мужской уборной) и умывальниками | **ажаткана:** Жабык кабинкаларда милдеттүү түрдө униташтектер (эркектер ажаатканасында – писсуарлар) жана жуунгучтар менен жабдылган санитардык-гигиеналык жай |
| **увиолевое стекло:** Стекло с повышенной прозрачностью, пропускающее ультрафиолетовое излучение с $\lambda<400$ нм | **увиол айнеги:** $\lambda<400$ нм ультракызгылт көк нурланууларды өткөрүүчү жогорулатылган тунуктуу айнек |
| **углекислая коррозия бетона:** Коррозия бетона в результате взаимодействия с агрессивной углекислотой, содержащейся в воде | **бетондун көмүр кычкыл коррозиясы:** Суунун курамындагы агрессивдүү көмүр кычкылы менен өз ара таасир этүүнүн натыйжасындагы бетондун коррозиясы |
| **углепластики, углеродопласты:** Пластмассы, содержащие в качестве упрочняющего наполнителя углеродные волокна | **көмүр пластиги, көмүртектүү пласттар:** Бекемдөөчү толтургучтар катары көмүртектин булаларын камтыган пластмассалар |
| **угломер:** Маркшейдерский инструмент для измерения вертикальных и горизонтальных углови расстояний в маркшейдерских съемках, не требующих высокой точности (напр., при съемке очистного пространства, лав | **бурч өлчөгүч:** Жогорку тактыкты талап кылбаган маркшейдерлик сүрөткө түшүрүүлөрдө (мисалы, тазалоо мейкиндигин, казындыларды жана көмөкчү тоо кен казылмаларын сүрөткө түшүрүүдө) вертикалдуу жана |

| | |
|---|---|
| и вспомогательных горных выработок) | горизонталдуу бурчтарды, аралыктарды өлчөө үчүн маркшейдерлик аспап |
| **угол наклона эскалатора:** Угол между наклонной и горизонтальной базами эскалатора | **жүрмө тепкичтин жантаюу бурчу:** Жүрмө тепкичтин жантык жана горизонталдуу базаларынын ортосундагы бурч |
| **угольник:** Инструмент в виде двухскрепленных под углом 90° планок (металлических, деревянных, пластмассовых) | **бурчтук:** 90° бурч менен бекитилген планкалар (металл, жыгач, пластмасса) түрүндөгү аспап |
| **угроза:** Возможность причинения вреда жизни или здоровью людей, имуществу, окружающей среде, животным и растениям | **коркунуч:** Адамдардын өмүрүнө же ден соолугуна, мүлкүнө, айлана-чөйрөгө, жаныбарларга жана өсүмдүктөргө зыян келтирүү мүмкүнчүлүгү |
| **угроза пожара (загорания):** Ситуация, сложившаяся на объекте, которая характеризуется вероятностью возникновения пожара, превышающей нормативную | **өрттөнүү (жануу) коркунучу:** Өрттүн ченемдегиден жогору пайда болуу мүмкүнчүлүгүн мүнөздөгөн объекттеги түзүлгөн кырдаал |
| **удар:** Совокупность явлений, возникающих при столкновении двух твердых тел, а также при некоторых видах взаимодействия твердого тела с жидкостью или газом | **сокку:** Эки катуу нерсенин кагылышуусунан, ошондой эле катуу нерсенин суюктук же газ менен өз ара аракеттенишүүсүнөн пайда болгон кубулуштардын жыйындысы |
| **ударная волна:** Распространяющаяся со сверхзвуковой скоростью переходная область в газе, жидкости или твердом теле, в которой происходит скачкообразное увеличение давления, плотности, температуры и скорости движения вещества | **сокку толкуну:** Заттын басымы, тыгыздыгы, температурасы жана кыймылынын ылдамдыгы секирик сымал өзгөрүлүүчү газдагы, суюктуктагы же катуу нерседеги үндөн жогорку ылдамдыкта таралуучу өтмө чөйрө |
| **ударная вязкость:** Способность материала поглощать механическую энергию в процессе деформации и разрушения под действием ударной нагрузки | **соккулук илешкектик:** Сокку жүктөмүнүн таасири алдында материал-дын деформациялануу жараянында жана талкалануусунда механикалык энергияны сиңирүү касиети |
| **ударная прочность пластика:** Способность пластика сопротивляться удару падающего шарика | **пластиктин соккулук бекемдиги:** Пластиктин кулоочу шарчанын соккусуна каршылык көрсөтүү касиети |
| **ударно-канатное бурение:** Способ проходки вертикальных скважин посредством разрушения породы | **соккулык-зым аркандык бургулоо:** Массасы 0,5 – 3 т болгон бургулоочу снаряд менен жер куянын |

| | |
|---|---|
| периодическими ударами по забою скважины буровым снарядом массой 0,5 – 3 т | казмалыгы боюнча мезгилдүү соккулардан тоо тегин бузуу аркылуу тик жер кууларды бургулоо ыкмасы |
| **ударостойкое стекло:** Защитное стекло, выдерживающее многократный удар свободно падающего тела с нормируемыми показателями | **соккуга туруктуу айнек:** Ченемделген көрсөткүчтөрү менен эркин кулоочу нерсенин көп жолку соккусуна чыдай турган коргоочу айнек |
| **удельная мощность:** Отношение мощности двигателя к его массе, объему или другому параметру | **салыштырмалуу кубаттуулук:** Кыймылдаткычтын кубаттуулугунун анын массасына, көлөмүнө же башка параметрине катышы |
| **удельная себестоимость изделия:** Отношение общей себестоимости к 1 $м^2$ изделия | **буюмдун салыштырмалуу өздүкнаркы:** Буюмдун жалпы наркынын 1 $м^2$ катышы |
| **удельная электрическая проводимость:** Величина $\sigma$, равная отношению плотности тока проводимости в какой-либо точке изотропного проводника к напряженности электрического поля в этой же точке. Удельная электрическая проводимость равна электрической проводимости прямого цилиндрического однородного проводника длиной 1 м и площадью поперечного сечения 1 $м^2$ | **салыштырмалуу электрдик өткөрүмдүүлүк:** Изотроптуу өткөргүчтүн кайсы бир чекитинде өткөрүмдүүлүк электр агынынын тыгыздыгынын ошол эле чекитиндеги электр талаасынын чыңалуусуна катышына барабар $\sigma$ чоңдугу. Салыштырмалуулугу электрдик өткөрүмдүүлүк узундугу 1 м жана туура кесилиши 1 $м^2$ барабар түз цилиндрлик бир тектүү өткөргүчтүн электр өткөрүмдүүлүгүнө барабар |
| **удельное водопотребление:** Объем воды, подаваемый потребителю в интервал времени или на единицу продукции | **салыштырмалуу суу керектөө:** Керектөөчүлөргө убакыт аралыгында же өндүрүмдүн бирдигине берилүүчү суунун көлөмү |
| **удельное электрическое сопротивление:** величина ρ, численно равная $1/\sigma$, где $\sigma$ – удельнаяэлектрическая проводимость | **салыштырмалуу электрдик каршылык көрсөтүү:** сандык мааниси $1/\sigma$ барабар болгон ρ чоңдугу, мында $\sigma$ – салыштырмалуу электр өткөрүмдүүлүк |
| **удельные энергозатраты:** Величина, характеризующая удельные (относительно эффективной рабочей площади поперечного сечения образца) энергозатраты на различные этапы деформирования и разрушения | **салыштырмалуу энергия чыгымдары:** Деформациялануунун жана талкалануунун ар кандай этаптарына туура келген салыштырмалуу (үлгүнүн туура кесилишинин натыйжалуу жумушчу аянтына карата) энергия чыгымдарын мүнөздөгөн чоңдук |
| **удельный вес:** Величина, равная | **салыштырмалуу салмак:** Көлөмү |

| | |
|---|---|
| отношению сил тяжести dP малого элемента тела объемом Dv к этому объему; γ= dP/ dV=ρg, где ρ – плотность тела, g – ускорение свободного падения | Dv болгон нерсенин кичине элементинин оордук күчүнүн dP ошол көлөмгө болгон катышына барабар чоңдук; γ= dP/ dV=ρg, мында ρ – нерсенин тыгыздыгы, g – эркин кулоо ылдамдануусу |
| **удельный объем:** Величина v, равная отношению объема, занимаемого веществом, к его массе: v=dV/dm=1/ρ, где dm – масса вещества, заключенного в малом объеме dV, ρ – плотность вещества | **салыштырмалуу көлөм:** Зат ээлеген көлөмдүн анын массасына катышына барабар *v* чоңдугу; v=d*V*/d*m*=1/*ρ*, мындаd*m* – d*V* кичине көлөмгө камтылган заттын массасы, *ρ* – заттын тыгыздыгы |
| **удельный расход материалов:** Количество материала, необходимое для изготовления 1 кв.м паркетного изделия | **материалдардын салыштырмалуу чыгымы:** Паркет буюмдарынын 1 $м^2$ даярдоо үчүн керектелүүчү материалдардын саны |
| **удлинение:** Характеризует пластичность материала, его деформативность | **узаруу:** Материалдын майышуучулугун, деформациялуулугун мүнөздөйт |
| **удлиненный эскалатор:** Эскалатор, имеющий в своем составе дополнительную зону | **узартылган жүрмө тепкич:** Өзүнүн курамында кошумча чөлкөмгө ээ жүрмө тепкич |
| **узел промышленный:** Группа предприятий, размещенных на одной территории, с общими коммуникация-ми, инженерными сооружениями, вспомогательными производствами и хозяйствами, а при соответствующих условиях с кооперированием основных производств | **өнөр жай түйүнү:** Жалпы коммуникациялары, инженердик курулмалары, көмөкчү өндүрүштөрү жана чарбалары менен, ал эми тиешелүү шарттарда негизги өндүрүштөрдү кооперациялашты-рышкан, ишканалардын тобу |
| **узел строительный:** Сопряжение, соединение между собой строительных конструкций, элементов строительных конструкций и их составных частей | **курулуш түйүнү:** Курулуш конструкцияларын, курулуш конструкцияларынын элементтерин жана алардын курамдык бөлүктөрүн өз ара жалгаштыруу, бириктирүү |
| **узел трубопровода:** Ограниченная транспортными габаритами часть линии трубопровода, состоящая из нескольких элементов и арматуры, собранных на разъемных или неразъемных соединениях, которая по размерам и конфигурации может быть установлена в проектное положение | **өткөргүч түтүк түйүнү:** Өлчөмдөрү жана конфигурациясы боюнча долбоордук абалга орнотулушу мүмкүн болгон ажырама же ажырама эмес бириктирилген бир нече элементтер жана арматурадан турган, унаалык тыш өлчөмдөр менен чектелген өткөргүч түтүктүн линиясынын бөлүгү |

| | |
|---|---|
| **узкая створка:** Оконная створка шириной, какправило, до 450 мм, используемая для проветривания помещения | **кууш ачылма жаак:** Жазылыгы, эреже катары, 450 мм чейин болгон жайды желдетүүчүн терезенин жагы |
| **узловой метод строительства:** Организация строительно-монтажных работ с разделением пускового комплекса на взаимоувязанные между собой технологические узлы – конструктивно и технологически обособленные части объекта строительства, техническая готовность которых после завершения строительно – монтажных работ позволяет автономно, независимо от готовности объекта в целом, производить пусконаладочные работы, индивидуальные испытания и комплексное опробование агрегатов, механизмов и устройств | **курулуштун түйүндүк усулу:** Куруу-монтаждоо жумуштарын аяктагандан кийин, объекттин жалпы даярдыгынан көз карандысыз, жөнгө салуу жумуштарын, жекече сыноолорду автономдуу жүргүзүүгө жана агрегаттарды, механизмдерди, түзмөктөрдү комплекстүү текшерүүгө мүмкүндүк берген техникалык даярдыгы ишке киргизилүүчү комплексти өз ара байланыштагы технологиялык түйүндөргө – курулуш объектисинин конструктивдик жана технологиялык өзгөчөлөнгөн бөлүктөрүнө бөлүү менен куруу-монтаждоо жумуштарын уюштуруу |
| **узлы морские:** Временное соединение двух гибких тросов или троса с каким-либо предметом | **деңиз түйүндөрү:** Эки ийкемдүү зым арканды же зым арканды кандайдыр бир предмет менен убактылуу бириктирүү |
| **уклон местности:** Тангенс угла наклона линии местности к горизонтальной плоскости в данной точке | **жердин эңкейиши:** Жердин жантаюу сызыгынын берилген чекиттеги горизонталдуу тегиздик менен түзгөн бурчунун тангенси |
| **укрепление (закрепление) грунта:** Придание грунту, находящемуся в природном состоянии новых физико-механических свойств (повышение прочности, связности, водонепроницае-мости) путем специальной обработки с целью повышения несущей способности основания, закрепления стенок котло-вана и горных выработок, создания противофильтрационных завес и т.д. | **топуракты бекемдөө (бекитүү):** Жерпайдын жүк көтөрүмдүүлүгүн жогорулатуу, аңдын жана тоо казылма-ларынын дубалдарын бекитүү, чыпкаланууга каршы көшөгөлөрдү түзүү ж.б. максатында атайын иштетүү аркылуу табигый абалда турган топуракка жаңы физикалык-механикалык касиеттерди (бекемдикти, илээшкектикти, суу өткөрбөөчүлүктү жогорулатуу) берүү |
| **укрепленный грунт:**<br>1 Искусственный материал, получаемый преимущественно смешением непосредственно на дороге | **бекемделген топурак:**<br>1 Көбүнчөсү тикелей жол үстүндө топуракты (фрезаларды колдонуу менен) цемент менен же башка |

| | |
|---|---|
| (с использованием фрез) грунта с цементом или другим неорганическим вяжущим и водой и отвечающий в проектные и промежуточные сроки нормируемым показателям качества по прочности и морозостойкости;<br>2 Искусственная смесь, получаемая смешением на дороге или в смесительных установках грунтов с органическими вяжущими (жидкими битумами и битумными эмульсиями) и активными добавками и без них или с органическими вяжущими совместно с минеральными | органикалык эмес камдаштыргыч жана суу менен арлаштыруу аркылуу алынган, бекемдиги жана суукка чыдамдуулугу боюнча сапаттын ченемделген көрсөткүчтөрүнө долбоордук жана ортолук мөөнөттөрдө жооп берүүчү жасалма материал;<br>2 Жол үстүндө же аралаштыргыч орнотмолордо топуракты органикалык камдаштыргычтар (суюк битумдар жана битумдук эмульсиялар), активдүү кошмулмалар менен жанааларсыз, же органикалык камдаштыргычтарды минералдар менен бирге аралаштыруу аркылуу алынуучу жасалма аралашма |
| **укрупненные показатели стоимостистроительства (УПСС):** Сметные нормативные документы, как правило, отраслевого назначения, предназначенные для определения стоимости строительства на стадии технико-экономических обоснований (ТЭО), разрабатываемые на здания и сооружения в целом или виды работ на основании смет к рабочим чертежам типовых и индивидуальных экономичных проектов | **курулуш наркынын ирилештирилген көрсөткүчтөрү (КНИК):** Бүтүндөй имараттар жана курулмаларга же типтүү жана үнөмдүү экономикалык долбоорлордун жумуш-чу чиймелеринин сметаларынын неги-зинде жумуштардын түрлөрүнө иште-лип чыгуучу техникалык-экономикалык негиздемелер (ТЭН) стадиясында куру-луштун наркын аныктоо үчүн арналган, эреже катары, тармактык арналыштагы сметалык ченемдик документтер |
| **укрупненные сметные нормы (УСН):** Сметные нормативные документы межотраслевого или отраслевого назначения, предназначенные для определения сметной стоимости монтажных работ как по зданиям и сооружениям в целом, так и по отдельным конструктивным частям зданий и видам работ, а также на узлы технологических установок | **ирилештирилген сметалык ченемдер (ИСЧ):** Бүтүндөй имараттар жана курулмалар боюнча дагы, имараттардын айрым конструкциялары жана жумуштардын түрлөрү боюнча дагы, ошондой эле технологиялык орнотмолордун түйүндөрүнө монтаж-доо жумуштарынын сметалык наркын аныктоо үчүн арналган тармактар аралык же тармактык дайындалыштагы сметалык ченемдик документтер |
| **укрытие вентиляционное:** Устройство, отделяющее место образования вредных выделений от общего объема помещений | **желдеткичтикбаш калка:** Зыяндуу бөлүнүп чыгуулардын ордун жайлардын жалпы көлөмүнөн бөлүп туруучу түзмөк |
| **укрытие населения в средствах** | **калкты жамааттык коргоо** |

| | |
|---|---|
| **коллективной защиты:** Сбор, размещение и жизнеобеспечение населения в средствах коллективной защиты сцелью сохранения жизни и здоровья людей привозникновении чрезвычайных ситуаций | **каражаттарында калкалоо:** Өзгөчө кырдаалдар жаралганда адамдардын өмүрүнжана ден соолугун сактап калуу максатында калкты жамааттык коргоо каражаттарында топтоо, жайгаштыруу жана жашоо тиричилигин камсыз кылуу |
| **улица, площадь:** Территория, ограниченная красными линиями улично-дорожной сети города (населенного пункта) | **көчө, аянт:** Шаардын (калктуу конуштун) көчө-жол тарамынын кызыл сызыктар менен чектелген аймагы |
| **улично-дорожная сеть:** Сеть улиц, площадей и пешеходных пространств, сформированная в единую общегородскую систему, взаимоувязанную с функционально-планировочной организацией населенного пункта | **көчө-жолтарамдары:** Калктуу пункттун функционалдык-пландашты-рууучулук уюштурулуусу менен өз ара байланышкан бирдиктүү жалпы шаардык тутумга калыптандырылган көчөлөрдүн, аянттардын жана жөө жолдор мейкиндиктеринин тарамы |
| **универсальная кабина уборной**: Автономно расположенная кабина уборной, предназначенная для использования лицами с ограниченными возможностями здоровья на кресле-коляске или слепым с сопровождающим лицом, оборудованная унитазом, умывальником и другими принадлежностями | **ажаткананын универсалдуу кабинасы**: Отургуч-арабадагы майыптар же коштоп жүрүүчүсү менен азиз адамдар үчүн арналган, униташтек, жуунгуч жана башка керектүү нерселер менен жабдылган автономдуу жайгашкан ажаткана кабинасы |
| **универсальное замочно-скобяное изделие:** Изделие, применяемое для левой и правой двериили окна | **универсалдуу кулпу-кыстырмалуу буюм:** Сол жана оң эшик же терезе үчүн колдонулуучу буюм |
| **универсальный инструмент в астрономии и геодезии:** Переносной инструмент, в котором зрительная труба может вращаться вокруг вертикальной и горизонтальной осей | **астрономия жана геодезиядагы универсалдуу аспап:** Көрмө түтүгү вертикалдуу жана горизонталдуу октордун айланасында айлана ала турган көтөрмө аспап |
| **уникальные, технически сложные и особо опасные объекты:** Здания и сооружения высотой более 60 метров, главные корпуса ТЭЦ и крупные ГЭС, сооружения пролетом более 36 метров, тоннели длиной более 60 метров, а также объекты, определенные как экспериментальные или выполненные из конструкций, для которых | **бөтөнчө, техникалык жактан татаал жана өзгөчө кооптуу объекттер:** Бийиктиги 60 метрден ашкан имараттар жана курулмалар, ЖЭБ жана ири ГЭЧтин башкы корпустары, арыштары 36 метрден ашкан курулмалар, узундугу 60 метр ден ашкан тоннелдер, ошондой эле эксперименталдык катары аныкталган |

| | |
|---|---|
| применяются либо разрабатываются специальные методы расчета | же эсептөө үчүн атайын эсептөө усулдары иштелип чыгылуучу конструкциялардан тургузулган объекттер |
| **унификация:** Относительное сокращение разнообразия элементов по сравнению с разнообразием систем, в которых они применяются | **бирдейлештирүү:** Колдонуудагы тутумдардын ар түрдүүлүгүнө салыштырмалуу элементтердин ар түрдүүлүгүн салыштырмалуу кыскартуу |
| **уплотнение:** Деталь, устройство, предотвращающие или уменьшающие утечку жидкостей, паров или газов через зазоры между деталями машин и сооружений, а также защищающие детали, узлы машин или помещения от проникновения пыли, грязи, влаги | **тыгыздоо:** Машинелердин жана курулмалардын тетиктеринин ортосундагы жылчыктар аркылуу суюктуктардын, буулардын же газдардын агып кетүүсүнүн алдын алуучу же азайтуучу, ошондой эле машинелердин же жайлардын тетиктерин жана түйүндөрүн чаңдын, кирдин, нымдын кирип кетүүсүнөн коргоочу тетик, түзмөк |
| **уплотнение грунтов:** Эффективный способ повышения прочности и понижения водонепроницаемости нескальных грунтов | **топурактарды тыгыздоо:** Аскалуу эмес топурактардын бекемдигин жогорулатуу жана суу өткөрүүчүлүгүн төмөндөтүүнүн натыйжалуу ыкмасы |
| **уполномоченные органы:** Организации, имеющие статус юридического лица, или часть организации (отдел или подразделение), признанные третьей стороной, которым делегированы полномочия на проведение конкретных работ в определенной области по оценке (подтверждения) соответствия | **ыйгарым укуктуу органдар:** Белгилүү бир чөйрөдөгү шайкештикти баалоо (тастыктоо) боюнча таасын жумуштарды жүргүзүүгө ыйгарым укуктар өткөрүп берилген, үчүнчү жак тарабынан таанылган юридикалык жак макамына ээ уюмдар, же уюмдун (бөлүм же түзүмдүк бөлүм) бөлүгү |
| **уполномоченный государственный орган по делам архитектуры, градостроительства и строительства:** Республиканский государственный орган, осуществляющий руководство в сфере государственного управления архитектурной, градостроительной и строительной деятельностью, а также предусмотренные законодательством межотраслевую координацию и иные специальные исполнительные функции | **архитектура, шаар куруу жана курулуш иштери боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган:** Архитектура, шаар куруу жана курулуш ишмердүүлүктөрүнө мамлекеттик башкаруу чөйрөсүндө жетекчиликти, ошондой эле мыйзамдарда каралган тармактар аралык координациялоону жана башка да атайын аткаруу функцияларын ишке ашырган республикалык мамлекеттик орган |
| **уполномоченный орган по техническому регулированию:** | **техникалык жөндөө боюнча ыйгарым укуктуу орган:** Кыргыз |

| | |
|---|---|
| Уполномоченный Правительством Кыргызской Республики орган исполнительной власти в области технического регулирования | Республикасынын Өкмөтү тарабынан техникалык жөндөө чөйрөсүндө аткаруу бийлигинин ыйгарым укукка ээ болгон органы |
| **уполномоченный представитель:** Юридическое лицо или индивидуальный предприниматель, заключившие договор с изготовителем на право вести торговлю строительными материалами, изделиями и конструкциями и несущие ответственность за их безопасность от его имени в соответствии с законодательством Кыргызской Республики | **ыйгарым укуктуу өкүл:** Өндүрүүчү менен курулуш материалдарын, буюмдарын жана конструкцияларын сатуу укугуна келишим түзүшкөн жана өндүрүүчүнүн атынан алардын коопсуздугу үчүн Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жоопкерчиликти мойнуна алышкан юридикалык жак же жеке ишкер |
| **уполномочивание:** Наделение Правительством Кыргызской Республики органа по оценке соответствия правом выполнения определенной деятельности по оценке (подтверждения) соответствия | **ыйгарым укук берүү:** Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан органга шайкештикти баалоо (тастыктоо) боюнча белгилүү ишмердүүлүктү жүргүзүүгө ыйгарым укуктарды берүү |
| **упор:** Монтажное приспособление, ограничивающее положение элемента конструкций в одном или в двух направлениях (продольном и поперечном) по одному из пределов поля допуска | **таканчык:** Жол берилген талаанын чектеринен бир же эки багытта (узатасынан же туурасынан) конструкциянын элементинин абалын чектөөчү монтаждык ыктам |
| **управление в технике:** Целенаправленное изменение (или поддержание) состояния или параметров технического объекта в соответствии с имеющимся алгоритмом функционирования | **техникадагы башкаруу:** Болгон иштөө алгоритмине ылайык техникалык объекттин абалын же параметрлерин максаттуу өзгөртүү (сактап туруу) |
| **упрочнение:** Повышение сопротивляемости материала или заготовки разрушению или остаточной деформации | **бекемдөө:** Материалдын же даярдаманын талкалануусуна же калдыктуу деформацияланышына каршылык көрсөтүүсүн жогорулатуу |
| **упрощенный нелинейный статический анализ:** Упрощенный нелинейный статический расчет – это расчет, выполняемый при постоянных собственных нагрузках и монотонно возрастающих горизонтальных нагрузках | **жөнөкөйлөтүлгөн сызыктуу эмес статикалык талдоо:** Жөнөкөйлөтүлгөн сызыктуу эмес статикалык эсеп – туруктуу өздүк жүктөмдөрдө жана бир калыпта өсүүчү горизонталдуу жүктөмдөрдө аткарылуучу эсеп |
| **упругая линия в сопротивлении материалов:** Условное название | **материалдардын каршылыгындагы серпилгич сызык:** |

| | |
|---|---|
| кривой, форму которой принимает ось стержня (балки) при изгибе | Өзөктүн огу ийилүүдө кабыл алуучу ийри сызыктын формасынын шарттуу аталышы |
| **упругие волны:** Упругие возмущения (деформации), распространяющиеся в твердой, жидкой и газообразной средах | **серпилгич толкундар:** Катуу, суюк жана газ сымал чөйрөлөрдө тарай турган серпилгич козгоолуулар (деформациялар) |
| **упругость:** Свойство тела деформироваться под влиянием нагрузок и воздействий, связанных с возникновением внутренних сил, и полностью восстанавливать свою первоначальную форму и объем (твердые тела) либо только объем (жидкие и газообразные тела) после прекращения действия нагрузок и воздействий, вызывающих деформацию тела | **серпилгичтик:** Ички күчтөрдүн пайда болуусу байланышкан жүктөмдөрдөн жана таасирлерден улам нерсенин деформацияланууу жана деформацияны пайда кылуучу жүктөмдөрдүн жана таасирлердин аракетин токтоткондо өзүнүн алгачкы формасын жана көлөмүн (катуу нерселер), же болбосо көлөмүн гана (суюк жана газ түрүндөгү нерселер) толук калыбына келтирүү касиети |
| **уровень:** Прибор для проверки горизонтальности плоскостей или для измерения малых углов наклона | **деңгээл:** Жалпак тегиздиктердин горизонталдуулугун текшерүү же жантаюунун кичине бурчтарын өлчөө үчүн алет |
| **уровень обеспечения пожарной безопасности:** Количественная оценка предотвращенного ущерба при возможном пожаре | **өрт коопсуздугун камсыз кылуу деңгээли:** Мүмкүн болгон өрттө болбой калган зыянды сандык баалоо |
| **уровень пожарной опасности:** Количественная оценка возможного ущерба от пожара | **өрт кооптуулугунун деңгээли:** Өрттөн мүмкүн болгон зыян тартууну сандык баалоо |
| **уровень токсичности материалов:** Предельно допустимое количество вредных химических веществ, выделяемое материалами в окружающую среду | **материалдардын уулуулук деңгээли:** Материалдардан курчап турган чөйрөгө бөлүп чыгарылуучу зыяндуу химиялык заттардын мүмкүн болгон чектик саны |
| **уровень ударного шума:** Средний уровень звукового давления в рассматриваемой полосе частот в помещении низкого уровня под перекрытием, подвергающимся воздействию стандартной ударной машины | **соккулук ызы-чуунун деңгээли:** Стандарттуу сокку машинесинин таасирине дуушар болгон калка алдындагы деңгээли төмөн жайдагы жыштыктардын каралып жаткан тилкесиндеги дабыш басымынын орточо деңгээли |
| **уровнемер:** Прибор для измерения или контроля уровня жидкости в баках, резервуарах, водоемах, а также сыпучих | **деңгээл өлчөгүч:** Челектердеги, резервуарлардагы, көлмөлөрдөгү суюктуктардын, ошондой эле |

| | |
|---|---|
| веществ в бункерах, хранилищах и т.п. | бүңкүрлөрдөгү, сактагычтардагы д.у.с. эшилме заттардын деңгээлин өлчөө жана контролдоо үчүн алет |
| **усадебный жилой дом:** Одноквартирный дом с приквартирным участком, постройками для подсобного хозяйства | **чарбактык турак үй:** Көмөкчү чарба үчүн курулуштары, батир алдындагы участкасы менен бир батирлүү үй |
| **усадебный участок:** Земельный участок, отведенный для размещения (строительства) индивидуального жилого дома, а также хозяйственно-бытовых строений, объектов малого предпринимательства и озеленения | **чарбактык участок:** Жеке турак үйдү, ошондой эле чарбалык-тиричилик, чакан ишкердүүлүк курулуштарын жана жашылдандыруу объекттерин жайгаштыруу (куруу) үчүн бөлүнгөн жер участогу |
| **усадка:** Уменьшение линейных размеров и объема материалов вследствие потери ими влаги, уплотнения, затвердевания и других процессов | **жыйрылуу:** Нымдуулугун жоготкондо, ныкталганда, катыганда ж.б. жараяндардын натыйжасында материалдардын сызыктуу өлчөмдөрүнүн жана көлөмүнүн кичирейиши |
| **усадка раствора:** Уменьшение линейных размеров и объема затвердевшего строительного раствора вследствие потери им влаги, уплотнения, затвердевания и др. процессов | **эритменин жыйрылуусу:** Нымдуулугун жоготкондо, ныкталганда, катыганда ж.б. жараяндардын натыйжасында курулуш эритмесинин сызыктуу өлчөмдөрүнүн жана көлөмүнүн кичирейиши (азайышы) |
| **усадка цемента:** Уменьшение линейных размеров цементного камня при твердении | **цементтин жыйрылуусу:** Цемент ташынын катууланууусунда анын сызыктык өлчөмдөрүнүн кичирейиши |
| **усиление:** Проведение мероприятий, в результате которых повышается первоначальная несущая способность конструкций | **бекемдөө:** Конструкциялардын алгачкы жүк көтөрүмдүүлүгү жогорулай турган иш-чараларды өткөрүү |
| **усиление конструкций зданий и сооружений:** Повышение несущей способности конструкций существующих зданий и сооружений или их отдельных частей | **имараттар жана курулмаларды бекемдөө:** Мурун курулган имараттар жана курулмалардын же алардын айрым бөлүктөрүнүн конструкцияларынын жүк көтөрүмдүүлүгүн жогорулатуу |
| **усиленная изоляция:** Улучшенная рабочая изоляция, обеспечивающая такую же степень защиты от поражения электрическим током, каки двойная изоляция | **күчөтүлгөн обочолонтуу:** Электр агынынан жабыр тартуудан кош обочолонтуудай эле коргоо даражасын камсыз кылган жакшыртылган жумушчу обочолонтуу |
| **усилия:** Внутренние силы, возникающие в поперечном сечении | **күчтөнүүлөр:** Конструкциянын элементинин туура кесилишинде |

| | |
|---|---|
| элемента конструкций от внешних нагрузок и воздействий (продольная и поперечная силы, изгибающий и крутящий моменты) | сырткы жүктөмдөрдөн жана таасирлерден пайда болуучуички күчтөр (узатасыннан жана туурасынан багытталган күчтөр, ийилтүүчү жана толгоочу моменттер) |
| **ускорение:** Векторная величина, характеризующая быстроту изменения с течением времени вектора скорости *v* точки по его численному значению и направлению: $a = dv/dt$ | **ылдамдануу:** Чекиттин ылдамдык векторунун *v* анын сандык мааниси жана багыты боюнча убакыттын өтүшү менен өзгөрүлүүлөрүн мүнөздөөчү а вектордук чоңдук: $a = dv/dt$ |
| **ускорение свободного падения:** Ускорение, сообщаемое свободной материальной точке силой тяжести | **эркин кулоонун ылдамдануусу:** Эркин материалдык чекитке оордук күчүнөн берилүүчү ылдамдануу |
| **ускоренные коррозионные испытания:** Лабораторные коррозионные испытания, проводимые по специальной методике с целью быстрого получения необходимых и достаточных результатов | **тездетилген коррозиялык сыноолор:** Керектүү жана жетиштүү натыйжаларды алуу максатында атайын усулдама боюнча жүргүзүлүүчү лабораториялык коррозиялык сыноолор |
| **условия труда:** Совокупность факторов производственной среды и трудового процесса, оказывающих влияние на работоспособность и здоровье человека | **эмгек шарттары:** Адамдын жумушка жарамдуулугуна жана ден соолугуна таасир тийгизүүчү өндүрүш-түк чөйрөнүн жана эмгек жараянынын факторлорунун жыйындысы |
| **условная рабочая поверхность:** Условно принятая горизонтальная поверхность, расположенная на высоте 0,8 м от пола | **шарттуу жумушчу бет:** Төшөлмөдөн 0,8 м бийиктикте жайгашкан шарттуу кабыл алынган горизонталдуу бет |
| **условное наименование изделия:** Дополнение к наименованию изделия в виде условного обозначения для характеристики отличия исполнения или группы исполнений изделия от других изделий аналогичного назначения | **буюмдун шарттуу аталышы:** Ушундай эле арналыштагы башка буюмдардан буюмдун даярдалышынын же буюмдун даярдалыш тобунун айырмачылыктарын мүнөздөө үчүн буюмдун аталышына шарттуу белги түрүндөгү кошумча |
| **услуги по монтажу (ремонту, техническому обслуживанию) средств обеспечения пожарной безопасности зданий (сооружений)**: Услуги исполнителя по монтажу (ремонту, техническому обслуживанию) оборудования, приборов и коммуникаций, систем | **имараттардын (курулмалардын) өрт коопсуздугун камсыз кылуу каражаттарын монтаждоо (оңдоо, техникалык тейлөө) боюнча кызмат көрсөтүүлөр:** Имараттардын (курулмалардын) өрттөн коргоо тутумдарын, жабдууларын, алеттерин жана коммуникацияларын монтаждоо |

| | |
|---|---|
| противопожарной защиты зданий (сооружений) | (ондоо, техникалык тейлөө) боюнча аткаруучунун кызмат көрсөтүүлөрү |
| **усталость материалов:** Изменение механических и физических свойств материала в результате действия многократных знакопеременных (цикличных) или однозначных, нередко вибрирующих нагрузок, приводящее к его прогрессирующему разрушению | **материалдардын чарчоосу:** Көп жолку белги өзгөртүүчү (циклдик) же бир белгидеги, көпчүлүк учурларда титиретме, сынуусун тездетүүгө алып келүүчү жүктөмдөрдүн натыйжасында материалдын механикалык жана физикалык касиеттеринин өзгөрүүсү |
| **установка пожарной сигнализации:** Совокупность технических средств, предназначенных для обнаружения пожара, обработки, передачи в заданном виде извещения о пожаре, специальной информации и (или) выдачи команд на включение автоматических установок пожаротушения и дымоудаления, технологического и инженерного оборудования, а также других устройств противопожарной защиты | **өрт ишарат белгилегичин орнотуу:** Өрттү айкындоо, өрт тууралуу кабарды, атайын маалыматты берилген түрдө иштеп чыгуу, жеткирүү, жана (же) өрт өчүрүүчү жана түтүндү чыгаруучу автоматтык орнотмолорду, технологиялык жана инженердик жабдууларды, ошондой эле өрткө каршы коргонуунун башка түзмөктөрүн иштетүүгө команда берүү үчүн арналган техникалык каражаттардын жыйындысы |
| **установка пожаротушения:** Совокупность стационарных технических средств для тушения пожара за счет выпуска огнетушащего вещества | **өрт өчүрүүчү орнотмо:** Өрт өчүрүүчү затты чыгаруунун эсебинен өрттү өчүрүү үчүн стационардык техникалык каражаттардын жыйындысы |
| **установка СО2 пожаротушения:** Установка пожаротушения, в которой в качестве огнетушащего вещества используется двуокись углерода | **СО2 өртөчүрүү орнотмосу:** Өрт өчүрүүчү зат катары көмүртектин кош кычкылы пайдаланылган өрт өчүрүүчү орнотмо |
| **установка спринклерная:** Установка автоматического пожаротушения, состоящая из сети постоянно наполненных водой труб со специальными водоразбрызгивающими насадками (спринклерами) и предназначенная дляместного тушения и локализации очага пожара впомещении | **спринклер орнотмосу:** Атайын сууну чачыратуучу кийме учтары (спринклерлери) менен дайыма суу толтурулган түтүктөр тарамынан турган жана жайдагы өрттүночогун жеринде өчүрүү же чектөө үчүн арналган автоматтык өрт өчүрүүчү орнотмо |
| **установка флотационная:** Установка для выделения из сточных вод тонкодисперсионных твердых или эмульгированных жидких механических | **флотация орнотмосу:** Агынды суулардан жука дисперстүү катуу же эмульгияланган суюк механикалык кошундуларды аба көбүктөрүнүн |

| | |
|---|---|
| примесей путем прилипания их к поверхности воздушных пузырьков | бетине жабыштырып алуу жолу менен бөлүп алуу үчүн орнотмо |
| **установка хладонового пожаротушения:** Установка пожаротушения, в которой в качестве огнетушащего вещества используют составы на основе галоидированных углеводородов | **хладондук өрт өчүрүү орнотмосу:** Өрт өчүрүүчү зат катары галоиддештирилген көмүр суутегинин негизиндеги курамдар пайдаланылган өрт өчүрүүчү орнотмо |
| **устой:**<br>1 Конструкция, сопрягающая бетонную или железобетонную плотину с берегом (устой береговой), либо плотиной из грунтовых материалов (устой сопрягающий);<br>2 Крайняя опора мостового сооружения, сопрягающая его с земляным полотном дороги | **жалгама:**<br>1 Бетон же темирбетон тогоонун жээк (жээктик жалгама), же топурак материалдардан көтөрүлгөн тогоон (жалгаштыруучу жалгама) менен жалгаштыруучу конструкция;<br>2 Көпүрөлүк курулманы жолдун топурактуу тилкеси менен жалгаштыра турган анын четки таянычы |
| **устойчивое пламенное горение:**<br>1 Горение, продолжающееся до очередного воздействия на образец пламени от источника зажигания;<br>2 Непрерывное пламенное горение материала не менее 5 с | **туруктуу жалындап күйүү:**<br>1 Жалын үлгүсүнө тутантуу булагынан кезектеги таасир этүүгө чейин уланып күйүү;<br>2 Материалдын 5 с кем эмес убакыт үзгүлтүксүз жалындап күйүүсү |
| **устойчивое развитие территорий:** Обеспечение при осуществлении градостроительной деятельности безопасности и благоприятных условий жизнедеятельности человека, ограничение негативного воздействия хозяйственной и иной деятельности на окружающую среду и обеспечение охраны и рационального использования природных ресурсов в интересах настоящего и будущего поколений | **аймактарды туруктуу өнүктүрүү:** Шаар куруу ишмердигин жүргүзүүдө адамдын жашоо-тиричилигине коопсуздукту жана жагымдуу шарттарды камсыздоо, чарбалык жана башка ишмердиктердин айлана чөйрөгө терс таасирин чектөө жана азыркы жана кийинки муундардын кызыкчылыгында жаратылыш ресурстарын коргоону жана рационалдуу пайдаланууну камсыз кылуу |
| **устойчивость зданий (сооружения):** Способность здания (сооружения) противостоять усилиям, стремящимся вывести его из исходного состояния статического или динамического равновесия | **имараттардын (курулмалардын) туруктуулугу:** Имараттын (курулманын) аны алгачкы статикалык же динамикалык тең салмактуулук абалынан чыгарууга аракет эткен күчтөргө каршы туруу касиети |
| **устойчивость крана:** Способность крана противодействовать опрокидывающим моментам | **крандын туруктуулугу:** Крандын аңтаруу моменттерине каршы туруу касиети |

| | |
|---|---|
| **устойчивость объекта защиты при пожаре:** Свойство объекта защиты сохранять конструктивную целостность и (или) функциональное назначение при воздействии опасных факторов пожара и их вторичных проявлений | **коргоо объектисинин өрт учурундагы туруктуулугу:** Коргоо объектисинин өрттүн кооптуу факторлорунда жана алардын экинчи таасирлеринде конструктивдик бүтүндүгүн жана (же) функционалдык дайындалышын сактап калуу касиети |
| **устойчивость объекта при пожаре:** Свойство объекта предотвращать воздействие на людей и материальные ценности опасных факторов пожара и их вторичных проявлений | **объектинин өрт убагындагы туруктуулугу:** Объекттин өрттүн кооптуу факторлорунун жана алардын экинчи таасирлеринин адамдарга жана материалдык баалуулуктарга таасирин алдын алуу касиеттери |
| **устойчивость основания:** Способность основания сооружения противостоять выпиранию грунта из-под подошвы фундамента под действием нагрузок, передаваемых сооружением на основание | **жерпайдын туруктуулугу:** Курулманын таасир этүүчү жүктөмдөрдү жерпайга өткөрүп берүүсүндө пайдубалдын таманынан топурактын сыгылып чыгуусуна курулманын жерпайынын каршы туруу касиети |
| **устойчивость природных систем к воздействию:** Способность природных систем сохранять свою структуру и функциональные свойства при естественно-природном и антропогенном воздействии | **жаратылыш тутумдарынын таасир этүүлөргө туруктуулугу:** Жаратылыш тутумдарынын табигый-жаратылыш жана антропогендик таасир этүүдө өзүнүн түзүмүн жана функционалдык касиеттерин сактоо жөндөмдүүлүгү |
| **устройство:** Совокупность элементов, представляющих единую конструкцию (многоконтактное реле, набор транзисторов, плата, блок, шкаф, механизм, разделительная панель и т.п.). Устройство может не иметь в изделии определенного функционального назначения | **түзмөк:** Бирдиктүү конструкцияны түзүүчү элементтердин жыйындысы (көп тиймелүү реле, транзисторлор топтому, плата, блок, шкаф, механизм, бөлүүчү панель д.у.с.). Түзмөк буюмда белгилүү бир аныкталган функционалдык дайындалышка ээ болбошу да мүмкүн |
| **уступы:** Сосредоточенные деформации земной поверхности, проявляющиеся в образовании трещин со сдвигом пород. Уступы возникают как следствие относительных разрывных перемещений смежных участков по напластованию, поверхностям разрывных нарушений, | **кетенчиктер:** Жаракалар пайда болгондо тоо тектеринин жылышуусу мененөтүүчү жер бетинин топтошкон деформациялары. Кетенчиктер (кашаттар) катмарлануусу, айрылып бузулуу беттери, каттамалардын октук беттери д.у.с. боюнча чектеш участкалардын салыштырмалуу |

| | |
|---|---|
| осевым поверхностям складок и т.п. Различают прямые и обратные уступы. У прямого уступа участок у края трещины, расположенной ближе к точке максимального оседания, оседает больше, чем расположенный дальше от этой точки; у обратного уступа – наоборот | айрылып которулууларынын натыйжасы катары пайда болот. Түз жана тескери кетенчиктер (кашаттар) деп экиге бөлүнүшөт. Түз кетенчикте (кашатта) максималдуу отуруу чекитине жакын жайгашкан жараканын четиндеги участок ал чекиттен алысыраак жайгашканга караганда көбүрөөк отуруп калат; ал эми тескери кетенчиктики (кашаттыкы) - тескерисинче |
| **устье поручня:** Устройство, расположенное в месте перехода поручня с рабочей на нерабочую ветвь | **кармагычтын жалгамасы:** Кармагычтын жумушчу бутагынан жумушчу эмес бутагына өткөн жеринде жайгашкан түзмөк |
| **участок:** Земельный участок (территория), расположения объекта строительства, реконструкции, капитального ремонта принадлежащий застройщику, имеющий в необходимых случаях функционально связанные с объектом элементы | **участок:** Курулуш объектисин жайгаштыруу, аны кайра конструкциялоо, капиталдык оңдоо үчүн куруучуга тиешелүү жер участогу (аймагы), зарыл болгон учурларда объект менен функционалдык жактан байланышкан элементтерге ээ |
| **участок жилой, смешанной жилой застройки:** Территория площадью до 1,5 га, на которой размещаются жилые дома различной этажности с придомовой территорией | **турак жай, аралаш турак жай курулушунун участогу:** Үйгө караштуу жерлери менен ар кандай кабаттуу турак үйлөр жайгаштырылуучу аянты 1,5 гектарга чейинки аймак |
| **участок трубопровода:** Часть технологического трубопровода из одного материала, по которому транспортируют вещество с одним давлением и температурой | **өткөрмө түтүктөрдүн участок:** Басымы жана температурасы бирдей зат ташуучу бир материалдан даярдалган технологиялык өткөргүч түтүктүн бөлүгү. |
| **ущерб от пожара:** Жертвы пожара и материальные потери, непосредственно связанные с пожаром | **өрттөнболгон зыян:** Өрт менен тикелей байланыштагы өрттүн курмандыктары жана материалдык жоготуулар |
| **факсимильная подпись (факсимиле)**: Специально изготовленный штамп (клише), заменяющий собственноручную подпись лиц с ограниченными возможностями здоровья, которые в | **факсимилдик кол тамга (факсимиле):** Ден соолугунун абалынан (көрүүнүн бузулушу, колу-буту жоктугу, кыймыл координациясынын бузулушу, шал болуу) улам өз колтамгасын коюуга |

| | |
|---|---|
| силу состояния здоровья не имеют возможности самостоятельно совершать собственноручную подпись (нарушение зрения, отсутствие конечности, нарушение координации движений, паралич) | мүмкүнчүлүгү болбогон майып адамдардын өз кол тамгасын алмаштыруучу атайын даярдалган мөөр (басма калып) |
| **фактическая изоляция воздушного шума:** Десятикратный десятичный логарифм отношения звуковой мощности, падающей на испытываемый образец, к полной звуковой мощности, переданной в помещении низкого уровня, в том числе и по обходным путям | **аба ызы-чуусун факт жүзүндө обочолонтуу:** Сыналуучу үлгүгө түшүүчү үн кубаттуулугунун төмөнкү деңгээлдеги жайдагы өткөрүп берилген толук үн кубаттуулугуна, анын ичинде айланма жолдор боюнча, катышынын он эселик ондук логарифми |
| **фактическая отметка:** Существующая высота точки относительно исходного уровня | **факт жүзүндөгү деңгээлдик белги:** Чекиттин баштапкы деңгээлге салыштырмалуу турган бийиктиги |
| **фактическая плотность бетона в партии:** Среднее значение плотности бетона в партии, определяемое по результатам испытаний контрольных образцов или радиоизотопным методом непосредственно в конструкции | **партиядагы бетондун факт жүзүндөгү тыгыздыгы:** Контролдук үлгүлөрдү сыноолор же түздөн-түз конструкциялардын өзүндө радиоизотоптук усул менен сыноолордун натыйжалары боюнча аныкталуучу партиядагы бетондун тыгыздыгынын орточо мааниси |
| **фактическая прочность раствора:** Прочность затвердевшего строительного раствора, определяемая по результатам испытания контрольных образцов или образцов, взятых непосредственно из конструкций | **эритменин факт жүзүндөгү бекемдиги:** Контролдук үлгүлөрдү же түздөн-түз конструкциялардын өзүнөн алынган үлгүлөрдү сыноонун натыйжалары боюнча аныкталуучу катыган курулуш эритиндисинин бекемдиги |
| **фактический приведенный уровень ударного шума:** Приведенный уровень звукового давления подперекрытием, определяемый с учетом косвеннойпередачи звука | **соккулукызы чуунун факт жүзүндөгү келтирилген деңгээли:** Үндүн кыйыр берилүүсүн эсепке алуу менен аныкталуучу калка алдындагы үн басымынын келтирилген деңгээли |
| **факторы опасности:** Показатели и параметры, характеризующие возможность возникновения опасных природных воздействий и интенсивность их проявления | **кооптуулук факторлор:** Кооптуу жаратылыш таасирлеринин пайда болуу мүмкүндүгүн жана алардын таасир этүү ургаалдуулугун мүнөздөгөн көрсөткүчтөр жана параметрлер |
| **фанера:** Листовой древесный материал, получаемый склеиванием трех или более листов лущеного шпона | **фанер:** Үч же андан көп кабыкталган кабыкбетти (жанаша баракчаларда өз ара перпендикуляр жайгашкан жыгач |

| | |
|---|---|
| (с взаимно перпендикулярным расположением волокон древесины в смежных листах) | булалары менен) чапташтыруудан алынган барак сымал жыгач материал |
| **фаолит:** Пластмасса на основе феноло-формальдегидной смолы и кислотостойкого наполнителя – асбеста, графита, талька | **фаолит:** Фенол-формальдегид чайырынын жана кычкылдыкка туруктуу толтургучтун –асбест, графит, тальктын негизинде даярдалган пластмасса |
| **фартук балюстрады:** Нижняя вертикальная часть балюстрады, расположенная вдоль трассы лестничного полотна на уровне ступеней, предназначенная для регулирования зазора между ступенью и балюстрадой | **балюстрада белдемчиси:** Тепкич жана балюстраданын ортосундагы жылчыкты жөндөөгө салууга арналган тепкичтердин деңгээлинде шаты тилкесинин трассасын бойлото жайгашкан балюстраданын төмөнкү вертикалдуу бөлүгү |
| **фарфор:** Плотный керамический материал, а также изделия из него | **фарфор:** Тыгыз керамикалык материал, ошондой эле андан даярдалган буюмдар |
| **фарфоровый камень:** Тонкозернистая горная порода | **фарфор ташы:** Майда дандуу тоо теги |
| **фасад:** Внешняя (лицевая) сторона сооружения (здания) | **фасад:** Курулманын (имараттын) сырткы (беттик) тарабы |
| **фасадная керамика:** Керамические изделия, получаемые из глин | **фасаддык керамика:** Чоподон алынуучу керамика буюмдары |
| **фахверк:** Каркас (остов) ограждающей конструкции здания, состоящий обычно из стоек и ригелей, в некоторых случаях и раскосов, промежутки между которыми заполнены камнем или кирпичом | **фахверк:** Адатта, тик турмалардан жана ригелдерден, айрым учурларда жантык тирөөчтөрдөн турган, аралары таш же кыш менен толтурулган имараттын тосмолоочу конструкциясынын каркасы (негизи) |
| **фашина:** Туго стянутая связка хвороста в форме цилиндра диаметром 20 – 25 см | **боо чырпык:** Диаметри 20 – 25 см цилиндр формасындагы чырпыктын катуу тартылган байлагычы |
| **фаянс:** Плотный керамический материал, а также изделия из него | **фаянс:** Тыгыз керамикалык материал жана андан даярдалган буюмдар |
| **феноло-формальдегидные смолы, фенольные смолы:** Синтетические смолы, продуктыполиконденсации фенола с формальдегидом; вязкие жидкости и твердые вещества | **фенол-формалдегиддик чайырлар, фенолдук чайырлар:** Синтетикалык чайырлар, фенолдун формалдегид менен көп түрдүү каныгуусунун өндүрүмдөрү; илээшкек суюктуктар жана катуу заттар |
| **фенопласты:** Пластмассы на основе феноло-формальдегидных смол | **фенопласттар:** Фенол-формальдегиддик чайырлардын негизиндеги пластмассалар |

| | |
|---|---|
| **ферма:** Стержневая несущая конструкция покрытия здания, пролетного строения моста, гидротехнических и других сооружений | **ферма:** Имараттын жабуусунун, көпүрөнүн арыштык курулушунун, гидротехникалык жана башка курулмалардын өзөктүк жүк көтөрүүчү конструкциясы |
| **фермовоз:** Специализированный полуприцеп для перевозки железобетонных ферм длиной 18 – 30м, устанавливаемых в специальной кассете в вертикальном или наклонном положении | **ферма ташуучу:** Атайын кассетада вертикалдуу же жантайган абалда орнотулуучу узундугу 18 – 30 м келген темирбетон фермаларды ташуу үчүн арналган атайлаштырылган жарым чиркеме |
| **фиал:** В готической архитектуре декоративноевенчание пинаклей, щипцов, контрфорсов в виде пирамиды, фигурного шпиля | **фиал:** Готика архитектурасында пинаклдерди, кыпчыткычтарды, сүйөткүлөрдү пирамида, фигуралуу шиш түрүндөгү жасалга таажылоо |
| **фибра:** Листовой материал, изготовляемый пропиткой непроклееной тряпичной бумаги (несколько слоев) концентрированным раствором хлорида цинка | **фибра:** Чапталбаган кездеме кагазына (бир нече катмарлуу) цинк хлоридинин каныккан эритиндисин сиңирипдаярдалган барак сымал материалы |
| **фибрилляционный ток:** Электрический ток, вызывающий при прохождении через организм фибрилляцию сердца | **фибрилляциялык электр агыны:** Организм аркылуу өткөндө жүрөктүн фибриляциясын пайда кылган электр агыны |
| **физический износ здания (сооружения, оборудования, коммуникаций, объектов жилищно-коммунального назначения, элемента):** Показатель, характеризующий изменение технического состояния здания (сооружения, оборудования, коммуникаций, объектов жилищно-коммунального назначения) по сравнению с первоначальным состоянием; | **имараттын (курулманын, жабдуунун, коммуникациялардын, турак жай-коммуналдык дайындалыштагы объекттин, элементтин) физикалык эскирүүсү:** Алгачкы абалы менен салыштырмалуу имараттын (курулманын, жабдуунун, коммуникациялардын, турак жай-коммуналдык дайындалыштагы обьекттин) техникалык абалынын өзгөрүлүүсүн мүнөздөөчү көрсөткүч; |
| **физкультурно-спортивные залы:** Помещения площадью более 150 м² для проведения тренировок, физкультурно-спортивных занятий без мест для зрителей, а также для соревнований с местами для зрителей | **дене тарбия-спорт залдары**: Көрүүчүлөр үчүн орундары жок, машыгууларды, дене тарбия-спорт сабактарын өткөрүү, ошондой эле мелдештерүчүн көрүүчүлөргө орундары менен 150 м² ашык аянтка ээ жайлар |

| | |
|---|---|
| **фильтр:** Устройство или сооружение для фильтрования неоднородных систем (смесей), в результате чего происходит их разделение (очищение), осветление, сгущение | **чыпка:** Чыпкалоонун натыйжасында бир тектүү эмес тутумдар (аралашмалар) бөлүнүүгө (тазаланууга), түзсүздөнүүгө, коюуланууга дуушар болгон чыпкалоо үчүн түзмөк же курулма |
| **фильтр для очистки воды:** Сооружение, предназначенное для удаления из воды взвешенных веществ фильтрованием | **сууну тазалоо үчүн чыпка:** Чыпкалоо менен калкыма заттарды суудан арылтууга арналган курулма |
| **фильтр обратный:**<br>1 Составная часть дренажей, устраиваемых в гидротехнических сооружениях;<br>2 Совокупность двух или более слоев не связанных грунтов, уложенных в порядке возрастания крупности частиц по отношению к направлению фильтрационного потока воды сцелью предотвращения выноса частиц грунта сооружения или его основания | **тескери чыпка:**<br>1 Гидротехникалык курулмаларда орнотулуучу сарыктыргычтардын курамдык бөлүгү;<br>2 Курулманын же анын жерпайынын топурагынын бөлүкчөлөрүн жууп кетүүнүн алдын алуу максатында чыпкалануучу суу агымынын багытына карата бөлүкчөлөрдүн ирилигинин чоңоюусу боюнча жайгаштырылган байланышы жок топурактардын эки же андан көп катмарларынын жыйындысы |
| **фильтр-пресс:** Установка для механического обезвоживания тонкодисперсионных осадков минерального происхождения бытовых и производственных сточных вод | **чыпка-жубас:** Тиричилик жана өндүрүштүк агынды суулардын минерал тектүү жука дисперсиялык тунмаларын механикалык суусуздандыруу үчүн орнотмо |
| **фильтрация:** Движение жидкостей или газов через пористую среду | **чыпкалануу:** Көңдөйлүү чөйрө аркылуу суюктуктардын же газдардын кыймылы |
| **фильтрование:** Разделение суспензий или аэрозолей при помощи пористых перегородок (металлических, стеклянных и др.), пропускающих жидкость или газ, но задерживающих твердые частицы | **чыпкалоо:** Суюктукту же газды өткөрүүчү, бирок катуу бөлүкчөлөрдү кармап калуучу, көңдөйлүү тосмолордун (металл, айнек ж.б.) жардамы аркылуу майда эзиндилерди же аэрозолдорду бөлүү |
| **фитинг:** Соединительная деталь трубопровода, помещаемая на поворотах, переходах, разветвлениях или в местах соединения прямолинейных основных звеньев труб одинакового или разных диаметров (муфты, тройники, крестовина, отводы и др.). Ф. называются также некоторые | **фитинг:** Бурулуштарда, өтмөктөрдө, бутактанууларда жебирдей же ар кандай диаметрдеги түтүктөрдүн түз негизги звенолорун бириктирүү жерлеринде жайгаштырылуучу өткөргүч түтүктүн бириктирүүчү тетиги (кошкучтар, үч илтиктер, төрт илтиктер, бургучтар ж.б.).Ф. деп айрым көмөкчү |

| | |
|---|---|
| вспомогательные детали: пробки-заглушки, футорки и т.д. | тетиктерди: тыгын-бүтөгүч, футоркалар д.у.с. дагы аташат |
| **флокула:** Рыхлый хлопьевидный агрегат, образовывающийся в дисперсных системах (суспензиях, эмульсиях, золях) из нескольких частиц вследствие взаимодействия адсорбированных на них поверхностно-активных веществ – флокулянтов или собирателей, иногда совместно с пузырьками воздуха (аэрофлокула). Процесс образования флокулы, получивший название «флокуляция», применяется, например, при водоподготовке и очистке сточных вод | **флокула:** Флокулянттар же жыйнагычтар, кээде абанын көбүктөрү (аэрофлокула) менен бирге алардын адсорбцияланган беттик активдүү заттардын өз ара аракеттенишүүсү аркылуу дисперсиялык тутумдарда (майда эзиндилерде, эмульсияларда, золилерде) пайда болгон бир нече бөлүкчөлөрдөн турган бош, борпоң түрдөгү агрегат. Флокуланын жаралуу жараянында пайда болгон «флокуляция» аталышы мисалы, суу даярдоодо жана агын сууларды тазартууларда пайдаланылат |
| **флокулянты:** Природные или синтетические органические вещества, адсорбирующиеся на поверхности частиц в жидких дисперсных системах (суспензиях, эмульсиях) и вызывающие образование флокул | **флокулянттар:** Суюк дисперстүү тутумдарда (майда эзиндилерде, эмульсияларда) бөлүкчөлөрдүн бетинде адсорбцияланган жана флокуллалардын пайда болушуна себеп болгон табигый же синтетикалык органикалык заттар |
| **флюгер:** Метеорологический прибор для определения направления и скорости ветра | **флюгер:** Шамалдын багытын жана ылдамдыгын аныктоо үчүн метереологиялық алет |
| **флютбет:** Совокупность частей плотины или другого напорного гидротехнического сооружения, служащих искусственным ложем для открытого водного потока | **флютбет:** Ачык суу агымы үчүнжасалма төшөмө катары кызмат өтөгөн тогоондун же башка басымдуу гидротехникалык курулманын бөлүктөрүнүн жыйындысы |
| **фольгоизол:** Рулонный материал, представляющий собой рифленую алюминиевую фольгу (толщиной 0,1 – 0,2 мм) с резино-битумным или полимер-битумным покрытием с однойстороны | **фольгоизол:** Бир жагынан резина-битум же полимербитум жабуусу менен капталган бодурланган алюминий фольгасы (калыңдыгы 0,1 – 0,2 мм) түрүндөгү түрүлмө материал |
| **фон:** Поверхность, прилегающая непосредственно к объекту различения, на которой он рассматривается. Фон считается: светлым - при коэффициенте отражения поверхности более 0,4; средним – то же, от 0,2 до 0,4; темным - то же, менее 0,2 | **фон:** Ал каралып жаткан айырмалоо объектисине түздөн-түз жалгашкан бет**.** Фон беттин чагылуу көмөк чоңдугу 0,4 чоң болсо ачык, 0,2 ден 0,4кө чейин – орто, 0,2 ден кем болсо – күңүрт болуп эсептелет |
| **фонари:** Часть покрытия здания в | **панарлар:** Желдетүү жана (же) |

| | |
|---|---|
| виде остекленной, как правило, надстройки, предназначенная для аэрации и (или) верхнего освещения производственных помещений | өндүрүш жайларын жогортон жарыктандыруу үчүн арналган, эреже катары, имараттын жабуусунун үстүнө курулган айнектелген бөлүгү |
| **фонарь:**<br>1 В архитектуре – возвышающаяся часть покрытия общественного или промышленного здания с оконными проемами для естественного воздухообмена и (или) освещения;<br>2 Осветительный или сигнальный прибор | **панар:**<br>1 Архитектурада – абанын табигый айлануусу жана (же) жарыктандыруу үчүн терезе оюктары менен коомдук же өнөр жай имараттарынын жабуусунун көтөрүңкү бөлүгү;<br>2 Жарыктандыруучу же ишарат белги берүүчү алет |
| **форма:** Технологическое оборудование для получения из формовочных смесей строительных изделий с заданными размерами и конфигурацией | **калып:** Калыптоочу аралашмалардан белгиленген өлчөмдүү жана конфигурациялуу курулуш буюмдарын алуу үчүн технологиялык жабдуу |
| **штапик балюстрады:** Элемент балюстрады, закрывающий зазор между смежными щитами балюстрады | **балюстраданын жылчык жапкычы:** Балюстраданын жандаш калканчтарынын ортосундагы жылчык-ты жабуучу балюстрада элементи |
| **штольня:** Горизонтальная или наклонная подземная горная выработка с непосредственнымвыходом на земную поверхность | **жертешик:** Түздөн-түз жер бетине чыкмасы менен жер астындагы горизонталдык же жантайма тоо казындысы |
| **штрек:** Горизонтальная подземная горная выработка, не имеющая непосредственного выхода на поверх-ность, располагаемая по простиранию наклонно залегающего полезного ископаемого или в любом направлении при горизонтальном залегании | **туюк казынды:** Жер бетине чыкмасы жок, жантык жайгашкан пайдалуу кенди бойлото же ал горизонталдуу жайгашканда кайсы багытта болбосун жайгашуучу жер алдындагы тоо казындысы |
| **штукатурка:** Отделочный слой, образованный строительным раствором на поверхностях конструкций зданий и сооружений | **шыбак:** Имараттар жана курулмалардын конструкцияларынын беттеринде курулуш эритмесинен жаралган жасалгалоочу катмар |
| **штырь:** Гладкий цилиндрический стержень с коническим концом, служащий для центровки и направления соединяемых разъемных частей конструкций | **сүмбө:** Конструкциянын бириктирилүүчү ажырама бөлүктөрүн борборлоштуруу жана багыттоо үчүн кызмат кылуучуучу конус сымал келген жылмакай цилиндр өзөгү |
| **шум:** Любой звук, который может вызвать потерю слуха или быть вредным для здоровья или опасным в | **ызы-чуу:** Кулактын укпай калышына алып келүүчү же ден соолук үчүн зыяндуу же башка жактан коопту |

| | |
|---|---|
| другом отношении | болгон кандай гана болбосун дабыш |
| **шум аэродинамического происхождения:** Шум, возникающий вследствие стационарных или нестационарных процессов в газах (истечение сжатого воздуха или газа из отверстий; пульсация давления при движении потоков воздуха или газа в трубах или при движении в воздухе тел с большими скоростями, горение жидкого и распыленного топлива в форсунках и др.) | **аэродинамикалык тектүү ызы-чуу:** Газдардагы стационардык же стационардык эмес жараяндардын (көзөнөктөрдөн кысылган абанын же газдын чыгуусу; абанын же газдын агымдарынын түтүктөрдө кыймылдоосунда же абада нерселердин жогору ылдамдыкта кыймылдоосунда басымдын секирүүлөрү; бүркүчтөрдө суюк же чаңдатылган отундун күйүүсү ж.б.) натыйжасында пайда болуучу ызы-чуулар |
| **шум гидродинамического происхождения:** Шум, возникающий вследствие стационарных и нестационарных процессов в жидкостях (гидравлические удары, турбулентность потока, кавитация и др.) | **гидродинамикалык тектүү ызы-чуу:** Суюктуктарда стационардык жана стационардык эмес жараяндардын (гидравликалык соккулар, агымдын баралуулугу, кавитация ж.б.) натыйжасында пайда болуучу ызы-чуу |
| **шум механического происхождения:** Шум, возникающий вследствие вибрации поверхностей машин и оборудования, а также одиночных или периодических ударов в сочленениях деталей, сборочных единиц или конструкций в целом | **механиканын негизинде келип чыккан чуулдоо:** Машинелердин жана жабдуулардын беттеринин титирешинен, ошондой эле тетиктердин, курама бирдиктеринин же бүтүндөй конструкциялардын кошулган жерлеринде жалгыздап же мезгилдүү соккулардан пайда болуучу ызы-чуу |
| **шум электромагнитного происхождения:** Шум, возникающий вследствие колебаний элементов электромеханических устройств под влиянием переменных магнитных сил (колебания статора и ротора электрических машин, сердечника трансформатора и др.) | **электрмагниттик тектүү ызы-чуу:** Өзгөрүлмө магниттик күчтөрдүн (электр машинелеринин статору жана роторунун, трансформатордун өзөгүнүн ж.б.термелүүлөрү) таасири астында электр механикалык түзмөктөрдүн элементтеринин термелүүлөрүнөн улам пайда болуучу ызы-чуу |
| **шунгит:** Минеральное вещество, состоящее из аморфного углерода и сильно диспергированного графита с примесью неорганических веществ. Применяется в качестве заполнителя легких бетонов после вспучивания при обжиге, (так называемый шунгезит) | **шунгит:** Аморфтук көмүртектен жана өтө диспергирленген графиттин органикалык эмес заттар менен кошундуларынан турган минералдык зат. Бышырууда көөп чыккандан кийин жеңил бетондордун толуктагычтары катары (шунгезит деп аталуучу) колдонулат |

| | |
|---|---|
| **шурф:** Вертикальная или наклонная горная выработка с выходом на поверхность | **ороо:** Жер бетине чыкмасы менен вертикалдуу же жантайма тоо казындысы |
| **щебень строительный:** Остроребёрные обломки твердого прочного камня размером 5 – 150 мм, включающие щебень природный и полученный специальным дроблением твердых горных пород или искусственных каменных материалов | **курулуш шагылы:** Табигый жана катуу тоо тектерин же жасалма таш материалдарын атайын талкалоо аркылуу алынган шагылды камтыган, өлчөмдөрү 5-150 мм чейин болгон катуу, бекем таштын миздүү сыныктары |
| **щелевое проветривание:** Ограниченное проветривание помещения через фиксированный зазор в притворе слегка приоткрытого створчатого элемента (площадь открывания не более 0,02 кв.м) | **жылчыктык желдетүү:** Бир аз ачылган жаактуу элементтин туруктуу жылчыгы (ачылуу аянты 0,02 чарчы м. ашпайт) аркылуу жайдын чектелген желдетилүүсү |
| **щелочестойкость керамической плитки:** Способность плитки противостоять воздействию заданной щелочи определенной концентрациипри определенных условиях без последующего появления дефектов на глазурованной поверхности и (или) разрушения черепка | **керамикатактачасынын жегичтерге туруктуулугу:** Керамика тактачасынын жалтыркап бетинде жана (же) бышкан чопосунда кийин кемтиктер пайда болбостон белгилүү бир шарттарда аныкталган каныгуудагы берилген жегичтин таасирине каршы туруу касиети |
| **щелочная коррозия бетона:** Коррозия бетона в результате взаимодействия его со щелочами | **бетондун жегичтик коррозиясы:** Бетондун жегичтер менен өз ара аракеттенишүүсүнүн натыйжасындагы коррозиясы |
| **щербины и зазубрины:** Мелкие отколы на краях плитки | **кетиктер жана тишчелер:** Тактачанын четтериндеги майда кетилүүлөр |
| **эвакуация**: Процесс организованного самостоятельного (несамостоятельного) движения (перемещения) людей наружу или в безопасную зону из помещений, в которых имеется возможность воздействия на них опасных факторов пожара | **эвакуация:** Адамдардын сыртка же аларга өрттүн коопту факторлору таасир этүү мүмкүнчүлүгү болгон жайлардан коопсуз чөлкөмдөргө өз алдынча (өз алдынча эмес) уюштурулган чыгуу кыймылынын (орун которуусунун) жараяны |
| **эвакуационное освещение:** Освещение для эвакуации людей из помещения при аварийном отключении нормального освещения | **эвакуациялык жарыктандыруу:** Нормалдуу жарыктандырууну авариялык өчүрүүдө адамдарды жайдан эвакуациялоо үчүн жарыктандыруу |

| | |
|---|---|
| **эвакуационный выход:** Выход, предназначенный для эвакуации людей в аварийной ситуации на пути эвакуации, ведущий непосредственно наружу или в безопасную зону | **эвакуациялык эшик:** Аварияльк кырдаалда адамдарды эвакуациялоо үчүн эвакуациялоо жолундагы түз сыртка же коопсуз чөлкөмгө чыгаруучу эшик |
| **эвакуационный путь (путь эвакуации):** Путь движения и (или) перемещения людей, ведущий непосредственно наружу или в безопасную зону при пожаре | **эвакуациялык жол (эвакуациялоо жолу):** Өрт учурунда түз сыртты же коопсуз чөлкөмдү көздөй адамдардын кыймылдоо жана (же) орун которуштуруу жолу |
| **эвакуация людей при пожаре:** Вынужденный процесс движения людей из зоны, где имеется возможность воздействия на них опасных факторов пожара | **адамдарды өрт учурунда эвакуациялоо:** Өрттүн кооптуу факторлору тийүүсү мүмкүн болгон чөлкөмдөн адамдардын аргасыз чыгуу жараяны |
| **эвакуация населения:** Комплекс мероприятий по организованному выводу и (или) вывозу населения из зон чрезвычайной ситуации или вероятной чрезвычайной ситуации, а также жизнеобеспечение эвакуированных в районе размещения | **калкты эвакуациялоо:** Калкты өзгөчө кырдаалдар же ыктымал болгон өзгөчө кырдаалдар чөлкөмүнөн уюштурулган түрдө чыгаруу жана (же) ташып кетүү, ошондой эле жайгаштыруу районунда эвакуациялангандардын жашоо-тиричилигин камсыз кылуу боюнча иш-чаралар комплекси |
| **эквивалентный размер объекта различения:** Размер равнояркого круга на равноярком фоне, имеющего такой же пороговый контраст, что и объект различения при данной яркости фона | **айырмалоо обьектинин эквиваленттик өлчөмү:** Фондун берилген жарыктыгында айырмалоо объектиси да ошондой эле босоголук контрастка ээ текши жарык фондогу текши жарык тегеректин өлчөмү |
| **эккер:** Портативный геодезический инструмент для определения на местности углов, кратных 90 или 45 | **эккер:** Жеринде 90 же 45 эселүү бурчтарды аныктоо үчүн портативдүү геодезиялык аспап |
| **экологическая безопасность:** Состояние защищенности природной среды и жизненно важных интересов человека от возможного негативного воздействия хозяйственной и иной деятельности, чрезвычайных ситуаций природного и техногенного характера, их последствий | **экологиялык коопсуздук:** Мүмкүн болгон чарбалык ж.б. ишмердүүлүктүн, табигый жана техногендик мүнөздөгү өзгөчө кырдаалдардын, алардын кесепеттеринин терс таасиринен жаратылыш чөйрөсүнүн жана адамдардын жашоодо маанилүү кызыкчылыктарынын корголгон абалы |
| **экологическая экспертиза**: Установление соответствия намечаемой | **экологиялык экспертиза:** Жүргүзүлө турган чарбалык ж.б. |

| | |
|---|---|
| хозяйственной и иной деятельности экологическим требованиям и определение допустимости реализации объекта экологической экспертизы в целях предупреждения возможных неблагоприятных воздействий этой деятельности на окружающую природную среду и связанных с ними социальных, экономических и иных последствий реализации объекта экологической экспертизы | ишмердүүлүктүн экологиялык талаптарга шайкештигин жана ал ишмердүүлүктүн курчап турган чөйрөгө мүмкүн болгон терс таасирин жана алар менен байланыштагы экологиялык экспертизалоо объектисинин социалдык, экономикалык жана башка кесепеттеринин алдын алуу максатында экологиялык экспертизалоо объектисинин ишке ашыруу мүмкүнчүлүгүн аныктоо |
| **экологический паспорт объекта:** Информационная база экологических данных, сформированная по функциональному назначению территории (производственные зоны, жилые зоны, рекреационные зоны, водные магистрали и акватории, транспортные коммуникации, пригородные зоны) | **объекттин экологиялык паспорту:** Аймактын функционалдык дайындалышы (өндүрүштүк чөлкөмдөр, турак жай чөлкөмдөрү, рекреациялык чөлкөмдөр, суу магистралдары жана акваториялары, унаа коммуникациялары, шаарга чектеш чөлкөмдөр) боюнча түзүлгөн экологиялык маалыматтардын маалымат базасы |
| **экология:** Наука об отношениях растительных и животных организмов и образуемых ими сообществ между собой и с окружающей средой | **экология:** Өсүмдүктөрдүн жана жаныбарлардын организмдери, алар түзгөнтоптордун өз ара жана курчап турган чөйрө менен карым-катыштары тууралуу илим |
| **экран:** Устройство с поверхностью, поглощающей, преобразующей или отражающей излучения различных видов энергии, для использования этих излучений или защиты от их действия | **чагылткыч:** Энергиянын ар кандай түрлөрүнүн нурлануулларын жутуучу, өзгөртүп түзүүчү же чагылтуучу бети менен, бул нурланууларды колдонуу же алардын таасиринен коргоо үчүн, түзмөк |
| **экран плотины:** Противофильтрационное устройство из маловодопроницаемых материалов, располагаемое по верхнему откосу земляных, каменно-земляных или каменно-набросных плотин | **плотинанын экраны:** Топурак, таш-топурак же таш-үймө тогоондорунун жогорку боору боюнча жайгашуучу сууну аз өткөзмө материалдардан курулуучу чыпкалоого каршы түзмөк |
| **экспертиза:** Оценка качества выполненных работ и используемых материалов и изделий | **экспертиза:** Аткарылган жумуштардын, колдонулуучу материалдардын жана буюмдардын сапатын баалоо |
| **экспертиза проектной** | **долбоордук документтерди** |

| | |
|---|---|
| **документации:** Оценка проектно-технических решений разделов проектной документации на соответствие или несоответствие требованиям нормативных технических документов и технических регламентов<br><br>(Измененная редакция, Изм. №1) | **экспертизалоо:** Долбоордук документтердин бөлүмдөрүнүн долбоордук-техникалык чечимдеринин ченемдик-техникалык документтердин жана техникалык регламенттердин талаптарына ылайыктуулугун же ылайыктуу эместигин баалоо<br>(Өзгөртүлгөн редакция, №1 Өзг.) |
| **экспертиза сметной документации:** Проверка и анализ расчетов предполагаемых прямых затрат инвестора на строительство или иных изменений существующих объектов, проводимые экспертом, выражающим беспристрастное мнение об обоснованности примененных расценок нормативным и расчетным показателям и достоверности расчетов данных затрат, согласно проектной документации | **сметалык документтерге экспертиза жүргүзүү:** Эксперт тарабынан жүргүзүлүүчү, колдонулган баалардын ченематтык жана эсептик көрсөткүчтөргө негизделгендиги, долбоордук документтерге ылайык ал сарптоолорду эсептөөлөрдүн аныктыгы тууралуу калыс пикирди туюнтуучу курулушка же мурун курулган объекттерди өзгөртүүлөргө инвестордун болжолдуу тикелей сарптоолорун эсептөөлөрдү текшерүү жана талдоо |
| **эксплуатационная скорость эскалатора:** Номинальная скорость эскалатора при работе от главного привода при максимальной эксплуатационной нагрузке в установившемся режиме | **жүрмө тепкичтин пайдалануу ылдамдыгы:** Турукташкан шарттамда максималдуу пайдалануу жүктөмдө башкы иштеткичтен иштөөдө жүрмө тепкичтин номиналдык ылдамдыгы |
| **эксплуатационное положение:** Положение, которое содержит характеристики соответствия продукции своему назначению, связанные с поведением этой продукции при ее использовании (эксплуатационные характеристики) | **пайдалануу жобосу:** Өндүрүмдү пайдаланууда анын иштөөсү менен байланышкан өзүнүн дайындалышына шайкештигинин мүнөздөмөлөрүн (пайдалануу мүнөздөмөлөрү) камтыган жобо |
| **эксплуатационные показатели:** Совокупность технических, объемно-планировочных, санитарно-гигиенических, экономических и эстетических характеристик здания, обуславливающих его эксплуатационные качества | **пайдалануу көрсөткүчтөрү:** Имараттын пайдалануу сапаттарын шарттаган техникалык, көлөмдүк-пландаштыруу, санитардык-гигиеналык, экономикалык жана эстетикалык мүнөздөмөлөрүнүн жыйындысы |
| **эксплуатационные показатели здания:** Совокупность технических, | **имараттын пайдалануу көрсөткүчтөрү:** Имараттын пайдалануу |

| | |
|---|---|
| объемно-планировочных, санитарно-гигиенических, экономических и эстетических характеристик здания, обуславливающих его эксплуатационные качества | сапаттарын шарттаган техникалык, көлөмдүк-пландаштыруу, санитардык – гигиеналык, экономикалык жана эстетикалык мүнөздөмөлөрүнүн жыйындысы |
| **эксплуатация:** Стадия жизненного цикла объекта, на которой реализуется, поддерживается и восстанавливается его качество (работоспособное состояние) | **пайдалануу:** Объекттин сапаты (ишке жарамдуулук абалы) ишке ашырылуучу, кармалып турулуучу жана калыбына келтирилүүчү иштөө циклинин стадиясы |
| **эксплуатация здания или сооружения:** Использование здания или сооружения по функциональному назначению с проведением необходимых мероприятий по сохранению состояния конструкций, при котором они способны выполнять заданные функции с параметрами, установленными требованиями технической документации | **имаратты же курулманы пайдалануу:** Конструкциялардын техникалык документтердин талаптарында аныкталган параметрлери менен белгиленген функцияларды аткарууга жарамдуу абалын сактоо боюнча зарыл иш-чараларды жүргүзүү аркылуу имараттарды жана курулмаларды функционалдык дайындалышы боюнча пайдалануу |
| **экструзия:** Способ изготовления профилированных изделий большой длины из пластмасс и резин; заключается в непрерывном выдавливании размягченного материала через отверстие определенного сечения | **сыгуу (экструзия):** Пластмассалардан жана резиналардан чоң узундуктагы профилденген буюмдарды даярдоо ыкмасы; жумшартылган материалды белгилүү бир кесилиштүү көзөнөк аркылуу үзгүлтүксүз сыгууда турат |
| **эксцентрик замка:** Деталь замка, служащая для преобразования вращательного движения ручки замка в возвратно-поступательное движение засова-защелки | **кулпунун келпитетиги:** Кулпу туткасынын айлануу кыймылын тээк-чаптыргычтын алдыга-артка кыймылына өзгөртүп түзүү үчүн кызмат кылуучу кулпунун тетиги |
| **эластичные материалы и изделия:** Материалы и изделия, обладающие упругими свойствами, способные восстанавливать первоначальную форму после снятия нагрузки | **ийкемдүү материалдар жана буюмдар:** Жүктөмдү алгандан кийин алгачкы формасын калыбына келтирүүгө жарамдуу, серпилгич касиеттерге ээ материалдар жана буюмдар |
| **электрическая станция, электростанция:** Предприятие (или электроустановка), вырабатывающее электрическую энергию, а в отдельных случаях и тепловую, путем | **электр чордону:** Электр энергиясын, айрымучурларда энергиянын башка түрлөрүн өзгөртүп түзүү аркылуу жылуулук энергиясын да иштеп чыгаруучу ишкана (же |

| | |
|---|---|
| преобразования других видов энергии | электрорнотмосу) |
| **электрический способ световой маскировки:** Заключается в централизованном отключении электроосвещения всего объекта или его части | **жарыкты чүмбөттөөнүн электрдик ыкмасы:** Бүткүл обьектинин же анын бөлүгүнүн электр жарыктандыруусун борборлоштурулган түрдө ажыратууну билдирет |
| **электрическое замыкание на землю:** Случайное электрическое соединение токоведущей части непосредственно с землей или нетоковедущими проводящими конструкциями, или предметами, не изолированными от земли | **жерге электрдик туташуу:** Электр агынын алып жүрүүчүнүн тикелей жер же электр агынын өткөрбөөчү конструкциялар, же жерден обочолонтулбаган предметтер менен кокустан электрдик туташуусу |
| **электрическое замыкание на корпус:** Случайное электрическое соединение токоведущей части с металлическими нетоковедущими частями электроустановки | **тулкуга электрдик туташуу:** Электр агынын алып жүрүүчү бөлүктүн электрорнотмонун электр агынын алып жүрбөөчү металл бөлүктөрү менен кокустан электрдик туташуусу |
| **электрическое разделение сети:** Разделение электрической сети на отдельные электрически не связанные между собой участки с помощью разделяющего трансформатора | **тарамды электрдик бөлүү:** Электр тарамын бөлүүчү трансформатордун жардамы менен өз ара байланышпаган өзүнчө электр тарамдарына бөлүү |
| **электробезопасность:** Система организационных и технических мероприятий и средств, обеспечивающих защиту людей от вредного и опасного воздействия электрического тока, электрической дуги, электромагнитного поля и статического электричества | **электр коопсуздугу:** Адамдарды электр агынынын, электр жаасынын, электрмагниттик талаасынын жана статикалык электрдин зыяндуу жана кооптуу таасиринен сактоону камсыз кылуучу уюштуруу жана техникалык иш-чаралардын, каражаттардын тутуму |
| **электрод:** Конструктивный элемент электронного, ионного или электротехнического прибора или технологической установки, представляющий собой проводник определенной формы, посредством которого участок электрической цепи, приходящийся на рабочую среду, соединяется с остальной частью этой цепи, образуемой проводами | **электрод:** Жумушчу чөйрөгө туура келген электр чынжырынын участогу өткөргүчтөрдөн турган бул чынжырдын калган бөлүгү менен туташкан белгилүү формадагы өткөргүч түрүндөгү электрондук, иондук же электр техникалык алеттин же технологиялык орнотмонун конструктивдик элементи |
| **электрозащитные средства:** Переносимые и перевозимые изделия, | **электрден коргогуч каражаттар:** Электрорнотмолору менен иштеген |

| | |
|---|---|
| служащие для защиты людей, работающих с электроустановками, отпоражения электрическим током, от воздействия электрической дуги и электромагнитного поля | адамдарды электр агынынын уруусунан, электр жаасынын, электрмагнитттик талаасынын таасиринен коргоо үчүн кызмат кылуучу көтөрүп жүрмө жана ташыма буюмдар |
| **электротравма:** Травма, вызванная воздействием электрического тока илиэлектрической дуги | **электр жаракаты:** Электр агынынын же электр жаасынынын таасиринен пайда болгон жаракат |
| **электротравматизм:** Явление, характеризующееся совокупностью электротравм | **электрден жаракаттануу:** Электр жаракаттарынын жыйындысы менен мүнөздөлгөн кубулуш |
| **электроустановки:** Совокупность машин, аппаратов, линий и вспомогательного оборудования (вместе с сооружениями и помещениями, в которых они установлены), предназначенных для производства, преобразования, трансформации, передачи, распределения электрической энергии и преобразования ее в другой вид энергии | **электр орнотмолору:** Электр энергиясын өндүрүү, өзгөртүп түзүү, трансформациялоо, өткөрүп берүү, бөлүштүрүү жана аны энергиянын башка түрүнө өзгөртүп түзүү үчүн арналган машинелердин, аппараттардын, линиялардын жана жардамчы жабдуулардын (алар орнотулган курулмалар жана жайлар менен чогуу) жыйындысы |
| **элемент:** Составная часть чего-нибудь, архитектурный, технический или механический компонент участка, здания или помещения, например, рабочее место, место отдыха, душ, телефонная кабина, дверь, управляющее устройство, ручка, поручень и т.п. | **элемент:** Кандайдыр бир нерсенин курамдык бөлүгү, участоктун, имараттын же жайдын, мисалы, жумушчу орундун, эс алуу ордунун, чайынманын, телефон кабинасынын, эшиктин, башкаруучу түзмөктүн, тутканын, кармагычтын д.у.с. архитектуралык, техникалык же механикалык компоненти |
| **элементы зданий и сооружений:** Строительные конструкции и их системы, а также другие составные части зданий и сооружений, обеспечивающие прочность, устойчивость и надежность строительных объектов | **имараттардын жана курулмалардын элементтери**: Курулуш объекттеринин бекемдигин, туруктуулугун жана ишенимдүүлүгүн камсыз кылуучу курулуш конструкциялары жана алардын тутумдары, ошондой эле имараттардын жана курулмалардын башка курамдык бөлүктөрү |
| **элемент конструкции кабины:** Составная часть конструкции кабины | **кабинанын конструкциясынын элементи:** Кабинаны коргоо боюнча |

| | |
|---|---|
| (стены, стеновые панели, потолок, пол, дверь, передаточный узел) и ее соединения, обеспечивающие требования по защите кабины. В качестве элементов конструкции могут быть использованы стены, потолок, пол и перекрытия здания при соответствии этих строительных элементов условиям защищенности | талаптарды камсыз кылуучу кабинанын конструкциясынын курамдык бөлүгү (дубалдар, дубалдык панелдер, шып, төшөлмө, эшик, өткөрүп берүү түйүнү) жана анын бирикмелери. Конструкциянын элементтери катары курулуш элементтеринин коргоо шарттарына туура келүүсүндө имараттын дубалдары, шыбы, төшөлмөсү жана калкалары колдонулушу ыктымал |
| **элемент здания (сооружения) конструктивный:** Конструкция, составляющая здание или сооружение (фундамент, стена, покрытие, лестница и т.д.) | **имараттын (курулманын) конструктивдик элементи:** Имаратты же курулманы түзүүчү конструкция (пайдубал, дубал, жабуу, шаты д.у.с.) |
| **элемент конструкции:** Составная часть сборнойили монолитной конструкции (балка, колонна,связи между колоннами и т.д.) | **конструкциянынэлементи:** Курама же чулу конструкциянын (устундун, түркүктүн, түркүктөр ортолук байланыштардын д.у.с.) курамдык бөлүгү |
| **элемент строительной конструкции:** Составная часть строительной конструкции (ростверк, панель стены, плита перекрытия, марш лестничный, звено воздуховода, кольцо колодца, арматурный каркас монолит-ной железобетонной конструкции и т.д.) | **курулуш конструкциясынын элементи:** Курулуш конструкциясынын (ростверк, дубал панели, калкатактасы, шаты арышы, аба өткөргүчтүн бөлүгү, кудук шакеги, чулу темир бетон конструкциясынын арматура каркасы д.у.с.) курамдык бөлүгү |
| **элемент схемы:** Составная часть схемы, которая выполняет определенную функцию в изделии и неможет быть разделена на части, имеющие самостоятельное назначение и собственные условные графические и буквенно–цифровые обозначения (резистор, контакт реле, труба, насос, муфта и т.п.) | **сөлөкөттүн элементи:** Буюмда белгилүү кызмат аткарган жана өз алдынча дайындалышка жана жеке шарттуу графикалык, тамга-сандык белгилеништерге ээ бөлүктөргө бөлүүгө мүмкүн болбогон сөлөкөттүн курамдык бөлүгү (резистор, тиймереле, түтүк, соркыскыч, кошкуч д.у.с.) |
| **элемент трубный:** Часть трубного узла, состоящая из двух-трех деталей, соединенных насварке или резьбе (труба с фланцем, труба с отводом, труба с тройником, отвод с фланцем, тройник с задвижкой, отвод с | **түтүктүк элемент:** Эки-үч тетиктен туруп, ширетүү же сай аркылуу бириктирилген түтүктүк түйүндүн бөлүгү (кайырма кырлуу түтүк, бургучу менен түтүк, үч илтиктүү түтүк, кайырма кырлуу бургуч, тээктүү үч |

| | |
|---|---|
| задвижкой, отвод спереходом, труба с двумя фланцами, труба с фланцем и отводом и др.) | илтик, тээктүү бургуч, өткөрмөлүү бургуч, кош кайырма кырлуу түтүк, кайырма кыры жана бургучу менен түтүк ж.б.) |
| **элементарная проба:** Часть точечной пробы заданного размера и формы, используемая для определения отдельного показателя | **элементардык сынам:** Өзүнчө көрсөткүчтү аныктоо үчүн колдонулуучу берилген өлчөмдөгү жана формадагы чекиттик сынамдын бөлүгү |
| **элементарный квадрат мозаичного паркета:** Набор планок одинаковой длины и ширины, уложенных кромка к кромке и образующих квадрат | **мозаикалык паркеттин элементардык чарчысы:** Бирдей узундуктагы жана жазылыктагы, кыры кырга тийиштирилип жаткырылган жана чарчыны түзүшкөн тактачалардын топтому |
| **элементы здания:** Конструкции и технические устройства, составляющие здание, предназначенные для выполнения заданных функций | **имараттын элементтери:** Берилген функцияларды аткаруу үчүн арналган имаратты түзүүчү конструкциялар жана техникалык түзмөктөр |
| **элементы трубопровода:** Патрубки (трубы); отводы; переходы; тройники; фланцы; компенсаторы; отключающая, регулирующая, предохранительная арматура; опоры; прокладки и крепежные изделия; устройства, устанавливаемые на трубопроводах для контроляи управления; конденсационные и другие детали иустройства | **өткөргүч түтүктүн элементтери:** Келте түтүктөр (түтүктөр); бургучтар; өткөрмөлөр; үч илтиктер; кайырма кырлар; толуктоочтор; өчүрүүчү, жөнгө салуучу жана алдын алуучу арматура; таянычтар; төшөндүлөр бекиткич буюмдар; контролдоо жана башкаруу үчүн өткөргүч түтүктөрдө орнотулуучу түзмөктөр; каныктыруучу ж.б. тетиктер жана түзмөктөр |
| **эмаль:** Прочное стеклообразное покрытие, наносимое на поверхность изделия из чугуна, стали, алюминия, сплавов легких металлов электрохимическим способом | **эмаль:** Чоюндан, болоттон, аллюминийден, жеңил металлдар куймасынан даярдалган буюмдардын бетине электр химиялык ыкма менен жабылуучу айнек сымал бекем жабуу |
| **эмалевые краски:** Суспензии высокодисперсных пигментов в лаках | **эмаль сырлары:** Лактардагы жогорку дисперстүү пигменттердин майда эзиндиси |
| **энергетика:** Топливно-энергетический комплексстраны; охватывает энергетические ресурсы, получение, преобразование, передачу и использование различных видов энергии | **энергетика:** Өлкөнүн отун-энегетикалык комплекси; энергетика-лык ресурстарды, энергиянын ар кандай түрлөрүн алууну, өзгөртүп түзүүнү, өткөрүп берүүнү жана пайдаланууну камтыйт |
| **энергетическая эффективность:** | **энергетикалык натыйжалуулук:** |

| | |
|---|---|
| Это характеристики, отражающие отношение полезного эффекта от использования энергетических ресурсов к затратам энергетических ресурсов, произведенным в целях получения такого эффекта, применительно к продукции, технологическому процессу, юридическому лицу, индивидуальному предпринимателю при существующем уровне развития техники и технологии и соблюдении требований к охране окружающей среды | Техниканын жана технологиянын өнүгүүсүнүн учурдагы деңгээлинде жана курчап турган чөйрөгө карата талаптарды сактоодо өндүрүмгө, технологиялык жараянга, юридикалык жакка, жеке ишкерге карата колдонууда пайдалуу натыйжаны алуу максатында өндүрүлгөн энергетикалык ресурстарды пайдалануудан алынган пайдалуу натыйжанын энергетикалык ресурстарды сарптоолорго катышын чагылдыруучу мүнөздөмөлөр |
| **энергетическая эффективность:** Характеристика, отражающая отношение полезного эффекта от использования энергетических ресурсов к затратам энергетических ресурсов, произведенным в целях получения такого эффекта, применительно к продукции, технологическому процессу, юридическому лицу, индивидуальному предпринимателю | **энергетикалык натыйжалуулук:** Пайдалуу натыйжаны алуу максатында өндүрүмгө, технологиялык жараянга, юридикалык жакка, жеке ишкерге карата колдонууда өндүрүлгөн энергетикалык ресурстарды пайдалануудан алынган пайдалуу натыйжанын энергетикалык ресурстарды сарптоолорго катышын чагылдыруучу мүнөздөмө |
| **энергетический паспорт здания:** Документ, содержащий геометрические, энергетические и теплотехнические характеристики зданий и проектов зданий, ограждающих конструкций и устанавливающий соответствие их требованиям нормативных документов | **имараттын энергетикалык паспорту:** Имараттардын жана имараттардын долбоорлорунун, тосмолоочу конструкциялардын геометриялык, энергетикалык жана жылуулук-техникалык мүнөздөмөлөрүн камтыган, алардын ченемдик документтин талаптарына шайкештигин аныктоочу документ |
| **энерговооруженность труда:** Показатель уровня механизации, определяемый отношением суммарной мощности установленных двигателей к среднесписочному числу рабочих, занятых на СМР | **эмгектин энергия менен жабдылышы:** Орнотулган кыймылдаткычтардын суммардык кубаттуулуктарынын КМЖда иштеген жумушчулардын орточо тизмелик санына катышы менен аныкталуучу механдаштыруу деңгээлинин көрсөткүчү |
| **энергоемкость изготовления изделия:** Затраты электроэнергии на 1 кв.м изделия | **буюмдудаярдоонун энергия сыйымдуулугу:** 1 $м^2$ буюмга электр энергиясынын чыгымы |
| **энергоемкость удельная:** Отношение расхода электроэнергии на | **салыштырмалуу энергия сыйымдуулугу:** Буюмду даярдоо |

| | |
|---|---|
| технологические операции по подготовке изделия к трудоемкости изготовления | боюнчатехнологиялык операцияларга электр энергиясынын чыгымынын даярдоонун эмгек сыйымдуулугуна катышы |
| **энергосбережение:** Реализация организационных, правовых, технических, технологических, экономических и иных мер, направленных на уменьшение объема используемых энергетических ресурсов при сохранении соответствующего полезного эффекта от их использования (в том числе объема произведенной продукции, выполненных работ, оказанных услуг) | **энергияны үнөмдөө:** Энергия ресурстарын пайдалануудан алган тиешелүү пайдалуу натыйжаны (алардын ичинде өндүрүлгөн өндүрүмдүн, аткарылган иштердин, көрсөтүлгөн кызматтардын көлөмүн) сактоо менен алардын көлөмүн азайтууга багытталган уюштуруучулук, укуктук, техникалык, технологиялык, экономикалык ж.б. чараларды ишке ашыруу |
| **эпюра скоростей течения:** График изменения осредненных скоростей по глубине или ширине потока | **агым ылдамдыгынын эпюрасы:** Агымдын тереңдиги же жазылыгы боюнча ортолоштурулган ылдамдыктардын өзгөрүү графиги |
| **эркер:** Выходящая из плоскости фасада часть отапливаемого помещения, частично или полностью остекленная, улучшающая его освещенность и инсоляцию | **эркер:** Фасаддын тегиздигинен чыгып турган, жарым-жартылай же толугу менен айнектелгендиктен, анын жарыктануусун жана күнгө какталуусун жакшырткан жылытылуучу жайдын бөлүгү |
| **эрлифт:** Устройство, аналогичное газлифту, но с использованием сжатого воздуха, применяемое для подъема жидкости или гидросмеси из буровых скважин на поверхность | **эрлифт:** Газлифтиге окшош, бирок кысылган абаны пайдалануучу, бургуланган жеркуялардан суюктукту же гидроаралашмаларды жер бетине көтөрүү үчүн колдонулуучу түзмөк |
| **эскалатор:** Подъемно-транспортное устройство с замкнутым контуром лестничного полотна для транспортирования людей с одного уровня на другой | **жүрмө тепкич:** Адамдарды бир деңгээлден башка деңгээлге ташуу үчүн шаты тилкесинин туюк чөйрө чеги менен көтөрүүчү-ташуучу түзмөк |
| **эскалаторный тоннель:** Сооружение, предназначенное для размещения наклонного участка эскалатора | **жүрмө тепкичтик тоннель:** Жүрмө тепкичтин жантайма участкасын жайгаштыруу үчүн арналган курулма |
| **эскиз в технике:** Предварительное графическое изображение предмета, плана здания, схемы и т.п. | **техникадагы шилтем:** Предметтин, имараттын планынын, сөлөкөтүнүн д.у.с. алдын ала графикалык сүрөттөлүшү |
| **эскизный проект:** Концептуальное | **эскиздик долбоор:** Долбоорлоого |

| | |
|---|---|
| предпроектное архитектурно-градостроительное предложение в том числе, градостроительной документации<br>(Измененная редакция, Изм. №1) | чейинки архитектуралык - шаар куруу боюнча концептуалдуу сунуштар, анын ичинде шаар куруу документтери<br>(Өзгөртүлгөн редакция, №1 Өзг.) |
| **эскизный чертеж общего вида нетипового изделия:** Документ, определяющий исходную конструкцию нетипового изделия, содержащий упрощенное изображение, основные параметры итехнические требования к изделию в объеме исходных данных (задания), необходимых для разработки конструкторской документации | **типтүү эмес буюмдун жалпы көрүнүшүнүн шилтемдик чиймеси:** Конструктордук документтерди иштеп чыгуу үчүн керектүү алгачкы маалыматтардын (тапшырманын) көлөмүндө буюмдун жөнөкөйлөтүлгөн сүрөттөмөлөрүн, негизги параметрлерин жана ага техникалык талаптарды камтыган типтүү эмес буюмдун алгачкы конструкциясын аныктоочу документ |
| **эстакада:** Надземное (надводное) открытое протяженное сооружение, состоящее из ряда опор и пролетного строения и предназначенное для пропуска транспортных средств, прокладки различных коммуникаций, для погрузо-разгрузочных работ и т.д. | **эстакада:** Бир катар таянычтардан жана арыштык курулуштан турган жана унаа каражаттарын өткөрүү, ар кандай коммуникацияларды тартуу, жүктөө-түшүрүү жумуштары д.у.с. үчүн жер үстүндөгү (суу үстүндөгү) ачык узун курулмалар |
| **эстакада железнодорожная сливоналивная:** Сооружение у специальных железнодорожных путей, оборудованное сливоналивными устройствами, обеспечивающее выполнение операций по сливу нефти и нефтепродуктов из железно-дорожных цистерн или их наливу | **темир жол төкмө-куйма эстакадасы:** Мунайды жана мунай өндүрүмдөрүн темир жол цистерналарынан төгүү же аларга куюу боюнча операциялардын аткарылышын камсыз кылуучу атайын темир жолдордун жанындагы төкмө-куйма түзмөктөрү менен жабдылган курулма |
| **этаж:**<br>1 Часть здания, ограниченная по высоте полом и перекрытием или полом и покрытием;<br>2 Часть пространства здания между двумя горизонтальными перекрытиями (между полом и потолком), где располагаются помещения; уровень здания над (или под) уровнем земли | **кабат:**<br>1 Бийиктиги боюнча төшөлмө жана калка же төшөлмө жана жабуу менен чектелген имараттын бөлүгү;<br>2 Эки горизонталдуу калкалардын ортосундагы (төшөлмө менен шыптын ортосундагы) жайлар жайгашкан имарат мейкиндигинин бөлүгү; жердин деңгээлинин үстүндөгү (алдындагы) имараттын деңгээли |
| **этаж мансардный:** Этаж с жилыми и/или нежилыми помещениями, размещаемый внутри чердачного пространства, фасад которого | **мансарддык кабат:** Фасады толугу менен же айрымдап тамбашынын жантык же сынык сымал бетинен (беттеринен) жаралган, ошол эле |

| | |
|---|---|
| полностью или частично образован поверхностью (поверхностями) наклонной или ломанной крыши, при этом линия пересечения плоскости крыши и фасада должна быть на высоте не более 1,5 метра от уровня пола мансардного этажа | учурда, тамбашы жана фасаддын тегиздиктеринин кесилишүү сызыктары ошол кабаттын төшөлмөсүнүн деңгээлинен 1,5 м ашык болбоого тийиш, тамбашы мейкиндигинин ичинде жайгашуучу турак жай жана/же турак эмес жайлары менен кабат |
| **этаж надземный:** Этаж с отметкой пола помещений не ниже планировочной отметки земли | **жер үстүндөгү кабат:** Жайларынын төшөлмөсүнүн деңгээл белгиси жердин пландаштыруу деңгээл белгисинен төмөн болбогон кабат |
| **этаж первый:** Нижний надземный этаж дома | **биринчи кабат:** Үйдүн жер үстүндөгү төмөнкү кабаты |
| **этаж подвальный (подвал):** Этаж с отметкой пола ниже планировочной отметки земли более чем на половину высоты расположенных в нем помещений | **жертөлөлүк кабат (жертөлө)**: Төшөлмөсүнүн деңгээл белгиси жердин деңгээл белгисинен анда жайгашкан жайлардын бийиктигинин жарымынан төмөн кабат |
| **этаж подземный:** Этаж с отметкой пола помещений ниже планировочной отметки земли на всю высоту помещений | **жер астындагы кабат:** Жайларынын төшөлмөлөрүнүн деңгээл белгиси жердин деңгээл белгисинен жайлардын бүткүл бийиктигине төмөн болгон кабат |
| **этаж технический:** Этаж для размещения инженерного оборудования и прокладки коммуникаций и может быть расположен в нижнем (техническое подполье) и/или верхнем (технический чердак) ярусах. В отдельных случаях технический этаж может занимать один из средних надземных этажей | **техникалык кабат:** Инженердик жабдууларды орноштуруу жана коммуникацияларды жүргүзүү үчүн кабат; ал төмөнкү (техникалык жеркабат) жана/же жогорку (техникалык чатыр) кабаттарда жайгашуусу ыктымал. Айрым учурларда техникалык кабат жер үстүндөгү ортолук кабаттардын бирин ээлеши мүмкүн |
| **этаж технический:** Этаж, функционально предназначенный для размещения и обслуживания внутридомовых инженерных систем; может быть расположен в нижней части здания (техническое подполье) или в верхней части здания (технический чердак), или между надземными этажами | **техникалык кабат:** Үйдүн ички инженердик тутумдарын жайгаштыруу жана тейлөө үчүн кабат; ал имараттын төмөнкү бөлүгүндө (техникалык жеркабат) же имараттын үстүнкү бөлүгүндө (техникалык чатыр), же болбосо жер үстүндөгү кабаттардын ортосунда жайгашышы мүмкүн |
| **этаж цокольный:** Этаж с отметкой поверхности пола ниже планировочной | **цоколдук кабат:** Төшөлмөсүнүн бетиндеги деңгээл белгиси жердин |

| | |
|---|---|
| отметки земли менее чем на половину высоты помещений, а верхняя часть перекрытия помещения располагается выше планировочной отметки земли не более чем на 200 см | деңгээл белгисинен жайлардын бийиктигинин жарымынан аз, ал эми жайдын калкасынын жогорку бөлүгү жердин пландаштыруучу деңгээл белгисинен 200 см жогору жайгашкан кабат |
| **этажерка:** Многоярусное каркасное сооружение (без стен), свободно стоящее в здании или вне его, предназначенное для размещения на перекрытиях технологического и прочего оборудования и транспортных средств | **катар текче:** Имаратта же анын сыртында эркин туруучу, калкаларында технологиялык ж.б. жабдууларды, унаа каражаттарын жайгаштыруу үчүн арналган катар кабаттуу каркастуу (дубалсыз) курулма |
| **этажи подземные:** Этажи с помещениями, расположенными ниже планировочной отметки земли на всю высоту помещения | **жер алдындагы кабаттар:** Жердин пландаштыруучу деңгээл белгисинен жайдын бүткүл бийиктигине төмөн жайгашкан жайлары менен кабаттар |
| **этажность здания:** Число этажей здания, включая все надземные этажи, технический и цокольный, если верх его перекрытия находится выше средней планировочной отметки земли не менее чем на 2 м | **имараттын кабаттуулугу:** Баардык жер үстүндөгү, техникалык, цоколдук кабаттарды, эгерде анын калкасынын үстү жердин орточо пландаштыруучу деңгээл белгисинен 2 м кем эмес жогору жайгашса, кошкондо, имараттын кабаттарынын саны |
| **эталонный песок:** Кварцевый природный песок, содержащий прежде всего округленные зерна, с нормированным зерновым и химическим составом, предназначенный для сравнительных испытаний стандартного полифракционного песка | **эталондук кум:** Стандарттуу көп фракциялуу кумду салыштырма сыноолор үчүн арналган ченемделген дандык жана химиялык курамдуу, жумуруланган дандардан турган жаратылыш кварц куму |
| **этап строительства:** Завершенный производством строительно монтажных работ цикл, имеющий наибольшую вероятность подверженности рискам по обеспечению качества, прочности, сейсмостойкости и эксплуатационной надежности объекта строительства | **курулуштун этабы:** Курулуш объектисинин сапатын, бекемдигин, жер титирөөгө туруктуулугун жана пайдалануу ишенимдүүлүгүн камсыз кылуу боюнча тобо келдиктерге дуушар болуу эң чоң ыктымалдуулугуна ээ, куруу-монтаждоо жумуштарын жүргүзүүнүн бүткөн цикли |
| **эффект воздействия:** Реакция элементов строения (в виде внутренних сил, моментов, напряжений, деформаций) или всего строения на заданное воздействие | **таасир этүүнүн эффектиси:** Берилген таасирге курулуштун элементтеринин же бүткүл курулманын реакциясы(ички күчтөр, моменттер, чыңалуулар, деформациялар түрүндө) |

| | |
|---|---|
| **эффекты второго рода (Р-∆ эффекты):** Неблагоприятные эффекты, вызванные чрезмерными перемещения-ми конструктивной системы при сейсмических воздействиях (например, дополнительные усилия в колоннах) | **экинчи түрдөгү эффекттер (Р-∆ эффекттер):** Сейсмикалык таасирлерде (мисалга, түркүктөрдөгү кошумча күчтөнүүлөр) конструктивдик тутумдун ченемден сырт которулууларынан келип чыккан жагымсыз эффекттер |
| **ядро плотины:** Противофильтра-ционный элемент центральной части грунтовой плотины, выполненный в виде стенки из маловодопроницаемого грунта | **плотина өзөгү:** Сууну аз өткөргөн топурактан дубалча түрүндө курулган топурак тогоондун борбордук бөлүгүндөгү каршы элементи |
| **ядро жесткости:** Пространственная вертикальная конструкция замкнутой формы в плане в пределах вертикальных несущих конструкций и предназначенная для восприятия горизонтальной сейсмической нагрузки | **ийкемсиздик өзөгү:** Горизонталдуу сейсмикалык жүктөмдү кабыл алуу үчүн арналган жана вертикалдык жүк көтөрүүчү конструкциялардын чегинде планында туюк формадагы мейкин-диктүү вертикалдуу конструкция |
| **ярус:** Часть здания (сооружения), условно ограниченная по высоте и представляющая собой единое целое в объемно-планировочном, техническом или конструктивном отношении | **катар кабат:** Бийиктиги боюнча шарттуу түрдө чектелген жана көлөмдүк-пландаштыруу, техникалык же конструктивдик жагынан бир бүтүндү берген имараттын (курулманын) бөлүгү |
| **ячеистый бетон:** Легкий бетон, структура которого характеризуется наличием значительного количества (до 85% объема) пор (ячеек) | **ячейкалуу бетон:** Түзүмү олуттуу сандагы (көлөмүнүн 85% чейин) көңдөйлөрдүн (ячейкалардын) болуусу менен мүнөздөлгөн жеңил бетон |
| **ячейка (первичный объемно-планировочный элемент):** элементарная (Первоначальная, основная) часть объема одноэтажного здания илиодного из этажей многоэтажного здания, ограниченная основными координационными плоскостями и характеризующаяся ее основными координационными размерами (геометрическими параметрами) – модульными пролетом, шагом и высотой этажа, а также основными параметрами размещаемого в ней подвесного или опорного подъемно-транспортного оборудования | **ячейка (алгачкы көлөмдүк-пландаштыруу элементи)**: Негизги координациялык тегиздиктер менен чектелген жана анын негизги координациялык өлчөмдөрү (геометриялык параметрлери) – кабаттын модулдук арышы, кадамы жана бийиктиги, ошондой эле анда жайгашуучу асма же көтөрүүчү-ташуучу жабдуунун негизги параметрлери менен мүнөздөлүүчү бир кабаттуу имараттын же көп кабаттуу имараттын кабаттарынын биринин көлөмүнүн элементардык (алгачкы, негизги) бөлүгү |